**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 82 : 894.341 (043.3)**

**КУЛТАЕВА ҮМҮТ БАЙМУРАТОВНА**

# КЫРГЫЗ ТАРЫХЫЙ РОМАНЫ: ТИПОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЖАНРДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
**( 10.01.01.)**

**Филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертация**

**Илимий консультант – филология илимдеринин доктору, профессор А.А.Акматалиев**

**БИШКЕК – 2011**

# Иштин мазмуну

**I. КИРИШҮҮ** 3-б.

**II. БИРИНЧИ БӨЛҮМ. Тарыхый романдын жанрдык проблематикасы адабият таануу илиминин контекстинде** 12-б.

§ 1. Тарыхый романдын жанрдык өзгөчөлүгүн изилдөөнүн актуалдуу маселелери 16-б.

§ 2. Кыргыз адабиятында тарыхый роман жанрынын өнүгүү эволюциясы жана изилденүү абалы 28-б.

§ 3. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык проблематикасы атайын изилдөөнүн предмети катарында 58-б.

**III. ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тарыхый романдарындагы типтүүлүк жана алардын жанрдык өзгөчөлүгү** **68-б.**

§1. Кыргыз тарыхый романдарынын генеалогиялык булактары 70-б

§2. Кыргыз тарыхый романдарындагы типтүүлүк: эпикалык салт жана мотивдер 90-б.

**IV. ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык модификациясы** **158-б**

**§ 1. Кыргыз реалисттик-тарыхый романдарынын жанрдык проблемалары** 164-б.

§ 1.1. “Сынган кылыч” романындагы роман-эпопеянын жанрдык белгилери 166-б.

§ 1.2. Кыргыз прозасындагы роман-хроникалар 180-б.

**§ 2. Тарыхый темада жазылган романдардын жанрдык проблемалары** **195-б.**

§ 2.1.К.Акматовдун “Мезгил” романындагы тарыхый теманын көркөм интерпретациясы 198-б.

§ 2.2. Ө.Даникеевдин “Көз ирмемдеги өмүр” романындагы тарыхый доордун мүнөзү 226-б.

§ 2.3. Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынын жанрдык маселелери 238-б.

**§ 3. Тарыхый-биографиялык романдын жанрдык табияты** 247-б.

§ 3.1. Тарыхый инсан менен мезгил байланышы С.Станалиевдин “Касым Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы” романында 249-б.

§ 3.2. Тарыхый-биографиялык романдагы чыгармачыл инсандын көркөм концепциясы 263-б.

**V. КОРУТУНДУ** 272-б.

**VI. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** 276-б.

# КИРИШҮҮ

Адамзаттын көркөм ойлоо мүмкүндүгүнүн чексиздигин чагылдырып, “нравалык инфантализм менен рухий жетесиздиктен келип чыккан келемтенин ордун толуктоочу”[1] тарыхый жанрдын ар бир улуттук маданиятта өз орду бар. Дүйнөлүк адабиятта англиялык жазуучу В.Скоттун ысмы менен ааламга даңкы чыгып, көркөм чыгармачылыктын өзгөчө формасы эсептелген тарыхый чыгармаларда чагылган жанрдык бөтөнчөлүктөрдүн изилдениши азыркы ар бир улуттук адабият таануудагы актуалдуу проблемалардын бири. Албетте, тарыхый романдын теориялык проблемалары жалпы романдын илимий маселелери менен тыгыз байланыштуу. Ошол эле учурда “өткөн турмушту” көркөм иликтөөнүн өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрүн ичине камтыган “тарыхый романдын башка адабий жанрларга караганда таанып-билдирүүчү мааниси көбүрөөк”[2] экендигин эч ким талаша албайт.

Искусствонун тарыхында Аристотелдин “Поэтика”, В.Ф.Гегелдин “Эстетикасында” изилдөө иши колго алына баштаган адабий тектердин, жанрлардын теориялык маселелери В.Г.Белинскийдин “Поэзияны тектерге жана түрлөргө бөлүү” (1841-ж.) деп аталган эмгегинде бир бийиктикке серпилип, андан бери мезгил-мезгили менен илимий толкунду пайда кылып келе жатканы белгилүү. Изилдөөнүн жаңы толкуну “...дүйнөлүк тарыхтын жаңы доорунан төрөлүп жана андан азыктанган жападан жалгыз жанр”[3] романдын табиятын таанып-билүүгө болгон кызыгуу менен шартталат. Бул багытта М.М.Бахтин, В.Д.Днепров, В.В.Кожинов, И.Н.Надеждин, Г.Н.Поспелов, М.М.Кузнецов, Г.А.Абрамович, Г.К.Косиков, Д.С.Лихачев, В.В.Бузник, Л.Ф.Ершов, Т.Рымарь, А.Я.Эсалнек, Р.В.Щербинанын илимий эмгектери романдын теориясында фундаменталдуу изилдөөлөрдөн болуп эсептелет.

Романдын теориялык маселелеринин ичинен 60 – жылдардан баштап алгачкы негизи В.Ф.Гегель менен А.Н. Веселовский түптөгөн жанрды

---

[1] Юдин В.А. Человек. История. Память. – М.: Современник, 1990. – С.16.
[2] Александрова Л.П. Советский исторический роман. – Киев: Вища школа, 1987. – С.35
[3] Бахтин М.М. Эпос и роман // Вопросы литературы, 1970, № 1. – С. 96.

**типологиялык** жактан изилдөө В.М.Жирмунский, Е.М.Мелетинский, Р.Д.Ленобль, Г.Н.Поспеловдор тарабынан улантылып, алардын жаркын илимий табылгалары изилдөөнүн өзүнчө "мектебин" пайда кылган[1]. Натыйжада **тарыхый романдын жанрдык** проблемалары, анын эстетикасы менен поэтикасы теориялык аспектиде В.Гулыга, Р.Д.Мессер, В.Д.Оскоцкий, Р.Д.Ленобль, И.А.Пауткин, М.Б.Храпченко ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде терең изилдөөгө алынды.

"Көп улуттуу совет адабиятындагы тарыхый романдар" темасы өз мезгилинде филология адистигин даярдоочу алдыңкы жогорку окуу жайлары: Москва, Киев, Калинин университеттеринин атайын изилдөө багытын аныктап, жыл сайын алардын "Вестниктеринде" (Л.П.Александрова, Л.В.Ковальчук, Г.Н.Поспелов, Л.М.Чмыхов, В.А.Юдин, А.Я.Эсалнектердин эмгектеринде) бул маселенин системалуу талкуууга алынышы кайсы бир деңгээлде тарыхый жанрды улуттук адабиятта изилдөөгө шыкак берген. А..И.Ахундов, (Азербайжан), З.В.Аветисян (Армения), Н.В.Билецкий (Молдавия), И.П.Варфоломеев, А.К.Каттабеков, (Өзбекстан), Ш.А.Кененов, Ж.Дадебаев, Н.К.Кошаспаева (Казакстан), М.Оразов (Түркменстан), Х.К.Утемуратовалардын (Каракалпак) диссертациялык изилдөөлөрү 80 – жылдардагы адабият таануунун бул багыттагы илимий тенденциясын чагылдырат[2].

Кыргыз адабият таануусунда 1978-жылы М. Түлөгабыловдун "Кыргыз адабиятындагы тарыхый жана өмүр баян романдары" аталган эмгегинде тарыхый жанрды атайын изилдөө ишине алгачкы кадам ташталганы менен бул

---

[1] Жирмунский В.М. Народный героический эпос. М – Л., 1962; Мелетинский Е.М. Происхождение героического эпоса. – М., 1963; Ленобль Р.Д. История и литература. – М., 1960; Поспелов Г.Н. Типология литературных родов и жанров // Вест. Моск. Ун-та Сер.9. Филология, 1978, № 4.; Долгов С.Ф. Типология конфликта в советском историческом романе 60-70-е г.: - Дис. ...канд.филол..наук: 10.01.01. - Москва, 1983. – 168 с.; Тамарченко Н.Д. Типология реалистического романа. – Красноярск, 1988. -172 с.

[2] Ахундов Я.И.Азербайджанский исторический роман: - Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.02. – Баку, 1982. – 390 с.; Аветисян З.В. Поэтика армянского исторического романа: - Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.03. – Ереван, 1987. -380с.; Билецкий Н.В. Молдавский советский роман: - Дис. ...канд. филол..наук: 10.01.02. – Кишинев, 1986. 172 с.; Варфоломеев И.П. Типологические основы исторической романистики. – Ташкент, 1979. – 148 с.; Кошаспаева Н.К.Проблема характера исторического героя в историко-революционном романе Казахстана: 10.01.02. - Дис. ...канд. филол.наук. –Алма-Ата, 1983. -156с.; Оразов М. Художественная правда и действительность в туркменском историческом романе 80-е годы: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. - Ашхабат, 1991. – 129 с.; Утемуратова Х.К. Историческая правда и образы исторических личностей в трилогии "Дастан о каракалпаках" Т.Каипбергенова: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Нукус, 1992. – 21с.

маанилүү маселе көп убакытка чейин токтоо абалында болду. Албетте, “Кыргыз адабиятынын тарыхтарында” жана улуттук адабият таануу илиминин белдүү өкүлдөрү: К.Асаналиевдин “Доор менен бирге” (1981), “Көркөм нарк” (1988), Т.Аскаровдун “Эстетикалык жаңы сапаттарга” (1980), А.Садыковдун “Мезгил менен адымдаш” (1987), К.Артыкбаевдин “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” (1982), К.Бобуловдун “Фольклор жана адабият” (1980), К.Даутовдун “Жаңы чектерге” (1980), “Сөз өнөрүнүн эстетикасы” (1984), А.Эркебаевдин “Кыргыз романдарынын контрасттары” (1983) ж.б. илимий эмгектерде жалпы адабий процессти талдоого алган учурда тарыхый романдарга тиешелүү баа берилген. 70-80 – жылдардагы тарыхый романдарга атайын арналган макалалардын ичинен М.Борбугуловдун, К.Даутовдун, А.Эркебаевдин республикалык жана андан сырткары мезгилдик басылмаларга[1] чыккан пикирлеринде жанрдын теориялык маселелери боюнча олуттуу ойлор козголгондугуна карабастан, бул проблема (80-90-жылдар аралыгында) атайын изилдөөнүн предмети болгон эмес. Биринчиден, кыргыз адабияты тарыхый теманы өздөштүрүүдө “коңшулаш элдерден артта калганыбызды”, “...коомдук аң-сезимди ашкере саясатташтыруудан ...улуттук-тарыхый ой жүгүртүү өзүнүн табигый өнүгүүсүнөн өксүп...”[2] келгенин адабиятчылар моюнга алышат. Экинчиден, артта калууга кыргыз прозасындагы алгачкы тарыхый темада жазылган А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” (биринчи китеби – 1935, экинчиси – 1940-ж), Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” (биринчи китеби – 1966, экинчиси – 1971) романдарынын саясий куугунтукка алынышы өз таасирин тийгизген. Социализмдин тоталитардык саясат куугунтугуна тарыхый темадагы көркөм чыгармалар эле эмес, улуттук тарыхты чынчыл изилдеген тарыхчы-окумуштуулар да кабылгандыгы белгилүү[3].

---

[1] Борбугулов М. . От идеализации – к исследованию // Дружба народов, 1972, №10. – С.255-266; Үмөталиев Ш. Маселенин методологиялык жактары //Ала Тоо, 1974, №1. – 149-160-бб.; Эркебаев А., Даутов К. Проблемы киргизского романа / В кн: Советский многонациональный роман. – М.,1985; Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба народов, 1985, №1. – С. 218-224.

[2] Бейшеналиев Ш, Касыбеков Ү. Тарыхый чындыкты чагылтуунун идеалык-көркөмдүк критерийлери // Ала Тоо, 1991, - 143-146 б.

[3] Орозалиев К. Очередные задачи в развитии исторической науки и литературоведения в Киргизии // Советская Киргизия, 1947, 14-октябрь; Об ошибках киргизских историков и литературоведов // Литературная газета, 1947, 7-октябрь.

Идеологиялык саясатка ылайык, улуттун кызыкчылыгы үчүн күрөшкөн тарыхый инсандар канкор, бай-манап, элди эзүүчү эсептелинип, алардын коомдук ишмердүүлүгү өзүнүн чыныгы баасын ала алган жок. Ушундай шартта тарыхый темадагы чыгарма жазуу жана анын жанрдык теориялык маселелерин изилдөө ишинин кечигиши мыйзамченемдүү көрүнүш эле.

Улуттук аң-сезимдин көтөрүлүшү 80 – жылдарга таандык болсо да, рухий мурастарга болгон көз караштын массалык өзгөрүшү, аларга жаңы көз караштан баа берүү зарылчылыгы 90 – жылдардан баштап улуттук кайра жаралуу - Кыргызстан эгемендүү мамлекеттүүлүккө ээ болгондон (Декларация - 1991, 31-август) кийин пайда болду. “Улутчул” аталып репрессияга кабылган улуттук интеллигенциянын тарыхый жана адабий мурастарын басмадан чыгаруу иши колго алынды[1]. Тарыхый инсандарга арналган чыгармалар биринин артынан экинчиси басмадан[2] чыга келди да, адабиятчылар бул чыгармаларды талдоонун зарылдыгын[3] күн тартибине койду. Ушул жагдайларга ылайык, диссертациялык изилдөөнүн **актуалдуулугу** азыркы кыргыз адабиятындагы төмөнкү тенденциялар менен шартталат:

1. Советтик доордо цензурадан өтө албай, “саясий репрессияга” дуушар болгон чыгармаларды кайра басып чыгаруу (А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар”, К.Маликовдун “Балбай”, Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” ж.б.).
2. Тарыхый романдарды кайра иштөө, толуктоо, өзгөртүү (Т.Касымбеков “Сынган кылыч”, К.Осмоналиев “Көчмөндөр кагылышы”).

---

[1] караңыз: Кыргыздар. /Түзүүчү К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991; Касым Тыныстан уулу: Адабий чыгармалар. /Түз.: А.Бектенов, А.Эркебаев. – Б.:Адабият, 1991; Жигитов С. Кечээгинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. – Б., 1991; К.Маликов “Балбай” – Б., 1991; Молдо Нияз. Санат дигарасттар. / Түз. О.Сооронов. – Б.: Учкун, 1993; Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, Т. I, II, 1993. ж.б.

[2] Жусуев С. Курманжан датка. – Б., 1994; Ж.Субанбеков. Т. Барс-Бек кагандын көрөр көзү. – Б., 2002; Ш.Бейшеналиевдин Тайлак баатыр: Даректүү баян. – Б., 1998; Э.Турсунов. Балбай: Роман. – Б., 2002, Боромбай: Роман. – Б., 2004; Токтоналиев Ж. Хан Ормон. – Б.,2000; Баатыр Шабдан. – Б.,2006; Егембердиев Ж. Канат хан. – Б., 2006. ж.б.

[3] Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм аңдоо // Кыргызстан маданияты, 1992. №6, 6-февраль, №7,13-февраль; Бейшеналиев Ш, Касымбеков Ү. Тарыхый чындыкты чагылтуунун идеялык-көркөмдүк критерийлери тууралуу // Алатоо, 1991, №2. – 143-149 б.; Акматалиев А. Чыгарма тарыхый роман жанрын актай алдыбы? //Адабий Алатоо, 2007, июль, №12. 4-5-б.; Садыков А. Тарыхый роман жазуунун кези келдиби? //Адабий Алатоо, 2007, ноябрь, №19. 10-11-б. ж.б.

3. Репрессияга дуушар болгон ишмерлер тууралуу буга чейин “купуя” сакталган жаңы маалыматтар жарыяланып, аларга арналган тарыхый романдардын пайда болушу.

Коомдук өзгөрүүнүн негизинде улуттук аң-сезимдин көтөрүлүшүнө байланыштуу, кыргыз адабиятында кийинки 30 жылдан ашуун топтолгон адабий материалдарды объективдүү түрдө илимий талдоо муктаждыгы адабият таанууда 90-жылдардын экинчи жарымынан башталган эле. Тарыхый инсандар тууралуу жарыяланган ар түрдүү пикирлерди талдоого алуу маселесин алгачкылардан болуп көтөргөн адабиятчы А. Акматалиев “Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар” (1999) аттуу эмгеги менен изилдөөгө муктаж проблемаларды[1] күн тартибине койсо да, аталган проблеманы атайын иликтөө актай бойдон калууда.

Постсоветтик алгачкы кандидаттык диссертациялар жеке автордун тарыхый чыгармаларын[2] же конкреттүү бир чыгарманы[3] изилдөөгө арналгандыктан, же кыргыз тарыхый романдары жалпы боордош элдердин адабий материалдарынын контекстинде каралгандыктан,[4] бүгүнкү күнгө чейин кыргыз прозасындагы тарыхый романдардын теориялык маселелерине таандык төмөнкү маселелерди атайын изилдөө күн тартибинде турат:

1. Кыргыз тарыхый романдарынын жалпы өнүгүү эволюциясы, анын өнүгүү процессиндеги мезгилдерди, алардын типтүү белгилерин аныктоо;
2. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык табиятындагы улуттук өзгөчөлүгүн типологиялык негизде талдоого алуу;

---

[1] А. Акматалиев. Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. – Б., 1999.

[2] Чокоева Д.М. Т.Касымбековдун тарыхый романдарында тарыхты көркөм аңдоо проблемалары: - Дис. ...филол.илим.канд: 10.01.01. – Б., 1997; Саадеттин Коч. Т.Касымбековдун өмүрү, чыгармачылык жолу жана тарыхый романдары: - Дис. ...филол.илим.канд.:10.01.01. – Бишкек, 1997;

[3] Темирова Б.Т. Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынын көркөм наркы. – Дис. ...филол.илим. канд: 10.01.01. – Бишкек, 1997.

[4] Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана: Автореф. Дис. … д-ра филол. наук: 10.01.02. – Бишкек, 1994.

3. Тарыхый романдардын негизги каармандарынан болгон тарыхый инсандарга болгон ар түрдүү көз караштарды анализдөө;
4. Кыргыз адабиятында окумуштуулар арасында ар түрдүү пикир жараткан романдардын жанрына илимий аныктама берүү жана аларды модификациясы боюнча классификациялоо.
5. Кыргыз адабиятында тарыхый темада жазылган көркөм чыгармаларга типологиялык талдоо жүргүзүү.

Албетте, биз бөлүп көрсөткөн олуттуу маселелерди бир изилдөө аркылуу аягына чыгаруу мүмкүн эмес. Ошондуктан, анын изилдөө объектисин конкреттүү түрдө так бөлүп көрсөтөбүз.

**Диссертациянын максаты жана милдеттери:** Изилдөө азыркы кыргыз **прозасындагы** тарыхый роман жанрынын өнүгүү абалына жалпы мүнөздөмө берүү менен анын жанрдык өзгөчөлүгүнө типологиялык талдоо жүргүзүү жана системалаштыруу максатын көздөйт. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

1) кыргыз прозасындагы тарыхый романдын генеалогиялык булактарына илимий саресеп салуу;
2) улуттук адабий процесстеги тарыхый жанрдын өнүгүү эволюциясына жалпы мүнөздөмө берүү, алардын типологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша мезгилдерге шарттуу түрдө бөлүштүрүү жана типтүү белгилерин илимий жактан негиздөө;
3) кыргыз адабиятындагы эпикалык салттардын, мотивдердин тарыхый чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүн аныктоодогу маанисине талдоо жүргүзүү;
4) кыргыз адабиятында тарыхый темада жазылган романдардын жанрдык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде, алардын жанрдык модификациясын аныктоо;

**Изилдөөнүн предмети** кыргыз прозасында тарыхый романдардын өнүгүү тенденциясын аныктоочу жана тарыхый темада жазылып, бирок жанры боюнча азыркы учурда кайра кароого муктаж конкреттүү чыгармалар: **1970-1980 -**

жылдары **жарыяланган:** Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба”, Ө.Даникеевдин “Көз ирмемдеги өмүр”, К.Акматовдун “Мезгил”; 1990-жылдары **кайра иштелген:** Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы”; 2000-2005 – жылдары **жаңы жазылган:** Т.Касымбековдун “Баскын”, “Кыргын”, Ж.Токтоналиевдин “Хан Ормон”, Б.Боркеевдин “Рыспай”, С.Станалиевдин “Касым Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы” **прозалык тарыхый романдарына жанрдык типологиялык** талдоо жүргүзүү, алардын жанрдык модификациясын аныктоо болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы:** Кыргыз адабият таануусунда аз изилденген теориялык проблемалардын бири – тарыхый роман жанрынын жанрдык жана улуттук өзгөчөлүгүнүн биринчи жолу атайын типологиялык негизде изилдөөгө алынышы; анын жалпы өнүгүү эволюциясынын системага салынышы; кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык модификациясынын классификацияланышы аркылуу түшүндүрүлөт.

**Диссертациялык иштин практикалык баалуулугу:** Изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар мындан ары кыргыз адабият таануусунда тарыхый романдарды изилдөө келечегине белгилүү багыт берет. Ал эми диссертациянын жалпы материалын жогорку окуу жайларынын филология адистигинде окулуучу “Азыркы кыргыз адабияты”, “Адабият таанууга киришүү” курстарында, “Кыргыз адабиятындагы тарыхый романдар” аттуу атайын курста пайдаланууга болот. Иштин материалы тарыхчыларды да кайдыгер калтырбоого тийиш.

**Изденүүчүнүн илимге кошкон салымы.** Кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый роман жанрынын калыптануу процессин, өнүгүү эволюциясын системага салуу, аны мезгилдерге бөлүштүрүү, ар бир мезгилге таандык типологиялык белгилерди илимий жактан негиздөө; тарыхый темадагы чыгармалардын көркөм структурасында кездешүүчү улуттук дүйнө тааным өзгөчөлүктөрүнүн анын жанрдык табиятына тийгизүүчү таасирин талдоого алуу; тарыхый романдардын жанрдык модификациясын классификациялоо менен аныкталууга тийиш.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын тастыкталышы.** Илимий изилдөө боюнча изденүүчүнүн жеке көз карашы, корутунду пикирлери эки монографияда, республикада (25) жана андан сырткары (2) жарык көргөн макалаларда; И.Арабаев атындагы, Ж.Баласагын атындагы, К.Карасаев атындагы университеттерде, Ош, Жалал-Абад, Баткен мамлекеттик университеттеринде өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда: (Бишкек, 1998 - 2008); Кыргыз Улуттук илимдер академиясы өткөргөн (2006); Эл аралык конференцияларда: ( “Тил тагдыры – эл тагдыры” (Бишкек, 2003), “Манас”эпосунун илимий проблемалары” (Үрүмчү, КЭР, 2005), М.Баскаковдун 120 жылдыгына арналган “Түркологиялык изилдөөлөр” Тоолуу Алтай ( 2005), Польшада “Бир аалам, түрдүү маданият” (2010) окулган баяндамаларда; студенттер үчүн окулган лекцияларда тастыкталды.

**Диссертациянын структурасы** киришүүдөн, үч бөлүмдөн, сегиз параграфтан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Коргоого сунуш кылынуучу жоболор:**

1. Кыргыз тарыхый романдарында тарыхый чындыкты көркөм аңдоонун негизги булактарынан болгон фольклордук материалдарды пайдалануунун деңгээли анын жанрдык табиятына таасирин тийгизүүчү факторлордун бири. Фольклордук материалдарды тарыхый жанрга пайдалануу жаңы эстетикалык деңгээлдеги **илимий парагдимага** муктаж.

2. Кыргыз тарыхый романдарынын генеалогиялык булактарын түзүүчү кытай жазмаларындагы, Орхон-Енисей поэтикалык тексттериндеги тарыхый маалыматтар, тарыхый ырлар, кыргыз тарыхына байланыштуу жаңы маалыматтар жетиштүү колдонулбагандыктан, тарыхый романдарда **мезгил** жана **мейкиндик** чектелген абалда көркөм аңдоого алынганы байкалат.

3. Кыргыз тарыхый романдарынын өнүгүү эволюциясын төрт мезгилге бөлүүгө болот:
- биринчи: 30 – 40-жылдар;
- экинчи: 50 – 60-жылдар;
- үчүнчү: 70 – 1990- жылдар;
- төртүнчү: 1991– 2000-жылдар

Чыгармалардын жанрдык проблемалары професссионалдык адабияттын калыптануу процесси, доордун коомдук-саясий идеологиясы жана тарыхый өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдары менен шартталат.

4. Улуттук адабияттагы тарыхый романдардын **жанрдык өзгөчөлүгү** жазуучулар **тарыхый окуяны көркөм аңдоодо** типтүү колдонгон, алардын **көркөм** ойлоосунан табигый түрдө орун алган эпикалык салт жана мотивдер: **санжыра, каармандардын түшү, хан көтөрүү, от жагуу, Ордо оюну, өлүм алдындагы намаз жана баш кесүү, керээз айтуу, аш берүү салты, кошок, тарыхый ырлардын** эстетикалык жактан иштелүү деңгээли менен аныкталат.

5. Кыргыз прозасында 70-жылдардан баштап улуттук тарыхты көркөм иликтеген тарыхый темадагы романдардын жанрдык жаңы модификациясы, биринчиден, улуттук профессионалдык адабияттын жана айрым жазуучулардын чыгармачылык жетилүүсүнүн критерийи катары, экинчиден, дүйнөлүк адабияттагы адабий процесстин өнүгүү тенденциясынын таасиринен улам пайда болгонун далилдөөгө болот .

6. Тарыхый теманы өздөштүрүүдө дүйнөлүк адабиятта XX кылымда пайда боло баштаган историографиялык метаромандын айрым үлгүсү кыргыз адабиятында да (К.Акматовдун “Мезгил”) пайда болгон деген ойдобуз.

7. Кыргыз адабиятындагы тарыхый чындыктын көркөм интерпретациясында жазуучулар тарабынан колдонулган булактардын (фольклордук жанрдык система, архивдик, документалдык материалдардын колдонулушу) жазуучулар тарабынан эстетикалык жактан иштелүү деңгээли бизге тарыхый романдардын төмөндөгүдөй **ички жанрдык модификациясын** аныктоого мүмкүндүк берет: кыргыз тарыхый-реалисттик романдарын **роман-эпопея, роман-хроника, роман-санжыра** деген ички жанрдык түрлөргө бөлүүгө болот; кыргыз тарыхый-романтикалык мүнөздөгү романдардын **роман-символ**, **роман-насаат, социалдык-тарыхый** түрлөрү кездешет; кыргыз тарыхый-очерктик романдардын материалында **тарыхый-биографиялык, роман-мемуар, роман-эссенин** типологиялык белгилерин илимий жактан негиздөөгө мүмкүнчүлүк бар.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ.

## Тарыхый романдын жанрдык проблематикасы адабият таануу илиминин контекстинде

XX кылымдын 70 – жылдарындагы илимий адабияттарда: “Тарыхый романдын “жанданышы”, анын жаңы деңгээлге көтөрүлүшү адабияттын башка тармагындагы прогресске байланыштуу, өнүккөн социализмдин жаңы баскычында тарыхый аң-сезимдин көтөрүлүшү менен шартталат”[1] – деп мүнөздөлсө, азыркы учурдагы анын деңгээли ар бир улуттун улуттук аң-сезиминин ойгонушуна түздөн түз байланыштуу.

Албетте, адабияттын башка тармагындагы прогресс, тактап айтканда, 60 – жылдардан баштап дегеле роман жанрына болгон кызыгуу, анын теориясын изилдөөдөгү (М.М.Бахтин, В.Д.Днепров, В.В.Кожинов, М.М.Кузнецов, Г.К.Косиков, А.И.Пауткин, А.Я.Эсалнектин эмгектери аркылуу) илимий тереңдөө тарыхый жанрдын жанданышына өз таасирин тийгизген. Ошондуктан адабият таануудагы “тарыхый аң-сезим” маселеси азыркы учурда тап-такыр башка илимий интерпретацияга муктаж болуп олтурат. 1970 – жылдардын аягы, 1980 – жылдардын башына чейин бир кылымга жакын убакыт “тарыхый-революционерлер”, “Лениниана” сыяктуу жалпы теманы көркөм аңдоо өз мүмкүнчүлүгүн “пайдаланып” бүтүп, андан тажаган коомдук аң-сезим тарыхый теманын жаңы эстетикасын күтүп калган сыяктуу. Коомдук өнүгүүнүн ички объективдүү мыйзамынан келип чыгуучу мындай реалдуулукту прогрессивдүү көз караштагы көркөм сөз чеберлери алдын ала сезип, тарыхый жанрдын жаңы горизонтун – **тарыхты көркөм аңдоонун улуттук проблемаларын** изилдөө тенденциясы башталган[2]. Натыйжада, жалпы эле боордош элдердин улуттук адабиятында мурункуга окшобогон

---

[1] Пауткин А.И. Авторское присутствие в советском историческом романе наших дней // Вестн.Моск.ун-та. Сер. 9 Филология, 1983, № 6. – С.11.

[2] караңыз: Дадебаев Ж. Историческая действительность и ее художественное воплощение в современном казахском романе: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук:10.01.02. – Алма-Ата, 1992; Зарипов З.С. Жанр рубаи в персидско-таджикской литературе XIII века: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук : 10.01.03. – Душанбе, 1990; Икромов И. Роль Анвари в историческом процессе развития жанра касыди : Автореф. Дис. ...д-ра филол.наук : 10.01.03. – Душанбе, 1992; Романенкова М. В. Типология романа в ее национальной специфике : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1993. ж.б.

романдардын жаралышы маселенин теориялык проблемаларын көбөйтүп жатканынан улам 80–жылдардын сезимтал басылмалары: “Дружба народов”, “Новый мир”, “Литературная газета” ж.б. романдын ички типологиясы жөнүндө олуттуу сөз козгоого[1] өткөн. 80 – жылдарда жаралган тарыхый романдардын өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтүү үчүн ошол мезгилдин добушуна кулак төшөп көрөлү: “Психологическая проблема истории по-разному возникала на разных этапах развития многонациональной советской литературы... По мнению Л.Новиченко, “сейчас мы переживаем... нарастание четвертой волны исторического романа... Правда, говоря о четвертой волне, я имею в виду, главным образом русскую литературу. Для Украины это, скорее, третья волна... для Таджикстана – видимо, вторая...”[2] – деп келип, Өзбекстан ошол мезгилде тарыхый романдын үчүнчү толкунунда экендиги маалымдалат. Ар бир улуттук адабиятта пайда болуу, өнүгүү, калыптануу процесси бири-бирине окшобогон тарыхый романдардын ар бир толкунунда изилдөөнү талап кылган түрдүү проблемалар бар эле. Анткени деги “жаралгандан улуттук түскө ээ болгон” (А.Гулыга) романдын тарыхый формасын “көп улуттуу адабиятта” баа берүүнүн жалпы критерийлери, социалисттик реализм методунун типтүү жоболору менен таанып-билүүгө мүмкүн эмес экендиги сезиле баштаган. Бул 1980 - жылдарга чейинки тарыхый романдын теориялык маселелери боюнча топтолгон тажрыйбаны тануу дегендикке жатпайт. Тескерисинче, ал изилдөөлөрдүн улам мезгил өткөн сайын улуттук өзгөчөлүктөрдү таанып-билүү үчүн ичке карай тереңдөө зарылчылыгы менен шартталат. Кызыгы, улуттук адабиятта тарыхый романдардын өнүгүү эволюциясына сересеп салганда, алардын улам кийинки чыгармасынын чагылдырган доору тереңге кеткен. Сүрөткердин чыгармачылыгы жетилген кезде жаралуучу **тарыхый роман**

---

[1] Гулыга А.Историческое сознание и исторический роман // Литературная учеба, 1980, № ;, -С.145-155; Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба народов, 1981, №3, - С.230-238; Санги В. От исторических преданий до исторических романов //Дружба народов, 1981, №4, - С.236-250; Суровцев Ю. Дюди и время // Новый мир, 1984, №9, - С.231-242; Евсюков В, Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1986, №1,- С.144-156; Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба народов, 1985, №1; - С.218-227; Гулыга А.. Мудрость трагедийного эпоса //Литературная газета, 25 февраля, №9; - С.7. Ибраимов О. Сегодняшней мерой // Литературная газета, 1987, 18 апреля, № 17; - С.3.

[2] Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба Народов, 1981, №3, - 231-б.

**чагылдырган мезгил** менен **автордун мезгил** аралыгы бири-биринен алыстаган. Азербайжан адабиятында “...кийинки кезде XII жана XIV-XVI кылымдар тарыхый романдын изилдөө объектиси”[1] болуп, окурмандар Низами, Хагани, Наими, Насими сыяктуу тарыхый инсандар менен тааныша баштаган. Казак адабиятында И.Есенберлиндин “Көчмөндөр”, “Алтын Ордо”, А.Кекилбаевдин “Легенданын аягы” чыгармаларындагы мезгил андан тереңге кетип, өзбек адабиятында орто кылымдагы ойчул Улугбектин тагдыр таржымалы А.Якубовдун аты уйкаш тарыхый романында эң жогорку көркөмдүктө интерпретацияланды; П. Кадыровдун “Бабур” романында XIV-XV кылым чагылдырылса; Т.Каипбергенов “Каракалпактар жөнүндө дастаны” үчилтигинде өз элинин XVIII- XIX кылымдардагы духун көркөм чагылдырды. Тарыхый романдын өзүндөгү тереңдөө анын жанрдык жаңы модификациясын жаратып, анын проблемалары “...адабият теориясынын бир топ татаал тармагын түзүп, пикирлердин ар түрдүүлүгүн”[2] пайда кылып келет. Тарыхый роман 80 – жылдардан баштап мурда болуп көрбөгөндөй активдүүлүк менен изилдене башташы өз кыртышына кайрылуу процесси менен түздөн түз байланыштуу. Тарыхый романдардагы улуттук өзгөчөлүктөр: “алардын бири бирине окшобогон **улуттук тарыхый модификациясынын** пайда болушу ... элдин конкреттүү тарыхый **дүйнө тааным өзгөчөлүгү** менен шартталды”[3]. Тарыхый романдын жалпы **өнүгүү эволюциясы** жана анын **жанрдык өзгөчөлүгү**[4] кеңири масштабда: орус адабият таануусунан баштап канатташ

---

[1] Рагимов А. Исторические романы и историческая истина // Литературный Азербайджан, 1989, № 9. – С.108.

[2] Куридзе А.С. О соотношении художественного вымысла и документальности в историческом романе. /К-те: Реалистические формы изображения действительности. – Тбилиси, 1986, - С.84.

[3] Романенкова М.В. Типология романа в ее национальной специфике: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Москва, 1993. – С. 7.

[4] Ахундов Я.И.Азербайджанский исторический роман: 10.01.02.- Дис. ...д-ра филол.наук. – Баку, 1982; Аветисян З.В. Поэтика армянского исторического романа: -Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.03. – Ераван, 1987; Александрова Л.П. Советский исторический роман. – Киев:Вища школа, 1987; Билецкий Н.В. Молдавский советский роман: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. - Кишинев, 1986; Калита В.М. Советский исторический роман 70-80 годов. – Дис. ...канд. филол.наук:10.01.02.- Москва, 1983; Октябрская О.С. Русский исторический роман 70-80 годов XX века: Автореф. Дис. ...канд.фиолол.наук: 10.01.01. – Москва., 1993; Чмыхов Л.М. Советский исторический роман 60-70 годов. - Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.01. – Ставрополь, 1985. - 359с.; Юдин В. Современный исторический роман . - Калинин, 1990; Машарипов С. Художественная правда в исторической романистике русских писателей Узбекстана: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук6 10.01.03. – Ташкент,1992; Муродов Г.Исторический факт и художественный вымысел: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Ташкент, 1988; Оразов М. Художественная правда и действительность в туркменском историческом романе 80-е годы: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – Ашхабад, 1991.

жашаган боордош элдердин бардык улуттук адабият таануусунда бир мезгилде кызуу изилдөөгө алынды. Тактап айтканда, тарыхый романдардын **типологиялык** маселелери[1] (И.П.Варфоломеев, С.Ф.Долгов, Б.Ю.Толмачев ж.б.); **тарыхый чындык менен көркөм чындыктын** карым-катышы[2] (С. Машарипов, Г.Муродов, М.Оразов, З.Н.Поляк); **документализмдин** тарыхый жанрдагы функциясы (Г.Ф.Бондаренко, Б.Б.Кабдрахманов, М.П.Катюшенко, В.М.Садилова)[3]; чыгармадагы **тарыхый инсан** проблемасы[4] (Ф.Бойназаров, Н.К.Камаспаева, Х.К.Утемуратова, М.Х.Хамзин) докторлук жана кандидаттык диссертациялардын объектиси болуп чыга келди. Тарыхый романдын бул теориялык проблемалары биздин улуттук адабиятта бир топ кечигүү менен колго алынганы белгилүү. Улам мезгил өткөн сайын романга таандык “канонсуздук менен ийилчээктик” (М.М.Бахтин) тарыхый жанрда курч жана ачык көрүнүп келет. Ал эмес роман теориясын изилдөөнүн масштабы ушунчалык кеңейгендиктен, “...аны классификациялоодо чар-жайыттуулукка жол берилип, ар түрдүү принципке негизделген түрлөрү 75 ке жетсе, аралаш түрлөрү 90 дон ашып кеткендиги”[5] тарыхый чыгармалардын типологиясын аныктоодо да зор кыйынчылыктарды жаратууда.

---

[1] Варфоломеев И.П. Типологические основы жанров исторической романистики: - Ташкент: Фан, 1979; Долгов С.Ф. Типология конфликта в советском историческом романе 60-70 годов: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. - Москва, 1983; Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана:10.01.02. Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук. – Бишкек, 1994. – 52с.

[2] Машарипов С. Художественная правда в исторической романистике русских писателей Узбекстана: - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Ташкент,1992; Муродов Г.Исторический факт и художественный вымысел: Автореф. Дис. ...канд.фило.наук: 10.01.02. – Ташкент, 1988; Оразов М.Художественная правда и действительность в туркменском историческом романе 80-е годы: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – Ашхабад, 1991; Поляк З.Н.Художественная интерпретация факта в исторической прозе Ю.Н.Тынянова: - Дис. ...канд.филол.наук. – Алма-Ата, 1985;

[3] Бондаренко Г.Ф. Документализм и художественный вымысел в современной советской прозе о Великой Отечественной войне: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – М., 1985, ; Кабдрахманов Б.Б. Художественная функция документальных источников в контексте мемуаров Герцена: - Дис. ... канд.филол.наук: 10.01.01. – Алма-Ата, 1985; Катюшенко М.П. Жанровые особенности и тенденции развития современной советской документально-художественной прозе: - Дис. ...канд. филол.наук: 10.01.01. – Москва., 1987, Садилова В..М. Развитие историко-документального романа в современной советской литературе: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Москва., 1984;

[4] Бойназаров Ф. Художественная интерпретация исторической личности о походах Александра Македонского в Средней Азии в советской исторической прозе: - Дис. ...канд. филол.наук: 10.01.01. – Москва, 1991, Кошаспаева Н.К. Проблема характера исторического героя в историко-революционном романе Казакстана: -Дис. ...канд. филол.наук: 10.01.02. – Алма Ата, 1986; Утемуратова Х.К. историческая правда и образы исторических личностей в трилогии “Дастан о каракалпаках” Т.Каипбергенова: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Нукус,1992; Хамзин М.Х. Казахская историческая проза о людях искусства: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Алма Ата, 1983.

[5] Советский роман: Новаторство. Поэтика. Типология. – М.:Наука, 1978. – С.17.

## § 1. Тарыхый романдын жанрдык өзгөчөлүгүн изилдөөнүн актуалдуу маселелери

“Жанр” – латын тилиндеги “genus”, француз тилиндеги “genre” деген сөздөн орус тилине – “род,” “вид” деп которулуп, кыргыз адабият таануусунун дээрлик көпчүлүк илимий адабияттарында “түр”[1] түшүнүгү менен берилип жүргөнү белгилүү.

Адабият таануу илиминдеги эң эле “өмүрү узун”, мазмуну бай илимий теория жанр түшүнүгүнө тиешелүү. Байыркы грек философу Платондон баштап, бүгүнкү күнгө чейинки топтолгон илимий тажрыйба **жанрология** илиминин татаал проблемаларын пайда кылууда. XX кылымдагы илимий билимдердин интеграциясы менен дифференциясы бир жагынан, экинчи жагынан, жалпы эле адабиятта  коомдук тарыхый өнүгүүнүн татаал көркөм моделинин жаралышы **жанрдык диффузияга** алып келгендиктен, адабий тектер жөнүндөгү салттуу түшүнүктөр өзгөрүүгө дуушар болду. Айталы, Г.Н.Поспеловдун пикирине кошулууга туура келсе,  Аристотель, Гегель, Белинскийлердин адабий текти үчкө бөлгөнү туура эмес, көркөм чыгарманы лирика менен эпика деп экиге бөлүү жетиштүү, ал эми драма искусствонун бир нече түрүн (живопись, музыка, пантомима) ... синтездөө мүмкүнчүлүгү бар өзүнчө жанр болууга тийиш[2]. Экинчи бир көз караштагы окумуштуулар (Ю.Борев, Я.Эльберг ж.б.) адабиятты эпика, лирика, драма,сатира  деген төрт текке бөлүүнү туура көрсө, айрым адабият теоретиктери адабий чыгармаларды жаңыдан классификациялоо зарылдыгын билдиришкен. Л.И.Тимофеев лиро-эпикалык, көркөм-тарыхый, сатиралык; У.Богданова лиро-эпикалык, лиро-вокалдык, лиро-публицистикалык, музыка-драмалык, кинодрамалык классификацияны сунуш кылган. Ал эми В.Турбиндин пикири боюнча эч кандай классификациянын кереги жок, анткени, кийинки мезгилде көркөм чыгармалардын жанрдык чектери жоюлуп, аралашып баратат. Мындай көз

---

[1] Борбугулов М. Адабият теорисы: Окуу китеби. – Б.:Шам, 1996, 392-б.; Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Б., 2004, 269-б.

[2] Караңыз: Поспелов Г.Н. Теория литературы. – М., 1978,  - 113, 117-беттер.

караштардын келип чыгышына башка жанрларды “...пародиялап, алардын формасына, тилине таасирин тийгизип, кайсы бирин кысып, экинчисин өзүнө сиңирип , башка жанрлар менен “ынтымакташа албаган” ...азыркы замандын өзүндө калыптанган...”[1] романдын теориялык маселелери себепкер. Ошондуктан да 1960 – жылдардан баштап роман адабий тектин ичинде **өз алдынча жанр** катары илимий теориясы (В.А.Жирмунский, М.М.Бахтин, В.Д. Днепров, В.В.Кожинов, Л.В.Чернецтин эмгектери аркылуу) негизделди.

Илимий адабияттарда “жанр” түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары кездешет. И.К.Кузьмичевдин пикири боюнча “... жанр – көркөм чыгарманын кийген кийими”, “...көркөм форманын тиби”, “...форма менен мазмундун биримдиги”[2]. Мындан да кызыктуу аныктама Ю.В. Стенникке таандык: “Жанр – таанып-билүү этабынын белгилүү чекке өсүп жеткендигинин чагылышы, эстетикалык чындык тапкан **формула** (астын сызган – К.Ү)[3].

Натыйжада, тарыхый романдын жанрдык “формуласы” кайсы? - деген табигый суроо туулат. Албетте, бул суроого бир жактуу жооп берүүгө мүмкүн эмес. Коомдук өнүгүүнүн ар бир этабында тарыхый романдын жанры теориялык жактан ар түрдүү түшүндүрүлүп келгендигин байкоого болот. Албетте, логикалык жактан бул мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени: “Тарыхый **мезгил** (астын сызган – К.Ү) жанр жаратуунун эң негизги гана эмес, анын жападан жалгыз фактору. ...Ошондуктан адабиятта дайыма жанрдын трансформациясы болуп... анын нормасына өзгөртүүлөрдү киргизет”[4]. Демек, мезгилдин объективдүү өнүгүүсү адабий тектеги өзгөрүүлөргө таасирин тийгизгендиктен, жанрдын өзгөрүшү конкреттүү мезгилдеги “…жанр жаратуучу факторлорго”[5] көз каранды.

ХХ кылымдын 30 - жылдары тарыхый романдын “жүзүн” аныктоочу белги – **тарыхый инсан** (М.Серебрянский) эсептелген экен. “Чыгарма

---

[1] Бахтин М.М. Эпос и роман: (о методологии исследования романа) //Вопросы литературы, 1970. – С.96-97.
[2] Кузьмичев И.К. Литературные перекрестки: Типология жанров, их историческая судьба. – Горький: Волго-Вятское кн. Изд-во, 1983, - С. 3, 128.
[3] Стенник Ю.В. Системы жанров в историко-литературном процессе. / В кн:Историко-литературный процесс. Проблемы и медоды изучения. Л., 1974, - С. 189.
[4] Чернец Л.В. Литературные жанры (проблемы типологии и поэтики). – М.: Изд-во Моск. Ун-та, 1982, - С, 13,20.
[5] Ошондо, - С.15.

тарыхый болуу үчүн бир гана темасы эмес, анын каармандары чыныгы тарыхый инсандар болуусу зарыл"[1]. Кийинчерээк бул белги тарыхый романдын жанрдык табиятын ачууга жетишсиздик кыла баштаган.

"40–50-жылдары романчылар окуяны сүрөттөөнүн тар хронологиялык рамкасынан чыгууга аракеттенишип, романда мезгилдин эки образы түзүлө баштады: окуянын даярдалуу жана аткарылуу мезгилинде каармандын кыймыл-аракети жана мүнөзүнүн калыптанышы"[2] жанрдын чегин дагы кеңейтти. Ошондон улам 50 – жылдары тарыхый жанрдын негизги белгисин элдин тагдырында ойногон **тарыхый окуядан[3]** ( Р.Д.Мессер, Г.Ленобль, В.Р.Щербина) издөө тенденциясы башталган.

60 - жылдарда теоретиктердин көңүлү тарыхый романдагы **тарыхый чындык менен көркөм чындыктын, тарыхый каарман менен көркөм образ, факт, документ менен ойдон жаратуунун карым-катышына**[4] көбүрөөк бурулгандай. М.М.Кузнецов, А.Н. Филатова, Б.И. Хотимский тарыхый жанрдын негизги белгисин каарман менен автордун **мезгил аралыгынан[5]** издешкен.

Белгилей кетүүчү нерсе, тарыхый романдын жанр теориясына байланыштуу жогоруда бөлүп көрсөтүлгөн маселерди белгилүү этап менен байланыштыруу шарттуу көрүнүш. Анткени, Г.Н.Поспеловдун сөзү[6] менен айтканда жанр адабияттын белгилүү этабы менен чектелбейт, ал ар түрдүү улуттук адабияттын ар кайсы тарыхый доорунда кайталанып туруучу кубулуш.

Тарыхый чыгармалардагы көркөм чындык менен тарыхый чындыктын карым-катышы орус адабият таануусунда XIX кылымдын " ...1834-1836 – жылдары Н.В.Гоголдун "Тарас Бульба", А.С.Пушкиндин "Капитан кызы" чыгармаларын жалпы орус коому окуп жаткан учурда "Современник" журналы бул маселе боюнча полемикалуу макалалар жарыялап, бул мезгилде В.Г.

---

[1] Серебрянский М.И., Советский исторический роман. - М., 1936, - С. 153.
[2] Александрова Л.П. Советский исторический роман. – Киев: Вища школа, 1987, - С. 60.
[3] Мессер Р.Д. Советская историческая проза. - Л., 1955.; Ленобль Г. История и литература. – М., 1960.
[4] караңыз: Петров С.М. Исторический роман в русской литературе XIX века. – М., 1961.
[5] Филатова А.Н. Современный исторический роман: (К вопросу классификации) // Русская литература, 1977, №4.
[6] Поспелов Г.Н. Проблемы исторического развития литературы. – М., 1972, - С. 155.

Белинский тарыхый темадагы көркөм чыгарманын теориялык проблемаларына алтымыштан ашуун рецензия жазган"[1]. Ушул эле маселе XX кылымдын 80 - жылдарында[2] адабият таануу илиминде окумуштууларды кайрадан кызыктырды.

Изилдөөчүлөр бир добуштан белгилегендей (Л.П.Александрова, И.П.Варфоломеев, М.В.Романенкова, А.И.Пауткин ж.б.), 70 – жылдардын аягынан баштап жанрлардын трансформацияланышы жалпы романды, анын ичинде тарыхый чыгармаларды типологиялык[3] изилдөөнү актуалдаштырды. Тарыхый темага болгон мындай кызыгуунун кубаты окумуштуулар тарабынан "...турмушту тарыхый-философиялык андоонун ички муктаждыгы менен байланышкан жазуучулардын **чыгармачылык жетилүүсүнүн критерийи"[4]** (астын сызган – К.Ү.) катары бааланды. Жогоруда аталган белгилердин ичинен кайсынысы тарыхый жанрды аныктайт? Талдап көрөлү.

"Тарыхый романда – деп жазат, изилдөөчү – Л.М.Чмыхов, чечүүчү ролду **мезгил** – (астын сызган – К.Ү) ойнойт жана жанр жаратуу функциясын аткарат, "тарыхый" деген сөздүн өзү мейкиндик-мезгил маанисинде"[5]. Бул көз карашка тарыхый романдын теориясы менен көп жылдар алектенген окумуштуу Л.П. Александрова толук кошулбайт. Анын пикиринде "... тарыхый чыгармаларда адамдын сырын тарых ачпайт, **адам** тарыхтын сырын ачат – деп келип, тарыхты изилдөөгө арналган илимий эмгектерде деле адамдардын ишмердүүлүгү аркылуу окуяны таанныйбыз. Көркөм чыгарма эле эмес, тарыхый

---

[1] караңыз:Шейман Л.А. Белинский и проблемы исторического романа.- Дис.: ...канд.филол.наук. – Л., 1952. – С. 21, 165.

[2] Гулыга А. Историческое сознание и исторический роман // Литературная учеба, 1980, № 4; - С.145-155; Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба народов, 1981, № 3, - С. 230-238; Суровцев Ю. Люди и время // Новый мир, 1984, № 9. – С.231-242; Евсюков В., Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1886, № 1. – С.144-158; продолжение № 2. – С.161-175; Рагимов А. Исторические романы и историческая истина //Литературный Азербайджан, 1989, № 9. – С. 108-118.

[3] Александрова Л.П. Советский исторический роман: Типология и поэтика . – Киев, 1987; Варфоломеев И.П. Типологические основы жанров исторической романистики: Классификация вида. Ташкент, 1979; Ушул автордун «Советская историческая романистика: «Проблемы типологии и поэтики: Автореф. Дис. …д-ра филол. наук: 10.01.02. – М., 1985; Тамарченко Н.Д. Типология реалистического романа. – Красноярск, 1988.

[4] Пауткин А.И. Советский исторический роман сегодня (70-годы) // Вест. Моск. Ун-та.Сер.Филология, 1978, № 4. – С.19.

[5] Чмыхов Л.М. Советский исторический роман 60-70-годов: (специфика жанра и проблематика): - Дис. ...д-ра филол наук: 10.01.01. – Ставрополь, 1985. – С.30.

чындыкта да, ал эмес документте да адамдын субъективдүү мамилеси бар. Ошондуктан **адам** менен **окуянын** өз ара байланыштагы көркөм тарыхыйлуулугу жанрдын негизги белгиси”[1]. Чындыгында бул пикирдин биринчи бөлүгү романдын негизги миссиясы – адамдын жеке тагдырын ар тараптуу жана терең ачуу функциясы менен байланышат. Бул пикирдин экинчи бөлүгүн изилдөөчү В.Д.Оскоцкий сынга алган: “Тарыхты изилдеген окумуштуу менен жазуучунун ортосундагы принципиалдуу айырма илимий таанып билүү менен көркөм аңдоонун олуттуу өзгөчөлүктөрүндө жаткандыктан, аларды бирдей кароого болбойт”[2]. Ага В.Баранов да кошулуп: “тарыхый теманын үстүндө иштеген жазуучунун ишиндеги эстетикалык өзгөчөлүктү”[3] бөлүп көрсөткөн.

Бул маселе боюнча бир нече илимий эмгекти анализдөөнүн негизинде В.Д. Оскоцкий мындай корутундуга келген: “...тарыхый романдын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн адегенде романдын өзүн (**романдык негиз**), андан кийин анын тарыхыйлуулугун таануу керек . Аны жалпы романдан бөлүп алуу жанрдын эмес, болгону андагы теманын белгиси”[4]. Окумуштуунун бул пикирине кошулбаган изилдөөчү З.В.Аветисян: “В.Д.Оскоцкий “тарыхый роман” түшүнүгүн гана эмес “тематика” түшүнүгүн да тарытып жиберген жана анын типтүү өзгөчөлүктөрүн четке каккан. Тарыхый роман кыймыл мейкиндегиндеги экиполюсту: өткөн менен азыркыны бириктирип турат, учурдун проблемасын талдоо үчүн өткөнгө кайрылат”[5] – деген контраргументин келтирет.

Бул маселеде Л.П.Александрованы тарыхый чыгармаларды типологиялык классификациялоодо **окуя менен адамдын** өз ара байланышы кызыктырат. Ушул принцип менен ал тарыхый романды өз алдынча адабий түр (вид) эсептеп, аны: тарыхый, көркөм-тарыхый, тарыхый-биографиялык үч

[1] Александрова Л.П. Советский исторический роман: (Типология и поэтика). – Киев, 1987. –С. 20.
[2] Оскоцский В.Д. Роман и история: Традиции и новарство советского исторического романа. – М.:Художественная литература, 1980. – С. 281.
[3] Ошондо. - 282- б.
[4] Ошондо. - 264-б.
[5] Аветисян З.В. Поэтика армянского исторического романа: - Дис. ...д-ра филол.наук. – Ереван, 1987. – С. 12.

жанрга бөлөт. Алардын биринчи экөө өзүнчө жанрдык түрлөргө: психологиялык, детективдик, саясий, роман-хроника, роман-легенда ж.б. бөлүнүшү мүмкүн.

Кийинки дагы бир классификация В.А. Юдинге тиешелүү. Тарыхый роман жанрынын типологиялык белгилерине[1] негиз болуучу маселелер деп ал төмөнкүлөрдү эсептейт:

- чыгармада сүрөттөлгөн каармандардын документалдык негизи, алардын улуттун тарыхында калтырган изи жана маанилүү окуя;
- тарых өзү даярдаган "сюжет" менен шартталган сюжет;
- мамлекет менен элдин тагдырын, коомдук жана жеке тагдырды аныктоочу конфликт;
- автордун илимий ой жүгүртүүсүндөгү историзм, анын атуулдук жана патриоттук жетиктиги, идеологиялык, таптык көз карашы;
- өз өнүгүүсүн аяктаган, бирок азыркы учур менен байланышкан тарыхый доор;
- чыгармада чагылган доордун тарыхый (тилдик, турмуш-тиричиликтеги) жүзү .

Мындан сырткары "тематикалык классификация боюнча тарыхый романдын нагыз-тарыхый, тарыхый-биографиялык, тарыхый-согуштук, тарыхый-революциялык, роман-миф"[2] –деген түрлөрүн көрсөтөт.

Биздин оюбузча, окумуштуулардын ичинен И.П.Варфоломеевдин типологиялык классификациясынын[3] илимий жактан негизделиши ишенимдүү. Тарыхый романдардын жанрдык өзгөчөлүгүн үч принциптин: **турмушту көркөм аңдоо, тарыхый инсан, ойдон жаратуунун** (вымысел) деңгээлине жараша аныктоону сунуш кылган. Окумуштуу классификация үчүн эки негизди алган: биринчиси – романдын ички түрлөрү (внутривидовое) же жанрлары, экинчиси – ички жанрдык (поджанровое) формаларга бөлөт. Ушул негизде

[1] Юдин В.А. Современный русский исторический роман:Учебное пособие. – Калинин, 1990. – С. 16.
[2] Ошондо. - 19-б.
[3] Варфоломеев И.П. Типологические основы жанров исторической романистики: Классификация вида. Ташкент, 1979. - С. 112.

жалпы тарыхый романдарды үч түрдүү өз алдынча жанр менен классификациялайт:

- тарыхый- реалисттик;
- тарыхый-романтикалык;
- тарыхый- очерктик.

Бул классификациянын илимий баалуулугун биз төмөнкү аргументтер менен далилдемекчибиз.

Биринчиден, мында тарыхый романдын жанрдык өзгөчөлүгүн түзүүчү бардык белгилер (мезгил, тарыхый окуяны көркөм аңдоо, тарыхый инсан, окуяны көркөм иликтөөдө жазуучу тандап алчу метод) толук камтылган. Айталы, Л.П.Александрованын классификациясы боюнча биринчи жана экинчи түрдүн (тарыхый жана көркөм-тарыхый) чегин ажыратуу кыйын. Ырас, тарыхый роман болгон соң, экөөндө тең тарыхый окуя көркөм иликтөөгө алынат жана экөө тең искусство чыгармасы болгондуктан көркөм-эстетикалык баалуулуктун болушу зарыл.

Экинчиден, “түр”, “жанр” түшүнүгүн чаташтырбоого мүмкүнчүлүк бар. Ар бир жанрдын белгилери ачык аныкталган.

Үчүнчүдөн, тарыхый романдарды тематикалык классификациялоого артыкчылык берүү жанр түшүнүгүн бурмалоого алып келерин В.Д. Оскоцский мындайча эскертет: “А.Н.Филатова тарыхый романдарды тарыхый-биографиялык, согуштук-тарыхый, тарыхый-революциялык, роман-хроника, тарыхый баяндоо, тарыхый эпопея ... бөлүштүргөнүнө карап алардын баарын өзүнчө жанр деп эсептөөгө туура келсе, жазылган чыгарманын баарын өзүнчө жанр дейбизби?”[1] Ал эми И.П. Варфоломеевдин типологиялык классификациясы менен чыгарма кандай темада жазылганына карабастан каарман жана анын мезгили, көркөм калп, көркөм аңдоонун принциптерине жараша үч түрдүн бирине кошууга мүмкүнчүлүк бар.

---

[1] Оскоцкий В.Д. Роман и история: Традиции и новаторство советского исторического романа. – М.:Художественная литература, 1980. – С.266.

Биз жогоруда сөз кылган Л.П.Александрова, В.А.Юдин, А.Н.Филатова, И.П.Варфоломеевдин классификацияларын салыштырганда, алардын ортосундагы төмөндөгүдөй жалпылык жана айырмачылыктар байкалат. Л.П.Александрова менен И.П.Варфоломеевдин классификациясы чыгармадагы каарман маселесине такалат. Биринчиси тарыхый романдын каарманын эки типологияда: **чыныгы тарыхый инсан**, **ойдон чыгарылган каарман** деп карагандыктан, романдарды **тарыхый** жана **көркөм тарыхый** (каарман ойдон чыгарылса) бөлгөн. Ал эми экинчиси каармандарды үч типте классификациялаган:

- өз доорунун коомдук өнүгүү тенденциясын образында чагылдырган тарыхый каармандар (мамлекеттик жана саясий ишмерлер);

- ишмердүүлүгү чектелген тарыхый инсандардын образынын түзүлүшү;

- белгилүү коомдук өнүгүүнүн, социалдык катмардын белгилерин образында камтыган ойдон чыгарылган каармандардын катышуусу.

Биздин көз карашыбызда эки окмуштуунун тең классификациясында кемчилик бар. Анткени, Л.П.Александрованын пикирине кошулууга туура келсе, тарыхый романдын негизги каарманы жалаң гана тарыхый инсандар болуу керек. А бирок бир эле тарыхый чыгармада турмушта жашаган инсан менен ойдон чыгарылган негизги каармандардын образы бири-биринен калышпаган көркөм-эстетикалык деңгээлде иштелип, тарыхый доордун мүнөзүн бериши мүмкүн эмеспи. Ал эми И.П.Варфоломеевдин типологиясында тарыхый каармандын образы анын ишмердүүлүгү менен чектелип, автордун көркөм интерпретациясы эске алынган эмес. Тарыхка сиңирген эмгеги зор болгону менен образы терең иштелбеген шартта биз каарман аркылуу доордун духун жакшы сезе албайбыз, же тескерисинче, ишмердүүлүгү чектелген инсан мыкты сүрөткер аркылуу экинчи өмүргө ээ болуп окурманга өз мезгилинин элесин таамай жеткирген чыгармалар кездешет.

Тарыхый чыгарманын типологиясына негиз болгон романдагы **мезгил** маселеси боюнча да окумуштуулардын пикири бири-бирине дал келе бербейт.

Тарыхый романдардын материалы эсептелчү **“тарыхый окуя**” менен **“өткөн окуя”** түшүнүктөрүн  чеги кайда? – деген суроо проблемалуу мүнөзгө ээ экендиги байкалат.

М.М. Кузнецовдун пикири боюнча  автор менен каармандын мезгили бири бирине дал келбөөгө тийиш. Автор  өзү күбө болгон окуяны жазса,  ал тарыхый  чыгарма боло албайт.  Л.П.Александрова  бул пикирде айтылган ойдун биринчи бөлүгүнө - автор  жашаган доор менен тарыхый чыгармадагы доордун бири-бирине дал келбестигине кошулат. Ал эми анын экинчи бөлүгү – жазуучунун  күбө болуусу же болбоосу жөнүндөгү ойду жокко чыгарат. Жазуучу чыгарманын сюжетин түзүүчү тарыхый доорго катышса да, ал сапаттык башка доордун позициясынан окуяны талдап жана баалайт, натыйжада **мезгилдер байланышын** жаратат[1] (астын сызган –К.Ү).

Мезгилдер байланышынын  тарыхый жанрдагы маанисин каракалпак элинин мыкты жазуучусу Т.Каипбергенов мындайча белгилеген: “...тарыхый проза (чын эле жасалма болбосо...) өз кылымынын зарыл проблемаларын талдоодон  эч качан тайсалдаган эмес. Бирок эмдигиче тарыхый романды бир гана “өткөн чакка” ыйгаргандар кездешет. Ал эми тарыхый прозанын маңызы такыр башка, анын маңызы  жазуучунун  мезгилди өткөн абалында эмес, байыркы кылымдардан бүгүнкү күндү көздөй  үзгүлтүксүз кыймылда келатканын сезгенинде. Ал  “мезгилдерди байланыштырган жиптин” үзүлбөгөнүн сезген учурда гана өткөнгө кайрылат”[2].  Мезгилдер байланышын өзбек адабиятчысы П.Шермухамедов да К. Яшендин “Хамза” тарыхый романынын ийгилиги катары баалаган. “Камил Яшен тарыхты бизден бөлбөйт, тескерисинче,  өткөн мезгил менен биздин күндөрдү  көзгө көрүнбөгөн жандуу жиптер менен  туташтыра билет”[3].

Тарыхты таанып билүүнүн, аны изилдөөнүн, тарыхый окуяны искусствонун мыйзамы менен кайра иштеп чыгуунун негизги максаты дал ушул жерде кесилишет эмеспи. Биз тарыхты ар кимибиз өз доорубузда, өз

---

[1] Л.П.Александрованын аталган эмгегинде. – С.14.
[2] Каипбергенов Т. Народный взгляд на историю // Вопросы литературы, 1983,   №1. – С. 59- 61.
[3] Шермухамедов П. Диалектика души и истории  // Дружба Народов, 1981, №3, - С. 231.

жашообузга пайдалануу үчүн, анын нравалык сабагынан таалим алуу үчүн үйрөнөбүз. Ошондуктан изилдөөчүлөр ортосунда талаш туудуруп, кээде чаташкан абалда колдонулуп келаткан “тарыхый окуя”, “өткөн окуя” деген түшүнүктөрдүн чегин ажыратуу зарылчылыгы келип чыгат.

“Тарыхый окуя” менен “өткөн окуя” деген түшүнүктөрдүн мазмуну бири-бирине туура келбейт- дейт, изилдөөчү Н.Д.Чолокова. Биздин оюбузча, “тарыхый роман” деген түшүнүктүн бир бөлүгү “тарыхый” деген сөз өткөн окуяны туюндуруу үчүн кызмат кылбайт, ал т а р ы х ы й м а а н и г е ээ болгон окуяны туюндуруу үчүн кызмат кылат. ... тарыхый роман улуттун аң-сезиминде тарыхый мааниге ээ болгон окуяны чагылдырган роман”[1]. Кайрадан түшүнүктөрдү тактоо зарыл. Анткени улуттун аң-сезиминде тарыхый мааниге ээ болгон окуя - **тарыхый эс тутум** жалаң гана тарыхый жанрда эмес, башка адабий түрлөрдө да көркөм иликтөөгө алынышы мүмкүн[2]. Анын жаркын мисалы болуп Ч.Айтматовдун тарыхый эс тутумун жоготкон манкурт жөнүндөгү “Кылым карытар бир күн” романы эсептелет. Бирок бул чыгарма тарыхый роман эмес, анткени тарыхый эс-тутум проблемасы тарыхый инсан тагдыры аркылуу эмес, типтүү каарман аркылуу көркөм чагылган же каарман аркылуу окуя эмес, окуя каармандын образынын негизинде көркөм жалпылоого алынган. Жогоруда аталган түшүнүктөрдүн маанисин тактоодо философ А.Гулыганы жардамга чакырып көрөлү: “Тарыхый аң-сезим “мезгилдер байланышын” камсыз кылат. ...тарыхый легендалар, ырлар элдин аң-сезиминде анын тарыхынын эң маанилүү окуяларын сактап берет. ...Тарыхый искусство - өткөнгө асыл мамиле жасоонун формасы. ...тарыхый романдын (классикалык) өзгөчөлүгү анда ойдон чыгарылган сюжеттин болгондугунда”[3].

Ушундан улам тарыхый романдын жанрдык белгисин аныктоочу дагы бир маанилүү маселе тууралуу сөз кылуунун ыңгайы өзүнөн өзү келип чыгат.

[1] Чолокова Н.Д. Специфика исторического романа / К-те:Реалистические формы изображения действительности. – Тбилиси, 1986, - С. 117.

[2] караңыз: Павловский А.А. Историческая память как фактор формирования характера героя в современной прозе: Автореф. Дис. ... канд.филол.наук: 10.01.01. – Л., 1986; Салимов Н.Ю. Историческая память и проблемы изображения современника в Таджикской прозе 70-80-годов: Автореф. Дис. ... канд. филол.наук: 10.01.03. – Душанбе, 1990.

[3] Гулыга А. Историческое сознание и исторический роман //Литературная учеба, 1980, - С. 145, 150.

Бул тарыхый чыгармадагы **документалдуулук** менен **ойдон жаратуунун** ортосундагы карым-катыш маселеси. Романдын башка түрлөрүнөн тарыхый жанрдын маанилүү айырмачылыктарынын бири анда документалдуу материалдардын, тарыхый фактылардын кеңири колдонулгандыгында. Бирок аларды колдонуунун принциби, методу тарыхый романдын дагы бир теориялык проблематикасын түзүп келет.

Постсоветтик мезгилдеги тарыхый жанрды изилдөөчүлөр тарыхый романдардагы улуттук аң-сезим чоң мааниге ээ экендигин белгилей башташты. Натыйжада илимде али толук бекемделе элек “этнософия”[1] түшүнүгү илимпоздорду кызыктырып келет. “Дал ушул улуттун рухий жана материалдык маданиятын ичине камтыган этнософия этностук, элдик турмуштун бардык тарабын синтездөөгө жана жалпылоого жөндөмдүү. Көрсө, адамзаттык цивилизациянын бир бөлүгү болгон ар бир этностун өз элинин турмуш-философиясын тереңдетүүгө умтулушун аныктоочу этноцентризм – этнософиянын табигый белгиси”[2] – деген пикир азыркы учурда бөтөнчө актуалдуу болуп калды.

Дүйнөлүк адабиятта тарыхый романдын шедеврлери аталган В.Скотт, А.Дюма, О.Бальзактардын чыгармаларында бул маселенин чагылышы бирдей эмес жана бүгүнкү күнгө чейин изилденип бүтпөй келет. “Эгер В.Скоттун романдары тарыхтын фотографиясы болсо, А.Дюманын чыгармалары тарыхтын сүрөтү”[3] – дейт, изилдөөчүлөрдүн бири – орус тарыхчысы К.Биркин. Тарыхый романисттердин тарыхый чындыкка: факт, документ, окуяга жасаган мамилеси ар түрдүү. Бул маселе тарыхый романдын бүт өмүрүн коштоп олтурганына карабастан, адабият таануу илиминин ар бир тарыхый өнүгүү этабында ага болгон көз караш дайыма өзгөрүүгө учурап олтурганы байкалат. Англис романисти Дж. Олдриж “ ...роман чындыктан ишенимдүү, фактыдан анык болууга тийиш”[4] деген пикири менен тарыхый жанрдагы көркөм калпка

---

[1] Интернет сайт: http: // www. lib. Ua. Net/ diss/cont/ 92028. html. Бигуаа В.А. Абхазский исторический роман (история. Типология. Поэтика): дис. …д-ра филол.наук: 10.01.02, 10.01.03. – Москва, 2003. – С.6.
[2] Ошондо.
[3] караңыз:Рябов Ф.Г. История в произведениях А. Дюма // Новая и новейшая история, 2003, №1, - С.186.
[4] Судьбы романа. – М.: Прогресс, 1975. – С. 32.

артыкчылык бергенин байкоо кыйын эмес. Көркөм чыгарма искусствонун бир түрү болгон соң, турмушту эстетикалык көз караш менен кароо зарылдыгын дээрлик бардык изилдөөчүлөр белгилешет. В.Д.Оскоцкий: "...Документке таянуу тарыхый романдын табиятын түшүнүү үчүн көп нерсе берет, бирок жалаң документтен анын жанрдык өзгөчөлүгүн табуунун универсалдык ачкычын издөөгө негиз жок. Жалаң документке таянуу менен тарыхый роман жазууга мүмкүн эмес"[1] - деген пикири да буга далил. Ошол эле учурда: "Жалпы көркөм адабият менен тарыхый романистикадагы көркөм ойдон жаратуу адекваттуу эмес"[2] экендигин унутпоо зарыл. Анткени тарыхый романисттин алдында көркөм ойлоонун таасири менен тарыхый чындыкты бурмалап жибербөө жоопкерчилиги бар. Тарыхый романдын негизги миссиясы "элдин аялуу жашырын жан сырларын чагылдыруу" ( Н.И.Надеждин) болгондуктан, улуттук тарыхты бурмалоого илимден мурда окурман жол бербейт. Буга азербайджан тарыхый романистикасын негиздөөчүлөрүнүн бири М.С.Ордубадинин "Кылыч жана калем" романында тарыхый чындыктын бурмаланышына[3] жасалган коомчулуктун каяшасы мисал боло алат. Экинчиден, реалдуу фактынын өзгөртүлүшүн мезгил өзү көтөрбөйт, анткени "тарых кекчил келет" (Н.М.Карамзин), дайыма улам кийинки муундун баамына урунат, тарых бир муундун энчиси эмес. "Тарыхый көркөм чыгармада документалдуулукту бузбай сактоо окуянын майда-чүйдөсүн калтырбай изилдөө дегендикке жатпайт. Фактыдан өйдө көтөрүлүп, мезгилдин духун кайра жаратуу маанилүү, өнүгүүнүн башкы тенденциясын көрсөтүү зарыл; билим, кыял, сезим, табиттин жардамы менен документтин такталган жалпы концепциясынын негизинде, көркөм каражаттар аркылуу **мүнөздү, тагдырды, окуяны** (астын сызган – К.Ү) кайра түзүп чыгуу"[4] керек. Мыкты романисттер көркөм ойдон жаратуу аркылуу тарыхый чындыкты тарыхчыдан мыкты өздөштүрүүнүн "көркөм эстетикалык айлакерлигин" жакшы билишет.

---

[1] Оскоцкий В. Границы вымысла и переделы документализма // Вопросы литературы, 1980, №6, - С.35.
[2] Варфоломеев И.П. Типологические основы жанров исторической романистики: Классификация вида. – Ташкент, 1979. – С. 62.
[3] караңыз: Рагимов А. Исторические романы и историческая истина //Литературный Азербайджан, 1989, № 9. – С.108.
[4] Евсюков В., Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1986, №2. - С. 173.

О.Бальзак “Адам комедияларынын” кириш сөзүндө мындай дейт: “Тарыхчынын өзү француз коому болууга тийиш эле, мага анын секретары гана болуу укугу калган. ...аягында ойлодум, мен канча бир тарыхчылар тарабынан унутулган тарыхты – нравалардын тарыхын жаза алат эмесминби.” Ошондуктан тарыхый романдардагы көркөм образ аркылуу (адам руху, мүнөзү, ишмердүүлүгү) мезгил духун бузбай сактоо тарыхый романисттин милдети экендиги шексиз.

## § 2. Кыргыз адабиятында тарыхый роман жанрынын өнүгүү эволюциясы жана анын изилденүү абалы

Кыргыз прозасында жанрлардын калыптанышы жана өнүгүшү татаал процессти баштан кечирип, коңшулаш өлкөлөргө салыштырганда роман жанры бир топ кечигүү менен өзүнүн адабий салтына жана тажрыйбасына ээ болду. Романдын пайда болушу 30 – жылдар эсептелсе да, андагы көркөм эстетикалык критерийлердин талапка ылайык өздөштүрүлүшү У.Абдукаимовдун “Майдан” романында 60 – жылдары ишке ашты деген көз караш биздин адабиятчылардын арасында басымдуулук кылат. Чынында “Майдан” романын жанрдын классикалык үлгүсү эсептөөгө негиз бар.

Бул мезгил дүйнөлүк адабиятта “романдын кризиси” жөнүндө кызуу талаш теоретиктердин бүйүрүн кызытып, Батышта социалдык жана психологиялык романдын “эскириши” талкууланып, дагы бир адабиятчылар романдын адабий форма катары “өлүмү” жакындап калганына “көзү ачыктык”[1] кылып жаткан учур экен.

Ал эми жазма адабияты жаңыдан калыптанып жаткан кыргыз адабияты үчүн бул мезгил, тескерисинче, романды жанр катары өздөштүрүү доору экендиги белгилүү. Ошол кезде “борбордук басма сөз аталган” абройлуу басылмалар “Вопросы литературы”, “Дружба народов” “көп улуттуу адабияттын” өкүлдөрүнүн мейли көркөм сөздө, мейли адабият таанууда болсун калеминин күчүн сынап, өз беттеринен системалуу орун берип турган 60-70-

[1] караңыз: Днепров В. Спор о природе романа // Звезда, 1962, №7. – С. 162.

жылдары “...классикалык роман өзүнүн жанрдык мүмкүнчүлүктөрүн “толук” пайдаланып бүтмөк турсун (улуттук адабияттын сферасында) айрым учурларда бул көркөм форманын өзү “эмбрионалдык” фазада экени ачык байкалат”[1] – деп, кыргыз романына өзүбүздүн теоретиктерибиз канааттанган эмес. Ушундай шартта, роман жанрынын эң татаал түрлөрүнүн бири – тарыхый чыгарманын теориялык маселелери жөнүндө фундаменталдуу эмгекти күтүү мүмкүн эмес экендиги ашыкча далилдөөнү талап кылбайт. Бирок 60-жылдардын аягынан баштап Ч.Айтматовдун жаркын чыгармалары улуттук адабиятта өзүнчө бир “айтматовдук мектепти” түзүп, 70- жылдар кыргыз прозасында адабий түрдүн орто эпикалык формасы – повесть жанры жакшы өнүккөндүктөн, изилдөө багыты да ошол тарапка ооп кеткени байкалат. Натыйжада адабият таануудa повесттин теориялык маселелерин изилдөө ишинде жакшы тажрыйба топтолуп, белгилүү ийгиликтер жаралышына мол адабий материал бар эле. Кыргыз прозасында “...50-60 – жылдары повесть жанрынын “ташкындаган сели” жүрүп, ал “бум” (Т.Аскаров) аталып, ... 50-жылдары жанрдын атагына, кадыр-баркына, эстетикалык функциясына, коомдук-турмуштук милдетине жооп бербей, айрым учурда көркөм сөздүн девальвациясына алып келген ... көпшөк, маанисиз көп сөздүү “роман” аталган китеп-кирпичтерге түздөн-түз реакция катары жаралган”[2] экен. Ушул мезгилде повесть жанрынын чегинде “романдашуу” процесси байкалып, Ч.Айтматовдун “Гүлсарат”, “Ак кеме” чыгармаларында “романдык мазмун” жаткандыгын чоң чөйрө адабиятчылары (К.Зелинский, Л.Якименко, М.Дмитриева) белгилей баштаган. Муну менен айтайын дегенибиз, ар кандай теориялык изилдөө үчүн адегенде анын базалык материалынын жаралышы маанилүү фактор. Ал эми, кыргыз прозасында дегеле роман жанрынын, анын ичинде тарыхый романдын жанрдык жактан калыптануу процессинин кечигиши бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн кечигишине алып келген. Кыргыз улуттук адабият таануусунда тарыхый жанр маселеси 70 – жылдардын аягына чейин атайын изилдөөнүн объектиси боло

---

[1] Асаналиев К. Кыргыз романы. Көркөмдүк критерийлер //Ала Тоо, 1973, №3. – 145-б.
[2] караңыз: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы: Эки томдук, 1 том. -Ф.:Илим, 1987, 596-597 – бб.

алган эмес. Бул маселе адабият таануучулар тарабынан жалпы эле проза жанрынын теориялык маселелеринин контекстинде каралган.

Кыргыз прозасында тарыхый жанрдын **классикалык үлгүсүн** берген биринчи чыгарма катары адабият таанууда сынчылар тарабынан (Т.Аскаров, К.Даутов, К.Бобулов, А.Эркебаев ж.б.) Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романы таанылды.

Албетте, 60- жылдарга чейин да кыргыз прозасында тарыхый темада бир нече чыгарма жаралганы белгилүү. Тарыхый жанрга алгач из салган А.Токомбаевдин **ыр менен жазылган** “Кандуу жылдар романы” ( 1935-жылы биринчи китеби, 1940-жылы экинчи китеби) эсептелинүүгө тийиш эле. Чыгарма жарыкка чыгары менен адабий чөйрөдө аңыз кепке айланып, адабиятчылар тарабынан да, окурмандар тарабынан да кызуу кабыл алынган. Романга арналган алгачкы рецензия, сын пикирлерди[1] да кыргыз адабият таануу илиминин калыптанышындагы алгачкы илимий мүнөздөгү макалалар катары эсептөөгө болор эле. Жаш профессионалдык адабиятта адабий сын жанры өзүнүн жогорку деңгээлине жете элек мезгил экенине карабастан, бул чыгармага жергиликтүү да, республикадан сырткары да оң жана терс маанидеги көптөгөн пикир, рецензиялар жазылган экен. Бирок чыгарманын социалисттик идеологиянын куугунтугуна дуушар болушу менен тез эле сынчылардын көз карашын өзгөртүп жибергендиктен, ал макалаларда авторлор тарыхый теманын иштелүү деңгээлине объективдүү баа берүүнүн ордуна андан саясий ката издөөгө алаксышкан. “Кандуу жылдардын” ушундай тагдырынан улам, адабият таанууда сынчылар ал жөнүндө сөз кылуудан качып, улуттук адабий процесстеги романдын орду аныкталбай келди. “Илим” басмасынан 1987-жылы жарык көргөн “Кыргыз совет адабиятынын тарыхында” (I том) бул чыгарманын аты “тергелип”: “А. Токомбаевдин ыр менен жазылган

[1] Эсенкожоев К. Кандуу жылдар //Ленинчил жаш, 1941, 1-март; Липкин С. Подвиг и трудолюбие // Литературная газета, 1947, 25-февраль; Бердибеков Ж. А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” деген романы жөнүндө // Кызыл Кыргызстан, 1948, 24-январь; Жакишев Ө. Чындыгы аз чыгарма (Дагы А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” деген романы жөнүндө) // Кызыл Кыргызстан, 1949, 5-март; Кулиев К. Масштабы и краски жизни // Литературная газета, 1958, 18-октябрь;

романынын биринчи бөлүгү 30-жылдардын ичинде эки жолу (1935, 1940-жылдары) кайталанып басылып, үзүндүлөрү газета-журналдарга жарыяланып, мындай маанилүү, таасирдүү китеп элди "бат эле өзүнө тартып алып, окуучулардын эсинен чыккыс элес калтырганы"[1] башка бир илимий эмгектен алынган цитата катары берилет. Ал эми ушул эле китептин аягындагы "Адабий летописте"[2] "Кандуу жылдар" 30 –жылдары жазылган чыгармалардын тобуна кошулган эмес.

Анткени менен "Кандуу жылдар" реализмдин талабын жаңыдан өздөштүрүп жаткан кыргыз адабиятынын 30–жылдардагы адабий тажрыйбасынан алып караганда, өз мезгилиндеги окурмандардын купулуна толгон. Бул тууралуу тарыхчы К.Үсөнбаев мындай дейт: "1936-37-жылдар… Ал кезде мен Ак-Суудагы Чоң-Арык айлында толук эмес орто мектепте окучумун. Айылдагы кары-жаш, кемпир-чал дебей мектептин жанындагы чоң үймөк отундун күнөсүнө чогулуп отуруп, эртеден кечке "Кандуу жылдарды" окутуп угар эле. Көрсө, Аалыкемдин бул дастаны - үркүнчүлөрдүн жана алардын замандаштарынын көңүл чери, жүрөк зары, баштан өткөн азап-тозогу, анын өлбөс-өчпөс элеси турбайбы"[3].

Чыгарма жарыкка чыгары менен ага адегенде оң баа берилгендигине карабастан, "ачуу чындыкты" ачык айткандыгы үчүн партиялык көзөмөлгө алынып, ага "пантүркисттик", "панисламисттик" идеяны алып чыккан деген күнөө коюлат. Романга, анын авторуна саясий айып тагуу тенденциясы айыкпаган оору сыяктуу акынды көпкө кыйнагандыгына ошол мезгилдин басылмалары күбө. "Кызыл Кыргызстан" гезитинин 1952-жылы 28-февралдагы санына жарыяланган "Партиялык турмуш" рубрикасында "Акыры мойнуна алды" аттуу авторсуз жарыяланган макалада Жазуучулар Союзунун алдындагы баштапкы партиялык уюмдун чогулушунда, андан соң Кыргызстан большевиктеринин V сьездинде жана Кыргызстан КП (б) Борбордук Комитетинин бюросунда А. Токомбаевдин ырларындагы жана

---

[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Ф.:Илим, 1том, 1987. – 149-150-б.
[2] Ошондо, - 800, 803-б.
[3] Үсөнбаев К. Кандуу жылдар // Кыргызстан маданияты, 1994, ноябрь, №17.

“Кандуу жылдар” романындагы саясий каталарды оңдобогондугу үчүн катуу сындалгандыгы жөнүндө маалымат камтылган. Ушул мезгилде чыгарманы каралоо тенденциясына кадырлуу адабиятчылар: Ж.Самаганов, М. Дөгдүров, К.Баялинов, К.Кулиев, У.Абдукаимов, С.Сасыкбаев, Я. Шиваза, Чекменовдор кошулуп, романга болгон көз караштарын өзгөртүп жиберишкендиги кыргыз адабиятынын тарыхындагы өкүнүчтүү, бирок реалдуу факт. Ушунун өзү тарыхый теманы иштөөгө өз кедергисин тийгизип, улуттук тарыхты көркөм аңдоо маселесинин “жабык маселе” болушун шарттаган.

“Кандуу жылдар” улуттук адабий процесске эмне берди, анын жанрдын чегине жетпей калган чийкилиги кайсы маселеге байланышат? Романда **романдык мазмун** бар, каармандары **тарыхый инсандар** (алардын протиптери: Алымкул, Байымбет, Шабдан, Мөкүш, Төлө, Канат ж.б.) сюжеттин негизин түзгөн тарыхый окуя элдин тагдырында кандай олуттуу мааниге ээ болгондугу белгилүү, документалдуулук да жыш колдонулган. Чыгарманын биринчи китеби 17 бөлүмдөн турса, анын 10 бөлүмүндө улуттук көтөрүлүш жөнүндөгү архивдик материалдар пайдаланылган, 5 бөлүмүндө көтөрүлүшкө катышкан адамдардын эскерүүлөрү берилген.

Чыгарма улуттук трагедияны ачык, чын дилден, чыңалган эмоция менен көркөм чагылдыра алган. Анын окурманга жагуу касиети да ушунда. Тарыхый жанрга таандык касиеттердин бири **эл массасынын кыймылы** да ишенимдүү сүрөттөлгөн. Романдын “Курал”, “Тар заман”, “Тартыш” бөлүмдөрү буга күбө. Улуттук трагедиянын көркөм интерпретациясы “Туткундар”, “Кол салуу”, “Бетме-бет”, “Ак Өгүздүн ашуусу” бөлүмдөрүндө курч, эмоционалдуу (кайгылуу) сүрөттөлөт.

Албетте, тарыхый романдын көркөм эстетикалык критерийлерге жооп бериши жалпы эле романдын теориялык маселелеринен келип чыгат. Окумуштуу М.М. Бахтин романдын башка жанрлардан айырмаланган үч өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөткөн: “1) стилистическую трехмерность романа, связанную с **многоязычным** сознанием, реализующимся в нем; 2) коренное изменение **временных координат** литературного образа в романе; 3) новую

зону построения литературного образа в романе, именно контакта **с настоящим** (современностью) в его незавершенности” (астын сызган – К.Ү)[1]. Ушул көз караштан алып караганда, “Кандуу жылдар” романынын сюжетинде романдык **мазмун** бар. Роман үчүн **реалдуулук романдашуу** керек болсо, кыргыз коому XVIII  кылымдын аягынан баштап ички жана сырткы карама-каршылыктын “бороонуна” бир кылымдан ашык убакыт “буйугуп” келип, акыры  16-жыл трагедиясына кабылган. Айрыкча XIX кылым кыргыз элинин улуттук тагдыры бычак мизинде турган мезгил катары тарыхка кирип, улуттук геноцидди баштан кечирген. Бирок ошол катаал мезгил романдык мазмундун көркөм интерпретациясы катары  жанрдын талабына жооп бере алдыбы?

М. Бахтин белгилеген критерийлерди, албетте, 30 – жылдарда жаңыдан калыптанып жаткан кыргыз прозасындагы алгачкы тарыхый чыгармадан талап кылуу жүйөсүз болор. Тарыхый жанр боюнча али адабий салттын, тажрыйбанын жоктугунан улам, чыгармада **моностилистика** б.а., автордун жеке баяндоосунун үстөмдүгүнөн романдын жалпы “көп тилдүүлүгү” жапа чеккен. Автор  чыгармада берейин деген идеясын  каармандарга “чачып жибере” алган эмес. Натыйжада “Кандуу жылдардын” каармандары  күчтүү “идеолог” (Нүзүп, Мусулманкул, Абил бий сыяктуу)  деңгээлине көтөрүлө албай калган. Романдык сюжеттин өнүгүшүн алга сүрөгөн интрига жетишпейт. Экинчиден, романдагы **мезгил жана мейкиндик** чектери роман жанрынын классикалык үлгүсүнө жете берген эмес. Анткени,  хронотоп же “... чыгарма чагылдырган мезгилди азыркы учур менен байланыштырып турган көпүрө”[2] романдык мазмунда болгону менен (“Кандуу жылдардын” жараты дагы деле кыргыз коомунда “канап турат”  -  А.Гулыга), ал  каармандардын образынын көркөм интерпретациясында ачык көрүнбөйт. Улут тагдырындагы ошол геноцидге, башкача айтканда, 1916-жыл окуясына байланыштуу “тарыхка биздин күндөрдү жалгап турган, көзгө көрүнбөгөн жандуу жиптер”[3] тиешелүү деңгээлде эмес. “Сынган кылычтагы” Абил бий, Мусулманкул, Алымбек,

---

[1] Бахтин М. Эпос и роман (о методологии исследования романа)  // Вопросы литературы, 1970, № 1. – С. 101.

[2] Ошондо, - 104-б.

[3] Шермухамедов П. Диалектика души и истории  // Дружба народов, 1981, № 3. – С.231.

Болот-Искаx, Бекназар, Абдырахман биздин күндөрдө да жаныбызда жүргөндөй, бул типтер **мезгилдерди жипсиз улап турса**, “Кандуу жылдардын” Алымкулу, Жунушу, Кузнецову бизден алыста бөлүнүп калды, алардын колу “бизге колдору жетпей” турат.

Эгерде “Сынган кылыч” романында сюжетке негиз болгон Шерали хан шайланган 1842-жылдан Исках-Болотхандын дарга асылган 1876-жылга чейинки 34 жыл аралыгындагы мезгилдин тарыхый окуяларынын кирген суудай күргүштөгөн карама-каршылыктуу өнүгүү тенденциясы гана эмес, тарыхый экскурс аркылуу ал карама-каршылыктардын тээ тереңде жаткан түпкү “тамыры” (Шералинин түпкү теги) көркөм талдоого алынып, дүйнөлүк тарыхка дүрбөлөң салган тийурийлер династиясы менен көркөм аңдоого алган доордун жипсиз байланыштары көзгө көрүнүп, “...жазуучу мезгилдин өткөн кылымдан бүгүнкү күндү көздөй үзгүлтүксүз кыймылда келатканын сезип турса”[1], “Кандуу жылдарда” **мезгил** өтө чектелүү.

Автор 1916-жылы дунган Булар Могуйдун тизмеге катталуудан баш тартышын окуянын (сюжеттин да) башталышы катары алат да, кийинки окуяларды хронологиялык тартипте жайгаштырып, натуралисттик сүрөттөөлөргө көбүрөөк орун берген. Качкындардын Кытайга барып, ал жактан мекенсиз көргөн күндөрдүн трагедиясы, алардын кайра Ата-Журтка келиши, “кызыл туусу” жайнаган Пишпекте большевиктердин бийлиги орношуна элдин күбө болушу менен аяктайт. Демек романдагы хронотоп жанрдын деңгээлине толук көтөрүлө алган эмес. “Романдык мезгил кыймылы каармандын эволюциясын, анын мүнөзүнүн өзгөрүшүн чагылдыруу”[2] функциясын толук аткара албай, “тарыхый инсандын тарыхый доордо калыптанышы” камсыз болгон эмес. Романдын биринчи китебинде активдүү мүнөзгө ээ болгон Алымкулдун иш-аракети андан ары эволюциялык өнүгүүгө ээ боло албай, арадан анын “жоголуп калышы” дал ушул романдык мезгил маселесине байланышат. Романдын проблематикасын түзүүчү тарыхый

[1] Кайыпбергенов Т. Народный взгляд на истории // Вопросы литературы, 1983, № 1. – С. 59.

[2] Косиков Г.К. О генезисе и основных особенностях жанрового содержания романа // Филологические науки, 1972, № 4. – С. 18.

реалдуулук (романдык кырдаалда) менен келише албаган каармандын мекенге кайра кетүүнү эңсегенден башка ачык күрөшү байкалбайт, "идеалы" бүдөмүк. Бир гана жаңы турмушту көргөн Жунуштун чыгарманын эң аягында: Гүл өмүрүн күйүт менен өткөргөн,

Ушул – деди – Алымкулдун тилеги – деген сүйлөмү болбосо, башкы каармандын өз идеалы үчүн болгон күрөшүн курч драматизмге жеткирген **конфликт жетишсиз**, анын ордуна кайгы, муңкүрөө көбүрөөк. Автордун Алымкулдун өмүр баяны жөнүндөгү тарыхый экскурсу (анын Сибирге сүргүнгө айдалышы) жана "куу башка" Жунуштун берген суроолору аркылуу "артка чегинүүсү" оңунан чыкпай калган. Бул эпизоддор, биринчиден, өткөн мезгилдин духун көрсөтө албайт, экинчиден, алар романдын "денесинин бир мүчөсү", жалпы композициянын ажырагыс бөлүгү боло алган эмес. Натыйжада мезгилдер байланышы тарыхый өнүгүүнүн себеп-натыйжалуу мыйзам ченемдерин берүүгө алсыздык кылат.

Прозанын башка түрлөрүнөн айырмаланып, тарыхый темадагы чыгармада объективдүүлүк менен субъективдүүлүктүн өзгөчө байланышы бар. Бул проблема адабиятчы А.Эркебаев айткандай, Гегелдин тарыхый жанрга койгон "...карандай объективдүүлүккө жетеленүү окуялардын, кубулуштардын маңызын, азыркы учур үчүн маанисин ачууга көмөктөшпөй, тек тарыхый үстүрттүктү, формалдуулукту берет, ал эми субъективдүүлүккө жетеленүү өткөндүн объективдүү элесин жокко чыгарып, анын ордуна азыркы күндүн белги көрүнүштөрүн тагып коет. Ошон үчүн сүрөткер ал эки жолду тең эске тутуу, ишке ашыруу менен, үчүнчү учурду – тарыхый ишенимдүүлүктү жетекчиликке ала жүрүшү керек. Тарыхый ишенимдүүлүк өз кезегинде тарыхый тактык менен көркөм чындыктын эриш-аркак айкашуусунан жаралат, бирок акыркы экөөнүн катышы төмөнкүчө болот: тарыхый тактык көркөм чындыкка баш ийип, көмөкчү милдет аткарат"[1] - деген талабынын кайсынысы "Кандуу жылдарда" аткарылды эле? Албетте,

[1] Эркебаев А. Кыргыз прозасынын контрасттары. – Ф., 1983. - 90-б.

автор биринчи жолго түшүп алган. Анын да объективдүү себебине көңүл буруу зарыл. Бир жагынан тема тарыхый, мазмун тарыхый экендиги талашсыз. Бирок автор үчүн мезгил тарыхый эмес болчу. Анткени окуяга автор өзү катышкан, шумдуктуу окуяларды өз көзү менен көргөн. Адабий материалдын көркөм иштелмесине келгенде алар (факты, окуя, документ) өктөмдүк кылып жиберген. Бул тууралуу жазуучу чыгармада да, жеке эскерүүлөрүндө да ачык айтат:

Өчпөөчүдөй сыр болуп,
Каламга кандар жошулду.
Сүрөтү туруп калчудай,
Кагазга дендер тосулду.
Үймөлүп, шашып көп арбак,
Аксалап жаз деп кошулду[1].

Ошондой эле тарыхый жанрдагы документалдуулуктун да өз орду бар. А.Токомбаев тарабынан пайдаланылган 16-жыл окуясына байланыштуу документтер, албетте, окурмандын чыгарманы кабыл алуу психологиясына таасир этет, ошол доордун образын андап-таанууга жардам берет. А бирок ошол документтердин көркөм иштелмесинде факты көркөм чындыкка баш ийбей, тескерисинче, автордун көркөм интерпретациясы романдын биринчи китебинде документке баш ийип калган.

Романдагы негизги каармандардын (Алымкул, Мурат, Канат хан) тагдыры трагедиялуу. А бирок романдык жанрдагы каармандын тагдыр трагедиясы өзүнүн нравалык сабактары менен баалуу. Ал эми “Кандуу жылдарда” каармандардын тагдыры романдын жанрдык табиятына караганда трагедиянын жанрдык табиятына жакыныраак. М.М.Бахтиндин аныктамасы боюнча **трагедия романга чейинки жанр** (астын сызган – К.Ү.). Натыйжада “Кандуу жылдар” романындагы романдык мазмун болгону менен кийинки белгилер: романдык форма жана тарыхый доордун жүзүн көрсөтүүчү “көп тилдүүлүк” тиешелүү деңгээлге жеткен эмес. Ошондуктан “Кандуу жылдар”

[1]Токомбаев А. Кандуу жылдар, - Б., 1991. - 15-б.

романын 30 – жылдардын деңгээлинде улуттук тарыхты көркөм аңдоого биринчи чыйыр салган, бирок тарыхый жанрды толук өздөштүрө албаган роман эсептөөгө болот.

Кыргыз **прозасында** кийинки мезгилге чейин алгачкы тарыхый жанрдагы чыгарма М.Элебаевдин "Узак жол" (1936)[1] автобиографиялык романы эсептелинип жүргөн. Анткени жазуучунун жеке өмүр-таржымалы кыргыз элинин улуттук тагдырындагы трагедиялуу бир тарыхый доор – 1916-жылдагы үркүн окуясынын контекстинде каралган эле. Улуттун тагдырындагы трагедия бир үй-бүлөнүн тагдыры аркылуу сүрөттөлүп, ошол мезгилдеги кыргыз элинин коомдук-социалдык, экономикалык абалы бир топ реалдуу чагылдырылган. Бирок бул чыгармага арналган илимий макалаларда тарыхый теманын көркөм иштелүү проблемасы эмес, анын жанры талашка түшүп, окумуштуулардын көңүлү "Узак жолду" адабий тектин кайсы түрүнө ыйгаруу маселесине бурулган. Кыргыз адабият таануу илиминин калыптанышына чоң салым кошкон окумуштуулардын бири К.Асаналиев "Узак жол" М.Горькийдин автобиографиялык чыгармаларынын таасиринде жазылган **повесть** (астын сызган – К.Ү) экендигин белгилеп келип: "М.Элебаев 30 – жылдардагы жалпы кыргыз прозасынын төмөнкү деңгээли жана тажрыйбасыздыктан улам өзүндөгү чоң талант көрөңгөсүн толук пайдалана албай **натуралисттик** сүрөттөөлөргө берилип"[2] кеткендигине токтолгон. Ал эми А.Эркебаев "Узак жолдо" "... адам жана коомдун өз ара карым-катышы, кейипкер менен социалдык чөйрөнүн мамилелери түзгөн типтүү **романдык проблематика же романдык кырдаал** жатат" деген аргументи менен "М.Элебаев адамды аңдап-билүүнүн бийик сересине" жетпесе да, монологдук роман жараткандыгын белгилеген[3]. Ошентип, 30 – жылдары тарыхый темада жазылган романдардын бири саясий куугунтукка кабылып, экинчисинин узак убакытка чейин жанры такталган эмес. Ал эми 30

---

[1]караңыз: Эркебаев А. «Киргизский роман: (истоки, пути, становления поэтика и типология): - Дис. ...д-ра. филол. наук: 10.01.02; 10.01.01. - Б., 1991. – 414 с.

[2] Асаналиев К. Движение во времени. – Ф.:Кыргызстан, 1978. - 152-б.

[3] Эркебаев А. Дагы бир жолу "Узак жол" жөнүндө //Ала Тоо, 1990, №12. – 131-132-бб.

– жылдардын аягында жазылып, кээде тарыхый жанрга кошула калчу К.Жантөшевдин "Каныбек" романы "...кыргыз адабиятында социалдык теманы козгогон приключениялуу жанрга негиз салды"[1]. Демек, *30-40-жылдары тарыхый темада жазылган романдарга таандык баяндоонун натуралисттик мүнөзгө ээ болушу жана монотондуулук, тарыхый инсандардын "...тарыхый доордо калыптануу"[2] деңгээлине жетпей калышы, чыгарманын сюжетин түзгөн "өткөн окуяны биздин күндөргө жалгап туруучу, көзгө көрүнбөгөн жандуу жиптердин"[3] жоктугу* ***алгачкы мезгилге тиешелүү т****иптүү көрүнүштөр эсептөөгө болот.*

XX кылымдын 60 – жылдары жалпы мурунку союздук масштабда "социалисттик реализм методуна" ылайык "эмгек каарманын даңктоо", "революция" темасынын иштелиши, сөзсүз, кыргыз прозасына да таасирин тийгизген. Ушул багытта бир нече жазуучу тарыхый инсанды негизги каарман кылып роман жазууга киришкен. К.Баялиновдун "Боордоштор" (1962, 1967), Сыдыкбековдун "Зайыптар" романы (1966) каарманы – Зууракан Кайназарова, С.Өмүрбаевдин "Телегей" (1965) каарманы – Телегей Сагымбаева (экөө тең Социалисттик Эмгектин Баатыры), Н.Байтемировдун "Тарых эстелиги" (1966) каарманы – Уркуя Салиева ж.б. аттуу чыгармалар басмадан чыгат. Аталган чыгармалардын тематикалык-идеялык биримдиги 60 – жылдарды кыргыз прозасында тарыхый темага болгон кызыгуунун **экинчи этабы** катары эсептөөгө мүмкүндүк берет. Бул чыгармалар өз убагында бир топ окумдуу келип, проза жанрына жаңылык алып келгендей сезилгени менен мезгилдин сыноосуна туруштук бере алган жок. Адабият таанууда биринчи эки чыгарманы тарыхый жанрга кошууга да эч ким батынган эмес. Болгону "Зайыптарда" "бир типтүү окуялардын кайталанышы, ашыкча эпизоддор менен көлөмдүүлүк"[4], "Телегейде" "каармандын образы түзүүдөгү бир жактуулук"[5] (кемчиликсиз) аталган романдардын кемчилиги катары көрсөтүлгөн.

---

[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Ф.:Илим, 1987. – 183-б.
[2] Толстой А. Собр. Соч. в 10-и томах. – М., 1961. т.1. – С.240.
[3] Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба народов, 1981, № 3. – С.231.
[4] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Ф.:Илим, 1987. – 573-б.
[5] Артыкбаев К.XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б.:ТАС, 2004. – 297-б.

Чындыгында бул чыгармаларда тарыхый инсандын образынын иштелиши да, анын мезгили да тарыхый жанрдын талабына жооп бере албайт эле. Бул мезгилдеги чыгармалардын ичинен "тарыхый-революциялык" темада жазылган чыгарма бар экендигин далилдөө үчүн К.Баялиновдун "Боордоштор" романын адабиятчы-сынчылар туш тарабынан караганы менен тарыхый жанрды алга сүрөгөн эстетикалык табылгалар жаралган жок. "Ажар" повести менен кыргыз реалисттик прозага чыйыр салган жазуучулардын бири бааланган К.Баялиновдун бул чыгармасында "көп каармандуу, көп окуялуу, көп тармактуу сюжетке негизделгени, ...кыргыз элинин өткөндөгү турмушун көркөм чагылдыруу максатын көздөгөнү, ...автордун "Боордоштор" романында өзүнүн стилдик диапазонун кеңитүүгө жасаган аракети"[1] жөнүндөгү сөздөр аягы келип, тарыхый жанрдын табиятын ачып бере алган жок. Болгону ал "жанрдык умтулуштары бар" (К.Асаналиев), "тарыхый материалдардын көптүгү анын көркөм интерпретациясынан оор болуп калганы" (К.Артыкбаев) менен бааланды. Негизгиси эки китептен туруп, автордун бир топ түйшүктүү эмгегин талап кылган "Боордоштор" окурмандардын бүйүрүн кызытып, аларга эстетикалык ырахат тартуулай албаганы сезилип турат. Чыгармага тарыхый инсандар: Рудольф (20 – жылдары Россияга, Орто Азияга келген Рудольф Маречектин прототиби), аны менен Одесса түрмөсүндө таанышкан кыргыз Мамбет Сүйүмбаев, Кытайга качкан кыргыздарды өз жерине кайтарууга аракет кылган Амандык Канаев, полководец М.В.Фрунзе, чех элинин улуттук баатыры Ю.Фучиктер негизги каарман болуп катышканы да жанрдык эстетикалык жана теориялык проблемаларын чече алган эмес. Окуганга супсак келип, анда окурманды ойго салган, анын делебесин козгоп, рухуна канат байлаган касиет көрүнө бербеди. Ошентсе да, адабий сын "Боордоштор" романында: "Каармандын өмүр жолу Чехиянын кыштактарынын биринде башталып, андан ары батыш Европанын чоң шаарлары Венада, Прагада, кийинчерээк Одессада, Кавказда, Россияда өтүшү, ...Орто Азияга келип, Ташкентте, Верныйда, Ысык-

[1] Асаналиев К. Кыргыз романы. Жанрдык чектер. /К-те:Тандалмалар. – Ф.:Кыргызстан, 1983. – 131-б.

Көл тегерегинде, Турпанда, Ак-Сууда болгон тарыхый окуяга катышуусу – сюжеттин саякат принцибинде курулушу, каармандын бир нече мамлекетте болуп, ...ар түрдүү элдин салт санаасы менен таанышып, алардын жаңы тарыхый бурулуштарды кабыл алуусуна күбө болушун"[1] ...кыргыз романында **мейкиндик** менен **мезгилдин** (астын сызган –К.Ү) мурункудан кеңири каралышы" деп баалады.

Ал эми "Тарых эстелиги" тарыхый жанрдагы роман эсептелинип, адабий талдоолордо бир топ убакытка чейин кеп кылууга арзыды. Совет бийлигин орнотууда жаңы коомдук мамилелердин пайда болушундагы психологиялык карама-каршылыкты автор бир топ ишенимдүү чагылдырганын, доордун үнү, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү элестүү сүрөттөлгөнүнө изилдөөчүлөр (К.Асаналиев, К.Артыкбаев, Л.Үкүбаева, С.Искендерова ж.б.) баа беришет. Жазуучу тарыхый чыгармаларга таандык өзгөчөлүктөрдүн бири – жергиликтүү элдин жана доордун **тил өзгөчөлүктөрүн** бере билүүсү жанрды өздөштүрүүдөгү жакшы көрүнүш эле. Чыгарманын окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынышына окуянын документалдык[2] негизи, жазуучунун архивдик материалдар менен иштеши, ошондой эле окуя менен автордун мезгил аралыгы анчалык алыс болбогондуктан, негизги каарман – Уркуя жашаган аймакка барып жазуучунун эл ичинде тарыхый инсан жөнүндөгү жандуу пикир, аңыз кептерди жыйнашы себеп болгон. Автор "...жергиликтүү элдин турмуш шартын, тил өзгөчөлүгүн, сүйлөө манерасын"[3] жакшы чагылдыргандыгы жазуучунун тарыхый жанрдагы ийгилиги катары бааланган. Ошол эле учурда чыгармадагы кемчиликтер: "авторго башынан эле мүнөздүү майдалап кетүү, орунсуз, ашыкча сөз, сүйлөмдөргө жол берүү , бийик романтика, жалган пафоско берилүү",[4] "...каармандын бийик патетика менен шөкөттөө, ...Уркуянын жеке турмушун эмес, анын коомдук тагдырын

---

[1] К.Асаналиевдин аталган эмгегинде, - 132-б.
[2] Кызыл Кыргызстан гезитинде (1934-ж, 17-Февраль) Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү Уркуя Салиеванын өлүмүнө байланыштуу некролог жана анын күйөөсү менен бирге тап душмандары тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлгөндүгү жөнүндө материал бар:Уркуяны кимдер өлтүргөн? (архивдик материалдарды даярдагандар:Г.Алыбаева, Ж.Токоноева) // Кутбилим, 1999, № 4, 6-февраль.
[3] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Ф.:Илим, 1987. – 577-б.
[4] Ошондо.

сүрөттөөнү биринчи планга чыгаруу, ...мурдатан келаткан душманды сөзсүз кенкелес, макоо чалыш, коркок кылып сүрөттөө инерциясын жеңе албай жаткандыгы, ...романдагы реализм тар чөйрөдө, чектелген алкакта калып, кеңири эстетикалык диапазондо өнүгө албай жатканы”[1] тарыхый жанрды өздөштүрүүдөгү проблемалар экендиги да адабий сында туура белгиленген. “Тарых эстелиги” 60 – жылдары **роман** жанры кыргыз прозасында өздөштүрүлө баштаган адабий этапта тарыхый темада жазылган чыгарма катары жеке ийгилиги жана кемчилиги менен романисттерге: тарыхый романга негиз болгон тарыхый мезгилдин автордук мезгил көз карашынан кайра көркөм жаратууга муктаждыгы, каармандын коомдук тагдыры эле эмес, жеке тагдырын терең көркөм-аңдоо сыяктуу маселерди эскерткен эле.

60 – жылдары көркөмдүк-эстетикалык наркы тарыхый темадагы башка чыгармаларга окшобогон, өзүнүн башка үнү, көркөм-эстетикалык жаңы сапаты менен келген чыгарма Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” (1966, биринчи китеби, 1971, экинчи китеби) романы болду. **Улуттук тарыхты** көркөм аңдап-таануу проблемасы “социалисттик реализмдин” чегине сыйбаган пафос менен (улуттун рухий баалуулуктары социализмге чейин эле болгондугун, Россиянын курамына майда улуттар өз эрки менен кошулбагандыгын) жаңы эстетикалык табылгага ээ болду. Чыгарманын биринчи китеби жарыкка чыгары айтылган оң пикирлер экинчи китебинен кийин да улантылып, адабиятчы-сынчылар (К.Матиев, Х.Бапаев, Ш.Үмөталиев, О.Сооронов, Т.Аскаров), окумуштуу филолог, тарыхчылар (К.Сартбаев, К.Үсөнбаев, К.Рысалиев, Т.Чотбаева, Ж.Шериев, Ж.Мукамбаев, М.Түлөкабылов, Ж.Мамытов), жазуучулар (С.Шатманов, С.Өмүрбаев, О.Айтымбетов) романды жогору баалашкан.[2] “Сынган кылыч” буга чейин улуттук адабий процессте жаңы көркөм-эстетикалык кубулуш эсептелинип, республикалык басылмаларда эле эмес, 1973-жылы Л.Лебедева тарабынан орус тилине которулгандан кийин,

[1] Асаналиев К. Кыргыз романы. Көркөмдүк критерийлер //Ала Тоо, 1973, №3. – 155-156-б.
[2] караңыз: Рухту көтөргөн улуу сөз: Адабий сын, пикир, илимий макалалар жыйнагы / Түз. К.Даутов. – Б.:Шам, 2000.

“борбордук” абройлуу басылмаларда (В.Оскоцкий, С.Плеханов, В.Щербина) олуттуу сөз кылууга арзыган.

Белгилүү адабиятчы окумуштуу З.С.Кедрინанын бул романды М.Ауэзовдун “Абай жолу”, В.Яндын “Чынгызхан”, С.Бородиндин “Самаркан жылдыздарына”[1] салыштыруусу, албетте, кыргыз адабиятында тарыхый жанрдын **жаңы сапаттык деңгээлин**, анын өнүгүү эволюциясындагы **үчүнчү этапты** аныктаган.

Кызыгы, ушул мезгилде өзүбүздүн адабият таануучуларыбыз арасында биринчилерден болуп К.Бобулов “Дружба народов” журналында жарыяланган макаласында Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романында “тарыхый баяндоо үчүн зарыл болгон татаал окуялардын көптөгөн жибин автордун колунда кармап туруу” чеберчилиги жанрга таандык өзгөчөлүктөрдүн өздөштүрүлүшү катары белгилеп, аталган чыгармаларга жогору баа берсе,[2] андан көп узабай М.Борбугулов “Вопросы литературы” журналы тарабынан уюштурулган жаңы жазма адабияттагы роман маселесине арналган “тегерек столдогу” талкууга катышып, “ ...роман кыргыз адабияты үчүн али көнбөгөн, өзүнүн салтына ээ боло элек жанр” деген ойду айткан. Ал эми Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романын (өзүнүн 1967-жылы чыгарманын талкуусундагы оң көз карашын өзгөртүп) “...тарыхый фактыларды чыгармачылык менен иштебеген, алар бүгүнкү күндүн социалдык жана эстетикалык тажрыйбасына туура келбеген”, “...адамдардын аң-сезиминдеги эски психологияны ойготуу мүмкүндүгү бар чыгарма” эсептеп, ага теңирден тескери баа берген[3].

Ошондон баштап “Сынган кылыч” улам бир форумда талкууга алынып, ар кандай ыңгайлуу учурда саясий айып тагуунун негизинде идеологиялык куугунтукка кабылган. 1971-жылы тарыхый романдарды талкууга алган партиялык пленумдан кийин, “Сынган кылычка” болгон мамиле такыр өзгөрүлүп, мурда оң пикир айткан эле сынчылар (К.Матиев, Х.Бапаев,

---

[1] Кедрина З.С. Глубинные корни братсва // Дружба Народов, 1975, №10, - 261-265-б.
[2] Бобулов К. Новая ступень:киргизская проза сегодня // Дружба народов, 1968, №9, 257-258-бб.
[3] Борбугулов М. Цель – художественное исследование действительности // Вопросы литературы, 1971, №9.

Т.Аскаров ж.б.) кайрадан романды каралоого өтүшкөн. Буга сынчы К.Даутовдун : “Арадан он жылдай убакыт өтүп, роман көп тилдерге таралып калган маалда экинчи жолу эң күчтүү, эң эле коркунучтуу чабуулду брежневдик сенек доор эркиндигин алган республиканын “журт атасы” Т.Усубалиев өзү баштап чыкты. Пикири менен Москва да эсептешкен аты зор адам Пленумда сындагандан кийин (1983) “Сынган кылычка” Кыргызстанда төрт тарабын кыбыла кылып турчу ачык жолдор жабылып ташталды”[1] – деген пикири күбө. 1983-жылы КПСС БКнын июнь Пленумунан кийин “Сынган кылычка” экинчи жолу саясий сокку урулуп, “идеологдор” 1984-жылы деле: “Адабият менен турмуш көрүнүштөрүнө таптык принциптен, тарыхый жана интернационалдык критерийлерден баа бере албастык улуттук көркөм сөз өнөрүбүздөгү сейрек учуроочу, бирок орчундуу кемчиликтер” – баалап, андай “кемчиликтер” Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романы менен бирге, ал мезгилде жанрдык жактан тарыхый чыгарма катары таанылбаса да, идеялык проблематикасында **тарыхый чындык** (астын сызган – К.Ү.) жаткандыктан, тоталитордук идеологияга каршы айтылган каяша ...К.Акматовдун “Мезгил” романынан орун алганы “саясий көрөгөчтөрдүн” көзүнө илинген.

Көрсө, тарых дал ушундай идеологиянын куралына айланган учурда адамзаттык көркөм ойлоо чындыкты айтуунун “көмүскө” мүмкүнчүлүктөрү аркылуу (реализм менен романтизмдин синтезинен) тарыхый темадагы чыгарманын өзгөчө жанрдык модификациясын жаратат экен. Бул боюнча кийинки мезгилдеги изилдөөлөргө көңүл бөлөлү: “...автор ...создает вымышленний мир, опираясь на реальные исторические свидетельства. ...Здесь действительно видится некое отличие от романтизма: ностальгия по утраченной гармонии или поиск ее прошлом, которое однозначно лучше, чище, живее, искреннее настоящего, сосуществует в историческом романе наряду с кропотливым исследованием быта и нравов предков, нации, страны, реалистическим описанием”[2].

---

[1] Даутов К. Мезгил сыны жана мен: Тандалмалар. – Б.:Бийиктик, 2004. – 311-б.
[2] Райнеке Ю.С. Исторический роман постмодернизма и традиции жанра (Великобритания, Германия, Австрия): Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.03. – Москва, 2002. – С. 27.

СССР Жазуучулар союзунун башкармасынын секретариатында Кыргызстандын жазуучулар уюмунун иши каралган учурда да “Сынган кылычтагы” “идеялык-көркөмдүк мүчүлүштүктөрдү” башкалар эмес, кыргыздар өздөрү белгилешкен[1].

Кыргыз адабият таануучулары романдагы “саясий катаны” издөө менен алек болуп жатканда, аны белгилүү роман теоретиги В.Оскоцкий “Роман жана тарых” аттуу фундаменталдуу эмгегинде талдоого алып, Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы чыгармачылык табылгалары жаңы романдык баяндоого **жол ачкан жаңычылдык** (новаторство) деп бааланган[2].

Биздин улуттук адабий процессте “Сынган кылычтын” чыныгы нарк-насилин баалоо тенденциясы 80 – жылдардын орто ченинен башталат. 1985-жылы А.Эркебаевдин “Дружба народов” журналына чыккан “Романдын кези келдиби?” аттуу макаласында тарыхый жанрды талдоо максаты болбосо да, жалпы романдарды талдоо контекстинде “Сынган кылыч” романын кыргыз романистикасындагы зор ийгилик катары баалаган. Өзүнө чейинки айрым кыргыз адабиятчы-сынчыларынын ага жасаган субъективдүү мамилесин “ойлордун инерциясы”[3] экендигин аргумент кылып, алар чыгарманын маанисин төмөндөтүп жаткандыгын белгилеген. Ушул эле жылы Москвадан чыккан “Советский многонациональный роман” аталган макалалар жыйнагында К.Даутов менен А.Эркебаев “Сынган кылычты” – кыргыз адабиятындагы **биринчи көп пландуу тарыхый роман**” катары улуттук адабиятта эле эмес, көп улуттуу роман искусствосундагы **өзгөчө ачылыш** деп баалашты[4].

“Сынган кылыч” романы боюнча жазылган илимий эмгектердин ичинен К.Даутовдун “Тарыхый романдын тагдыры” аттуу макалалар топтому өзгөчөлөнүп турат. Адегенде “Терендиктер жана бийиктиктер” (1991), андан кийин “Мезгил сыны жана мен” тандалмалар (2004) жыйнагына кирген бул

---

[1] Турмуш чындыгын ырастайлы // Кыргызстан маданияты, 1984, № 23 (906), 7-июнь.
[2] Оскоцкий В. Роман и история: Традиции и новаторство советского исторического романа. – М.:Художественная литература, 1980. – С. 253.
[3] Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба Народов , 1985, №1. – С. 219.
[4] Советский многонациональный роман. – М., 1985. – С.179.

макаласында сынчы "Сынган кылычка" жасалган субъективдүү мамиленин "төркүнү" кайда жаткандыгын ачык айтып, чыгармага жазылган бардык пикир, рецензия, сындарды белгилүү өлчөмдө жалпылаган. Тарыхый романдын жаралышын кокустук эмес, адабий тажрыйба жана **улуттук аң-сезимдин жетилүүсүнөн жаралган мыйзам-ченемдүү көркөм-эстетикалык туунду** катары баалап, тарыхый жанрга таандык **"историзм**" принцибинин жазуучу тарабынан чебер өздөштүрүлүшү, **адамга жасаган жаңы мамиле, эл массасынын коомдогу орду, тарых чындыгы менен ойдон жаратуунун синтези**[1] романдын этаптуу чыгарма болушун камсыз кылгандыгы талдоого алынган. Романдын кайталангыс образдар системасы чыгарманын ийгилиги катары жогору бааланып, бир нече каармандын образын терең анализге алган. "Сынган кылыч" 70 –жылдардагы өзүнүн көркөм-эстетикалык баалуулугу менен тарыхый жанрда жазылган этаптуу чыгарма катары адабий сындын да деңгээлине таасирин тийгизгени К.Даутовдун "Тарыхый чыгарманын тагдыры" макаласында ачык көрүндү.

Кыргыз прозасынын тарыхында 80 – жылдарды роман жанрынын доору дегенге негиз бар. А.Эркебаевдин сөзү менен айтканда, 30-50 – жылдары кыргыз адабиятында роман жанрында жазылган чыгармалардын саны онго жетпесе, 60 - 85 – жылдарда элүүдөн ашык роман жазылган[2]. Айрыкча 80 – жылдар роман жанрынын өнүгүү эле эмес, бул мезгил кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу тарыхый темага кызыгуунун да мезгили болуп эсептелет. Ө.Даникеевдин "Көз ирмемдеги өмүр" (1981), Ш.Бейшеналиедин "Болот калем" (1981,1983), С.Өмүрбаевдин "Өзгөргөн өрөөн" (1982), К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы"[3] (1982), "Ыйык жер"(1985), Т.Касымбековдун "Келкел" (1986), Э.Медербековдун "Кызыл жалын" (1987), Т.Сыдыкбековдун "Жол" (1982), "Көк асаба" (1989) романдары бири-бирине

---

[1] Даутов К. Тарыхый романдын тагдыры. / К-те:Мезгил сыны жана мен:Тандалмалар – Б.:Бийиктик, 2004. – 310-399-бб.
[2] Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба Народов , 1985, №1. – С.219.
[3] бул чыгарма адегенде "Көчмөндөр кагылышы", "Ыйык жер" деген эки китептен туруп, кийин автордун оңдоо, түзөтүүлөрү менен чыккан вариантында биринчи китеп – "Муң", экинчи китеп – "Карыя" аталып, экөө биригип "Көчмөндөр кагылышы"деген ат менен басмадан чыкты. Биз чыгарманын акыркы аталышын колдонобуз.

удаалаш бир мезгилде жаралды. Аталган чыгармалардын көпчүлүгү кыргыздын улуттук тарыхын же элдик тарыхый инсандардын өмүр таржымалын көркөм кайра жаратууга багытталган. Тарыхый темага болгон мамиле 60 – жылдарга салыштырганда бир топ алдыга жылып, романдагы мезгил жана мейкиндиктин масштабы кеңейген. Тарыхый инсандын тагдырын улуттун коомдук өнүгүүсүндөгү тарыхый доордун социалдык проблемалары менен байланышта көркөм иликтөө тенденциясы башталган. 80 – жылдар кыргыз прозасында тарыхый теманын иштелишинде узак жылдар калыптанып калган "...көндүм, бир беткей пикирлерге каршы турууга"[1] **улуттук көркөм аң-сезимдин ойгонушун** камтыгандыгы менен баалуу**.** Бирок мындай "каршы туруу" бардык чыгармаларга мүнөздүү эмес эле.

Аталган чыгармалардын ичинен бир топ кызуу талкууга алынып, карама-каршылыктуу пикир жараткан Ш.Бейшеналиевдин "Болот калем" романы болду. Чыгарма кыргыз прозасында К.Каимовдун "Атай" (1961), К.Өгөбаевдин "Ак таңдай" романдарынан кийин улуттук чыгармачыл тарыхый инсандын өмүр таржымалын көркөм интерпретациялоону максат кылган тарыхый өмүрбаян романы эле. А.Эркебаев 80 – жылдардагы жалпы романдарды талдаган макаласында "Болот калемдин" жакшы жагы катары романдын фактылык негизи, тарыхый инсандардын ( манасчылар - Музооке, Тыныбек, Сагымбай, куудул Куйручук) менен Тоголок Молдонун байланыштары ишенимдүү сүрөттөлгөнүн, анын элпек тил менен жазылгандыгын белгилеп, бирок автор негизги каарманды (Тоголок Молдону) өтө идеализациялап (сынчы "Дружба народовго" чыккан макаласында автордун Тоголок Молдону чексиз энциклопедиялык билимдин ээси кылгандыгы турмуш чындыгына туура келбестиги менен дагы тереңдетет) жибергендиктен, тарыхый инсандын образындагы жасалмалуулукту сынга алган[2]. Сынчылардын ичинен К.Асаналиев бул чыгарманы кеңири талдоого алган. Анын "Кыргыз романы: Кербен жол жана туюктар" аттуу макалалар топтомунун үчүнчүсү толук

---

[1] Эркебаев А. Кыргыз прозасынын контрасттары. – Ф.:Кыргызстан, 1983. – 92-б.
[2] Эркебаев А. Кыргыз прозасынын контрасттары. – Ф:Кыргызстан, 1983. – 88-89-бб.

бойдон “Болот калемге” арналат. Аталган эки сынчынын тең чыгарма жөнүндөгү ойлору бир маселеде - тарыхый инсандын образындагы жасалмалуулукту сынга алууда бири-бирине төп келет. Экинчиси, чыгарманын көлөмүнө мазмуну жооп бербей калгандыгын (анын 55 басма табак экендигин баса белгилеп), романдын биринчи китебинде майда нерселерге көп орун берилип, сүрөттөөлөрдү ашыкча көп сөздүүлүк ээлеп, ал эми экинчи китеби “олуп-чолуп айтылган хроникалардын, көркөм чыгармаларга берилген комментарийлердин (ортозар адабий изилдөөлөрдү тууураган), документалдык тиркемелердин натыйжасы”[1] экендигин аргумент кылуу менен роман тарыхый жанрдын талабына жооп бербейт деген ойду ачык айткан. Ошол эле учурда бул эки сынчынын көз карашына такыр туура келбеген жеке пикирин сынчы К.Матиев билдирип, “Болот калемди” дүйнөгө атагы чыккан тарыхый романдарга (“Петр I”, “Абай жолу”) теңеген.

80 – жылдары жазылган тарыхый темадагы чыгармалардын ичинен окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган роман К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” болду. Башка чыгармаларга караганда адабий коомчулуктун көңүлүн өзүнө көбүрөөк бургандыгына мезгилдик басма сөздөрдөгү оң, терс пикирлер күбө. Дегеле кыргыз прозасында тарыхый жанрдагы чыгарманын тагдыры татаал экендигин “Кандуу жылдар” менен “Сынган кылычтан” байкап калгандыктанбы, айтор, автор романдын кол жазмасы бүткөндөн кийин адегенде аны көрүнүктүү адабиятчыларга берип, кеңеш сураган экен. Алгач кол жазманы “тикенектей сынчы К.Асаналиевге берип”, анын “сегиз жарым айдан кийинки” кеп-кеңешинен кийин кайра оңдоп, үч нускадагы кол жазманын бир вариантын – Чыңгыз Айтматовго, экинчисин – Т.Касымбековго, үчүнчүсүн – “Ала Тоого” берип[2], андан соң басмадан чыккан “Көчмөндөр кагылышына” кийин да айтылчу пикирлер көп болду. Ушул эле тарыхый мезгил Э.Медербековдун “Кызыл жалын” (1987) романынын да сюжеттик окуяларынын бирин түзөт. Бирок, сүйлөмдөрү

[1] Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.:Кыргызстан, 1988. – 127-б.
[2] Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышынын жазылыш тарыхынан // Жаштык жарчысы, 1991, 16-май. – 3-б.

сабаттуу курулганы менен "ойдон чыгарылган сюжет жарата албаган (Д.В.Оскоцкий) бул чыгарма тарыхый жанрдын деңгээлине, ал эмес романдык формага ээ боло албады. Анын кол жазмасына берилген кемчиликтерден автор кийин деле кутула албаган соң, "...зор тема, зор тарыхый аралык, ...тарыхта белгилүү тарыхый инсандар ...**и н ф о р м а ц и я** формасында"[1] калгандыктан, бул чыгарма жөнүндө кеп болбой калды.

Ал эми "Кызыл жалындан" айырмаланып, доордун жүзүн образдуу берүүгө жетишкендиги менен "Көчмөндөр кагылышы" адабиятчылардын назарына илинип, илимий макалаларда, "Кыргыз адабиятынын тарыхтарында"[2] роман тууралуу айтылчу кеп жетиштүү болду. "К.Осмоналиевдин романында кыргыз, казак элинин көчмөн турмуштагы жашоо образы, анын сырткы атрибуттарынын берилиши, этнографиялык өзгөчөлүгү, кагылыштар сценасы таамай жана элестүү сүрөттөлгөн. Айрым бай, манаптардын образы көркөм чыккан. Автордун жана анын каармандарынын тили бай, ийкемдүү. Бирок чыгармада биринчи планга феодалдык уруу өкүлдөрүнүн турмушу менен ишмердүүлүгү чыгып, ...жөнөкөй элдин турмушу, кайгы, үмүт-тилеги жакшы чагылбай калганында"[3]. Анткени менен тарыхый романдын башка романдардан айырмаланган олуттуу өзгөчөлүгү - "өз ара чырмалышкан, чиеленген адам тагдырлары аркылуу эл тагдырын"[4] сүрөттөп берүү милдети "Көчмөндөр кагылышында бир топ ийгиликтүү ишке ашкан.

Ал эми С.Тиллебаевдин "Тарых так мамилеге муктаж" аттуу макаласында документалдуу материалдардын автор тарабынан чыгармачылык менен кайра иштелбей, "көчүрүлгөндүгү"[5] жөнүндөгү маселе да тарыхый жанрга таандык татаал проблемалардан болуп эсептелет. Бул чыгарма боюнча адабиятчы Ү.Касыбеков бир нече макала жазып, романды бир топ концептуалдуу талдоого алган. Экилтиктин көркөм-эстетикалык өбөлгөсүн түзгөн фольклордун

---

[1] караңыз: Эсенбек Медербековдун "Кызыл жалын" аттуу романынын кол жазмасына пикир. / К-те: Түркүн дүйнө элестеринен. – Б., 2005. – 2007-218-бб.
[2] Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба Народов , 1985, №1; Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы : Окуу китеби. – Б.:ТАС, 2004. – 301-б.
[3] Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба Народов , 1985, №1. – С. 220.
[4] Суровцев Ю. Люди и время // Новый мир, 1984. – С. 232.
[5] Тиллебаев С. Тарых так мамилеге муктаж // Кыргызстан маданияты, 1987, 9-июль, №28.

чыгарманын жалпы структурасындагы функциясы, элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттын карым-катышы көз карашынан окумуштуунун аргументтеринин көпчүлүгү менен макул болууга туура келет. Романдын генетикалык булактарын түзгөн элдик оозеки чыгармачылыктын жанрлары: уламыш, легенда, тарыхый аңгемелерди пайдалануу анын композициясында ширелишкен бүтүндүктү түзө албагандыгы, автордун фольклордун таасиринен серпиле жогору көтөрүлбөй, буга чейинки канондордун алкагында калгандыгы туура көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда Ү. Касыбековдун чыгармада "...автордук адабий баянга караганда фольклордук аңгемечинин баяндоо манерасы, салты сюжеттин негизги кыймылдаткыч күчү болуп катышары бир жагынан чыгармадагы фольклордуулукту (фольклоризм) көрсөтүп турса, экинчи жагынан, кыйыр түрдө чыгарманын композициялык сюжеттик түзүлүшү ич ара биримдикке эгедер эместиги"[1] жөнүндөгү көз карашына толук кошулууга болбойт. Биздин пикирибизде, "Көчмөндөр кагылышы" такыр эле ич ара бирикпеген, чар-жайыт окуялардын жыйындысы эмес, анын эки китебинин ортосунда бирин-бири улаган логика бар. Чыгарманын жанрын өксүтүп турган нерсе, фольклордук жанрдык системанын системасыз, ашкере, бүкүлү пайдаланылышы менен түшүндүрүлүүгө тийиш.

80 – жылдарда жазылганына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин жанрдык ажаты ачылбай келаткан чыгармаларды бири – Ө.Даникеевдин "Көз ирмемдеги өмүр" аттуу романы. XIX кылымдагы кыргыз элинин коомдук-социалдык абалын көркөм сүрөттөгөн бул чыгарма сынчы-адабиятчылардын макалаларында тарыхый чыгармалардын эле тизмесинде жүрөт. Жазуучунун чыгармачылыгына арналган изилдөөдө "...окуялар социалдык негизде сүрөттөлүп жаткандыгы менен анда башкы орунда тарыхтын өзү, бир элдин башынан өткөргөн тарыхый жолу турат"[2] – деп, бул чыгарманы тарыхый жанрга кошкон. Анткени менен жалаң тарыхый окуя жанрдын бардык проблемасын чече албайт эмеспи. Ошол тарыхый окуяга болгон автордун

---

[1] Касыбеков Ү. Фольклорго жаңыча мамиле же көркөм ойлоодогу көнүмүштөр //Ала Тоо, 1990, №1. – 158-б.
[2] Егимбаева С. Ө. Даникеевдин чыгармачылык эволюциясы. – Б.:Бийиктик, 2001. – 64-б.

субъективдүү мамилеси жөнүндө жаш изилдөөчү жакшы эле ой учугун чубап, бирок аны аягына чыкпай калгандай сезилет.

К.Асаналиевдин аныктамасы боюнча: “Ал окуясы тарыхый фондо өнүккөн социалдык роман”[1]. А.Эркебаев “Көз ирмемдеги өмүрдү” тарыхый жанрдагы романдар тобуна кошуп, анда карапайым калк тарыхтын кыймылдаткыч күчү деңгээлине көрсөтүлбөсө да, эл массасы активдүү сүрөттөлгөндүгү чыгарманын ийгилиги катары баалайт. “Тилекке каршы, ...Ө.Даникеевдин бир каарманы - , деп жазган кийинки макаласында А.Эркебаев - , “коом”, “коомдук түзүлүш”, “тап” деген сөздөрдү сүйлөйт. Бул сөздөрдү башка бирөө эмес, байдын тууганы сүйлөйт. Ал уруулук-патриархалдык мамилени айыптап, эмгекчилердин улуттук гана эмес, интернационалдык биримдиги үчүн күрөшөт”[2]. Чыгармадан орун алган мындай кемчиликти сынчы XIX кылымдын тарых чындыгына туура келбеген “мезгилден озуу” көрүнүшү менен түшүндүргөн. Тарыхый жанр үчүн бул принципиалдуу маселе. Тарыхый романист үчүн чыгарманын сюжетине негиз болгон тарыхый доордун өз духун сактоо зарыл.

Ушундай эле жанры бүгүнкү күнгө чейин аныкталбай келаткан чыгармалардын бири - Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романы эсептелет. Автор өзү чыгармага “тарыхый роман” деген статус берген. Китептин өзүндө кошо басылган “Басмадан” рецензиясы: “…рецензенттер реалисттик тарыхый роман жалаң гана атрибуттардан жаралбастан, баарыдан мурда ага тарыхый дух, тарыхый атмосфера зарыл экендигин эске алып, жазуучунун тарыхый роман деген аныктамасына кошула бербейт. Ал баарыдан мурда **тарыхый дастанга** (астын сызган - К.Ү.) жакыныраак”[3] – дегени менен анын жанры так аныкталган эмес. Албетте, кеп кезеги келгенде “Көк асаба” тарыхый романдардын эле тизмесинде болду. Жанрына келгенде түрдүү болжолдор айтылганы менен эч бир илимий эмгекте теориялык жактан негизделген жок. К.Артыкбаев чыгармада элдин башынан өткөн так тарыхый

---

[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Ф.:Илим, 1987. 1- т., - 572 -б.
[2] Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба народов , 1985, №1. – С.220.
[3] Сыдыкбеков Т. “Көк асаба”. – Ф., 1989. – 460-б.

мезгилдин жоктугу, романдын каармандары турмушта жашаган тарыхый инсандар эмес экендигин эске алып, романдын жанрын мындайча болжолдойт: “Көк асабаны” сөздүн толук маанисиндеги тарыхый роман деп атоо анча так болмок эмес, анын ордуна тарыхый мүнөздөгү чыгарма десек чындыкка бир аз жакыныраак болчудай”[1] (“тарыхый мүнөздөгү чыгарма” деген жанр жок эмеспи).

Адабиятчылардын ичинен “Көк асаба” жөнүндө айтылган кийинки пикирде[2] деле анын жанры такталган жок. А. Мусаев жазуучунун жалпы чыгармачылыгына арналган “Түгөлбай Сыдыкбеков: адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр” (2002) аттуу эмгегинде (3-бөлүм, 2-глава) “Көк асабанын” сюжети, автордун тарыхый материалды пайдаланышы, каармандардын образы жөнүндө сөз болгону менен романдын жанрдык табияты жакшы аныкталган эмес (изилдөөчү андай максат койгобогон). Автор “тарыхый роман” деген терминди да колдонуудан оолактаган.

Бир кылымга жакын убакыт элдин өз тарыхына, тамырына кайрылуусу улутчулдук катары бааланып, ага арналган тарыхый чыгармалардын идеологиялык куугунтукка алынышын “кекчил” мезгил унутмак эмес. Элдин улуттук аң-сезиминдеги боштукту толтуруу зарылдыгын кыргыз интеллигенциясы 70 – жылдардан (көркөм адабиятта жаралган Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба”, Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн”, К.Акматовдун “Мезгил” романдары кызмат өтөйт) баштап сезе баштаса да, аны иш жүзүнө ашыруунун мүмкүндүгү, албетте, 90 – жылдары пайда болду. Ошондуктан кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн толук эгемендүүлүккө ээ болуу тарыхый окуясы, сөзсүз түрдө, элдин улуттук аң-сезимине зор таасир этиши мыйзамченемдүү көрүнүш болчу. Ошондуктан 90 – жылдардан кийинки тарыхый темага жасалган мамиле өзүнүн оош-кыйышы, коомдук өзгөрүүдөн келип чыккан объективдүү жана субъективдүү карама-каршылыктары менен кыргыз адабиятында тарыхый темага болгон

[1] Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б.:ТАС, 2004. – 442-б.
[2] Мусаев А. Жаңылануу драматизми. – Б., 2000, 91-102-бб.

кызыгуунун **жаңы толкунун** пайда кылды. Коомдук системанын өзгөрүшүнөн улам кыргыз адабияты “көп улуттуу совет адабиятынын” курамынан чыккандыктан, “саясий тордон” кутулган улуттук адабият мурдагы “чоң үй-бүлөдөн”, баарынан ажырап, “туюкка”, өз коломтосунун айлампасына келип капталганда, дал ушул “улуттук колорит” деп аталган эстетикалык принцип түздөн-түз күтүлбөгөндөй күчүнө кирип, магдыроодо жаткан “экинчи демин” ойготуп, ...**тарыхый тема** (астын сызган – К.Ү.) өзүнөн өзү чыгармачылыктын авансценасына көтөрүлүп чыкты”[1]. Ушул мезгилден баштап, жазуучулардын улуттук тарыхты көркөм аңдоо проблемасына болгон мамилеси өзгөргөндүктөн, жаңы чыгарма жазуудан да зарыл маселе катары убагында саясий куугунтукка алынган чыгармаларды кайрадан басмадан чыгаруу, **жазылып бүткөн** айрым чыгармаларга **өзгөртүү киргизүү тенденциясы** башталды. Натыйжада 30 – жылдарда кыргыз адабиятында тарыхый роман жанрына биринчи чыйыр салган чыгармалар: “Кандуу жылдар”романы, “Балбай” поэмасы (1991), кийин 70 – жылдары “милитаристтик” чыгарма аталган “Көк асаба”романы (1993) кайрадан басмадан чыгып, “Көчмөндөр кагылышы” романы (1993) оңдолуп, “Сынган кылычтын” (1998) сюжетине өзгөртүүлөр киргизилди. Ушунун өзү бир жагынан чыгармачылык эркиндикти сезүү, экинчиден, улуттук дымактын көтөрүлүшүнүн айкын күбөсү эле.

90 – жылдардагы **экинчи тенденция** тарыхый темадагы жаңы чыгармаларды жазууга болгон кызыгуу эсептелинет. Бир эле мезгилде эки түрдүү: тажрыйбалуу жана адабиятта аты белгисиз авторлор тарабынан тарыхый темада чыгармалар жазылып, жарыкка чыга баштады. Белгилүү акын-жазуучулар: С.Жусуевдин “Курманжан датка”(1994), “Раззаков баяны” (поэма – 1996), Ш.Бейшеналиевдин “Тайлак баатыр” (даректүү баян) (1998), Ж.Субанбековдун “Барс-Бек кагандын көрөр көзү” (2002), Т.Касымбековдун “Баскын” (2000), “Кыргын” (2004), Э.Турсуновдун “Балбай” (2002), “Боромбай” (2004), ысмы белгилүү журналисттер: С.Станалиевдин “Касым

[1] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Биринчи макала. Кайдан чыктык... // Адабий Алатоо, 2006, июль, № 11(19). – 5-б.

Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы” (2001), Б.Боркеев “Рыспай” (2004); адабий чөйрөгө ысмы анча белгисиз авторлор: Ж.Токтоналиевдин “Хан Ормон” (эки китеп: 2000, 2001), “Баатыр Шабдан” (2006), К.Бакиевдин “Дарыялар жайыкта кошулушат”(2002), Р.Абдиевдин “Алай закымдары” (2005), Ж.Егембердиевдин “Канат хан” романдары (2006) биринин артынан бири басмадан чыкты. Тилекке каршы, аталган чыгармалардын көпчүлүгү адабиятчы Б.Шамшиев адилет белгилегендей: “...авторлорунун дээрлик баары жаңы үйрөнчүк, болбосо чыгармадагы башкы каармандын уруулашы же жакыны, о.э. заказ алып жазгандар”[1] болгондуктан, тарыхый жанрдын талабына жооп бере албай калды. Ушундай тагдырга жалаң гана үйрөнчүк жазуучулардын чыгармалары эле эмес, улуттук адабиятта таланттуу акын жана котормочу катары таанымал жазуучу Э.Турсуновдун “Балбай”, “Боронбай” романдары да дуушар болду. Аталган романдар тарыхый жанрдын мыкты үлгүсүн бере алган жок. Бул чыгармалардын ичинен белгилүү авторлор (С.Жусуев, Т.Касымбековдун) чыгармалары жөнүндөгү макалаларды (негизинен бир гана К.Асаналиевдин көлөмдүү макалалары), тарыхый чыгармалардагы тарыхый инсандардын көркөм образы боюнча А.Акматалиевдин макалаларын[2], окурмандардын айрым пикирлерин эске албаганда, калган романдар профессионал адабият теоретиктери тарабынан талапка ылайык кеңири адабий талдоого алына элек. Бул этапка таандык бир гана маселени баса белгилөөгө туура келет. Ал – жалаң гана чыгармачылык эркиндик жана жаңы тема улуттук адабиятта жаңы эстетикалык сапаттык ийгиликти камсыз кыла албагандыгы жөнүндөгү маселе. Көрсө, ар кандай көркөм-эстетикалык табылганын жаралышы үчүн тиешелүү адабий тажрыйба топтолуп, жаңы көркөм модель, жаңы эстетикалык принциптердин (К.Асаналиев) иштелип чыгышы зарыл экен. Ошондуктан да жазуучулар канчалык өз эркиндиги менен кошо буга чейин көркөм аңдоо үчүн жашырын тыюу салынып “капаста

---

[1] Шамшиев Б. Учур адабиятынын маселелери көп (маектешкен Олжобай Шакир) // Адабий Алатоо, 2005, № 2, октябрь, 3-б.

[2] Акматалиев А. Байтик жана адабият // Чүй баяны, 1999, 29-октябрь; 4-ноябрь; Алай ханышасынын ажары. // Заман Кыргызстан, 1999, 3, 10-декабрь; Тарыхый инсандар көркөм адабиятта // Чүй баяны, 1999, 3,9, 17-27-декабрь; Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. - Б., 1999.ж.б.

жаткан" улуттук лидерлерди (тарыхый жана интеллектуалдык инсандарды) "боштондукка  чыгарууга" умтулуп, жаңы чыгармалар жазганы менен баягы эле тарыхый доор – XIX кылымдын айланасын тегеректеп, ошол доордун тарыхый инсандары: Курманжан, Ормон, Боромбай, Балбай, Байтик, Шабдан, Алымбек датка жана анын  балдарынан алыс кете алышкан жок. Камтыган тарыхый окуя да Кокон хандыгы менен бугу, сарбагыш урууларынын чатагынан башка эл тагдырында маанилүү роль ойногон доордун жүзү ачыла койгон жок.

Тарыхый инсан тагдырын көркөм аңдоо проблемасы жапырт колго алынса да,  алардын образы азыркы сындын купулуна толгон жок. Айрыкча С.Жусуевдин "Раззаков баянында" советтик түзүлүшкө бүт өмүрүн, билимин, эрудициясын арнап, бирок аягында баары бир тагдыры трагедияга туш болгон Раззаковдун жеке адамдык касиети менен коомдук системанын ортосунда жаткан өтө татаал карама-каршылыктар "көркөм-эстетикалык ачылышка" ээ болбой, ыр түрүндө жазылган бул чыгарма жалаң панегрик – мактоонун поэтикасы" болуп калган деген сынчы К.Асаналиевдин пикирине кошулбай коюуга арга жок. Сынчы өзүнүн чыгарма жөнүндөгү мындай кескин пикирин далилдүү негиздеген: "Жок, мен Раззаков жөнүндө жазууга түк каршы эмесмин. Мен аны курулай мактоого каршымын, ал жөнүндө реалисттик көркөм чыгарма жаратуунун ордуна спекулятивдик панегрик жазууга каршымын. Ооба, ал ар кандай көркөм чыгарма жазууга татыктуу адам. Бирок унутпоо керек, ал сталинист. Канчалык таланттуу, канчалык даанышман болсун, ал өз заманынын, тоталитардык замандын уулу. Биринчи секретарь катары өз заманынын илдеттеринен (пороки) дегеле куру эмес. Бул анын кемчилдиги эмес трагедиясы"[1].

Акындын "Курманжан датка"  романы ыр менен жазылып, чыгарманын композициялык структурасында автор белгилүү ийгиликке жетишкени менен тарыхый инсандын көркөм интерпретациясы Т.Касымбеков жараткан датка

---

[1] Асаналиев К. Социалисттик реализм доорунан кийин... Экинчи макала: Комфорт, же панегрик – мактоонун "поэтикасы" // Кутбилим, 1996, 5-декабрь, №27. - 6-б.

айымдын көркөм образынан кескин айырмаланган эстетикалык эстетикалык жаңылык жарата албай, “Сынган кылыч” менен “Келкелдин” таасири өктөм сезилип калды.

Кыргыз прозасында тарыхый романдын классикалык үлгүсүн берген романист эсептелген Т.Касымбековдун жаңы “Баскын”, “Кыргын” романдары сөз эркиндигине жараша аталып, адабий коомчулукту дүүлүктүрүп жиберчүүдөй ысым менен жарык көргөндүгүнө карабастан, анын жаңы доордогу “адабий тагдыры” ойдогудай болгон жок. “Баскын” романы 2000-жылы жарык көрсө да, адабий сында атайын талкууланбады. Тарыхый материалдар жыш колдонулуп, архивдик материалдардан эркин пайдаланууга шарттын түзүлүшү чыгарманын көркөм-эстетикалык деңгээлине, тескерисинче, терс таасирин тийгизип, тарыхый чындыктын көркөм интерпретациясы адабий коомчулуктун рухий керектүүлүгүн канааттандыра албады. Анын уландысы “Кыргын” романынын адабий тагдыры боюнча деле ушул пикирди айтууга болот. Адабий сында агынан жарылган макалалар жарала койбоду. Улуттук адабият таанууда чоң теоретиктер, сынчылар тарабынан бул чыгармага татыктуу баа берилбей, тыныгуу узакка созулуп бараткан соң, “Сынган кылыч” аркылуу өзүнө окурмандардын бийик талабын коюп алган жазуучуга адабий коомчулук бир чети батынбай, экинчиден, чыгарманын чыныгы нарк-насилин түшүнүү ишин “мезгил сотуна” тапшыргандай болду. “Баскын” романы “Сынган кылычтын” уландысы экендигин, ал чагылдырган доор, андагы тарыхый инсандардын көркөм образы”[1], “Кыргын” 1916-жылдагы улуттук геноцидди көркөм чагылдырганын, жазуучунун тарыхый чындыкты сүрөттөөдөгү батылдыгы, композициянын тыкандыгы”[2] тууралуу азын-оолак сөз кылганы болбосо, 2006-жылга чейин , бул романдарга принциптүү баа берилген жок.

“Баскын” романын адаттагыдай эле кеңири талдоого алып, олуттуу сөз козгогон сынчы жана окумуштуу К.Асаналиев болду. Сынчынын

---

[1] сөз биздин ( К.Ү.) макалалар жана “Кыргыз тарыхый романистикасы” аталган окуу куралы жөнүндө.
[2] Дүйшөбаев П. Үркүн неге геноцидге айланган? Төлөгөн Касымбек “Кыргын”, 2004 //Адабий Алатоо, 2005, сентябрь, №.1. – 10-б.

“Постсоветтик доор. Адабий тагдыр” аттуу өтө көлөмдүү макалалар топтомунун экинчиси - “Баскынга”, үчүнчүсү – “Кыргынга” арналды. Ал “Баскын” романында “сюжеттик окуялардын ички биримдиги жок” жалпы композиция бошоң тартып калышында автордун мурунку “Келкел” романдагы окуяларды “үзүп-жулкуп” алышына негиздеп: “Баскын” нукура тарыхый романдын касиет-сапатына ээ боло албай, **тарыхый окуялардын хроникасы** (астын сызган – К.Ү.), кадыресе баяны деңгээлиндеги”[1] чыгарма деп баа берди.

Ал эми “Кыргын” романында жеке адам тагдырлары бир топ ишенимдүү сүрөттөлгөнүн (Жайлообай менен Кузьминдин мамилеси аркылуу), бирок тарыхый инсандардын образы (Шабдан менен Байтик) дале ойлогон көркөм бийиктикке жетпей калгандыгын чыгарманы талдоо контекстинде сынчы тарыхый жанрга таандык бир проблеманы – тарыхый жанрдын **эстетикалык формуласы** - тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айлантуудагы **ойдон чыгаруунун** маанисин баса белгилеген. Ушул маселе “Кыргын” романында жетишпей калгандыктан, тарыхый инсан жөнүндөгү тарыхый материалдар болгону “жарым чындык”[2]. Мына ушундай мүчүлүштүктөр “Кыргынды” толук кандуу реалисттик-тарыхый чыгарма атоого мүмкүндүк бербейт.

Коомчулукка журналист катары ысмы таанымал С.Станалиевдин “К.Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы” аттуу романы кыргыз элинин чыгаан инсандарынын бири К.Тыныстановдун аты менен жарыкка чыгаары менен адабий чөйрөдө жылуу кабыл алынды. Стили, баяндоо манерасы, колдонулган документалдык материалдардын жыштыгы боюнча башка чыгармалардан айырмаланып турган бул роман “сталиндик репрессия” аталган апаат тарыхый доордун көркөм образын жогорку чеберчиликте жарата алды. Чыгарма постсоветтик доордо жазылган жаңы романдардын ичинен окурмандарды да, адабиятчыларды да кайдыгер калтырган жок[3]. К.Асаналиев

---

[1] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Экинчи макала // Адабий Алатоо, 2006, август, №12. – 4-5, 8-б.

[2] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Үчүнчү макала // Адабий Алатоо, 2006, август, №13. – 4-5, 14-б.

[3] караңыз: Асаналиев К. Азыркы психологиялык роман // Кыргызстан маданияты, 2002, сентябрь, №8; октябрь, №9. ;Акматалиев А. Чагылган өмүрдүн көз ирмеми //Адабий Алатоо, 2007,май, №8. 4-5-б.; Искендерова С. Тарыхтын кайра жаралган чындыгы //Адабий Алатоо, 2007, №15. 10-11-б.

бул чыгарманы **“психологиялык роман”** атаса, А.Акматалиев ага **тарыхый-биографиялык** роман статусун берди. Биз бул чыгарманын жанры – **тарыхый-очерктик** модификациясын берет деген ойдобуз жана анын илимий негиздемесин иштин үчүнчү бөлүмүндө сөз кылабыз.

Улуттук тарыхты көркөм интерпретацияга алган чыгармалардын ичинен окурмандардын жылуу пикирине ээ болгон Т.Субанбековдун “Барс-Бек кагандын көрөр көзү” романы өзүнчө кеп кылууга муктаж. Чыгарма Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынан кийинки көөнө тарыхтын конкреттүү мезгилин, белгилүү тарыхый инсан Барсбек кагандын тагдырын көркөм сүрөттөөгө алгандыгына карабастан, автор өзү аны көркөм роман[1] деп гана атаган. Чыгармага тарыхый жанр укугун берүүгө автор өзү батынбагандыктанбы, тарыхый маалыматтар, ага байланыштуу документалдык материалдар романдын композициялык-структурасына ширелише кирбей, шилтеме катары берилген. Ошондуктан да бул чыгарма боюнча жазылган макалаларда[2] бүгүнкү күнгө чейин анын жанрдык табияты терең талдоого алына элек. Тарыхый мезгилди көркөм сүрөттөө чеберчилиги, стилдик өзгөчөлүгү, жазуучунун образ түзүү мүмкүндүгү боюнча өз алдынчалыкка ээ боло алган бул роман олуттуу сөз кылууга арзыйт.

Кыргыз тарыхый романдарынын тарыхында жаңы эстетикалык көрүнүш катары жазуучулардын арасында кыргыз адабиятынын стилдик диапазонун байыткан бир жаңы муун келе жатканы байкалат. Буга С.Станалиев менен Т.Субанбековдун жогоруда аталган романдары күбө. Бул романдарда кыргыз тилинин байлыгы, лексикалык стилдик ийкемдүүлүгү, образдуулугу, анын туруктуу сөз айкаштарына, улуттук көркөм ой жүгүртүүнүн бүтүн структуралык моделдерге карк экендиги өзгөчө эргүү менен берилген. Экинчиден, авторлор көлөмдүүлүккө ашкере азгырылбай, көп сөздүүлүктөн

---

[1] Субанбеков Т. Барс-Бек кагандын көрөр көзү: Роман. – Б., 2002. – 196 б.

[2] Тойбаев Б. Барс-Бек каганга арналган роман // Эркин Тоо, 2004, № 83, 8-октябрь; Көкүлов К. Көөнө тарыхтан көркөм бейне жаратып... // Эркинтоо, 2006, № 37, 23-май.

оолактап, ойдун сыйымдуулугуна маани берилиши кыргыз романдарындагы жакшы саамалык катары бааланууга тийиш деген ойдобуз.

*Канткен менен да 90 – жылдардан кийин кыргыз прозасында тарыхый темада жазылган романдарда жазуучулардын тематикалык изденүүлөрү (алардын ийгиликтери жана кемчиликтери), жанрдык проблемалары, изилдөөгө муктаж теориялык маселелери аркылуу улуттук адабиятта тарыхый роман жанрынын өнүгүшүнүн* ***төртүнчү этабын*** *түзүп, анын* ***татаал жанрдык модификациясын*** *жарата алды дегенге негиз бар. Тарыхый теманын көркөм интерпретациясы жаңы илимий-теориялык парагдимага муктаж экендигин адабий тажрыйбалар айкын көрсөттү.*

## § 3. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык проблематикасы атайын изилдөөнүн предмети катарында

Тарыхый темада жеке чыгармаларга арналып жазылган макалаларды (“Кандуу жылдар”, “Тарых эстелиги”, “Жылдызкан”ж.б.) эске албаганда, тарыхый романдардын жалпы өнүгүшү, теориялык проблемаларына арналган **атайын изилдөөлөр** кыргыз адабият таануусунда 70 – жылдардын ортосуна таандык. Алгачкы изилдөөчүлөрдун бири Б.Толмачев орус тилинде жазылган “Шаги молодого жанра” аттуу макаласында 60 – жылдардан баштап тарыхый жанр активдешип баратканы жалпы улуттук адабий процесстин өнүгүү белгиси катары көрсөтүлгөн. Автор кыргыз адабиятында пайда болгон Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, К.Баялиновдун “Боордоштор”, Т.Сыдыкбековдун “Зайыптар”, К.Каимовдун “Атай”, К.Бектеновдун “Табалды Пудовкин” романдары адам тагдырларын жана мурунку окуяны көркөм чагылдырып, “өткөндү кайра жараткан” чыгармалар экендигине жалпы обзор берип, алардын ичинен “Сынган кылычты” бөлүп көрсөткөн. Романдын сюжети жалпы Орто Азия жана Казакстандын көркөм прозасында изилденип жаткан орток тема – улут жана мамлекет тагдыры жалпы эле тарыхый жанрга мүнөздүү көрүнүш деген пикири менен жанрга тиешелүү жалпы маселелерге токтолгон.

Автор жанрдык кайсы бир белгиге өзгөчө көңүл бурбаганы менен ага таандык бир топ проблемалар: тарыхый чыгармада документалдык материалдар менен бирге фольклордук чыгармалардын (легенда, Дервиштин накыл кептери, оозеки тарыхый аңгемелер) колдонулушу, жазуучунун образ жаратуу чеберчилиги, тарыхый окуянын сүрөттөлүшүндөгү эки пландуулук тууралуу учкай сөз кылган[1]. Изилдөөчүнүн макалага койгон темасы айтып тургандай, 60 – жылдары тарыхый жанрды “**жаш”**эсептеп, (30 – жылдардагы чыгармалар жөнүндө сөз кылган эмес жана ал мезгилди этап катары эсептеген эмес) тарыхый жанрдын өзгөчөлүктөрүн интуициялык деңгээлде туура түшүнгөнү сезилип турат.

Тарыхый жанрдын табиятын илимий иликтөөгө алган алгачкы илимий эмгек М.Түлөкабыловго тиешелүү. Анын 1978-жылы басмадан чыккан “Кыргыз тарыхый жана өмүр баян романдары” аттуу монографиясында биринчи жолу кыргыз адабиятындагы тарыхый романдарды типологиялык классификациялоого жасаган аракети байкалат. Негизинен иштин темасы көрсөтүп тургандай, иш эки бөлүктөн турат да, тарыхый жана көркөм өмүр баян романдар деп бөлүнөт. Талдоого алган биринчи чыгарма М.Элебаевдин “Узак жолун” автор “...тарыхый автобиографиялык жанрда жазылган азырынча бирден бир роман” эсептеп, ал эми К.Каимовдун “Атай” романын, К.Бектеновдун “Таабалды Пудовкин” аттуу чыгармасын “көркөм өмүр баян” прозасы атаган. Изилдөөчүнүн пикири боюнча “... илимий өмүр баян, илимий популярдык өмүр баян, көркөм өмүр баян өңдүү ар кыл түрлөрү азырынча бизде жок”[2]. Изилдөөчүнүн мындай “классификациясы” ошол учурдун деңгээли менен түшүндүрүлүүгө тийиш. Тарыхый жанрдын адабий процессте жакшы өздөштүрүлө элек мезгилинде жана анын жанрдык теориялык маселелери адабият таанууда иштеле элек учурда мындай чаташуулар мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени автордун өзүнүн пикири ачык эмес. “Таабалды Пудовкин” тарыхый окуялардын негизинде жазылгандыгына далил

---

[1] караңыз: Толмачев Б. Шаги молодого жанра // Литературный Киргизстан, 1975, №1. – С.104-107.
[2] Түлөкабылов М. Кыргыз адабиятындагы тарыхый жана өмүр баян романдары. – Ф.:Илим, 1978. – 33, 105-б.

катары , “..анын революциялык стажы 1905-жылдан 1918-жылга чейин жана бул жөнүндө анын партиялык билети менен учеттук карточкасында жазылсын” – деген тарыхый документке кайрылат. Бирок аны кайра “Узак жолдон” бөлүп, “өмүр баян” чыгарма деген экинчи бөлүмдө берген, бирок классификациясын келтирген өмүр баян романдарынын кайсы тобуна кирери ачык айтылган эмес.

Тарыхый романдар боюнча алгачкы кандидаттык диссертация Б.Толмачевдин “Человек и история в киргизской историко-художественной прозе” аталган темада 1980-жылы корголду. Бул жагынан да кыргыз адабият таанусу бир топ кечиккени байкалат. Анткени коңшулаш өлкөлөрдө тарыхый жанрдын теориялык маселерине арналган илимий диссертациялар[1] бир топ эртерээк корголгон.

Изилдөөчү кыргыз прозасында болгон тарыхый доорду көркөм сүрөттөөгө алган чыгармаларды системага салып, бул жанрдын өнүгүү эволюциясына жалпы мүнөздөмө берүүгө аракет жасаган. Аны изилдөөчү өзү да мындайча белгилейт: “Впервые в литературоведческой практике здесь предпринимается попытка проанализировать эволюции и современное состояние историко-художественной прозы Киргизии, становление и обогащение принципов историзма в киргизской литературе в процессе ее развития; исследовать многообразные способы и художественно-образные формы идейно-эстетического решения проблемы человека и истории в историко-художественных повествованиях различных типов в многонациональной советской историко-художественной прозе...”[2].

Бирок бул изилдөөдө “өткөн мезгил” менен “тарыхый окуя” өз ара аралашкан абалда талдоого алынат. Ошондуктан “адам” жана “тарых” мамилелери К.Жантөшевдин “Каныбек”, Т.Сыдыкбековдун “Кең-Суу”, “Темир”, А.Токомбаевдин “Мезгил учат” чыгармаларынын материалында каралат. Албетте, бул чыгармаларды автор биздин жазуучулардын тарыхый

---

[1] Нурмухамедова З.Ж. Проблемы создания характера исторической личности: - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – Ташкент, 1974; Прашкович Л.И. Белорусский исторический роман (становление жанра) – Минск, 1977; Леонтович О.В. Исторический роман в творчестве писателей Туркменстана: - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – Ашхабад, 1978. ж.б.

[2] Толмачев Б.Я. Человек и история в киргизской историко-художественной прозе: Автореф.Дис. ...канд.филол. наук. – Ф., 1980. – С. 7.

жанрды өздөштүрүүгө бараткан чыгармачылык жолу катары кайрылган. Тарыхый жанрдагы чыгармалардын чегин так ажыратпагандыгы жана талдоого алынган материалдардын өтө эле көптүгү иштин корутундуларынын абстрактуулугун шарттаган. Ошентсе да изилдөөчү биринчи жолу улуттук адабий процессте тарыхый жанрдын типологиясын жалпы советтик адабияттын контексинде талдоого алганы иштин илимий жаңылыгын айкындап турат. Ал тарыхый прозага жасаган ушундай эле мамилеси кийин анын докторлук диссертациясында улантылды. Мында тарыхый романдардын илимий проблематикасы мурункудан бир аз конкреттештирилип, ал Орто Азия жана Казахстандын адабий процессинин контекстинде кароо максаты менен 1994 – жылы корголду. Изилдөөдө кыргыз тарыхый романдары жалпы Орто Азия жана Казакстандын тарыхый чыгармалары менен бирге типологиялык классификациялоого дуушар болду. Натыйжада Т.Сыдыкбековдун “Зайыптары”, И.Есенберлиндин “Көчмөндөр”, Т.Каипбергеновдун “Каракалпактар жөнүндө дастан”, Д.Досжановдун “Жибек жолу” романдары менен бирге “тарыхый-хроникалык”; Т.Касымбековдун “Сынган кылычы” А.Алимжановдун “Мугалимдин кайтып келиши”, П.Кадыровдун “Жылдыздуу түн”, А.Якубовдун “Улукбектин казынасы”, Д.Досжановдун “Фараби” романдары менен бирге “окуялуу -тарыхый ” романдар тобуна; А.Токомбаевдин бүтпөй калган “Токтогул” романы М.Ауэзовдун “Абай жолу”, Айбектин “Навои” чыгармаларына кошулуп “тарыхый-биографиялык” тобу менен талдоого алынды.[1] Изилдөөнүн биз үчүн өтө маанилүү илимий баалуулугу тарыхый жанрга таандык чечүүнү талап кылган проблемаларды аныктап, келечек изилдөөлөргө багыт бергендигинде. Диссертант теориялык талдоого муктаж төмөнкү проблемаларды бөлүп көрсөткөн:

- тарыхый романдардын өзгөчөлүгү;
- тарыхый романдардын генезиси;
- тарыхый жанрдын типологиялык классификациясы.

[1] Толмачев Б.Я. Исторический роман в современной литературе Средней Азии и Казахстана: Автореф. Дис. ...д-ра филол.наук. – Б., 1994. – С.10-19.

Кыргыз адабият таануусунда тарыхый темага болгон кызыгуунун жаңы тенденциясы (роман жазууга болгон кызыгуу сыяктуу эле) 90 – жылдарга таандык. Бир нече тарыхый чыгарма илимий изилдөөнүн объектиси катары бекитилип, 1997-жылы катары менен эки диссертация корголгон. Бул диссертациялар жеке авторлордун конкреттүү чыгармаларын талдоону максат кылгандыктан, тарыхый жанрдын конкреттүү теориялык проблемасы бөлүнүп көрсөтүлгөн эмес.

Б. Темированын кандидаттык диссертациясы жана анын негизинде чыккан "Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба" романынын көркөм наркы" аттуу чакан эмгегинде роман жөнүндө кеп кылуудан мурда анын жанрын аныктоо зарылдыгын туура түшүнгөн. Өзүнө чейинки изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, "Көк асабанын" жанрдык ажатын ачууга жасаган аракетин изилдөөнүн илимий баалуулугу катары эсептөөгө болот. "Көк асабага" карата берилген "тарыхый дастан" деген жанрдык аныктамага кошулуу негизсиз жана ал толук тарыхый романдык табиятка ээ экендигин белгилей кетишибиз оң"[1] - деп, ачык көз карашын билдирүү менен изилдөөчү өз пикирин далилдөөгө аракет кылган. Бирок изилдөөчү тарыхый романдын жанрын аныктоого типологиялык мамиле жасаган эмес (андай максат койбогон болуу керек). Ошондуктан, "Көк асабада" тарыхый доордун көркөм сүрөттөлүшүнө гана негиздеп, ага "тарыхый роман" деген аныктама берүү дагы тереңирээк илимий негиздөөнү талап кылат деген ойдобуз.

Улуттук кайра жаралуу кыргыз адабиятындагы белдүү тарыхый романист Т.Касымбековдун чыгармачылыгына болгон өзгөчө кызыгууну жаратты. Д.Чокоеванын "Т.Касымбековдун чыгармаларында тарыхты көркөм аңдоо проблемалары" аттуу тема менен корголгон диссертациясында Т.Касымбековдун "Сынган кылыч", "Келкел" романдарынын материалында тарыхый чыгарманын олуттуу теориялык маселелери жөнүндө сөз козголду дегенге негиз бар. Айрыкча жаш изилдөөчүнүн тарыхый чыгармада автор

[1] Темирова Б. Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынын көркөм наркы. – Б., 1997. - 14-б.

тарабынан колдонулган фольклордук материалдардын көркөм жалпыланышы тууралуу иликтөөсү ишенимдүү. Изилдөөчү Т.Касымбековдун каармандар дүйнөсүндөгү кайталангыс образдардын бири Нүзүптүн мүнөзүн жаратууда тарыхый материалдардын жетишсиздигине карабастан, автордук ойдон жаратуунун (вымысел) ролуна туура баа берген. Ал эми Шералинин реалдуу негизи чыгармадагыдай эмес экендиги ( ал малдуу, жандуу эл ичинде башы көрүнгөн адам экен)[1] да тарыхый чыгармага байланыштуу дагы бир маселени козгоп турат. Ал – тарыхый фактыны көркөм чындыкка айландыруудагы жазуучунун эркиндиги жана жоопкерчилиги тууралуу олуттуу маселе.

Ошондой эле изилдөөчү белгилеген "Келкел" романында Курманжан даткага жети ачкычтын тапшырылышы элдик аңыз кептин негизинде чыгармага эпизод болуп кирип, чоң идеялык жүк көтөргөндүгү да жазуучунун сүрөткерлик чеберчилигине байланыштуу көрүнүш.

Жазуучунун 1998-жылы тарыхый романдарына киргизген өзгөртүүлөрү ("Келкел" романындагы бир бөлүмдүн "Сынган кылычка"кошулушу) да изилдөөлөрдү актуалдаштырды. Анткени 90 – жылдардан баштап мектеп жана жогорку окуу жайларынын окуу программаларынан жыш орун ала баштаган Т.Касымбековдун чыгармаларын окутуу иши илимий- методикалык жардамдарга муктаж эле. Ошондуктан, аны окутууга жол көрсөткөн айрым макалалар[2] жана окуу куралдары жарык көрдү.

Жазуучунун чыгармачылыгына болгон кызыгуунун дагы бир күбөсү анын чет элдик изилдөөчүлөрдүн тарыхый романдарга болгон кызыгуусу менен түшүндүрүүгө болот. Бул жагдай "Сынган кылыч" романында чагылган тарыхый чындыкка коңшулаш өлкөлөрдүн кайдыгер эмес экендиги мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени чыгармада "түрк дүйнөсү" аталчу геочөйрөнүн өзгөрүшүнө алып келген XIX кылымдагы тарыхый окуялардын "сырлары" азыркы учурда кайра каралуу маселесин актуалдаштырды. Түркиялык изилдөөчү Саадеттин Кочтун "Т. Касымбековдун өмүрү,

[1] Чокоева Д. Т.Касымбековдун тарыхый романдарындагы тарыхты көркөм аңдоо проблемалары: - Дис. филол. илим.канд. наамын изд. алуу үчүн: 10.01.01. – Б., 1997.

[2] Байгазиев С. «Сынган кылыч» романынын сыры эмнеде? // Кутбилим, 1999, 23-январь; Култаева Ү. "Сынган кылыч" романын өздөштүрүү маселелери. – Б., 2001.

чыгармачылык жолу жана тарыхый романдары” аттуу кандидаттык диссертациясы жазуучунун жалпы чыгармачылыгын таанып билүүгө арналып, дегеле кыргыз тарыхый романдарына болгон чет элдик кызыгууга күбө боло алат[1].

Кыргыз адабиятындагы жалпы тарыхый жанрдын теориялык проблемаларына арналган изилдөө - Г. Мурзахмедованын диссертациясы[2] 1993-жылы корголуп, анын негизинде орус тилинде жазылган чакан монографиясы 2003-жылы жарык көргөн. Тарыхый романга таандык маанилүү жанрдык проблема – тарыхый чындык менен көркөм чындыктын ортосундагы теориялык маселелер талдоого аракеттенген. Изилдөөчүнүн илимий булактарга таянып, тарыхый жанрдын өзчөлүгүн аныктоого жасаган мамилеси кандидаттык диссертациянын деңгээлине туура келет. Ар бир маселеге конкреттүү мамилесин билдиргени иштин ийгилиги катары эсептелүүгө тийиш. Мындай мамилени ал тарыхый романга аныктама берүүдөн баштаган: “...исторический роман – жанр самостоятельный, имеющий специфическое содержание и обусловленную этим своеобразную художественную форму, цель которого постижение исторического факта в художественных образах”[3].

Маселе тарыхый романдар “Сынган кылыч”, “Көк асаба”, “Тарых эстелиги”, “Телегей”, “Таабалды Пудовкин”, “Көз ирмемдеги өмүр”, “Болот калем”, “Атайдын” материалында каралган. Изилдөөчүнүн ар бир романдын жанрын тактоо боюнча жеке көз карашын билдирүүсү колдоого аларлык. Анын пикиринде кыргыз адабиятындагы нагыз тарыхый роман – “Сынган кылыч”, ал эми “Көк асаба” – тарыхый баяндоо.

Жалпы адабият таануудa автордук ойдон жаратуу менен документтин карым-катышынын илимий жактан изилденүү этаптары, ага болгон көз караштардын өзгөрүшү илимий анализге алынып, алардын өз ара терең байланышы аркылуу гана нагыз тарыхый роман жаралышы мүмкүн деген

[1] Саадеттин Коч. Т. Касымбековдун өмүрү, чыгармачылык жолу жана тарыхый романдары: - Дис. ...филол. илим. канд. - Б., 2003.
[2] Мурзахмедова Г.И. Историческая действительность и художественный вымысел в кыргызских исторических и историко биографических романах (60-80 г.г.). – Дис. ...канд.филол.наук. – Б., 1993.
[3] Мурзахмедова Г.И. Вымысел и факт в художественной литературе. – Б., 2003. – С.4.

тыянакка келген. Бирок изилдөөдө жалаң орус тилиндеги илимий адабияттардын таасири өктөм сезилип, кыргыз тарыхый романдарындагы улуттук көркөм ойлоо өзгөчөлүктөр эске алынган эмес. Натыйжада кыргыз тарыхый романдарынын жанр жаратуучу элемнттери, ага таасир этүүчү улуттук факторлор көз жаздымда калган.

Г.Мурзахмедова кайсы бир деңгээлде 1978-жылы М.Түлөкабылов тарабынан башталган тарыхый романдарды классификациялоо проблемасын уланткан. Ошол инерция боюнча тарыхый романдарды тарыхый жана өмүр баян деген топко бөлүп караган. Бирок бул аспектиде өзү ага кошумчалаган материалдар жокко эсе.

Ошентип, тарыхый жанрдын теориялык маселелерин изилдөөгө атайын арналган илимий изилдөөлөрдү талдоого алуунун негизинде улуттук адабияттагы тарыхый романдардын өнүгүү эволюциясы жана анын адабият таануунун жалпы контекстинде изилдөөнүн абалына байкоо жүргүзүүдөн келип чыккан жыйынтыктар **иштин биринчи бөлүмү боюнча төмөнкү корутунду пикирлерди** бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

1. Тарыхый роман үчүн **романдык мазмун** канчалык зарыл болсо да, анын көркөм интерпретациясы тиешелүү деңгээлге жетпеген шартта, ал жанрдын чыныгы үлгүсүн бере албай тургандыгына адабий тажрыйбалар күбө. (“Кандуу жылдар”, “Узак жол”). Бул аспектиде адабий материалдарды талдоого алуудан келип чыккан жыйынтык боюнча улуттук адабияттагы жалпы адабий тажрыйба маанилүү роль ойной тургандыгын баса белгилейбиз.
2. Улуттук тарыхты, тарыхый инсандарды көркөм аңдоого алган чыгармалардын убагында саясий куугунтукка алынышы, (“Кандуу жылдар”, “Балбай”, “Сынган кылыч”) жазуучулардын чыгармачылык эркиндикке ээ болбогондугу **тарыхый** романдын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип, натыйжада бул жанрдын теориялык маселелеринин адабият таанууда изилденишинин кечигүүсүн шарттаган.

3. **Тарыхый факт, документалдык материалдарды өтө жыш пайдалануу** тарыхый жанрдын бардык теориялык маселелерин чече албай тургандыгын адабий тажрыйба көрсөткөндүгү байкалат. Алар романдын көркөм аянтына, чыгарманын идеялык-тематикасына, сюжеттик-композиялык структурасына шайкеш келбесе, ал тарыхый романдын жанрдык касиетине тескери таасирин тийгизиши мүмкүн (“Боордоштор”).
4. Тарыхый инсандын жеке тагдыры унутта калып, анын идеологиялык басымга негизделген жалаң **коомдук ишмердүүлүгү** аркылуу тарыхый жанрды өздөштүрүү мүмкүн эмес. Каармандын жеке тагдыры өзү жашаган коомдун социалдык карама-каршылыктарынын татаал байланыштары аркылуу терең аңдоону талап кылат (“Тарых эстелиги”, “Жылдызкан”, “Телегей”, “Өзгөргөн өрөөн” ж.б.).
5. **Тарыхый инсандын образына бир жактуу мамиле** тарыхый жанр күткөн натыйжаны бере алган жок. Тарыхый инсанды ашыкча идеализациялоо менен ага жасалган **субъективдүү** мамиле тарыхый жанрдын эстетикалык баалуулугун камсыз кылууга мүмкүн эмес экендигине да адабий тажрыйба күбө. “Болот калем”, (“Раззаков баяны”, “Балбай”, “Боронбай”, “Канат хан” “Баатыр Шабдан”). Романдын сюжетине негиз болгон **тарыхый окуяны**, **мезгил духун, диалектикалык карама-каршылыгын, трагедиясын** искусствонун мыйзамченемдерине ылайык тереңдетип кайра жаратканда гана максатка ылайык чыгарма жаралышы мүмкүн.
6. Тарыхый чыгармалардын генетикалык кодун, генеалогиялык булактарын түзгөн фольклордук чыгармаларды: тарыхый аңгеме, ырлар, санжыра, легенда, уламыш, элдик проза ж.б. даяр материалдарды бүкүлү пайдалануу тарыхый романдын эстетикалык деңгээлине терс таасирин тийгизгени байкалат. (“Көчмөндөр кагылышы”, “Боронбай”, “Баатыр Шабдан” ж.б.). Тарыхый

романдардагы **фольклор менен жазма адабияттын** карым-катышын адабият таанууда тереӊ изилдөө маселеси теманын илимий келечегин болжолдоого мүмкүндүк берет.

7. Кыргыз элинин узак жылдар көчмөн турмушта жашоо кечирүүсү, натыйжада **архивдик материалдардын, жазма булактардын** жетишсиздиги кыргыз тарыхый романдарынын көркөм мейкиндигин чектеген, бул көөнө тарыхтын көркөм интерпретациясында байкалат (“Көк асаба”, “Барс-Бек кагандын көрөр көзү”).

8. Коомдук системанын өзгөрүшүнө байланыштуу, **тарыхый инсандардын образынын** таанып-билдирүүчү, тарбия берүүчү, эстетикалык баалуулукка ээ болушу мурунку (социалисттик реализм) чен-өлчөмдөрдөн башка жаӊы көркөм принциптердин, методдордун негизинде жаӊы көз караштагы **ойдон жаратууга** муктаж (“Баскын”, “Кыргын”).

9. Тарыхый жанрдагы чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө карата улуттук кыртыштан типологиялык изилдөөлөрдүн жаралышы кыргыз адабият таануудагы актуалдуу проблемалардан болуп эсептелет.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.
## Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын бай адабий салтка ээ болушу жазма адабияттын калыптануу процессинде өзүнүн диалектикалык карама-каршылыгына ээ болду. Бир жагынан, ал рухий көрөңгө катары көркөм адабий процесске оң таасирин тийгизсе, экинчи жагынан, профессионалдык чеберчиликти өздөштүрүүгө келгенде, алардын эки башка эстетикалык мыйзамченемдери өз ара кагылышууга дуушар болбой койгон жок. Бул маселе боюнча полемикалуу кызуу талаш-тартыш 1973-1974 – жылдары "Ала Тоо" журналында сандан-санга жарыяланган макалаларда өзүнүн жогорку апогейине жеткендигин адабий коомчулук жакшы билет. Кыргыз адабиятына таандык дал ушул өзгөчөлүк анын бардык жанрларынын калыптанышына таасирин тийгизиши мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени "...адабий жанр өзүнүн табиятында адабияттын өнүгүшүндөгү туруктуу, түбөлүк тенденцияны чагылдырат. Жанрда архаиканын өлбөс элементтери сакталат. ...Жанр бүгүнкү күн менен жашайт, бирок өз башатын, өткөндөгүсүн дайыма эстеп турат"[1]. Ошондуктан, фольклор башка жанрлар менен бирге тарыхый романдарга да таасир этиши талашсыз нерсе.Экинчиден, элдик оозеки чыгармачылыгынын бай казынасынан азыктанган кыргыз жазуучуларынын көркөм аң-сезими улуттук психология менен терең байланыштагы табигый көрүнүш. Үчүнчүдөн, башка элдердин "...тарыхый романисттери[2] колдонгон илимий жана тарыхый булактар: өткөн кылымдардагы элдин тарыхы боюнча жазылган тарыхый, илимий эмгектер, архивдик материалдар, өмүр баяндык мемуарлар, убагында жазылган каттар, жеке күндөлүктөр, документалдык очерктер кыргыз жазуучуларына жетишпегендиги белгилүү. Төртүнчүдөн, кыргыз жазуучуларынын чыгармачылык эркиндик менен камсыз болбогондугу, сөзсүз түрдө, тарыхый романдардын өнүгүү эволюциясына, калыптанышына таасир этүүчү факторлордон экендиги шексиз.

---

[1] Бахтин М.М. Проблемы поэтики Достоевского. 4-е изд. – М., 1979. – С. 121-122.
[2] караныз: Рябов Ф.Г. История в произведениях А.Дюма // Новая и новейшая история, 2003, №1. – С.185.

Бешинчиден, кыргыз эли байыркы элдерден болгондугуна карабастан, анын тарыхы бир гана кытай жазмаларында сакталып, ал өлкө менен көп жылдар байланыштын “жабык” болушу да тарыхый булактарга кол жетпестикти пайда кылган. Анын үстүнө ал тарыхый жазылмалардын байыркы ханзу тилинде жазылып, аны бүгүнкү тилге алып келүү иши да татаал маселелерден. Ал эми постсоветтик мезгилде кыргыз тарыхы (ырас өзүнүн архив иштери жолго коюлбаган соң) идеологияга ылайык бурмаланышы да эске алууну талап кылган проблемалардан.

Дүйнөлүк адабияттагы эле эмес, коңшулаш азербайжан, өзбек, тажик, түркмөн, казак жазуучуларына караганда да кыргыз жазуучуларынын бул маселеде мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелүү болгондугу белгилүү. Ошондуктан да азербайжан адабиятында “эли эки оттун ортосунда калган мезгил”[1]- XIV кылым, өзбек адабиятында XIV-XV кылымдагы тарыхый инсандар Улугбек, Навои, Бабур,[2] казактарда XIII-XIV кылымдардагы чынгыз баскын[3] тарыхый романдардын материалы болуп, (жазуучулардын ошол мезгил тууралуу жазма булактар менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү болгондуктан), ал чыгармалар кеңири масштабда талкууланып жаткан 80 – жылдары деле кыргыз жазуучулары **XIX кылымды айланчыктап турушу** объективдүү себептер менен шартталган. Тарыхый романдардын ичинен “Сынган кылычтан” башкасы эл аралык аренага чыга алган жок. Мындай көрүнүштүн өзүндө кыргыз тарыхый романистикасынын көзгө көрүнбөгөн, ички проблемалары, биз жогоруда сөз кылган кыйынчылыктары жатат. Ушул көз караштан алып караганда кыргыз тарыхынын “көркөм өмүрүн” узартуучу чыгармалардын жаралышын келечектен күтүүгө туура келет. Демек, кыргыз тарыхый романисттеринин чыгармаларында негизги тарыхый булакты түзгөн элдик оозеки чыгармачылык болгон соң, анын илимий теориялык маселелерин жазма адабият менен фольклордун карым-катышынан издөө логикалуу.

---

[1] караныз: Рагимов А. Исторические романы и историческая истина // Литературный Азербайджан, 1989, № 9. – С. 108-118.
[2] Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба Народов, 1981, № 3. – С.230-238; Суровцев Ю. Люди и время // Новый мир, 1984, №9. – С. 231-242.
[3] Сидоров Е. Эхо истории // Литературная газета, 1983, 5 октября, №40 (4950).

## § 1. Кыргыз тарыхый романдарынын генеалогиялык булактары.

Адабий чыгармалардын генетикалык проблемалары А.Н.Веселовский, В.М.Жирмунский, В.Я.Пропп, Е.М.Мелетинскийдин эмгектеринде изилденген. Кыргыз адабият таануусунда бул маселенин колго алынышы Т.Аскаров, З.Кыдырбаева, С.Жигитов, А.Эркебаев, Ү.Касыбековдордун ысмы менен байланышат.

Узак мезгилге чейин кыргыз роман жанрынын негизги генетикалык негизин эпос түзөт деген көз караш жашап келди. Эпостун таасири ар түрдүү мааниде: фольклордун таасиринен бошоно албоо (терс), андан алган көркөм тажрыйбанын таяныч болушу (оң), ага чыгармачылык менен мамиле жасоодон улам жаңы эстетикалык табылгалардын жаралышы көз карашынан иликтөөгө алынды. Адабият таанууда фольклор менен жазма адабияттын карым-катышына арналган изилдөөлөрдү жалпылап, М.Борбугулов “Адабият теориясында” реалисттик прозанын калыптанышындагы эпостун[1] таасирин биз жогоруда белгилеген үч аспектиде караган.

Ал эмес түздөн түз эле кыргыз романдары жаңы заман эпостору аталып, макалалар[2], китептер[3] басмадан чыкты. Албетте, бул аталыштар шарттуу түшүнүк экендиги белгилүү. Ошентсе да, аталыштын өзүнөн романды эпостун жанрдык уландысы катары түшүнүүнү да жокко чыгарууга болбойт. Мындай аталыштар бир эле кыргыз адабиятына тиешелүү көрүнүш эмес. А.Н.Веселовскийден кийин адабий жанрлардын келип чыгуу тегин изилдөөгө чоң салым кошкон окумуштуу Е.М.Мелетинскийдин “Введение в историческую поэтику эпоса и романа” аттуу эмгегинин бөлүмдөрү да “От мифологической сказки к классической”, “От мифа и героической сказки к эпосу”, ... “От плутовского романа к социально-бытовому”, “От галантского романа к аналитическому и от него к жанровому синтезу” – аталат. Биздин

---

[1] Борбугулов М. Реалисттик проза жана эпос. /К-те:Адабият теориясы:Окуу китеби. – Б.:Шам, 1996. – 359-374-бб.
[2] Асаналиев К. Кыргыз эпосунун жаңы доору // Эл агартуу, 1986, №4.
[3] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.: Кыргызстан, 1990.

адабиятчылар койгон темалар ошол теориялык адабияттардын таасиринен болуу керек). Илимий эмгектерге коюлган ушул темалардын өзүндө жанрдын калыптанышы басып өткөн узун аралык, аны менен кошо алардын ортосундагы татаал байланыштар камтылганын сыртынан эле байкоо кыйын эмес. Кыргыз романдарын эпостун генетикалык уландысы эсептөөнүн, албетте, илимий, эстетикалык негизи бар. Экөөнү байланыштырып турган окуялуулук, баяндоонун кенен масштабда алынышы, чыгармадагы мезгил жана мейкиндик, каармандардын ички дүйнөсүнүн инсандык жана коомдук мамилелерде ачылышы, каармандардын реалдуу турмушта жашагандыгы тууралуу элдик пикирге байланыштуу ар түрдүү топонимикалардын сакталышы (“Манас чоку”, “Манас үңкүр”, “Кожожаштын аскасы”, “Курманбектин кош аңы” ж.б.), сюжеттин өнүгүү абалында берилиши жана композиялык түзүлүшкө ээ болуу сыяктуу жанрдык элементтер эсептелет.

Биз, эпос менен романдын ортосундагы генетикалык байланыш жөнүндө кеп кылуунун алдында дегеле жазма прозанын генезиси маселесине кайрылуу туура деген ойдобуз. “Чоң жанрлардын ичинен жалгыз роман **жазма** менен **китептен жаш** (астын сызган – К.Ү.) жана жалгыз өзү дудук кабыл алууга, башкача айтканда, окууга ылайыкташкан”[1] – деген теория кыргыз романдарына келгенде улуттук өзгөчөлүккө ээ экендиги байкалат. Анткени кыргыз романдарында дудук кабыл алуу эмес, этномаданияттагы угуу ишмердүүлүгүнө чоң маани берилет (биз бул маселеге конкреттүү чыгармаларды талдоо мезгилинде кайрылабыз).

Кыргыз адабиятынын калыптанышын талдоого алган көпчүлүк илимий адабияттарда жазма прозанын калыптанышынын негизги булагы катары элдик оозеки чыгармачылыкта мол адабий салтка ээ болгон оозеки поэзия деген түшүнүк 50 – жылдардын аягына чейин басымдуулук кылганы байкалат. Кыргыз адабиятынын тарыхтарында, очерктеринде (К.Асаналиев, К.Артыкбаев, К.Бобулов, А.Садыков. ж.б.) мындай көз караш туруктуу аксиомага айланып

[1] Бахтин М.М. Эпос и роман: (О методологии исследования романа) // Вопросы литературы, 1970, №1. – С.96.

бараткан учурда, биринчилерден болуп, улуттук адабият таанууда жазма адабияттын генезисин "улуттук кыртыштан издөө" маселесин көтөргөн адабиятчылардын бири – Т.Аскаров: "Кыргыз элинин жашоосунда, тарыхый өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ болгон оозеки поэзиянын маанисин төмөндөтпөй туруп, кыргыз жазма прозасынын башатын тактоодо биз **кыргыз элдик оозеки прозаны** негиз кылып алууга тийишпиз"[1] – деген пикири чынында өз мезгилиндеги жаңы жана маанилүү ой болчу.

Кийинчээрек, аны жалаң эле элдик прозадан эмес, андан чоң алкакта ой жүгүртүп, элдик оозеки чыгармачылыктын бир нече түрүнөн издөө зарылдыгын илимий жактан негиздеген окумуштуу С.Жигитов болуптур. Ал жазма прозанын калыптанышына таасир этүүчү факторлордун ичинде башка изилдөөчүлөр анча маани бербеген элдин "...албан түрдүү **турмуштук икаяларында,** жалпы эле **жандуу речтик практикасында** оозеки түрдө кадыресе өөрчүгөн **баяндоо** салттарынын, **сүрөттөө** ыкмаларынын, **туюнтуу** формаларынын" (астын сызган – К.Ү.) ролуна маани берген. Элдин кадимки күндөлүк жашоосундагы **кеп практикасы** оозеки поэзияга караганда жазма прозага көбүрөөк негиз болору тууралсында ой айткан. Ошол эле учурда фольклор оозеки чыгармачылык болгондуктан, андан айырмаланып, "...адабий проза – эң оболу жазма монологдук речтин туундусу"[2] – деген аныктама берет. Изилдөөчү жазма речтин өзүнө таандык мыйзамченемдерин өздөштүрбөй туруп, жалгыз генетикалык булак менен профессионалдык прозаны өздөштүрүүгө мүмкүн эмес деген ойдо алгачкы чыгармаларын коңшулаш казак, татар тилдеринде жарыялаган кыргыз прозачылары ( С.Карачев, Ш.Көкөнов, С.Нааматов) элдик прозанын улуттук аң-сезимдеги адабий тажрыйбасы менен бирге жазма салты бар адабий таасирлерге жана котормо адабиятына[3] көбүрөөк таянышканына басым жасайт. Улуттук адабият таанууда С.Жигитовдон кийин жазма прозанын генезисине Ү.Касыбековдун[4] изилдөөсү арналды. Изилдөөчү

---

[1] Аскаров Т. У истоков киргизской прозы // Литературный Киргизтан, 1959, №4. – С.101.
[2] Жигитов С. 20 – жылдардагы кыргыз адабияты. – Ф.:Илим, 1984. – 39-б.
[3] Ошондо. - 41-б.
[4] караңыз: Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызской письменной прозы. – Б.: Илим, 1992. – 9-б.

бул маселе боюнча өзүнө чейинки илимий көз караштардын ичинен С.Жигитовдун аналитикалык ойлоруна жогору баа берүү менен бирге, жазма прозанын генезисин жалаң гана элдик прозадан эмес, элдик оозеки чыгармачылыкта болгон бардык жанрдык системадан[1] издөө туура деген өзүнүн пикирин билдирген. Ү. Касыбеков жазма прозанын генезиси эпикалык оозеки поэзияда деген биринчи көз караштын (К.Асаналиев, К.Бобулов ж.б.) да, аны элдик прозадан издеген (Т.Аскаров, С.Жигитов) эки көз карашты да бир жактуу деп эсептеп, экөө бириккенде да маселенин генеалогиялык башатына аздык кыларын белгилеген. Изилдөөчүнүн проза жанрынын негизги белгилеринин бири болгон **баяндоо** ыкмасы жалаң гана адабий фольклордук чыгармаларда эмес, **элдик музыкада** (комуз) зор өнүгүүгө ээ болгондугун музыкалык поэмалар “Кет Бука”, “Карагул”, “Бекарстан тайчы” күүлөрүнүн мисалында далилдеши чынында эле кызыктуу. Ошондой эле анын кыргыз сүрөт искусствосун биринчилерден болуп иликтөөгө алган изилдөөчү Л.В.Рындиндин пикирине таянып, **кыргыз орнаменттери, оюмдары**[2] да баяндоо мүмкүндүгүнө ээ деген жыйынтыкка келишин адабият таануудагы жаңы ой катары кабыл алууга болот. Ойдун аргументин бекемдөө үчүн Л.В.Рындиндин “Киргизские национальные узоры” (1948) аталган альбомуна баш сөз жазган А.Н.Бернштамдын төмөнкү сөзүнө шилтеме жасаган: “Ал (Л.В.Рындин) кыргыз орнаменттеринин элементтеринин саны жөнүндөгү гана биздин түшүнүгүбүздү кеңейтпестен, алардын айкашуу мыйзамдарын, биригүү комбинациясын аныктады, а эң негизгиси - өзүнө чейинки изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, кыргыз оюмдарынын баяндоочулугун ачты”. Ал эмес кыргыз элинин **төлгө** ырымында баяндоонун эпикалык башаты бар экендигине конкреттүү мисал келтирген. Бирок элдик чыгармачылыктагы мындай көрүнүштөр али илимий жактан жакшы изилденбегендиктен, аларды жазма прозанын генезиси эсептегенге изилдөөчү батынган эмес. Бирок бул маселе

[1] Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генесиз кыргызской письменной прозы. – Б.:Илим, 1992. – 9-б.
[2] Ошондо, - 45-б.

боюнча илимий изилдөөлөрдүн келечегине жол салгандыгы, албетте, эмгектин баалуулугун аныктайт.

Тарыхый романдардын генезиси жөнүндө сөз кылууда биз үчүн дагы бир маанилүү эмгек А.Эркебаевдин "Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары"(2004) эсептелет. Аталган эмгекте автор кыргыз фольклорундагы жанрлар талапка ылайык изилденбей, классификацияланбай, ар биринин өзүнө таандык жанрдык белгилери илимий жактан негизделбей келатканына өкүнүү менен изилдөөнү талап кылган миф, уламыш, аңыз, легенда, санжыраны оозеки прозалык аңгемелер[1] атаган. Дегеле кыргыз фольклорунда буга чейин бизге белгилүү классификацияга кирбей калган тарыхый хроникалар, ырымдар, дарымдар, элдик дастандар улуттук кыртыштан кайра карап чыгууга муктаж экенидигин баса көрсөткөн.

Улуттук адабиятта тарыхый романдардын генезиси атайын изилдөөгө алына элек. Ошондуктан бул маселе жөнүндө кеп кылуунун өзүндө өтө чоң илимий жоопкерчилик жатат. Биз ошол жоопкерчиликти сезүү менен бирге, генезис проблемасы бир гана изилдөөнүн алкагына сыйбай тургандыгын алдына ала баса белгилейбиз жана бул багыттагы фундаменталдуу изилдөөлөр келечектин иши деп эсептейбиз. Анткени андай изилдөөлөргө зарыл шарт менен өбөлгөлөр Кыргызстандын мамлекеттик эгемендүүлүгүнөн кийин гана түзүлдү.

Ошентсе да бул проблемага такыр кол тие элек деп кесе айтуу да калыстыкка жатпас. Тарыхый романдын өзү болбосо да анын жанрдык негизги белгилеринин бири болгон документалдуулуктун генезиси азын- оолак изилдөөгө алынган. Бул багыттагы алгачкы изилдөөнүн бири Х.М.Шамбеталиеванын "Генезис документализма в кыргызской прозе" темасындагы кандидаттык диссертациясы эсептелет. Документалдуулук көбүнесе тарыхый чыгармаларга таандык көрүнүш болгондуктан, диссертанттын улуттук адабияттагы тарыхый чыгармалардын: (М.Элебаевдин "Узак жол", А.Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романы, Ш.Бейшеналиевдин

[1] Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б.:Учкун, 2004. – 25-б.

“Кычан” повестине таянышы мыйзамченемдүү көрүнүш. Изилдөөчү кыргыз прозасындагы документализмдин генезисине негиз болуучу төмөнкү булактарды эсептеген:

- Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги көрүстөн эпитафиялары;
- Санжыра;
- Расмий жана архивдик документтер[1]

Улуттук адабияттагы өтө олуттуу проблемага арналган алгачкы саамалыктардын бири эсептеп, иштин маанисин төмөндөтпөй туруп, жогорудагы генеалогиялык булактар жетишсиз деген ойдобуз. Анын үстүнө изилдөөчү тарыхый чыгармалардын генезисин эмес, документализмдин гана башатын изилдөөнү максат кылган.

Кыргыз элинин көркөм чыгармаларындагы документалдуулуктун башаты анын этногенез катары калыптанышын далилдеген документтер менен тыгыз байланыштуу болууга тийиш. Биздин оюбузча, кыргыз тарыхый романдарынын генезисин **кытай жазма булактарынан** издөө талапка ылайык болор эле. Бирок, бул документтерге кыргыз жазуучуларынын обьективдүү себептер менен кол жетпестигинен улам, алар тарыхый романдарга негиз болуу функциясын толук аткара албай келди. Ошентсе да кыргыз жазуучусунун улуттук аң-сезиминин түпкүрүндө кыргыз эли байыркы эл экендигин тастыктаган тарыхый булактар кытай жазылмаларында деген түшүнүк дайыма анын көркөм ойлоосун коштоп келгендиги тарыхый романдардан байкалат. Мисалы, “Көк асаба” романын жазуучу тарыхый булактан алган мына бул эпиграф: “Ал кезде Енисейди жердеген кыргыздар эски доордун 201-жылынан кытай маалыматтарында белгилүү” – деген В.В.Бартольддун сөзү менен ачат. Бирок бул тарыхый маалымат чыгарманын композициясына көркөм чындык менен ширелише кире албай, эпиграф катары гана обочолонуп калган. Кеп, кайсы бир тарыхый документти жазуучулардын колдонгонунда эмес, ал документтерде **тарыхый окуялар**, **доордун мүнөздүү белгилери, тарыхый**

[1] Шамбеталиева Х.М. Генезис документализма в кыргызской прозе: Авторев. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Бишкек, 2004. – С. 9-11.

**инсандар,** алардын **коомдук ишмердүүлүгү, тагдыры** тууралуу маалыматтардын сакталгандыгында. Ал тарыхый булактардан которулган бир топ маалыматтар биз колдонуп жүргөн тамгага жакында көчүрүлүп, "Ханзу жазмаларындагы кыргыздар" деген ат менен Шинжаң эл басмасынан жарыкка чыкты. "Кытай тарыхынын атасы" аталган Сыма чиян жазган "Тарыхый жазмалардын" 110-оромунда мындай маалымат бар: *"Жаңы жылы ноoруз айында гундун журт башчылары теңиркут ордосунда чакан жыйын куруп, түлөө өткөрүшкөн. 5 –айда Улуу балык (Лоңчың) шаарында чоң маареке өткөрүп, ата-бабалардын урматына, көк жана жер-сууга, арбактарга сыйынган"*[1]. Ушул эле гунндар (орусча булактарды туурап хунндар деп да жазылып жүрөт) биздин тарыхта мындайча мүнөздөлөт: Хунндар- б.з.ч. 1-миң жылдыктын башында Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн калктар; түрк элдеринин байыркы ата-тегинин бири"[2]. Мындай тарыхый маалыматтар колдо болбогон соң, көөнө тарых көркөм иликтөөгө алган тарыхый чыгармалар өтө сейрек. Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романы баштаган салттын Т.Субанбеков "Барс-Бек кагандын көрөр көзү", А.Бекбалаевдин "Гунндар" романында уланышы улуттук адабий процессте тарыхый романдагы хронотопту кеңейтти. Ошол эле учурда Т.Субанбековдун аталган чыгармасында да тарыхый чындык менен көркөм чындыктын синтездөө максаты коюлбай, тарыхый маалыматтар шилтеме болуп берилет.

Улуттун түпкү тарыхына саресеп салуу 90 – жылдардан кийин актуалдуу мүнөзгө ээ болду. "Первые исторические сведения о кыргызах встречаются в раннем китайском источнике – "Ши цзи" ("Исторические записки").Сост. I в. до н. э.) Сыма Цяня, где речь идет о расширении хуннским шаньюем Маодунем границы своего государства на востоке до Кореи, а на западе до современного Сыньзяна, примерно около 201 г. до нашей эры"[3] – деген сыяктуу маалыматтар али кыргыз тарыхый романдарынан өз ордун таба элек.

---

[1] Ханзу жазмаларындагы кыргыздар. - Шинжаң эл басмасы, 2004. - 7-б.
[2] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. / Жооптуу редактор А.А.Асанканов. – Б.:Мамл. Тил ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 410-б.
[3] Кыргызы:Источники, история, этнография. / Сост. О.Караев, К.Жусупов. – Б., 1996. - С. 9.

Бул багытта Кытай Эл Республикасында жашаган этникалык кыргыздардын изилдөөлөрү, эмгектери тиешелүү баасын алууга тийиш. Алардын бири Макелек Өмүрбай мындайча жазат: “ ...кытайдын “26 тарых” деген көлөмдүү нече бир томдуктарды камтыган чоң тарыхынын ичинде кыргыздар жөнүндөгү баян 12 чоң тарыхта айтылат. ...тек “кыргыз” деген ат менен айтылган баяндын өзү эле 65 жерде жолугат. ...Бирок өкүнөрлүүсү ушул кыргыздардын тарыхый баяндары ушул күнгө чейин **оңчулуктуу которулбай** келе жатканын **какшап** айтсак болот (астын сызган – К.Ү) ... Эң эртеде (1777-жылдары) Бичурин “кытай тарыхый жазмаларындагы” орус тилине которгон болсо да, анын ичинде кыргыздарга байланыштуу даректер кайра кыргыз тилине бүкүлү которулуп келет. Ал тургай кээ бир түшүнүктөрдү чалакайымдыкка алып барып салганын тартынбай эле айта алабыз”[1].

Улуттук тарыхтын бурмалануу көрүнүшү бир жагынан өзүбүздүн профессинал котормочуларыбыздын жоктугу, экинчиден, биз сыяктуу аз сандуу элдерге жасалган колония саясатынан келип чыккандыгы азыркы учурда жашыруун эмес. Ошол эле учурда кытай жазмаларындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар тарыхый романисттердин көз жаздымында калган эмес. “Көк асабанын” биринчи бөлүмүндөгү “Дастандан кабар” аталган эпизод Эр Киши Жаштегинге атасынын өлүмү жөнүндө айтып берген баянынын мазмунун кыргыз кытай мамилеси түзөт. Эл-Күлчур табгач (кытай) менен чабышта каза болгондугун, бирок табгач каны Сен-Лин-Ха көңүл айтып ортого элчи салганы, өтө так болбосо да, кийин эки элдин ортосундагы мамилелер кайсы бир деңгээлде тарыхый жазмалардагы: “...билге каган Бегле зилинде кичи каган болгон. Ал адил болгондуктан, өз салымын чоң эмес деп карап, Гүлтегинге өтүнгөн”[2] – сыяктуу 710-711- жылдарга таандык маалыматтар менен үндөшөт.

---

[1] Макелек Өмүрбай Кытай тарыхый жазмаларындагы кыргыз тил жазуусуна байланыштуу баяндар. /К-те:Тил тагдыры – эл тагдыры: Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары (20-21 –февраль, 2003). – Б., 2003, - 12-б.

[2] караныз: Ханзу жазмаларындагы кыргыздар. – Шинжан эл басмасы, 2004. – 212-б.

Кыргыз кагандары менен кытай императорлорунун кат аркылуу өз ара белгилүү байланышта болгону, кийинчерээк ар кандай коомдук-саясий экономикалык мамилелерде эки элдин байланышы оң болгондугуна кытай жазмаларынан каттар[1] күбө.

Албетте, жазуучунун көзү тирүү кезинде, “Көк асаба” жазылган мезгилде, биз көрсөткөн документалдуу материалдар колго тийген болсо, балким, анда бул роман такыр башкача жазылмак. Чыгарманын идеялык-тематикасына ылайык документалдуу материалдардын жетишсиздигинен, автор көбүнчө фольклордук материалдарга кайрылып, көркөм ойдон чыгаруу менен тарыхый роман жазууга кылган аракети жанрдын бардык талабын аткарууга жетишсиздик кылган. Ошондуктан да “Көк асабанын” жанры бүгүнкү күнгө так аныкталбай келүүдө. Ошентсе да, тарыхый документтерде чагылган жоокерчилик доордогу мамилелер, тарыхый инсандардын мүнөздөмөсү, бийлик адамдарынын тагдырлары, бийлик ээси менен элдин ортосундагы алака тарыхый жанрга таандык белгилер болуп эсептелет. Түшүнүктүү, тарыхый жазылмалар кагаз бетине түшкөн кезде тарыхый роман болгонуна эч ким кепил боло албайт. Бирок жанрды пайда кылуучу анын бардык элементтери **өзүнөн улуу** (А.Н.Веселовский) же **өзүнөн эски**.

Кытай жазмаларындагы даректүү маалыматтардын, документалдуу материалдардын бүгүнкү күнгө чейин колдонулбай жаткандыгы адабиятта гана эмес, жалпы улуттук чоң проблема.

Кыргыз тарыхый романдарынын экинчи генеалогиялык булагы элдик чыгармачылыкта эң мыкты өнүккөн сөз өнөрү – **санжыра** түзөт деген ойдобуз. Кыргыз тарыхый романдарынын ичинде санжыра колдонулбаган чыгарманы табуу кыйын. Бирок, романдын башка түрлөрүнөн айырмаланып, санжыра тарыхый жанрдагы чыгарманын **композициялык структурасынын ажырагыс** бөлүгүн түзөт. Романдагы тарыхый каармандын кыймыл аракетин,

---

[1] Кытай императорлорунун Кыргыз кагандарына жазган каттары (Ли дыйүнүн чыгармалар жыйнагынын алтынчы орому). Которгон – Макелек Өмүрбай. Басмага даярдагандар: А.Асанканов, О.Каратаев, Ү.Култаева. – Б.:Учкун, 2003. – 86 б.

мүнөзүн аныктоочу негизги көркөм каражат милдетин, ошол эле учурда тарыхый чындыктын аргументи катары колдонулат. Бирок санжыра тарыхый булак катары өз милдетин аткаруу үчүн ага этият мамиленин зарыл экендиги байкалат. “Санжыра али тарых эмес. Ал тарыхтын күбөсүнүн, булагынын бири. Ошол себептүү ага дал ошондой мамиле зарыл. Мунун өзү санжыраны (эгер ал ойлонуп чыгарылбаган, бурмаланбаган болсо) ар тараптуу талдап, анализдеп, илимий электен кайра кайра өткөрүү дегендикке жатат”[1].

“Сынган кылыч” романындагы Ажыбай датка айткан Шералинин ата теги жөнүндөгү, “Көчмөндөр кагылышында” саяк уруусунун теги тууралуу Ниязбек карыя айткан санжыра биз айткан ойдун жаркын мисалдарынан.

Тарыхый романдын генеалогиялык башатындагы фольклордун ролу жөнүндө сөз кылганда биз жогоруда эмгектерине токтолгон эки окумуштуунун тең – А.Эркебаев менен Ү.Касыбековдун пикирлерине кошулабыз. Тактап айтканда, фольклордук чыгармалардын жанрдык системасы, эпос, элдик дастандар тарыхый окуяны, мезгилдер аралыгындагы жана белгилүү мейкиндиктеги тарыхый окуяны көркөм сүрөттөө баяны менен жазма адабияттын башка жанрларына берген эстетикалык “заряды” (Ү.Касыбеков) тарыхый темадагы романдын структурасында бөтөнчө мааниге ээ.

Элдик оозеки чыгармачылыктын жанрдык системасында тарыхый романдарга фольклордук классификацияга кирбеген, же ага туура эмес кошулган оозеки формалар (А.Эркебаев аларды “жомок эмес прозанын жанрлары” атаса, Ү. Касыбеков, “жарым фольклордук чыгармалар” деген термин менен берген): **оозеки прозалык баяндоолор** (сказы), миф, легенда, чечен сөз, жорго сөз, тарыхый уламыштар, аңыздар тарыхый романдын стилистикалык, сюжеттик, композициялык курулушунда ар түрдүү функционалдык кызмат аткарат. Тарыхый романдардын жанрдык түзүлүшүндө фольклордук жана жарым фольклордук чыгармалар документалдуулуктун, архивдик материалдардын ролун аткарып калган учурлар кездешет. Айрыкча, **оозеки прозалык баяндоолордун** башка жанрларга караганда тарыхый

---

[1] Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Б :Кыргызстан, 1995. – 8-б.

романдардагы информациялык функциясынын мааниси чоң экендиги байкалат. Бул жерде “оозеки прозалык баяндоонун” маанисин тактоо зарыл. Ү.Касыбеков аны мындайча айырмалайт: “Сказ – литературная стилизация фольклора, рассказ же – продолжение его в развитом и трансформированном виде. Сказ, прежде всего, понятие стилистическое, тогда как рассказ – структурно-жанровое”[1].

Мисалга кайрылалы, “Көк асаба” романында Уйсун жергесин аралап баратып, топтолгон төөнүн үйүрүн көрүп Эр Киши “Төө чабыш” баянынан кеп салды: “Байыркы бир заманда “Төө чабышы” болгон деген кеп бар. Ал мындайча болуптур: Буларга (уйсундарга) касташкан жоо чаап алганы келген го. Ошондо уйсундун билги-беги эрен “өз колун качты кылып”, жоону кең жайыкты көздөй жазгырды. Жоо кең жазыкка капталганда, эрен колу көмүскөдө өңүп, колдун жоон тобу жоого каршы сансыз төөнү үркүттү. О, төө да, жылкы да бир дүрбөп үркүп алганда баш бербес. Сан жетпеген төө буркулдап-зиркилдеп жоо жолун бөгөдү... О, алданган жоо төө менен урушмак беди?! Калың төө жол бербей – кишилер айкырып, төөлөр буркулдап-боздоду. Көккө тозоң сапырылды.

Ачык күн көрүнбөй боз каптады. Анан катуу бороон чыкты... Ошондо жоо колу “Бул бизге белги көрсөткөн сыйкыр, чоң кырсык” дейт да самсып кайра кетти”.[2] Тексттен көрүнүп тургандай, тыкан композициялык түзүлүшкө ээ болгон бул баянды миф, же легенда дегенге болбойт. Болгону эл ичиндеги кадимки жөнөкөй оозеки проза. Ушул жөнөкөй калыбында ошол өз доорун кадимкидей элестүү түрдө окурмандын көз алдына тартып, жоокерлик замандын бир “сырын” мазмунуна сыйдырып, тарыхый роман кийинки муунга берчү нравалык сабагын берип турат.

Элдик фольклордун жанрдык системасында, биздин оюбузча**, тарыхый ырлар, кошоктор** тарыхый маалымат берүүдө маанилүү роль ойнойт. Кыргыз фольклористикасында, айрыкча, тарыхый ырлар кийинки мезгилге чейин анын

---
[1] Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызской письменной прозы. – Б., 1992. -13-б.
[2] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. – Ф.:Адабият, 1989, - 93-б.

жалпы классификациялык системасынан да орун алган эмес. Тарыхый ырлар элдин эсинде калган тарыхый окуяга же тарыхый инсандын тагдырына арналып эл тарабынан чыгарылат да, муундан муунга ырдалып, тарыхый эс тутумдун өзгөчө формасына айланат.

1991-жылы “Кыргыздар” аттуу китепке “Тарыхый сөздөр жана ырлар” эмнегедир “Салт” бөлүмүнө кирген. Чакан эки ырдын тексти: “Чыңгыз хандын жоо жоолаганы”, “Чыңгызхандын балдарына айткан кеңеши” 1162-жылдан соңку тарыхты ичине алат” деген түшүндүрмөгө ылайык келе турган тарыхый окуялар байкалбайт. Мезгилдер аралыгында ыр бир топ унутулуп, өзгөрүүгө учурап, ал эмес “Манас” эпосундагы туруктуу саптар “Ак асаба кызыл туу, Көк асаба кызыл туу” кездешет. Анткени менен:

Кылычтууну кыйратып,
Кытай журтун ыйлатып...
Индистанды чаңдатып,
Күн батышты чуулатып[1] –

деген саптардан бир мезгилдеги жоортулдун элеси даана байкалат.

Буга чейин Улуттук Илимдер Академиясында тарыхый ырлардын жетишерлик көлөмдөгү кол жазмалары сакталып тургандыгына карабастан, “белгисиз себептер жарыкка чыкпагандыгынын”[2] себеби азыр белгилүү эмеспи. Тарыхый ыр жөн жерден жаралбай, улуттун сөөгүнө өткөн, жанына баткан ыйы чагылгандыктан, эл жабыркап, коомдогу адилетсиздикти жеңе албай калганда жан-дүйнөнүн бөксөсүн ыр менен толтуруп, “кырсыкка каршы”(Т.Сыдыкбеков) ырдалгандыгы үчүн басмадан чыкпай келди. Качан гана улуттук аң-сезим “эркиндикке” чыкканда Академиядагы кол жазмалардын ичинен тарыхый окуяларды көркөм чагылдырган: “Казак кайың саап, кыргыздын Ысарга киргени”, “Жунгария калмагы”, “Өзүбектердин кыргыздарга кылган мамилеси”, “Үркүн” (1916-жыл), “Үч доор” сыяктуу ырлар биринин артынан бири чыга келди. Башкасын айтпаганда да “Үч доор” ырында

[1] Кыргыздар. /Түзгөн К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 519-б.

[2] Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар: “Эл адабияты” сериясынын 19-тому. /А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. Түзгөндөр: А.Акматалиев, С.Егембердиева. – Б.:Шам, 2002. – 8-б.

кыргыздардын тарыхындагы калмак доорунан баштап, Октябрь революциясына чейинки башынан өткөн окуялары чагылган:

Беделдин белин сыдырып,
Турпан менен кыдырып.
Ачарчылык болгондо,
Өлүп калды кырылып.
Он алтынчы жыл болуп,
Кыргызга кыйын сыр болуп.
Падышасы жыгылып,
Басылбаган чыр болуп.
Чарбаларын бүлдүрүп,
Шылдың кылып күлдүрүп.
Качкан элдин артынан,
Аскер кууп сүрдүрүп[1] – деген саптарды улай окуй берсе,

тарыхый окуялар биринин артынан экинчиси кубалаша ээрчишип, доордун бүтүндөй панорамасын көз алдыга келтирет. Тарыхый ырлар жөн гана тарых хроникасы эмес, биринчи орунга адам тагдырын, улут тагдырын койгондугу менен баалуу. Ыр саптарынын арасында жашынып жаткан тарыхый инсанга берген элдин баасы бар.

Тарыхый инсандардан Шабдан, Камчыбек , Атаке, Бүргө, Ормон, Шамен, Төрөгелди, Жантай, Тайлак , Байтик сыяктуу тарыхый романдардын каармандарына берилген мүнөздөмөлөр бар. Алар жазуучуга кайсы бир деңгээлде тарыхый инсан тууралуу архивде жок маалыматтарды берүү мүмкүндүгүнө ээ. Натыйжада тарыхый ырлар көчмөн турмушта улуттун тарыхый эстутумуна уялап, элдик архивдин милдетин аткарган. Айталы, улуттук адабиятта образы карама-каршылыктуу сүрөттөлүп келаткан Ормон ханга арналган тарыхый ырда анын өлүмүнө байланышкан окуялар мындайча сүрөттөлөт:

---

[1] Ошондо, - 130-б.

Ормонду Бакең сайганда,
Анда Төрөгелди баатырың,
Төмөнкү Пишпек коргондо.
Кабарлап Кашкар камалган,
Кан атакем арбагы,
Калмак журту таң калган.
Кызматын кыпчак окшоткон,
Кан атам өлдү дегенде,
Кылычын казак бошоткон[1]

Ырас, 2000 – жылдарга чейин тарыхый ырлар өзүнчө басмадан жарык көрбөгөн соң, анын жанрдык табияты адабияттаануда изилдөөгө алынган эмес. Ал советтик доордогу эле эмес, кийинки жаңы көз караш менен жазылган "Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгүндө" да, кыргыз фольклорунун классификациясында да жок[2].

"Кыргыз адабиятынын энциклопедиясында" ага мындайча аныктама берилген: "Тарыхый ырларда тарыхый окуяларга байланыштуу өзгөрүүлөр жана да ошол тарыхый окуяларга карата элдин көз карашы берилет. Негизги каарман болгон адамга арналган ырларда ошол мезгилде болуп өткөн орчундуу тарыхый окуяга түздөн-түз аралашып, анда кандай кызмат өтөгөндүгү баса көрсөтүлөт."[3] Сыртынан караганда эл ичинде белгилүү инсанга арналган кошокко окшоп көрүнгөн тарыхый ырлардын жанрдык негизги белгиси кайсы? Биздин пикирибизде аны кошоктон айырмалап турган бөтөнчөлүгү катары төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

- тарыхый окуяга жалпы улуттук деңгээлде баа берилет;
- тарыхый инсандын жеке сапаттарына караганда анын коомдук ишмердүүлүгүнүн тарыхый окуяга тийгизген таасири биринчи планга чыгат;

---

[1] Тарыхый ырлар... – 212-б.

[2] караңыз: Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек, 2004; Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б.:Учкун, 2004. – 49-б.

[3] Кыргыз адабияты:энциклопедиялык окуу куралы. /Башкы редактор Ү.Асанов. – Б.: Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору, 2004. – 348-б.

- инсандын жеке сапаттары кошоктогудай идеализацияланбай, реалдуу жана тарыхый чындыкка жакыныраак сүрөттөлөт.

Тарыхый ырларда көбүнесе жалпы элге таандык окуялар чагылгандыктан, анда тарыхый романдардын башаты болсо, кошоктордо тарыхый-автобиографиялык жанрга мүнөздүү белгилер байкалат. Кошокто тарыхый инсандын өмүр жолу, коомдук ишмердүүлүгүнө жогору баа берилет, реалдуу чындыкка караганда ага көркөм ойдон жаратуу көбүрөөк кошулат. Инсандын жаман сапаттары дээрлик айтылбайт, башкача айтканда, кошокто элдин көзү өткөн адамды жакшы сөз айтуу маданияты бар. Кошокто реалдуулук менен ойдон жаратуунун синтези бар. Тарыхый романдарда кошоктун табиятында таандык инсанды даңктоо, анын коомдук ишмердүүлүгү менен бирге каралып, тарыхый каармандын улут тагдырындагы ордуна маани берилет. Эл ичинде Алымбек датканын көзү өткөндө анын жубайы Курманжандын датканын кошкон төмөнкү кошогу эл ичинде аздектелип жашап келет:

Кырмызы манат чепкенди, бегим,
Кыябын барктап, ким кийет, бегим?
Кыр-кырда жүргөн кыргызга, бегим,
Кыямат күндө ким күйөт, бегим...[1]

Кызыгы, мындай кошоктордун көөнөрбөй, бүгүнкү күндөгү кыргыз коомунун проблемалы менен байланышып тургандыгында.

Улуттук тарыхый эс тутум адабий фольклордук чыгармалардан башка да элдик көркөм өнөрлөрдө сакталгандыктан, комуз күүлөрүнөн, “Саймалуу Таш” эстеликтеринен тарыхый романдар үчүн баалуу маалыматтарды табууга болот. Алар да өз мазмунуна адабий фольклордук чыгармалар сыяктуу эле элдин башынан өткөн маанилүү окуяларды, тарыхый инсандардын тагдырына байланыштуу даректүү материалдарды камтыйт. Ар бир комуз күүсүнүн тарыхы – бул элдин тарыхы. Көсөм эл тарыхый маалыматты сактоонун көчмөн турмушка эң бир ыңгайлуу жолун ойлоп таап, аны комуз күүлөрүнүн

---

[1] Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. /А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. /Түз. жана баш сөзүн жаз. С.Егембердиева; Түз.:А.Акматалиев, С.Егембердиева. – Б.:Шам, 2002. – 219.

мазмунуна сыйдырган. Комуз күүлөрүнүн дээрлик баарынын тарыхы бар, башкача айтканда, ал күү кандайдыр бир окуянын негизинде пайда болгон. Болгондо да адамдын жан-дүйнөсүндөгү оор абалды, психологиялык жабыркоону, адам мамилелериндеги татаал кагылышуу, кокустукту сөз менен түшүндүрүүгө тил кудурети жетпей калган учурда, ал күү болуп чертилип, дагы бир көркөм өнөрдүн “рух тили” менен – күү аркылуу туюнтуу аргасын ойлоп табышкан. Күүлөрдүн ичинде тарыхый окуяга байланыштуу адам трагедиясын чагылдырган чыгармалар кездешет. Өз бир тууган боорун өзү өлтүрүп алган “Абактын арманы”, хандын каарынан коркcондо, тил жетпеген окуяны туюндурган “Кетбука”, күүнүн келип чыгуу тарыхын баяндаган “Камбаркан” сыяктуу күүлөрдөн эл тарыхына байланыштуу маалыматтарды алууга болот.

Кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн ичинде “Саймалуу Таштар” дагы бир сыйкырдуу тарых эстеликтери. Ташка чегилген, отко күйбөс, сууга акпас, ысыкка эрибес, суукка тоңбос бул эстеликтер элдин тарыхый басып өткөн жолунан кабар берип турат. Кыргызстандын түштүгүндө Көгарт ашуусундагы, түндүгүндө - Талас, Нарында кездешүүчү “Саймалуу Таштар” керемет сырды ичине камтып, элдин тарыхындагы белгилүү бир окуяны мазмунунда кулпулап турат. Изилдөөчү К.Жусуповдун бул сыйкырдуу көрүнүш тууралуу айткан пикири чынында эле кызык: “Саймалуу Ташка” жайкысын түнөгөн адам түнкүсүн аскалар арасынан ар кандай сырдуу добуштарды, сыйкырдуу жарылууларды, кагылышууларды угат. Бул жорукту кээ бир атеист окумуштуулар кечке күнгө аябай ысыган базальт таштар түнкү суукта жарылат деп жорушат. А сырдуу дүйнөгө кызыккан адамдар бабалардын касиет руху ойгонуп жатат дешет”.[1] Окумуштуунун мындай пикирине биздин кайрылуубуздун себеби биринчи же экинчи көз карашка кошулуу же кошулбоо эмес, “Саймалуу Таштардын” сырдуу касиетин баса белгилөөдө, ал сырлардын эмдигиче илимде ачылбай жаткандыгында, ал эстеликтерде көчмөн турмуштун жашоо образынын чагылганында жана байыркы тарыхый доордон кабар

---

[1] Жусупов К. Байыркынын издери. – Б.: Кыргызстан – Сорос фонду, 2001. – 15-16-б.

бергенинде. Мындай таштардын Минисунскиде (Миң-Суу), Енисейде, Алтайда, Тувада, Монголияда табылышы жана алардын ортосундагы окшоштук бул аймакта жашаган элдердин ар түрдүү мамилерине барып такалаары шексиз. Ташка сүрөт чегүү көбүнчө эл үчүн курман болгон баатырларга көрсөтүлгөн урмат экендигин да тарых тастыктайт. Анын көркөм чагылышына "Көк асабадан" бир нече мисал келтирүүгө болот. Чыгармада "Эр Текеш өлүмү" деген эпизод бар. Темир иштеткен кенчилердин бир мыкты адамы көмүргө чыгып, жолборско өзүн жардырып кайра кайтпай калат. Анын денесин тапканда жакын досунун күйүт сөзү мындайча сүрөттөйт:

- О-у! Сырттан! О-у! Бөрү! Ушундай өлмөк... ушинтмек: капыстан мүрт өлмөк. Ажалы өзүнө. Арбагы тирүү, бизди колдоп жүрсүн. Кара буура экөөнү бир күйгүзөм! Дал өзү жаткан ташты башына балбал коем. Жолборсту арбагы тушасын, балбалга ошол жолборстун сөөлөтүн ойдурам. О-у! Чоң досум, сен маа ошондо ыраазы болуң. Ошондо ыраазы болуң!"[1]

Көчмөн элдердин турмушуна мүнөздүү ушундай эле тарыхый эстеликтер Орхон-Енисейдеги көрүстөн жазуулары эсептелет эмеспи.

VI-IX кылымдагы Орхон Енисей жазмасы менен сакталган поэтикалык эстеликтер жалпы түрк урууларына орток, анын ичинде алар кыргыздарга да тиешелүү экендиги акыйкат чындык. Окумуштуулар В.В.Радлов, Томсен, Ф.А.Клеменц, Е.Н.Клеменц, Г.Рамстед, кийинчерээк С.В.Киселов, Л.Р.Кызласов, С.Г.Кляшторный, С.Е.Малов, В.В.Бартольд, А.Н.Бернштамдын эмгектери белгилүү. Бул эстеликтер боюнча кыргыз тарыхчыларынан Ө.Караев, Ч.Жумагулов, чет өлкөлүк изилдөөчү Анвар Байтур, адабиятчылардан К.Артыкбаев, А.Абдыразаков, А. Эркебаевдердин бул тарыхый эстеликтер жөнүндөгү баалуу пикирлери кыргыз адабиятынын башатын ошол жазмалардан дагы тереңирээк изилдөөгө багыт берет.

Рун жазмасы менен ташка чегилген эпитафияларда жоокерлик доордун мыйзамына ылайык өз ара кагылышуулар, тарыхый инсандардын ишмердиги,

[1] "Көк асаба". - 87-б.

элдин көз карашы, ишеними поэтикалык формага салынып сүрөттөлөт. Ушунун өзү кыргыз элинин этнос катары өнүгүшүндө **улуттук мүнөзүнүн** калыптанышына таасир этүүчү эң негизги факторлордон болгондугу шексиз. Баатырдык, намыскөйлүк, сабырдуулук, мекенди сүйүү сапаттарынын генетикалык булагы ошол жоокерчилик доордон келаткан рухий баалуулуктар. Буга ошол эстеликтеги ( Тонүкүккө арналган эстеликте) жазуулар күбө: “Артыкча **Кыргыз күчтүү каган** жообуз болду. Ал үч каган ойлошуп (сүйлөшүп) Алтын-Жышта кабышалык (биригелик) деген, ошондой (сүйлөшүштү)”.

Могилян канга арналган эстеликте: “Жыйырма алты жашымда чик **журту кыргыз** (менен) бирге жоо болду. Кем (суусун) кече (кечип), чиктерге карай жортуулдадым. Өрпөндө согуштум, колун жанчтым (талкаладым). Аз (журтун) элин алдым, багындырдым. Жыйырма жети жашымда **кыргызга** карай жортуулдадым, найза батымынча карды жиреп, Көгмөн жыш тоосуна чыгып, кыргыз элин уктап жатканда бастым. Каны менен Суңа согуштум. Каганын өлтүрдүм, элин анда алдым”[1].

Ушундай тынымсыз кагылышуулардан кийин кыргыздар IX кылымда “Улуу кыргыз кагандыгын” түзгөндүгү белгилүү. Ошол мезгилде кыргыз элинин зоболосу дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлгөндүгүнө кытай жазмаларындыгы каттар далил: “Мен улуу Таң падышасынан кыргыз канына урматтуу салам. ...(Элчиңиздер) Жоокуусул сыяктуулар келди. Жиберген катыңызды жана тартуу кылган аргымак аттарды тапшырып алдык. Мен баарынан кабардар болдум. Кан өзүңүз тескей тоо өңүрүндө баатыр колду курап, күчтүү жоокер менен түндүк жактын каарманы болуп жатасыз. Өзүңүз бүт эле акылмандык менен жөндөмгө толгон экенсиз. Өзүңүздүн ак жүрөктүгүңүз жана кеменгерлигиңиз менен калың элиңизди жетектеп, бөтөн уруулар ичинде да даңкыңыз чыгып, чек арадагы барча бектердин арасында кадыр-баркыңыз көтөрүлдү”[2].

[1] Караев Ө. Байыркы түрк эстеликтери жана араб перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. /К-те: Кыргыздар. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 88-б.
[2] Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары. – Б.:Учкун, 2003. – 21-б.

Эстеликтерде элдин башынан өткөн тарыхый окуялар таш бетине чегилгендиктен, алар архивден анык документ болуп эсептелет. Анткени ал документтерге жеке инсандын субъективдүү көз карашы, кийинки саясаттар таасирин тийгизген эмес. Тарыхый романист үчүн М.Шагинян айткандай, “жашоону документ менен эмес, документти жашоо менен текшерүү”[1] маанилүү болсо, анда кыргыз романисттери үчүн ташка чегилген эстеликтер өзгөчө тарыхый булак болуп эсептелет. Алар кайсы бир деңгээлде, тарыхый романдын функционалдык (таанытуучу, тарбиялоочу) кызматын аткарып тургандыктан, аны тарыхый романдагы документалдуулуктун генетикалык башаты эсептөөгө негиз бар. Бирок, “Култегиндин урматындагы кичи жазуудагы” 110 сап, “Чоң жазуудагы” 428 сап, “Тонүкүктүн урматындагы жазуудагы” 313 сап ж.б. поэтикалык тексттер тарыхый романисттердин көркөм интерпретациясына толук алына элек. Ошондой эле орто кылымдагы тектеш түрк тилдерине таандык адабий мурастардан “Огуз- наме”, “Бабур-наме” биздин улуттук адабий процесстен али өз ордун жакшы таба элек. Түрк урууларынын бирге, жанаша жашоо кечирүү тагдырына байланыштуу тарыхый окуяларды камтыган бул мурастарда тарыхый жанрга таандык көп маселелерди изилдөө келечекти иши. Дал ушул тагдырлаш тарыхка ой толгогон Ч.Айтматов “Улугбектин казынасы” романынын автору А.Якубовго жазган катында мындай деген: “Улугбек мен үчүн орто кылымдагы чыгаан окумуштуу болгондугу менен эмес, биздин түпкү ата-бабаларыбызга таандык улуу трагедияны бащтан кечиргендиги менен улуу”[2]. Кыргыз жеринде туулгандыгына карабастан жалпы түрк элине таандык орто кылым ойчулдары Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкаринин тагдыр-таржымалы, өмүрү менен чыгармачылыгы да кыргыз адабиятында көркөм аңдоого алына элек.

Октябрь революциясына чейинки жазма булактардын ичинде “Мажму Ат-Таварих” (Тарыхтар жыйнагы) өзгөчө орунда турат. Ал XVI кылымдын баш ченинде ферганалык Сейф ад-Дин Ахсыкенти жана анын уулу Ноуруз-

---

[1] караңыз: Набросок портрета // Литературная литература, 1968, №14, 3-апрель. – С.6

[2] Шермухамедов П. Диалектика души и истории // Дружба народов, 1981. № 3. – С.233.

Мухаммед (же Нурмухаммед) тарабынан тажик тилинде жазылган эмгек. Анын эки нускасы Ленинград шаарында, үчүнчүсү Кыргыз илимдер академиясынын Кол жазмалар (инв.№ 51054) фондунда сакталып турат"[1]. Кол жазмадагы тарыхый инсандар жөнүндөгү маалыматтар, кыргыз уруулары жөнүндөгү геналогиялык таблицаны көркөм аңдоо маселеси али колго алына элек.

Жогоруда биз сөз кылган маселелерден улам төмөндөгүдөй **корутунду пикирге** келебиз:

1. Кыргыз тарыхый романдарынын композициялык-сюжеттик структурасында жазуучулар тарабынан колдонулуучу эпикалык салттар, элдик оозеки прозалар улуттук мүнөз түзүүнүн генеалогиялык негизин түзөт.

2. Кытай жазма булактарындагы маалыматтар, Орхон-Енисей жазма эстеликтери, Саймалуу таштар, комуз күүлөрүнүн тарыхый маалымат берүү мүмкүндүктөрүн тарыхый романдагы документалдуулуктун генезиси эсептөөгө болот. Узак убакыт биздин жазуучулар тарабынан ал маалыматтардын терең өздөштүрүлбөгөндүгүнөн улам тарыхый романдардагы документалдуулук тиешелүү деңгээлге жетпей жаткандыгы байкалат.

3. Кыргыз фольклористикасынын классификациясынан орун албай келген тарыхый ырлар, тарыхый уламыш, санжыра тарыхый романдардын көркөм интерпретациясына муктаж.

4. Улуттук адабият таанууда тарыхый романдардын генетикалык башаттарын изилдөө проблемасынын иштелбегендиги тарыхый жанрдын теориялык маселелерине түздөн-түз таасирин тийгизген.

5. Постсоветтик мезгилде жазылган тарыхый романдардын көркөм-эстетикалык сапатын талапка ылайык деңгээлде чыга албагандыгы адабият таанууда жаңы илимий парагдиманын жоктугу менен түшүндүрүлүүгө тийиш. Кыргыз тарыхый романдары улуттук генеалогиялык булактарды өздөштүрүүгө, тарыхый чындыкты аңдап-таануунун эстетикалык функциясына ылайык жаңы көркөм ойдон жаратууну талап кылат.

---

[1] Караев Ө. Илимий башат // Кыргызстан маданияты, 1990, № 37, 13-сентябрь. – 4-5-бб.

# § 2. Кыргыз тарыхый романдарындагы типтүүлүк: эпикалык салт жана мотивдер

Улуттук адабий процессте тарыхый жанрдын калыптанган мезгили 60 – жылдар эсептелсе да, элдин башынан өткөн окуялардын чыныгы жүзүн көркөм иликтөөгө алуу демилгеси 80 – жылдардан башталды. Анткени ага чейин “Сынган кылыч” романынан башка чыгармалардын дээрлик бардыгында жазуучулардын көркөм аң-сезими социалисттик идеологиянын “тушоосунда” эле. Ошондуктан, биз кыргыз тарыхый романдарынын улуттук өзгөчөлүгүн 1980–2005 - жылдар аралыгындагы кыргыз прозасында басмадан чыккан, кайра иштелген чыгармалардын материалында**: “Көк асаба”** (1989), **“Көчмөндөр кагылышы”** (1993), **“Сынган кылыч”**[1] (1998), **“Хан Ормон”** (биринчи китеп-2000; экинчи китеп-2001) **тарыхый-реалисттик** романдарынын материалында сөз кылмакчыбыз. Аталган чыгармалар кыргыз тарыхый романдары камтыган мезгил жана мейкиндикти толук мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. “Көк асаба” – көөнө тарыхты, “Көчмөндөр кагылышы”, “Хан Ормон” – түндүк кыргыздардын, “Сынган кылыч” – түштүк кыргыздардын XIX кылымдагы коомдук социалдык карама-каршылыктарын чагылдырган; алар кыргыз тарыхый романдарынын өнүгүү тенденциясына (ийгилиги жана кемчилиги менен) мисал боло алат.

“Роман жаралганда эле улуттук түскө ээ болду, – дейт А.Гулыга – , Англияны Диккенс мыкты баяндай билет, анын китептери ушул өлкөдө гана пайда болушу мүмкүн; “Адам тамашасы” – бир гана Францияда. Германияда такыр башка интеллектуалдык роман калыптанды. “...Романдын европалык тиби немецтин улуттук мүнөзүнө туура келбеген жат көрүнүш”, - дептир Т. Манн. “Биздин мыкты романдар - кайра кийинген философия”[2] - дейт бул пикиринди колдогон Г. Гессе. Демек, кыргыз романдары кыргыз адабиятында гана болушу мүмкүн. Эгер андай болбосо, башка таасирлер, таңууланган теория, идеологияга “баш ийген” көркөм туундулар мезгил

[1] “Сынган кылыч” романынын кайрадан иштелип, 1998-жылы басмадан чыккан 5-басылышы тандалды.
[2] Гулыга А. Мудрость трагедийного эпоса // Литературная газета, 1987, 25-февраль. – С.7.

сыноосуна турuштук бере албастыгына совет доорундагы бир топ чыгармалардын тагдыры далил. Албетте, бул адабий таасирди тануу дегендикке жатпайт. Ал болгон жана боло берет. Ошол эле совет доорунда Ч.Айтматовдун чыгармаларды ааламды чарк айланган темп менен окулуп, башка тилдерге которулуп, миңдеген нускада жарык көргөндүгү да кыргыз адабиятынын адабий тажрыбасы. Ошентсе да роман жаралуу үчүн турмуштун өзүнүн романдашуу зарылдыгы (К.Даутов), тарыхый жанрда өзгөчө актуалдуу мүнөзгө ээ. Романга таандык "...туруктуу, бекем, типологиялык өзгөчөлүктөр конкреттүү-тарыхый **дүйнө тааным өзгөчөлүктөрүнөн** келип чыгат"[1].

Кыргыз элинин дүйнө тааным өзгөчөлүгү элдик фольклордо көркөм жалпылоонун бай салтына ээ болгондуктан, анын жанрдык системасындагы эпикалык салт жана мотивдер тарыхый романдарда активдүү колдонулганы байкалат. Албетте, тарыхый романдарда типтүү колдонулган санжыра, түш көрүү, керээз, кошок, тарыхый ырлар, уламыш, легенда социалдык романдарда деле кездешет. Эгер социалдык романдарда алар негизинен чыгарманын идеялык-проблематикасы үчүн кызмат өтөсө, тарыхый романдарда "архаиканын бул өлбөс элементтери" (М.М.Бахтин) тарыхый жанрды уюштуруу функциясын аткарат.

## Санжыра

Кыргыз тарыхый романдарында активдүү колдонулган эпикалык салттардын бири – санжыра. Ал өткөн (тарыхый) окуяларды тактоодо элдик документтин ролун аткарат. Башка элдин тарыхый романдарына архивдик документ кандай зарыл болсо, кыргыз тарыхый романына санжыра ошондой эле зарыл каражат. Анткени санжыра кыргыз элинин этнос катары калыптанышынын генетикалык башаты, "элдин эн тамгасы жана анын таануу белгиси" (Ч.Айтматов). Анын үстүнө санжыранын чыгармадагы эң улуу, нарктуу адам тарабынан айтылышы да бир жагынан кыргыз турмушундагы

---

[1] Романенкова М.В. Типология романа в ее национальной специфике. – Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – М., 1993. – С. 7.

реалдуулукка төп келсе, экинчиден ал т а р ы х ы й э с т у т у м д у н милдетин аткарат. Санжыранын ушул касиетине карап, А.Эркебаев ага мындай аныктама берет: "Санжырада кандайдыр бир керемет түр менен реалдуулук жана фантазия, тарых жана ой чабыты айкалышып турат. Башкача айтканда бул баяндоо формасынын ажырагыс бөлүгү, **тарыхый** жана **көркөм чындыктын синкретизми** (астын сызган – К.Ү.) болуп саналат"[1].

Санжырада кыргыз элинин жашоо образына байланыштуу өзгөчө дүйнөтааным бар. Угуу маданиятына негизделген бул элдик чыгармачылык ата-тегин билүүнүн элдик философиясы менен гана чектелбейт. Андагы маалыматтар коомдогу мамилелерди жөнгө салууда, кудалашууда, жеке адамга баа берүүдө, ал эмес жаш муундун тарыхый эстутумун тарбиялоодо чоң мааниге ээ болгон. Санжыранын мазмунундагы тарыхый чындык менен көркөм чындыктын синтези көчмөн турмушта тарыхый инсандар, турмуш окуялары жөнүндөгү реалдуу чындыкты негиз кылып, ага элдик көркөм аң-сезимдин жардамы менен нравалык идея берип, кийинки муунду тарбиялоого мыкты курал катары пайдаланган. Ошондуктан санжыра кайсы бир деңгээлде көчмөн эл үчүн тарыхый романдын милдетин аткарган. Ошол эле учурда адистер санжырага субъективдүү мамиле жасоонун зыяны олуттуу маселелерден экендигин баса белгилешет[2].

Биз аталган романдардагы санжырага сересеп салып көрөлү. "Көчмөндөр кагылышынын" биринчи эле бөлүмү Жумгал өрөөнүндөгү Кулжыгач элин башкарган Качыкенин жашы жүзгө таяп калган Ниязбек карыя (Ормон хандын атасы) менен жолугушунан башталат. Адабий салт боюнча (көбүнчө реалдуу турмушта деле) карыяга жоолуккан соң, карыя жаш адамдын тегин же жети атасын сурайт, болбосо өзүнүн жетеси-жотосу тууралуу түшүнбөгөн суроосун кичүүсү суроого тийиш. Чыгармада Ниязбек Качыкенин уруусунун генетикалык башатынан баян салды: "Тээ алыс бир заманда Тагай бий хандын

---

[1] Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б.: Учкун, 2004. – 25 б.
[2] караңыз: Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Б.:Кыргызстан, 1995. – 29-30-бб.

каарына калып, ордого камалган. Кийин бошонуп чыкканда калыңсыз үйлөнгөн кош бой аялын ээрчиткенден намыс көрүп аманат айтат:

- Көз жарып, эсен төрөсөң – кыз болсо убал сообу өзүңдө. Эркек болсо атын Карачоро кой да, кийин эс тартканда мобу кездигимди берип, мени издет. Акыры Карачоро атасын табат. Каражоросу жок бир селсаяк бала Карачорону ээрчип келет. Аны да Тагай бий асырап алат. Силердин бир атаңар ошол”[1].

Санжыранын айтылуу максаты окурманга ачык эмес. Бул санжырага Качыке экинчисин кошот. Жазуучу улам бир аңыз кепке өтүп, кайсы бир мезгилде түштүккө тентип кеткен кыргыздар, Наманган бегинин Болот аттуу жигитти калмактын тулпарын уурдап келүүгө жумшашы, акысына элин чогулткан Болоттун түндүккө көчүшү, келгиндер менен туруктуу кыргыздардын бирин-бири сүйбөй, майда тирешүүлөр биринен сала бири бүкүлү (өтө эле жыш) баяндалып, аларды байланыштырган идеялык линия бүдөмүк болуп калган. Ошентсе да санжыралардын саяк жана сарбагыш тараптан алым сабак сыяктуу айтылышы уруулар ортосундагы кагылыштын чыгышына үндөшүп тургандай. Бирок автор айрым баяндарды өтө эле майдалап, эстетикалык баалуулугу жок оозеки прозаны да (Маматкулду шылдыңдоо окуясы) аралаштырып жиберген. Натыйжада алар саяк уруусунун теги тууралуу айтылган санжырага көлөкө түшүрүп, анын айтылуу маанисин төмөндөтүп койгон.

“Хан Ормондо” санжыра эки китептин тең аягында “Ормон хандын тукум-ураатынын тамыр бутагы” деген өзүнчө тиркеме менен берилип, ал чыгарманын композициялык структурасынан бөлүнүп калган.

Ал эми “Көк асаба” романында конкреттүү санжыра даана көрүнбөйт. Санжыра боюнча автордук баяндоо: “Жалпы журт Адылтай ажодон кеп күттү” ( 45-б.), “Жети атасы жоктор биздин журтта кул аталур” (111-б.), “Көп жашаган Адылтай аппак болуп, ичтен күңгүрөнүп, алда-кимдер менен сырдашкансыйт.

---

[1] Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. – Б., 1993. – 9-10-бб.

Эбаккы **санжырадан** кеп салат... Кишилер тымтырс олтуруп, баба сөзүн угушат"(193-б.) – деген маалыматтар болбосо, санжыранын өзү жок. Санжырага караганда тарыхый булактарга шилтеме, керээз сөз, алкыш жана каргыш сөздөр, төлгө, салттан чыккан элдик эрежелерди жазуучу жыш колдонгон. Жазуучу канчалык көөнө тарыхтын жүзүн көрсөтүү үчүн ошол доорго таандык тилдик өзгөчөлүктөрдү пайдаланууга аракет кылганы менен **моностилистика (**жалгыз автордук баян) үстөмдүк кылып, романга таандык **көп катмарлуу стиль** (М.Бахтин) жетишпейт.

Санжыра "Сынган кылыч" романында сюжетти баштоочу каражат катары колдонулган. Жазуучунун санжырага жасаган мамилеси такыр башка.

Адаттан бөтөнчө "...оң босогосуна ак туу сайылган" чоң өргөө, "кермелерде байланган чоочун аттар", үйгө жакындаганда көп кишинин "бал аарынын уюгундай кобуру", Шерали киргенде Ажыбайдан башкасы "дүрүлдөп ордуларынан тура калышы" окурманды кандайдыр бир өтө маанилүү окуядан алдын ала үмүттөндүрүп, али баштала элек сөзгө кулак төшөтөт (окурмандын көркөм текстти кабыл алуу психологиясын ойготот).

Саламдашуу салтын өтөп бүткөн соң, "Ажыбай датка же үргүлөп кеткени, же ойго чөккөнү белгисиз, алсыз үлдүрөп, көзүн жуумп, бир аз олтуруп," Шералини тымызын, аяр эскертип, шумдуктуу санжыраны баштайт. Санжыранын аягында Шерали түпкү атасы жортуулуна жоо туруштук бербеген, каарынан кан тамган Тимируйлер мамлекетинин негиздөөчүсү Амир Темир Көрөгөндөн тараган султан Бабырдын тукуму болуп чыкты.[1] Натыйжада улам "үйдүн ичин түйшөлтүп", бир эле учурда адам санаасын санга бөлгөн, ошол эле учурда көкүрөккө кыттай куюлган ажайып бул баянда кыргыз санжырасынын касиет-кудурети көркөм жалпыланып, окурманды таң калтырат. Кадимки кыргыз турмушу, кыргыз карыясынын артыкчылыгы таамай элестеп, анын бул жашоодогу карыялык милдети аткарылып жаткандай, нарктуулуктун сабагы окурманга эстетикалык рахат берет. Жети томго араң сыйчу тарыхый окуялардын күргүштөгөн өңүгүү "толкуну" чебер сүрөткердин

[1] Төлөгөн Касымбек "Сынган кылыч". – Б.:Кыргызстан, 1998. – 53-60-бб.

көркөм сөзүнүн күчү менен жети бетке сыйып, XIV- XIX кылымдар ортосундагы 500 жылга жакын тарыхый окуялардын хроникасын көз алдыга келтирет. Санжыра бул жерде кадимки Шералинин ата тегин аныктоо кызматы менен чектелбейт. Анын функционалдык кызматы адабий көркөм чыгармада колдонулуучу ретроспективалык ыкманын ролун аткаруу менен бирге таптакыр жаңы эстетикалык сапатка өтөт. Улут тагдыры кыйын күндө турганда, эл намысы кордолуп жатканда Шералинин ата теги дал ошол улуттук маанидеги романдын идеялык проблематикасын чечүү үчүн маанилүү көркөм каражаттын милдетин аткарат. Чыгарманын сюжеттик-композициялык структурасында кийинки адам тагдырларына өз таасирин тийгизүүчү ролго ээ болот.

Жогорудагы үч романдагы санжыранын колдонулуш деңгээли анын жанрдык табиятына түздөн түз таасирин тийгизген. Үч романга мүнөздүү типтүү көрүнүштөр бар. Боз үй жасалгасына көңүл буруу, саламдашуу салты, улуу кишинин сөз баштоо каадасы окшош. Кызыгы, кыргыз тарыхый романдарында **угуу маданиятына** чоң маани берилгендиги байкалат. М.Бахтин айткан романдык сюжетти “дудук кабыл алуу” орус адабиятында “түздөн түз” окуу ишмердүүлүгүнө ээ болсо, кыргыз прозасында ага кошумча **угуу ишмердүүлүгүнө** өзгөчө роль таандык. Окурманды угууга чакыруу бир гана Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романындагы биз жогоруда белгилеген ажонун сөзүнө кулак төшөөгө чакыруу эмес, Т.Касымбековдо Ажыбай датка санжыра айтуу мезгилинде Шералини бир нече жолу “ ... кулак салып отурасыңбы?...(53-б.); Шерали, угуп отурасыңбы, айланайын?..”(56-б); “Угуп тур, жарыгым, көкүрөгүңө түйүп ал”(57-б.) – деп эскертет. Романды окуп жатканда бул эскертүүлөр Шералиге эмес, окурманга багышталгандай таасир менен оюңду топтой калууга аргасыз болосуң. Кыргыз тарыхый романдарындагы мындай стилистикалык көрүнүштү, биздин пикирибизде, бир гана элдик оозеки чыгармачылыктын таасири менен чектөө жетишсиз. Мындай көрүнүш кыргыз элинин улуттук дүйнө таанымы, фольклордук чыгармалар аркылуу кийинки

муунду сөздү баалоого тарбиялоочу этнопедагогикасы, этнопсихологиясы, этномаданияты менен шартталган.

Үч романда тең санжыра тарыхый окуяны тактоо, далилдөө аргументи десе болот. Бирок санжыраны пайдалануу ар бир жазуучуда ар түрдүү деңгээлде ишке ашкан.

“Көчмөндөр кагылышында” санжыра адаттагыдай эле түбү бир кыргыздын “оң” “солго” бөлүнүшүнөн кеп башталып, “кыргызды кыркка чачып” кырчылдашуу менен өмүрдү текке өткөргөн уруучулук жашоого болгон Ниязбек карыянын өкүнүчү менен башталат. Бирок жазуучунун санжыраны пайдалануу максаты чыгарманын идеялык проблематикасы менен тыгыз байланыша албай, болгону маалыматтык деңгээлде калган. Ушунун өзү тарыхый жанрдагы тарыхый фактынын көркөмдүк жактан чийки иштелишине алып келген.

Ал эми “Көк асабада” конкреттүү санжыранын өзү колдонулбай, болгону автор колдонгон ал жөнүндөгү жалпы сөз анын функционалдык кызматына көлөкө түшүргөн же ал кызмат такыр эле аткарылбай калган. Мындай көрүнүштү “Көк асаба” тарыхый роман эмес, тарыхый баяндоо деген пикирдин жаралышын шарттаган себептердин бири эсептөөгө негиз бар. Ал эми “Сынган кылычта” санжыранын жазуучу тарабынан сюжеттик экспозиция, тарыхый экскурстун ретроспективалык көркөм каражаты катары пайдаланышы аны көркөм-эстетикалык жаңы сапатка ээ кылган. Натыйжада санжыра тарыхый романдагы **мезгил жана мейкиндиктин таасын панорамасын** түзүүгө эң ыңгайлуу булак болуп берген.

Колдонулган санжыраларды алардын булактары менен салыштырганда дагы кызык көрүнүшкө күбө болобуз. Айталы, “Көчмөндөр кагылышында” жазуучу колдонгон саяк уруусу жөнүндө мындай маалымат бар: “Саяктарды Тагай бийдин Карачоро деген бойдо калган баласы ээрчитип келиптир, селсаяк бала деп баяндашат. Чынында саяктар Адигине, Тагайдан мурдагы байыркы сак урууларынан калышы толук ыктымал”[1]. Демек, жазуучу саяктар санжырасын

[1] Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б.: Кыргыз энциклопедиясы, 1996. – 34-б.

эл оозунда айтылган варианты менен чектелген. Анын генеалогиялык башатын тереңден издеген эмес. Башкача айтканда, санжыранын тарыхый булактар менен байланышы жакшы иликтенбей, асыранды баланын эрөөлдөгү бир жолку кара күч эрдиги санжыранын жаңы көркөм-эстетикалык сапатка көтөрүлүшүн камсыз кыла алган эмес. Эгер жазуучу санжыранын экинчи бөлүмүндөгү сактар тууралуу болжол версиянын аныгына далил болчу аргумент тапса, анда саяктар кыргыздын “оң”, “солго” чейинки түпкү аталарынан болуп чыкмак да, ал тарыхый доорго терең экскурс жасоого мүмкүндүк бермек. Изилдөөчү жазуучу К.Жусуповго ишенсек, “... далай көчмөн элдер али тороло электе сактар Борбордук Азиянын ойдуң-түзүнө миң жылы ат ойнотуп, туусун желбиретип, узак өмүрдү жашады. ...байыркы сактар биздин булак башатыбыз, түп тегибиз дээр элем”[1]. Албетте, бул адабиятка шилтеме жасоо санжырадагы божомолду аныктоо дегендикке жатпайт. Кеп, “Көчмөндөр кагылышында” саяк уруусунун генетикасына жазуучу тарабынан илимий мамиле жасалбай, ал оозеки чыгармачылык деңгээлинде калгандыгында.

Ал эми Т.Касымбеков пайдаланган санжыра тарыхый жана илимий булактардагы маалыматтарга төп келет. Жазуучу эл оозундагы санжыраны тарыхый булактар менен салыштырып, кайра иштеп чыккан. Тактап айтканда, Амир Темир Көрөгөндүн тарыхтагы орду, анын Тимурийлер династиясынын негиздөөчүсү экендиги, баскынчылык саясаты, жортуулдары, ааламга атагы чыккан “Алтын ордонун” талкаланышы биздин адабияттарда эле эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги илимий булактардагы чындык[2].

Ушундан улам, бүгүнкү тарыхый жанрдын актуалдуу проблемаларынын бири тарыхый окуяларды сактоонун элдик “архиви” эсептелген санжыраны чыгармага бүкүлү көчүрбөй , анын ар түрдүү варианттарын салыштыруу, азыркы мезгилде жазуучуларга түзүлгөн кеңири мүмкүнчүлүктөн пайдаланып,

---

[1] Жусупов К. Байыркынын издери. – Б.: Кыргызстан-Сорос фонду, 2001. – 12-б.

[2] караңыз: Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. /Жооптуу ред. А.Асанканов. – Б.:Мамл. Тил ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 369-б.; Советский энциклопедический словарь. – М.:Советская Энциклопедия, 1984, - 1324-б.

санжыранын тарыхый документтер, архивдик материалдар менен байланышын изилдөө милдети турат.

### Түш көрүү жана каарман тагдыры

Түш көрүү - бир эле кыргыз элинин эле эмес, дүйнөлүк адабиятта кеңири колдонулган эпикалык салттардын бири. Кыргыз элдик оозеки чыгармалардын баштап, профессионал адабиятта бул сырдуу кубулуш жазуучулар тарабынан дайыма колдонулуучу көркөм каражаттардын бири. Башкасын айтпаганда да, кыргыз рухунун туу чокусу аталган улуу эпосто башкы каарман Манастын жаралышынан аян берген түш көрүү эпикалык салтынын тарыхый романдардын көркөм структурасындагы орду өзгөчө. Түш көрүүгө көркөм чыгармаларда гана эмес, тарыхый инсандардын тагдырына байланыштуу аяналуу бул өзгөчө баянга тарыхый булактарда да чоң маани берилген. Айталы, Ормон хан болордон мурда атасына берилген аян мындай экен: “Эсенгул уулу Ниязбек түш көрсө баласы Ормон бийик тоонун башында колунда мылтык, жанында эки шер отуруптур. Кадимки олуя Калыгул Бай уулуна жорутса, ал балаң хан болот экен, бирок хандык бийлиги узакка созулбайт дептир”[1]. Ал эми казак элиндеги Нарен баатырдын кызы Уулбала “түшүндө ай кучактап,”[2] ошол кезде, атагы чыгып турган “Ормонго тийем” деп, өзү издеп келатканда Алыбек жолугуп, Ормонго алып келген” деген маалымат расмий тарыхый булактардан орун алган.

Адамзаттын жашоо тажрыйбасында түш көрүү кубулушу улуттук психология, дүйнө тааным менен байланыштуу чечмеленет. Адатта бийик тоо – адамдын зоболосунун көтөрүлүшү, куш – жакшылык жышаанасы, куштун боосу – тилектин орундалышы, өрт – чыр-чатак, кан – жамандык белгиси катары жорулат. Айталы, убагында повесть-роман аталган Ч.Айтматовдун “Жаныбарым, Гүлсары” повестинде Танабайдын тагдыр-трагедиясы түшүндө “кан чеңгелдөө” аркылуу берилген. Түштү жазуучу чыгарманын идеясын

---

[1] караңыз: Усенбаев К. Ормон хан. – Б., 1999. – 30-б.
[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.: Учкун, 1993. Т. II. – 19-б.

тереңдетүү максатында колдонсо, тарыхый чыгармалардагы түштүн көркөм функциясы аны менен чектелбей, тарыхый доордун мүнөздүү белгилерин камтып, романдын жанрына таасирин тийгизгенин байкоого болот. Мисалы, “Көк асаба” романында чагылган көөнө доорго ылайык, жазуучу түш көрүүгө мифтик элементтерди пайдаланып, ал аркылуу тарыхый мезгилдин өзүнүн образын берүүгө аракеттенген. Улуу сөз угуп олтурган уздарга өткөн бир окуя айтылат. Улуу тоого чыккан кырк мерген кыз , кырк мерген жигит менен мөөрөй талашып, жигиттерди жеңип, жеңилгендер жашыл көлдүн жээгинде калышат. Кыз мергендер үйлөрүнө кайтып келатып, эс алмак болушат. Ошондо кыздардын акылдуусу Талмыз кыз түш көрөт: “Ушул сонун өзөндүн боюнда, жанакы учуп кеткен кушту карап турган эди. Тигил укмуштай кооз канаттуу карагайдын учуна барып конду. Карагай үч майышып, учу үч жолу жерге тийди. Төртүнчү жолу майышты эле, карагай учу, аны карап турган Талмыздын колуна жетти. “Ай-ий, ыйык. Бат эле ушунчалык узарат экен ээ” дегенчекти болбой жанагы эң сонун кооз канаттуу киши уулунча сөз сүйлөдү:

- Бу укмуш өзөндүн суусун жуттуң кыз. Ак балыгын таттың кыз. Эми уктап калдың баарың. Уйку – душман. Тез ойгонуң, тез аттаның, бул өзөндөн тез узап кетиң баарың! Кеч калсаң тилеген тилегиң ордунан чыкпас. Өзүң жез тумшукка жем болосуң. Түшүңдө саа аян берип, бул сөздү айткан, Талмыз-кызым, сенин жетинчи чоң энең Бай-апаң мен”... Майышып турган карагай учу серпилип кетти. Талмыздын бетине салкын жел тийди”[1]...

Ойгонгондо, Талмыз кызды үч түрдүү: кубаныч, өкүнүч, коркунуч сезими “жүрөгүн лакылдатып жиберет.”

Чыгармада жазуучу пайдаланган түш, сөзсүз, кандайдыр бир окуя менен байланышат. Каармандын тагдырында маанилүү бир өзгөрүү (жаман же жакшы) болот. Мына ушул эпикалык салтка жараша Талмыз кыздын түшүнөн кийин кыргыздын мерген жигиттерин уудан чарчап, уктап жатканда парсы жоокерлери туткундап, падышасынын алдына айдап кетиптир. Талмыз кыздын түшүнөн ойгонгондогу коркунучтуу, өкүнүчтүү сезим ушуну менен

[1] Көк асаба. – 268-б.

түшүндүрүлүүгө тийиш. А бирок, кубанычтуу сезими да бар эмеспи. Демек, туткундалган жигиттер бошотулууга тийиш. Анткени, Талмыз кыздын түшүндөгү кооз канаттуу конгон карагайдын учу колуна жетип жатпайбы. Түшкө жараша Талмыз кыз не бир кереметтүү окуялардан кийин, бардык тоскоолдуктарды жеңип, туткундалган жигиттерди бошотот. Демек, көркөм чыгармаларда каармандын түшүндө берилген аян, сөзсүз, кийинки окуялар менен бекемделет.

Элдик оозеки чыгармаларда түшкө кирген кооз куш жакшылыктын белгиси. Манас бойго бүтөрдө Жакыптын түшүнө кирген кооз канаттуунун:

Кукулуктап үн чыкса,
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук башы жаркылдап,
Куудан аппак жүнү бар.
Айбат менен караса,
Алп кара куш сүрү бар.

Мифтик ишенимге байланыштуу канаттууга тил киргизүү, сүйлөтүү элдик оозеки чыгармаларда кеңири колдонулаары белгилүү. Т.Сыдыкбеков “Көк асаба” романында байыркы кыргыз кыздарынын эркектен кем калышпаган жоокерчилигин, баатырдыгын мүнөздөө максатында улуттук психологиядагы жакшылыкты алып жүрүүчү куштун аян берүүчү кайыптык касиетин пайдаланган. Албетте, жалпы эпизод жомоктук деңгээлде калганын жазуучу өзү да мойнуна алгандай, өз каармандарын диалогго чакырган:

- Апий, Уз жеңе. Сиз айткан баян эмес жомокко окшойт да...

- Э-э.. тентек кыз, антип шектенбең! – деди Уз жеңе. – Бабалар айтып келаткан улуу сөз тарамы. Муну жалган деш баба аманатын жалган деш! Ал заман бизден алыс калды – деген “актанууга” карабастан, чыгарманын структурасындагы баян да, анын ичиндеги түш да “Көк асабанын” жанры боюнча дискуссияга шарт түзгөн эпизоддун бири.

“Көчмөндөр кагылышында” түш көрүүнүн чыгармадагы көркөм функциясын К. Осмоналиев жыш колдонгон. Алардын ичинен тарыхый негизи

бар аян Кененсарынын кыргыздарга жортуулга аттанар алдындагы өзүнүн жана карындашы Бопукандын түшү.

Тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой, Кенесары адегенде кыргыздарга элчи жиберген. Келген элчи орус деген көп эл каптап келатканын айтып, "...кыргыз-казак эзелтен эл четинде, жоо бетинде көбүнчө сүйүнүчүбүз, жакшылык-жамандыгыбыз, жыргал-кубанычыбыз тең, мал-жаныбыз аралас эл эдик. Биригип жоого каршы күтүнөлү, казак-кыргыз биргелешсек Ташкен, Кокон, Самаркан биздин ыктан көп кетмейди, мен элчимин, хандын буйругун айттым, эгерде бирлешмесеңер сендерге көп күч келер, Кененхандын тапсырганы осы сөз" – деп , токтогондо, кыргыздар кеңешмек болот. Бир тууган эл бириге турган болуп, чаар атка жолборстун терисин жапкан тартуусу менен Тыналы баштаган кыргыз элчилери Кененсарыга барган күнү "бөлөкбайдын боз балдары (кыргыздардын тентек бөлөкбайлары)" казактын жылкысына тийип, ортодо мамиле бузулат. Кененсары буга ачууланып, барган элчилерди барымтага алып, жол көрсөтүү үчүн пайдаланмак болот. Бирок жортуулга аттанарда "Бопуйкан деген карындашы "түшүмдө төрт саамайым өрттөнүп кетти, кыргызга аттанбаңыз" деген[1]. Демек, каармандын (тарыхый инсан) түшү кыргыз-казак чабышын эл каалаган эмес деген идея жүгүн көтөрүп турат.

Мына ушул идеяны берүү үчүн эл ичинде сакталып калган Бопукандын түш көрүү фактысын жазуучу "Көчмөндөр кагылышында" эки тарыхый инсандын (Кененсары жана Бопухандын) түшү менен берген.

Кыргызга аттанар алдында Кененсары эски ырымы боюнча энесинин үйүнө келип түнөйт да, эртең менен түнү бою баласына жеңиш тилеп, отко табынып таң атырган байкуш эне жүрөгү жамандыкты сезгендей уулунун түшүн сурайт. Кененсары түшүн айтат:

- Ийе, Шеше! Түшүмдө асмандан жылдыз терип жүрүпмүн... Канчалык аракеттенсем да, үркөрдү алалбадым. Салаама тийип, уучума ууштабалбады. ...Бу не деген түш, жоруйсузбу?

[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.: Учкун, 1993, Т.II. – 4-б.

- Карагым! Анабу четинен терген жылдызың өзүңүн казактарың гой. ...Ал энди, үркөрдү уучтай алмаганың... кыргыздарды багынта алмайт окшойсуң. Жортуулуңду баштабай ак койсоңшу?!

Ошол күнү аттанаар алдында оозуна наар алалек карындашы Бопукан да үстүнө кирген:

- Агатай! Түндө түшүмдө төрт тал саамайым өрттөнүп кетти. Жортуулуңу токтот, тилим алып – деген[1].

Убагында маани бербей, апасын ызат кылып, сүйлөй албаса да, анын эсесин карындашынан чыгара катуу кагып, жолго чыгып кеткен Кененсары бул түш түш эмес эле аян экенин кеч түшүндү. Ишенген баатырлары – жакын туугандары Эржан менен Худаймендини жоготкон күнү сезди. Бир жагынан жоготуу, экинчи жагынан түш аяны туура келген жеңилүүнүн башталышын туюп-билген акыл-сезими анын дилин оорутуп, көңүлүн эзип турду. Бул жөн гана каармандын ой санаасы, романдагы психологизм эмес, чынында да чыгармадагы эпизоддук окуянын (казак-кыргыз чабуулу) чечилиши, өнүгүүнүн төмөндөшү. Кененсарынын бул санаасында келатканда кутургандай "көрүстөндү ачып, Канайдын сөөгүн чачып, кош бойлуу келиндердин тирүүлөй курсагын жарган" зөөкүр деминин илеби сууп, айласы кеткени байкалат. Каармандын драмалык кыйроосу өзүнүн түш жоруганынан ачык көрүнөт:

"Кененсары оор күрсүнүп, өзүнө-өзү сүйлөдү:

- Ал эки саамайы Эржан менен Худайменде болгондо... Эндиги кезек Норузбай экөөбүз го? Андай болсо...

Көп чекиттин ордуна каармандын "баары бүттү" – деген сөзү айтылбай, ичтен кайрылганын байкоо кыйын эмес. Чынында да түш Кененсары өзү жоругандай болуп чыкты. Жазуучунун Бопухандын түшүн негиз кылып Кенесарыга "түш көрсөтүүсү" тарыхый кырдаалдын көркөм иликтөөгө негиз болгон мыкты ойдон жаратуу десе болот. Түштөгү Кененсарынын "үркөрдү кармай албай калышында" эң сонун идея бар. Асмандагы бири-биринен

---

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 153-154-бб

бөлүнбөгөн топ жылдыз – кыргыз элинин улуттук биримдиги, ынтымагы. Чынында да кыргыз уруулары бул сапар өз ара бекем ынтымакта болушкан. Казактарга элчиликке барган Тыналынын жеңиштин камсыз болушунда ролу чоң. Анткени казак колу жеңилип, качып баратканда “жол көрсөткөн” Тынаалы аларды Мыкандын сазына салдырып, сордуруп жиберген. Ушул көз караштан алып караганда, К.Осмоналиев түштүн “жакшы вариантын” ойдон жараткан жана аны романдагы мыкты эстетикалык табылга катары эсептөөгө негиз бар. Анткени тарыхый роман улуттун тарыхындагы ушундай мыкты элдик тажрыйбалар аркылуу кийинки урпактарга нравалык сабак берип, өзүнүн тарбиялык милдетин аткарат.

Ошону менен бирге жазуучунун кийинки окуяларды сүрөттөшү тарыхый маалыматтардын туткунунда калган. Негизинен казактардын качышы жана Кененсары менен Норузбайдын колго түшүүшү, жалаң Ормондун мыкты согуштук тактикасы менен кыргыздардын жеңишке жетиши тарыхый адабиятта да, романда да бирдей[1] сүрөттөлөт. Башкача айтканда, жазуучу тарабынан тарыхый маалыматтар бул эпизоддо да терең көркөм иликтөө деңгээлине жетпей калган.

Кыргыз элинин тарыхый эстутумундагы түштүн мааниси, анын эпикалык чыгармадагы функционалдык кызматын пайдаланып, Т.Касымбеков да түш аянын каармандын тагдырына салынган төлгө катары колдонгон. Буга “Сынган кылыч” романында башкы каармандардын бири - Нүзүптүн түшү менен тагдыр трагедиясы жүрөк титиреткен драматизмде берилген Сарыбайдын түшү мисал мисал боло алат.

Нүзүп салынды аялдан туулган бала болуп чоңоюп, атасынын теңсинбеген мамилесине ызаланып, өзүн-өзү курчутуп, намысына келип чыйралып, өзүн-өзү “чоң” ишке даярдап, адам катары калыптанышында улут үчүн да намыздануунун үрөнү бар эле. Бул анын тагдырын тобокелге салып чечкен биринчи чечими – 40 байталга күлүк ат алмаштыруудан бир көрүнөт. Каармандын жан-дүйнөсүндөгү ошол “намыс үрөнүн” анын таңга

[1] караңыз: Кызыл кыргыз тарыхынын II тому. – 6-12-б.; Көчмөндөр кагылышы. - 157 -158-бб.

маал көргөн шумдуктуу түшү өстүрүп жиберген. Түштү жорутуунун да элдик эрежелери калыптанган. Ниязбек баласы Ормон жөнүндө көргөн түшүн олуя Калыгулга жоорутса, Нүзүп түшүн жоорутууга уламаларды чакырып, мал союп, кийит кийгизип сыйлоо сыяпатында аянга болгон элдик ишеним көркөм чагылган. Бул сый эмнеге багышталганын эл түшүнбөй, мейманчылыктын аягында, “бетке бата тартыла бергенде, Нүзүп улагага сыңар тизелеп олтура калып”, көргөн аянды жарыя кылган:

- Эң бийик көкжашыл тоолордун үстүндө жүргөн экенмин… Бир тоодон бир тоого аттайм… Бир тоодон бир тоого сунсам, колум жетет. Бир тоодон кыйкырсам, бир тоонун кийиги шагырап үркөт … бул эмнеси? … Бирок түзүк моокум канбады … Бат ойгонуп кеттим.. бул эмнеси? … - деп, “жүрөгү алып учуп, көздөрү диртилдеп”… түшүнө жооп күттү. Ак сакалдар ыңгыранып шумдуктуу түштүн жообун жөндөп таба албай турганда, шар кескен курч кылычтай сөзү менен өзү жооруп жиберет. Жооруганда да “ эң бийик тоолордун үстүндө жүргөнүм - мартабам көтөрүлөт экен, бир тоодон бир тоого аттаганым, бир тоодон сунсам колум бир тоого жеткени кулачым узарат экен, бир тоодон кыйкырсам бир тоонун кийиги шагырап үрккөнү - бийлигим чоң болот экен... хан болот экемин... Омийин, аллау акбар!”[1] - деп, аздектеп жүргөн тилегин, беттеген максатын, көмүскө сырын ачык айтты. Ошол түштөн кийин Нүзүп тынч жүрө албай, кандайдыр бир улуу максатты эңсеши кыргыздардын Коконго болгон улуу сапарын баштоого алып келди. Демек, каарман тагдырын тобокелге салып, улуу ишке бел байлады. Нүзүптүн жолго чыгышы жөн гана Аксы менен Кокондун ортосундагы аралык эмес. .Ал жолдо “... миңдеген муундардын өткөн, учурдагы, келечектеги изи бар. Анткени ээн талаадагы жалгыз аяк төтө жол да бекеринен, жок жерден пайда болбойт. Себеби жалгыз киши жеке изи менен жол таптай албайт”[2]. Ошондуктан Нүзүп чыккан жол, элдин жолу – кыргыз тарыхынын жол уландысы, ал жолдо улут тагдыры бар.

---

[1] Сынган кылыч. – 81-82-бб.
[2] караңыз: Суровцев Ю. Люди и время: Судьбы человеческие, судьбы народные, судьбы трагические... // Новый мир, 1984, № 9. – С. 232.

Каармандын тагдыры түш аянында алдын ала айтылып калган. Нүзүп өзү жоругандай, көтөргөн мураскор ханы менен, курал, туусу, жер жайнаган колу менен Коконго кыргыздын байыркы жоокерчилик доорунун сүрүн алып кирип, ордонун кылымдап бекемделген саясий пайдубалын солкулдатып турду. Аз убакытка болсо да өзү ойлогондой максатына жетип, эки элдин ортосунда каардуу бийлигин жүргүзүп, көп нерсени тартипке келтирди, хан болбосо да, хан таасиринде кыргыздардын ордодогу кызыкчылыгын коргоду. Нүзүптүн жеке тагдырында башына бакыт кушунун келиши менен эл тагдырында жакшылыктын жышаанасы келип, улут намысы мурункудай кордолбой калды.

Дал ошол түштөгү аянды Нүзүп да, Кененсары сыяктуу эле максаты кыйроо алдында турганда – өлүм астында турганда эстеди: "Баары келди. Баары өзүм жооругандай келди... Аттиң ошондо моокум канбай калды эле, бат ойгонум кеттим эле... Мына бу да келди..."[1].

Нүзүптүн жеке тагдыры аркылуу жазуучу тарыхый доордогу бийлик ээлеринин трагедиясын чагылдырса, Сарыбайдын образына эл тагдырын типтештирген. Бийлик жана адам коллизиясы жеткен кульминациялык бийиктигине жетип, андан ары жашоого мүмкүн болбой калган жөнөкөй карапайым калктын социалдык абалы Сарыбайдын сөөккө жеткен аянычтуу трагедиясы аркылуу берилет. Жалгыз кыз перзенти тартууга кетип, аялы акылынан, өзү көзүнөн ажырап карайлап турганда, карманар акыркы тууганы Мадылдын өлүмү түшүнө аян берет: "Сарыбай көгөргөн көлдү көрдү. Суусу шор экен. Көл толкуйт. Күр-шар этип, Сарыбайдын башынан аша жаба берип кетет. Сарыбай кача албады, мууну жок, кубаты жок. "Тишим!.. ...Тишим!.. деп онтоду Сарыбай. "Кел суурup таштайын, бир ирең капкара, көзү аппак бирөө пайда боло калды, маңдайына. "Жалгыз тишим. Муну сууруп салсаң мен кантип оокат кылам? Деди Сарыбай. Тиги ак көзү чоктой кызарып, оозун чоң ачып кыжырлана келип, Сарыбайдын тишин бир сермеп сууруп алды. Жалгыз тиш канга жошулуп, Сарыбайдын алаканына түшө калды"[2].

---

[1] Сынган кылыч. – 126-127-б.
[2] Сынган кылыч. – 432-б.

Тарыхый романдардагы тарыхый инсан же жеке адам тагдыры улут тагдырынын типтүү көрүнүшү болгондуктан, Нүзүп менен Сарыбайдын түшүндө кыргыз элинин улуттук тагдырын да алдын ала айтып койгон. Нүзүптүн кыска түшү сыяктуу эл да кыска гана убакытка улуттук намысын коргой алды. Нүзүптөн кийин элдин көтөргөн туусу болгон Исках-Болот хан даргага асылып, элдин башына кош эзүүнүн мурункудан жаман күндөрү келди. Эл ойлогон эркиндигине ээ боло албай назары – "кылычы сынды."

Сарыбайдын ошол коркунучтуу түшүнөн кийин жалгыз жөлөгү Мадылдын өлүгү табылган сыяктуу, кыргыз эли да геочөйрөдө жалгыз калуу коркунучу (16-жыл) жакындап келе жаткан эле.

## Хан көтөрүү

Кыргыз тарыхый романдарында тарыхый кырдаалдын жүзүн таамай сүрөттөө, тарыхый доордун улут тагдырындагы карама-каршылыктарын мүнөздөө максатында феодалдык түзүлүштүн саясий системасындагы бийлик титулу – хан көтөрүү жөрөлгөсү сүрөттөлөт. Хан – орто кылымдардан бери монгол, түрк элдеринде колдонулган, укуктук жоболору жөнгө салынган бийлик титулу. "Хан" деген түшүнүккө көпчүлүк сөздүктөрдө Чынгызхандын жортуулу менен түзүлгөн саясий системадан келип чыкты деген аныктама берилет. Кыргыз окумуштуулары  бул сөздүн этимологиясы тарыхый булактардагы "какан", "каган" деген түшүнүктө деп билишет. Улуу кыргыз кагандыгынан бери бул түшүнүк улуттук аң-сезимде журт башы маанисин түшүндүрөт.

Элдик көз караш менен бийлик жүргүзүү саясатына жараша ханга баа берилген. Буга жөө жомоктордогу  хандын ар түрдүү образы далил. "Манас" эпосунда Манасты хан көтөрүү эпизоду бар. Хан көтөрүү улут тагдыры тунгуюкка капталганда, элдин намысы кордолгондо,  өз алдынча жашоо кечирүүнүн жолун издеген учурда актуалдуу мүнөзгө ээ болот. Бул көрүнүш "Манас" эпосунан баштап, тарыхый романдарда көркөм чагылып келет.

Улуу кыргыз кагандыгы кулагандан кийин да мезгил-мезгили менен "хан" бийлик титулун түрк тилдүү элде улуттук өз алдынчалыктын саясий бийликтин

формасы катары пайдаланып келген. Анын бири 1842-жылы Ормондун хан көтөрүлүшү эсептелет. Бир мезгилде түштүк кыргыздарда Шералинин, түндүк кыргыздарда Ормондун хан шайланышын, албетте, ошол мезгилдин тарыхый кырдаалы талап кылган. Бул тарыхый чындыктын тарыхый романдардан орун алышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Хан шайлоо тарыхый доордун мүнөзүнө, элдик ишенимдерге жараша ар түрдүү ритуалдар менен коштолот. Түскө көңүл бөлүнөт. Минген ат, союлган бээ ак боз, тактыга олтургузуудан мурун көтөрүү үчүн салынган кийиз да ак болууга тийиш. Башка ырым-жырымдар: бата менен тилек тилөө, курмандык чалуу ж.б. көпчүлүк учурда туруктуу сакталат. Хандыкка көтөрүү учурунда, сөзсүз, боз үйдүн көрүнүшүнө, жасалгасына маани берилет.

“Көк асаба” романында тарыхый доордун мүнөзүнө жараша журт башчысы кол башчы эсептелгендиктен, жоодон өлгөн кол башчынын мураскорун тактыга олтургузуу шаан-шөкөтү берилген. Салтанат баланы атасынын мүрзөсүнөн топурак таттыруу менен башталат. Бейиттен үйгө чейинки жолдо (мейкиндикте) эки кишинин зар какшаган тилеги бир гана максатка багытталып, элдин кол башчыга зар болушу улут келечегине салган төлгө - “башка бак кондуруу” деп аталган ырым көркөм сүрөттөлгөн. Бир жагында Эр Киши Жаш-Тегиндин келечегине ак жол тилеп, арбактарга сыйынып келатса, экинчи тарапта бүркүттү колуна кармаган Адылтай ажо “...чоң ак үйдүн төрүндө жайкалган ак сакалын жашка чайып, ...тек күңгүрөнүп, тек сыздап, тынчы кетип тиленди: “Уа Көк теңири, ата кушун баланын башына кондуруң? Консо, кем болбоспуз. Конбосо: толбоспуз”[1] деп ичинен зар какшады.

Бүркүт барып мураскорго конору менен аксарбашыл түлөөсүн тарттырып, мууздалган малдын канын күмүш аякка куйуп, Сайкал эне баланын башынан , андан кийин акбоз кунандын көкүлүнүн үстүнөн айлантып, чекеге ыргытат.

Жазуучу бул эпизодду көркөм чагылдырууда бир топ ийгиликке жетишкен. Романда журт ээсин такка олтургузуу жөрөлгөсүнүн салтанаттуу жана эмоционалдуу сүрөттөлүшү кадимкидей тарыхый мезгилдин мүнөзүн элестетет.

[1] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. – Ф.:Адабият, 1989. – 23-б.

Жоокерчилик доордун кандуу кагылыштары, азды көбү алсыраткан мыкаачы баскынчылык, жок болуп кетпөөнүн жолун издеген элдин кайратман дымагы сезилет. Элдин дуулдап бетке бата тартып, ажого кошо улут келечегине жакшы тилек тилеши алардын бир муштумга бириккендей ынтымагынын көркөм сүрөттөлүшү кадимкидей окурмандын көңүлүн көтөрөт.

Ормонду хан көтөрүү тарыхый окуясы бир нече романда чагылдырылган. Э.Медербековдун “Кызыл жалынында” да, К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышында” да Ормонду хан көтөрүү эпизоду эмнегедир оңунан чыкпай калган. Э.Медербековдун Ормондун өргөөсүндө жаткан конокторду бир айга чейин эмнеге чакырылганын билбей, элдин түпөйүл кылышы тарыхый фактыга көркөм түс бере алган эмес. К.Осмоналиевде **“романдык мазмун**” хан көтөрүү окуясына даярдап берген тарыхый кырдаал жакшы көркөм интерпретацияга алынбай, мезгил духу төмөн түшүп кеткен, тарыхый окуя өтө примитивдүү түшүндүрүлгөн. Аргументке кайрылалы: “...Калыгул таштаган оор сөздөн кийин жыл өтөт. Андан да: “жылкы жоголду”, “кой уурдалды”, “баланча айылдын жигиттери түкүнчө айылды кызыл уук кылып үркүтүп, кыз-келинин маскаралаптыр” – деген дуу-дуулар басылбагандыгы жана ...көңүлдөгү максаттары боюнча ой долбоор кылып жүргөн Ормон катуу даярданып, Арка элинин “бир” дегендерин түгөл чакыртат. Алар теке айынын ортосунда “жер ортосу” деп, Көтмалдыга чоң суунун боюна, кең сазга чогулушту.”[1] Хан көтөрүүнүн себеби ушундайча түшүндүрүлөт. Окурман өтө маанилүү окуянын мындай түшүндүрмөсүнө канааттанбай, “Калыгул баштаган “оор сөздү” издөөгө мажбур болот. Көрсө ал мындай экен:

- Мынчалык малсаак болоорсуңбу? – деди Калыгул карыя, жылкы четинен жолуктурган Ормонду. Ал күймөлбөй жооп берди:

- Адамдан малды жакшы көрөм, аба.

- Антпегин кесир болот...

- Мал семирсе, ооз майлайт – ошону жакшы көрөм. Адам семирсе, төбө кандайт – ошону үчүн жаман көрөм.

---

[1] Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. – Б., 1993. – 56-б.

- Анда “эл башын кошолу” деген аракетибиз бекер иш го?!

- Ай, абам ая! Ошо “семиртпеш” үчүн баш коштурайын деп атпайымбы!

- Калыгул бырс күлүп:

- Төө жинди! – деди да, бастырып, узай берди.

Жазуучунун ушундай майда нерселерди хан көтөрүүнүн негизги себеби катары сүрөттөшү тарыхый окуянын маанисин өтө төмөндөтүп жиберген. Эгер К.Осмоналиевдин көркөм түшүндүрмөсү менен макул болууга туура келсе, анда Ормон уруулар ортосундагы уурулукту тыюу үчүн, аны да “адамды семиртпеген” күч менен басып туруу үчүн гана хан болгусу келгендей. Ал эми тарыхый булактарда Ормондун хан көтөрүлүшү таптакыр башка себептер менен шартталган. 1930-жылы манапчылыкты изилдөө үчүн келген С.Абрамзон өзүнүн социологиялык изилдөөсүнүн жыйынтыгы менен Ормондун хан көтөрүлүү окуясын “ 1206-жылы Чынгызхан өзүн бүтүндөй Монголиянын башчысы жарыялаган салтанаттан 600 жылдан ашуун убакыттан кийинки кайталанышы”, ...кыргыз тарыхында улуттун акыркы саясий биримдикке умтулуусу”[1] деп баалаган.

А.Н.Бернштам Ормон ханды Россиянын Иван Грозныйына салыштырса, тарыхчы Б.Жамгырчынов бул окуянын кыргыз элинин XIX кылымдагы татаал тагдыры – бир жагынан падышачылык Россиянын, экинчи жагынан Кытай империясынын, үчүнчү тараптан Кокон хандыгынын колониялык-эзүүчүлүк саясатына каршылык көрсөтүү зарылдыгы менен байланыштырат. Б.Жамгырчынов илимий жактан далилдеген бул тарыхый чындыктын көркөм интерпретациясы “Көчмөндөр кагылышында” жанр талап кылган деңгээлге жеткен эмес. Тарыхый окуянын пайда болуу өбөлгөлөрү өтө эле карапайым, жупуну чечмеленип, фольклордук варианттар толук талданбай, алар тарыхый документалдык материалдар менен салыштырып изилдөөгө алынган эмес.

Жазуучу катышкан тарыхый инсандардын: Качыке, Төрөгелди, Боромбай, Жанкарач, Ажыбек, Жантай, Алыбектердин көркөм образын мыкты түзүп,

[1] Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик материалдарда: Жыйнак. – Кошумчаланып 2-чи бас. – Б.: Кыргызстан, 2002. – 21-б.

бирок “романдык ситуацияны” жеткиликтүү аңдаган эмес. Хан көтөрүүнүн салттык эрежелери супсак жана үстүртөн сүрөттөлгөн:

- Кыргызга бир эле “кызыл тебетей” болот. Ошол кызыл тебетей ким болсун?!
- Тык-тык жөтөлүү, шыбырт-шыбырт козголуудан кийин а-бу дешип, мукактанып барып, акыры бир ооздон:
- Өзүң бил! – дешти.
- Калыгул тамак жасап, тизе какты (?). Ормон аны жалт карап алып, бажырая түшүп:
- Мени макул тапсаңар... Ырымыңарды жасагыла – деп колун төшүнө ала таазим кылып, үч жүгүндү (чыгарманын 62-бети).

Бул эпизод этномаданияттагы хан шайлоо жөрөлгөсүнө төп келе бербейт. Биринчиден, Ормон өзүн өзү хандыкка сунуштаган сыяктуу. Экинчиден, атайын аздектеп чакырылган билермандар бир элдин атынан ат арытып, суу кечип баргыча эч нерсе түшүнбөгөн, сезбеген, туйбагандай шыбырашуусу да турмуштук реалийге туура келбеген нерсе. Балким, жазуучунун мындай “чыгармачылыкка” шыктандырган социалисттик реализмдин идеологиялык саясатынын таасиринен болушу мүмкүн.

Ушул эле тарыхый окуя Ж.Токтоналиевдин “Хан Ормон” романында өтө шөкөттөлүп, үч ай мурун чабармандардан курултай өткөрүүнүн кабары, күнү, орду жер-жерлерге жеткендиги маалымдалат, уруу башчыларынын келишине дагы үч күн бөлүнгөн. Курултайга Ормондун атасы Ниязбек бийден баштап, тарыхта ысмы калган уруу башчыларын койбой (183-184-б.) катыштырат. Жазуучу сурнай үнү менен башталган курултайга кадимки партиялык “бюронун” кейпин кийгизип, аны башкаруучу черик бийи Ажыбек кезеги менен сөз берип, он бетке чейин бийлерди биринин артынан экинчисин “жарыш сөзгө” чыгарып олтурат. Учурдагы тарыхый кырдаалга ар бири өзүнүн пикирин “шашпай” айтып, кыргыз элинин абалына Орунбор, Омбудан бери жылып келаткан Орусия, өз ара ынтымакка келе албай жаткан – Кокон, Кыйба, Букара, ал эле эмес азыркы шартка көз салып турган Кытай тууралуу кеп салып

олтуруп, аягында Алайдан келген Алымбек Ормонду хандыкка сунуш кылат. Жазуучу романда чагылдырууну максат кылган тарыхый билиминин баарын ушул курултайда бийлерге сүйлөтөт. Кызыгы, “көптү көргөн көсөм Миназар бийге” кеп кезеги келгенде “саясий институт” кыргыз элинде – Ордо экендигин элдин эсине салат: “Ордо оюнун алалычы: тегерете чийилген чийин эл чеги, ортосунда кут болуп эл жатат. Элин коргогон эки тарап элестейт. Ханды ордодон черттирип жиберген тарап жеңилет”[1].

Курултайда саясий тажрыйбасы бар, Анжияндан келген Алымбек датка ордо эмне экендигин түшүндүрө, Нарбото бий көтөргөн Кокон Ордосу Букаранын тепсендисинде калганын элдин эсине салып, Ормонду хандыкка көтөрүү – **Кыргыз Ордосун** негиздегендик деген жыйынтык пикир айтат. Ордо мааниси ушуну менен эле түшүндүрүлүп бүтпөй Калыгул карыя, Сарт акелер Ордонун маанисин чечмелеп: “Ордо күткөн эл элек, ...дөөлөтүбүз ордо оюнунда калды. Элибиз чачырап ээсиз турат. Алыскы Энесай, Алтайды, Манас доорун айтпаганда, бабабыз Тагай бийдин тушунда эле кыргыз ордосу өйдөкү Барскоондо турган экен.” – деп, Курани каримден узун сүрөө окулуп, курултай батасы бетке тартылгандан кийин сурнай үнү кайра бапылдап, ай айчыктуу кызыл туу көтөрүлөт. Романда жазуучу хан көтөрүү окуясын ашыкча азыркы көз карашка ылайык “замандаштырып” жибергени болбосо, ага олуттуу мамиле жасаганын автордун ийгилиги катары баалоого болор эле.

Чынында да, Ормон хандын чыныгы жүзүн таамай көрсөтүүгө аракет кылган кыргыздын чыгаан окумуштууларынын бири Б.Жамгырчынов 1944-жылы жазган “Кыргызы в эпохи Ормон-хана” деген эмгеги үчүн куугунтукталганы белгилүү. Ошондон кийин Ормон хан жөнүндөгү болгон материалдар да элге жарыя болбой, көмүскөдө кармалган. 90- жылдардан ачыкка чыга баштаган тарыхый эмгектердин ичинде Б.Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” улуттук мааниге ээ. Анда Ормондун хан көтөрүлүшү боюнча мындай маалыматтар бар: “1842-жылы жайында Ормон Кочкордун аягы Орто-Токойго жакын Тармал сазда (айрым маалымат боюнча Балыкчыга жакын

[1] Токтоналиев Ж. Хан Ормон. Биринчи китеп. – Б.Кыргызстан, 2000. – 192-б.

Көтмалдыда) кыргыз урууларынын ири манаптарынын курултайын чакырган. Ага бугудан Боромбай, Муратаалы, саяктан Кетирекей уулу Алыбек, сарбагыштан Жантай, Калыгул, Төрөгелди, солтодон Жангарач, Шорук бий, Медет, саруу-кушчудан Ажыбек катышат. Ак боз бээ баштаган мал союлуп, курултайга келгендерди үч күн коноктошот. Ошондо Ормон кеп баштап эл төрт тараптан: кытай төбөлдөрү, кокон хандыгы, калмак, казак бийлөөчүлөрү, орус падышачылыгын үстөмдүгүнөн кысылып жаткандыгын, ички кагылышуулар да токтобой жаткандыгы менен негиздеп, бир журт башчысын хан шайлоо идеясын ортого коет.

Ормон болсун деген сунушту адегенде Жантай айтып, аны Жангарач колдойт, калганы ушул сунушка макул болот[1]. Эзелтен келаткан хан көтөрүү ырымы аткарылып, ак кийизге салып көтөрүп, Ормонду жигиттер олтургандарды үч айланта тегеретет[2]. Ошондон кийин гана Ормон кызмат милдеттерин бөлүштүрүп, тартипти сактоо эрежесин (мыйзам) кабыл алат. Тарыхый булактардан орун алган бул маанилүү окуянын “Көчмөндөр кагылышы” романындагы көркөм интерпретациясы өз деңгээлине жетпей калса, “Сынган кылыч” романындагы Шералини хан шайлоо өтө салтанаттуу пафосто, не бир адатта жок драматизм менен көркөм чагылган.

Шералини хан көтөрүү аземи романда 12 бетти ээлейт. Бирок ал көлөм “Хан Ормондогудай” “жарыш сөздөрдөн эмес, драмага таандык кыймылдан турат. Окуянын жыштыгы жагынан чакан пьесага тете бул эпизоддо ритуалдар өтө шаңдуу жана салтанаттуу сүрөттөлөт. Тарыхый инсандардан: Шерали, Нүзүп, Мусулманкул, типтүү каарман Абилдин алгачкы кыймыл аракеттери дал ушул кырдаалда көрүнө башталат. Кандайдыр шаңдуу, адатта жок кырдаалдын көркөм чагылышында **мезгилдин опурталдуулугу** даана сезилет**.**

Жазуучу окуянын маанисин дагы баса белгилөө үчүн тарыхый инсан Нүзүптүн портретин мындайча сүрөттөйт: “Босогодогу жигиттер Нүзүп

---

[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Т. I. – Б., 1993. – 193-195-бб.
[2] Усенбаев К. Ормон хан. – Б., 1999. – 31-б.

чатырдан чыгып келе жатканда кылычтарын мооруна алышып, кетенчиктеп, таазим кылып жол беришти. Нүзүп бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен ак камзолго селдесине бир өңдөш көк ботокур курчанган, ботокурда кынына каухар чөгөрүп алтын менен саймаланган бухаралык зергердин эң сулуу шамшары, бутунда тумшугу чукчуйган сары көн өтүк, көздөрү курч бычактын учундай. Бет алдындагы жашыл өзөндө уюктуу кумурскага окшоп, быкырап жаткан көп кошунду суюк сары сакалдуу эринин бек кымтып тиктеди. Эки жагында ызат кылышып, биртке арткараак турушкан, улуу-кичүү анын оозун карап чук этишпейт. Сөөлөтүндө бул жортуул оюн иш эмес экенин сезүү, өз кубатына ишенүү, тагдырга баш байлоонун кообу, ырахаты бар”[1].

Жазуучу чебер тарткан роман кырдаалында тарыхый инсандын ички кудурети, рухий күчү даана сезилип, “уюктуу кумурскадай быкыраган көп кошун” кайра кайтпас жолго аттанган элдин духу, каарманга кызмат кылган жигиттердин кыймылы элестейт. Уюштуруу иштерин бир сыйра көзөмөлгө алгандан кийин гана ал буйрук берди:

- Анда алып чыккыла тигини! Тез! - деди, жүзүнө кубаныч кирди. - Курал! Туу! Болгула!

Бүт аалам Нүзүптүн оозун тиктеп калгандай психологиялык чыңалуу фонунда Шералини “...бир чыканагынан Кедейбай, бир чыканагынан кыпчак уругунун беги Мусулманкул сүйөп чыкты”[2].

Кернайдын үнүнө улуу тоолор жаңырып, атылган мылтык үнү бир шумдук окуядан алдын ала кабар бергендей абалда, адаттагыдай жайылган “ак кийизди тайпа бийлери тегеректеп” турганда, элдин көзү үстүнө кызыл төрбөлжүн жабылган, кара кирпик, кара жал ак боз бээге” түшкөндө, күтүлбөгөн окуя чыга келет. Күтүлбөгөнү, бул жолу ак боз бээ эмес, кара баштуу адам баласы курмандыкка чалынмак болуп, кары улама курандан сүрө

---

[1] Төлөгөн Касымбек. Сынган кылыч. – Б.:Кыргызстан, 1998. – 64-б.
[2] Ошондо, 65-б.

окуп кирди. Бала койдой мууздаларда, улуу тоолорду жаңырткан кернай үнүнөн өткүр ач чыңырык бүт кыймылды токтотту. Анткени бул ааламда теңдеши жок, баласы үчүн отко түшчүү **ненин чыңырыгы** болчу. Ансыз да канды көксөгөн кырдаал, дагы татаалданып, каармандын эркин, тагдырын, адамдык даремeтин сынап турду. Нүзүптүн кыйын сапары башталбай жатып туңгуюкка кептелип, чыгарманын окуясы күтүлбөгөн чукул бурулуш жасайт. Же чыркыраган эненин ыйына кулак салбай, атадан калган жалгыз туякты мууздоо керек, же курмандык чалуу салтынан кечүү зарыл. Нүзүп жетим менен жесирди көрмөксөн болуу наркка туура келбесин жакшы билет. Ошондуктан “заардуу көздөрүн капталдата курмандыкты мойнуна алган ак сакалдарды жекире тиктеди” да, эч нерсе билмексен боло, жылуу сүйлөп, жетим баланы энесине кошуп берди. **Бул Нүзүп үчүн тагдырды тобокелге салуунун алгачкы сыноосу эле.** Кырдаал караңгы туңгуюкка капталганда, курмандык тапшырмасын алган бийлер айла таппай селейип турганда, “муруту кылайып чыгып келаткан Караш бийдин жакшы чыкма баласы” учурдан пайдаланып, “караңгыда көз тапты”. Капысынан “сурап алары жок” жигитин кезектеги кызматына жумшачудай чакырып, курмандык өлүмүнө салып берди. Кызмат кылууга гана даяр, көзү жайнап турган жаш жигиттин мойнунан диркиреп аккан армандуу кан “кардай меңсиз ак кийиздин бетине ар түрдүү көчөт, кызыл гүлдөр болуп жайнады”. Кайрадан үч тарыхый инсан сценага чыккандай, “**Нүзүп** бир колтугунан, **Мусулманкул** бир колтугунан алып, акырын коштоп келип, **Шералини** канжалап жаткан адам башынан аттатып, кызыл ала болгон кийизге өткөрүштү. Леп этип, жигитинин сөөгүн тепселип жаткан төрбөлжүн менен көздөн далдалап жаба койду **Абил** (астын сызган биз - Ү.К.)

- Бактыңыз кут болсун! - деди, Нүзүп эркелете күлүмсүрөп.

- Бактыңыз кут болсун! - деди, Мусулманкул[1].

Т.Касымбеков өзүнө чейинки хан көтөрүүнүн элдик салты жана анын чыгармаларда чагылдырылышы менен чектелбей, анын мазмунун “ойдон

---

[1] “Сынган кылыч”. - 70-б.

жараткан сюжет” менен байыткан. Эл үчүн курман болуунун адам ойлобогон жаңы “окуясы” – **адамдан курмандык чалуу** тарыхый мезгилдин эле эмес, каармандардын да жүзүн ачат. Нүзүп менен бирге, экинчи каарман – Абилдин күтүүсүз кырдаалда **мезгилдей каардуу, мезгилдей кубулган** жан-дүйнөсү көзгө көрүнөт. Биринчи эле кадамында жасаган жоругу аркылуу жазуучу өз каарманынын татаал дүйнөсүнүн “каалгасын алгач ачат”.

Ормондун хандыкка көтөрүлүшүн көркөм сүрөттөөдө Ж.Токтоналиев тарыхый чындыкты сактоого аракеттенген. Жазуучунун Алымбек датканы курултайга катыштырып, сөз сүйлөткөнү гана такталбаган маалымат болбосо, ага катышкан тарыхый инсандар толук берилген.

“Көчмөндөр кагылышында” хан көтөрүү жөрөлгөсү үстүрт сүрөттөлүп, курултай тууралуу сөз болгон эмес. Ага катышкан тарыхый инсандар да толук изилденген эмес. Тарыхый адабияттардагы: “Ормон хан көтөрүлгөндөн кийин анын бийлигинде эки – Чоң жана Кичи Кеңеш түзүлгөндүгү, Чоң Кеңештин курамына өтө кадыр-барктуу кишилер: Боромбай, Жангарач, Жантай, Калыгул олуя, Алыбек баатыр, Чыны бий, ...Кичи Кеңешке: Меңназар, Медербек, Шамен, Сергеян, Жаманжээн кирген. Эки кеңешке кирген тарыхый инсандардын ар бирине жөндөмдүүлүгүнө жараша милдеттер бөлүштүрүлгөндүгү”[1] ошол мезгилдеги маанилүү саясий окуя экендиги көркөм чындыкка айлана албай, эки романда (“Көчмөндөр кагылышы” жана “Хан Ормон”) тең бул тарыхый факт жупуну баяндоонун деңгээлинде калып, ага тиешелүү тарыхый да, эстетикалык да баа берилген эмес.

## От жагуу мотиви

Кыргыз тарыхый романдарында типтүү колдонулган мотив – от жагуу. От кыргыз элине мүнөздүү дагы бир улуттук өзгөчөлүк – жоокерликти даңктоо, колго дем берүү, душманга сүр көрсөтүү максатында колдонулуучу согуш тактикасы болуп эсептелет.

[1] караңыз: Солтоноев Б.Кызыл кыргыз тарыхы:Тарыхый очерктер – 1-китеп, 1993. 196-б.; Өмүрбеков Т.Н. Ормон хандын тушундагы кыргыз хандыгынын мамлекеттик түзүлүшү, ички жана тышкы саясаты. // Вестник КНУ. История. Регионоведение.Этнография. Религиоведение. – Б., 2004. 219-б.

Отко табынуу – кыргыз элинин байыркы ишеними. Т.Сыдыкбековдогу оттун көркөм сүрөттөлүшү башка тарыхый романдардан айырмаланып турат. Жазуучу ошол тарыхый доордун мүнөзүнө ылайык, отту согуш тактикасы эмес, анын улуттук ишенимдеги маанисине басым жасаганы байкалат:

"Ыйык от пастоого тийиш эмес, от – күч, кубат. От - өмүр! Ал жалын канатын сермейт. Өрт чыгарат. Жин-шайтанды качырат. Суукту качырат. Бирок анын тажаал өртү бардык жандууну өзү мойсойт.

От киши уулунун коломтосунан өчүүгө тийиш эмес! Коломтодон от өчүү – адам үйүнөн ырыс, береке, жылуулук качуу. Ырыс, береке, жылуулук кеткенде адам адам болбойт...

Ыйык от өчпөөгө тийиш!"[1]

Жазуучунун көркөм интерпретпациясында от - ишеним, от – ынтымак, от – күч-кубат, от – жакшылык, от – жеңилбестик. Т.Сыдыкбековдун мынчалык отко маани беришинин реалдуу негизи бар экени белгилүү. "Жаңы келген келинди ... отко май чачып, отко жүгүнтүшүп, келинди отко киргизет. Бабалар очоктон аттабаган, суу төкпөгөн жана түкүрүп акарат кылбаган. Наристе жаңы төрөлгөндө үйдөн от беришкен эмес. ...Энесайлык кыргыздар көчмөн урууларда биринчи болуп оттук ташты табышкан"[2]. Элдин көчмөн турмушунда чоң мааниге ээ болгон оттун касиетин журт башчылары жоокерлик өнөрдүн улуттук бир ыкмасы катары пайдаланышкан. "Жоодон качаарда ар кайсы жерге от жагып коюп туруп качкан. Ал отту "эр оту"[3] атаган.

Оттун символикалык мааниси кыргыз менен канатташ жашаган боордош элдерде да кездешет. Бирок анын мааниси жана чыгармадагы көркөм интерпретациясы кыргыз романдарына окшобойт. Айталы, каракалпак элинин таланттуу жазуучусу Т.Каипбергеновдун "Каракалпак дастаны" тарыхый романында эл башына күн түшкөндө жетекчи тандоо жыйыны мындайча сүрөттөлөт: "Күн куйкалап турса да ортого от жагылды. Бул Мурат шайыктын

---

[1] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. –Ф.: Адабият, 1989. – 197-б.
[2] Жусупов К. Байыркынын издери. – Б.: Кыргызстан-Сорос фонду, 2001. -97- 98-бб.
[3] Кызыл кыргыз тарыхы. I т. – 15-б.

тапкан акылы. Оюбуз очок башындагы бир үй-бүлөнүн оюндай болсун, убаданы бузганды от урсун, үйү күйсүн!"[1] – деген мааниде берилген.

Кыргыз элинин улуттук психологиясында от тирүүлүктүн гана белгиси эмес, анын кандайдыр сыйкырдуу касиетине болгон ишеним бар. Улуттук психологиядагы ушул ишеним кыйын кырдаалда отту пайдалануу тажрыйбасын жараткан. Мунун далили катары элдик эстутумда сакталып калган "Ормон айланын" бири – дал ошол от менен жоого сес көрсөтүү боюнча элдик тарыхый тажрыйбаны колдоно билгендиги менен Ормон хандын кадыры көтөрүлүшүн эсептөөгө болот.

Кыргызды өзүнө каратууну көздөгөн Кенесарынын 1847-жылы экинчи жолу жеңилишине Ормондун **от амалы** таасирин тийгизгендиги бир нече тарыхый романда: Э.Медербековдун "Кызыл жалын", К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы", Ж. Токтоналиевдин "Хан Ормон" чыгармаларында дээрлик бирдей колдонулган. Бул маалымат көркөм чыгармаларда гана эмес, тарыхый адабияттарда да берилет: "Жоонун үшүн алып, сестентүү максатында Ормон хан жигиттерди он, он-бештен кылып бир нече топко бөлөт да, аларды Шамшы, Он бир жылга тоолоруна жиберет. Күндүзү буларды аттарга чычырканак, карагай, тал сүйрөтүп, аты аталган тоолордун жылгаларын, кокту колоңду кайта-кайта айландырып, аларды аралатып, чаңды асмандата буркураткыла дейт. Мындай аракет эртеден кечке чейин созулуп, түмөндөгөн тоо ашып, согуш майданына келаткандай көрүнүштү элестеткен. Караңгы кирери менен күндүзү керели кечке чаңдатып жаткан жүздөгөн жигиттер бүт эле **тоо бетине жаркыратып миңдеген от жагышкан**"[2] (астын сызган – К.Ү.).

Аталган романдардын ичинен ушул тарыхый чындык "Көчмөндөр кагылышында" көркөмдүк жактан бир топ дурус иштелген. Адегенде ишенген эки баатырын: Эржан менен Худайбердини кыргыздар мерт кылган соң, ойго батып олтурган Кененсары да жортуулга чыгар күнү көнгөн ырымы боюнча апасынын үйүнө түнөгөнүн, эне байкуш "кечтен таң агарганча жалынын

---

[1] Каипбергенов Т. Каракалпак дастаны: Роман. / Которгон Наматбаев С // Кыргызстан маданияты, 1989, 23-март.
[2] Усенбаев К. Ормон хан. – Б., 1999. – 72-б.

өчүрбөй, сөксөөл **от** жагып, баласына узак өмүр тилеп, жеңиш тилеп, кадыртүн тоскондой уктабай чыкканын, ошондо көргөн опурталдуу түшүн ойлоп олтурат. Кененсарынын ушул олтурушу, санаага баткан келбети “жол болбогондуктан” кабар берип аяктаган эпизоддон кийинки окуя кыргыздын улуу тоолорун сүрөттөө менен башталат. Жазуучу тарткан кыска пейзаж кыргыз элинин жоого бет алганда пайда болчу кылымдардан бери келаткан тоодой кайратынан кабар бергендей. “Худайменде (жазуучу тарыхый инсан Худайбердинин ысмын ушундай өзгөрткөн) баштаган колдун таш-талканы чыккан күнү кечке ошол тоонун жыбыт-коктуларынан чаң булады. Түндөсү **жылдыздай жайнаган оттор көрүндү** (астын сызган – К.Ү.). Өлгөн боорлоруна жаны ачып, эскерип, Норузбай менен ай шооласында турган хан чаң менен от жайын билмекке кармалып жүргөн Тыналыны чакыртты.

- Тетигилер эмне? – деп сурады Тыналыдан. Тыналы билбеген- туйбаган кишиче анткорлонуп, делдейип:

- Беттешчү кол, башчым, - деп [1], асман тиреген тоолордун арасында кыргыздын сан жеткис айылдары бар экендигин айтып, Кененсарынын жүрөгүн түшүрөт. Оттон сестенген душман адатта: “Ар бир от түбүндө канча адам бар?” - деген салттуу суроо берүүгө тийиш. Бул эпизоддо Тыналы суратпай эле, ар бир оттун түбүндө отуздан жигит болорун айтып, Кененсарынын бүлүк түшкөн дүйнөсүн аны сайын удургутат.

“Ормон айла” менен жагылган оттон кийин чынында да каармандын пикири кескин өзгөрөт. Кенесары кыргыздарды жеңе албасына толук көзү жетет. Бирок ушул жерден кыргыздын улуттук психологиясына ылайык, сюжетке “от берген” идея андан ары чегине жетпей, чорт үзүлө түшөт. Жазуучу адегенде жакшы баштаган көркөм аңдоо андан ары тереңдетилбей түз эле тарыхый даяр маалыматтарга азгырылып кеткендей. Тарыхый булактардагы маалыматка караганда, оттон кийин, чынында да, согуштук абал кескин өзгөргөн экен. Душманды от менен алаксытып коюп, кыргыздын кары-картаң, аялдары жоокерлерге тамак ташып, колду күчтөндүрүүгө жетишишкен,

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 154-б.

чарчаган жоокерлер өргүү алган. Тескерисинче, казак тарапта кырдаал татаалданганы тууралуу тарыхый маалыматтар бар. Тарыхый адабияттагы абалы оордоп баратканын сезген Кенесары “...согуш созулганда кыргыздар келсин деп 8-чи күнү Ормонго киши чаптыргандыгы”, Ормон маалкатып эки күн келбей, Ысык Көлдүн Карой, Саройунда жатып алып, андан соң 200 киши менен согуштун онунчу (бир кабарда он экинчи ) күнү Орозбакка (айтылуу манасчы Сагымбайдын атасы) тоо жаңырта керней тарттырып келгендиги жана кернейдин үнүн уккан Кененсарынын “мынау сыйырча мөөрөгөн не?” – деген суроосуна Чымырбайзак: “Алдаяр таксыр, кыргыздын чабагы мен чарпышып жатуучу эдиң. Жаяны енди келди”[1] – деген жообу “Көчмөндөр кагылышында”[2] да, “Хан Ормондо”[3] да дал өзүндөй көчүрүлгөн. Натыйжада тарыхый факт жанрдын талабына ылайык көркөм интерпретацияга алынбай калган. Болгону Чымырбайзак аттуу тарыхый инсан Супатай, Андаш деген ысымга гана алмашат (“Хан Ормондо” Чымырбайзак). Ормон ойлоп тапкан “амалынын” көркүн чыгара бир нече күн келбей бааланганы, анын саясий мааниси такыр ачылбай, тескерисинче, автор каарманды “шаштырып” кийинки күнү эле келтирип койгон. Натыйжада тарыхый чындык көркөм чындык менен толукталган эмес.

Тарыхый булактарда: Ормон хан Б.Солтоноевде он эки күндөн кийин, Ж. Токтоналиевде үчүнчү күнү келет. Канткенде да Ормон “кийинки күнү” келген эмес. Тарыхый маалыматты “чийки” бойдон пайдалануудан улам, оттун кадимки улуттук психологиядагы күчү, касиети, анын жоокерлерди жеңишке шыктандырчу деми жакшы ачылбай калганы байкалат.

“Хан Ормондо” сурнай жөнүндөгү тарыхый маалымат ошол бойдон көчүрүлгөн, каармандын ысмы да өзгөргөн эмес. Жагылган от да, Мыкандын сазы да, жоону негизинен солтолордун тоскондугу да “тарыхтагыдай”. Оттун өзүн да **“эр оту”** деп атаган. Романда: “Ар бир от түбүндө 150 дөн ашык жоокер бар”( чыгарманын 258-бети) – дегиле деп көрсөтмө берет, Ормон. Отту

---
[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, 1993. – 8-б.
[2] Көчмөндөр кагылышы. – 154-б.
[3] Хан Ормон, 1-китеп. – 254-б.

жазуучу жоокердик тактика катары казактардын ички психологиясына таасир этүүчү ролуна бир топ жакшы көңүл бурган: “ Күндүн муруту чачырай Кенесары жоокерлери эки канат, туу алды болуп, дымып турган кыргыз тарапка жабыла ат коюшту. Түндөгү жыбыраган **оттор,** эртеден бери тынбай уюлгуп **чаң үшүн алган казак жоокерлеринин деми бош эле**”[1] (астын сызган – К.Ү.).

Оттон кийин Кенесары Ормонго кепке келүү боюнча өз элчилерин жиберет, алардын психологиялык абалын сезген Ормон кабыл албай коет. Бул сюжетке дагы Ормондун душманды “суусуз калтыруу” жөнүндөгү “акыл айласы”, “кыргыз жоокерлери кийген ак көйнөк” кошулган.

Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романында от жагуу мотиви жазуучунун өзүнө таандык стили менен сүрөттөлгөн. “Он сегиз миң кол менен” барган Нүзүп “он сегиз” дарбазалуу Коконду туш тарабынан курчап, шаарга кесилиш жолдорго, дарбазалардын тушуна колду күчтөп коюп, ...сес көрсөтүп, айбат көрсөтүп, көп колду жер жайнатып оюн курдуруп жатып калды”.

Жазуучу “он сегиз миң”, “он сегиз” сандарын да бекер колдонгон эмес. “Он сегиз миң ааламда, багып өттүң аккан суу” – деп, Жеңижок акын ырдаган сыяктуу, кыргыз элинин дүйнө таанымында он сегиз миң - чексиздик. Демек, генезиси отко болгон ишенимде жаткан бул жоокердик амалда кыргыз элинин өзүнө (колуна) болгон ишеними бар. Ошондуктан сес көрсөтүү менен кошо душмандын эркин сыноо, анын согуштук тажрыйбасына байкоо жүргүзүү үчүн атайын м е з г и л, у б а к ы т бөлүнөт. К.Осмоналиевдин тарыхый маалыматтар далилдеген, Ормон хандын чакыртканда келбей маалкатуу мөөнөтүн кыскартып коюшу, кадимкидей оттун көркөм функциясына көлөкө түшүргөн.

К. Осмоналиевде негизги каарман согуштук беттешүүдө жоготууга учурап, ошондон көңүлү чөгүп турган абалда **от** анын жан-дүйнөсүндөгү дүрбөлөңдү дагы терендетсе, Ж.Токтоналиевде жеңилүүгө макул болгон душмандын пессимисттик маанайын чагылдырган. Ал эми Т. Касымбековдо адегенде **оттун сүрү** менен душмандын көңүлүнө бүлүк салып, анын эркин

---

[1] Хан Ормон - 262-б.

ийип гана тим болбостон, каармандын психологиясындагы коркунучту тереңдетүү үчүн көркөм чыгармаларда сейрек кездешүүчү оттун "пейзажын" көркөм сүрөттөө аркылуу романдагы **психологизмди** тереңдеткен. Автордун мындай көркөм табылгасы тарыхый доордогу саясий кырдаалдын опурталдуулугун, эски бийликтин күнү бүткөндүгүнө кепил болчу тарыхый кырдаалдын сүрөтүн даана тартканга жардам берген.

*"Кокон от менен курчалган. Көз жетпей сансыз оттор жылтылдап, асмандын жылдыздары бүт күбүлүп Кокондун тегерегине түшүп калгандай. Бирде алыстан бүлбүл этип, бирде күчөгөнсүп балбылдап, биринин шооласы бирине уланышып, асманга көтөрүлүп турду. Жакынкы оттордун жээгинде буттарын тартайтып кишилердин караандары жүрдү, бирин бири чакыргансыган добуштары, аттардын кишинегени ава менен калкып келип жатты. Чептин ич жагы капкараңгы. Сыпайлар турган жерлерден башка жерде бир дагы жылт эткен жарык жок. Дарактар кара кийген зайыптай үңкүйүп, тамдар эски бейиттей бозоруп жатты. Ибрагим Хайалга муздак тийди"*[1].

Оттун мындай көрүнүшү Нүзүп үчүн эмес, Ибрагим Хаял үчүн. Анткени анын жан-дүйнөсүнө бушайман түшүп, хан тактысын талашкан жоо алка жакадан алып турат. Караңгылык бир жагынан каармандын көңүл жагдайын түшүндүрсө, экинчиден, хан тактысынын саясий абалын мүнөздөөнүн символикалык көрүнүшү. Автор колдонгон "асмандын жылдызы түшүп калгандай", "кара кийген аялдай", "эски бейиттей" деген салыштыруулар Кокон бийлигинин элге түзгөн жагымсыз атмосферасын, алардын ортосундагы муздак мамилени түшүндүрөт. Түнкү кунарсыз, коркунучтуу көрүнүш – кандуу кагылыштарды талап кылган тарыхый доордун жүзү.

"Сынган кылыч" романында оттун "сырын" адаттагыдай душман өзү сурабайт. Касымбековдун чыгармачылыгына таандык стиль менен жазуучунун кабарчылары - каландерлер бул сапар "от кабарчыларынын" ролун ойношот. Оттун сүрү түңкү караңгылыкка сиңип, айлананы коркунучка бөлөп, келген

---

[1] Сынган кылыч. – 75-76-б.

элеттиктерге эле дем бербей, каландердин да кайратын шакардай кайнатып, Ибрагим Хаялды тике караганга кубат берип турат.

- Айт тез, кай тараптан келдиң?
- Тигил тараптан...

Каландердин жылтылдаган сансыз оттор жакка ишара кылганы Ибрагим Хаялдын жүрөгүн болк эттирди. Анын ирени кубула түштү. Билдирбеске тырышты"[1].

Оттун "сырын" ачууда апыртуу, күчөтүү сөз каражаттары колдонулат. Календер от жагып жаткандар тоолуктардын болгону сол канаты, оң канаты дагы келмекчи деп түшүндүрдү. Эгер "Көчмөндөр кагылышында" кишиси жок эртеден кечке сүйрөгөн карагай-талга от коюп, ар биринде **отуздан** киши деген сөз жок жерден кошулуп айтылса, Кокондогу ар бир отто **бирден паңсат** (500 киши) деп кишинин саны апыртылып, оттун сүрү дагы күчөтүлүп, жоокерлик өнөрдөгү согуштук тактика катары сүрөттөлөт.

## Ордо оюну

Кыргыз тарыхый романдарында жазуучулар типтүү колдонгон дагы бир эпикалык салт – ордо оюну эсептелет. Оюндун аталышы бул сөздүн этимологиялык мааниси: "...түрк тилдүү элдерде орто кылымдардагы уруу төбөлүнүн, кол башчысынын, бектин же кагандын көчмө же туруктуу байтактысы, борбору"[2] менен байланыштуу. Ордо түшүнүгү бийлик жана анын функциялары менен байланыштуу болгондуктан сөздүн туюнтмасы өз ичине саясий-согуштук маанини камтыйт. Ордо оюну "башка элде болбостон, жалгыз кыргызда болуп, эски замандагы согуш жөнүн көрсөткөн"[3].

Постсоветтик мезгилде тарыхый романды изилдөөнүн жаңы муктаждыктары "...улуттук адабий процесстин өзгөчөлүгүн аныктоону, ...андагы улуттук образдын көркөм дүйнөсүнө сүңгүп кирүүнү"[4]

---

[1] Сынган кылыч. – 75-76-б.
[2] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2003. – 313-б.
[3] Солтоноев Б.Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, Т.I. 1993. -10-б.
[4] Интернет сайт: http: // www. lib. Ua. Net/ diss/cont/ 92028. html. Бигуаа В.А. Абхазский исторический роман (история. Типология. Поэтика): Дис. …д-ра филол.наук: 10.01.02, 10.01.03. – Москва, 2003. – С.6.

актуалдаштырып жаткан азыркы шартта, адабий чыгармалардын структурасынан бекем орун алган мындай элдик этнографиялык көрүнүштөрдү талдоонун мааниси чоң. Этнографиялык салттардын тарыхый романдарда көркөм чагылышын изилдөө 90 – жылдардан баштап актуалдуу[1] мүнөзгө ээ болгону байкалат.

“Көчмөндөр кагылышы”, “Сынган кылыч”, “Хан Ормон” романдарында сүрөттөлгөн Ордо оюнунда инсандардын өз ара мамилеси, уруулар ортосундагы жаатташуу байкалган, оюндун кызуусу менен тараптар ортосундагы келишпөөчүлүк курчуп, демейде ачык билинбеген айрым “оюнчунун” ички пикири ачыкка чыккан. Ушундай Ордо оюнунан чыккан “оттон” улам уруулар ортосундагы карама-каршылык курчуп олтуруп, аягы улуттук трагедияга алып келген тарыхый чындыктын “Көчмөндөр кагылышы” романында сүрөттөлүшү ийгиликтүү чыккан эпизоддордон болуп эсептелет.

Бул жолу ойнолгон Ордо жөнөкөй эмес, кудалар ортосундагы (Ормон жана Боромбай тарап) тирешүүнү жаратып, эзелки кекти козгоду. Ормон өзүнүн саясий таасирин уруулар ортосунда күчөтүү максатында башынан хандыкка баш ийгиси келбеген Боромбайдын уулуна өзүнүн эң сүйүктүү кенже кызы – Гүланданы (тарыхый инсан, өз аты – Кулан) берген. Боромбай бир топ киши ээрчитип хан кудасыныкына мейманга келип, сыйга карк болгондо Ордо оюну менен көңүл ачмак болушат. Оюн азгырыгы улам кызып олтуруп, Ормон тараптын мыкты оюнчусу – Алыбек жеңиш алып берерде, Боромбай тараптан Балбай “оюнду жыдыт” дегендей көз кысып коет. Алыбек Балбайдын таасири менен чүкөнү жаза атып “жыдып” берди. Ымдашууну Каптал байкап, Ормон да шектенип калган эле. Оюндун шартын бузуп, ага жеке мамиленин “кийлигишүүсү” көп чырдын чыгышына себеп болду. Өкүнүчтүүсү, Ормон менен Алыбектин ортосундагы “эски жараттын карты тырмалып калды.” Анткени убагында Укен менен Алыбектин ортосунда сезим менен эсептешпей, ага Ормон үйлөнүп алган. Арадан канча мезгил өтсө да алар бул

[1] караңыз: Дадебаев Ж. Историческое действительность и ее художественное воплощение в современном казахском романе: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – Алма-Ата, 1992.; Романенкова М. В. Типология романа в ее национальной специфике : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – М., 1993.

аялуу мамилени үчөө тең унута алчу эмес. Эми Ормонго Алыбек өзү тарапты атайын уттургандай, арамза мамилесин оюн аркылуу чыгарып, кудасынын алдында анын хандыгын сыйлабай, атайын сындыргандай дилине бүлүк түшүрдү.

Кийин кандуу кагылыш окуяларын жараткан бул оюн жөнүндө тарыхый маалыматтарда көп жазылды[1]. Алардын ичинде алгачкы жазылган (илимде идеологиянын таасири тийе элек кезде жазылган деп эсептелчүү) Б.Солтоноевде мындайча берилет: “Боромбай жолдоштору менен Ормондукуна конокко келип, бир канча күн жатып калганда эрмек болсун деп Ормон ордо салдырып берген. Боромбай бугуга, Ормон сарбагышка баш болуп, ордо атышат. Бугу жеңилип калганда, байгеге сайган үч тогуз байталды Ормон алып койгон. Боромбай намыстанып, көлдөн чыккан ордочу жигиттерди алып келип, кайтадан атышканда Ормондун чертмекчиси Аюке Майтыктын бармагы жарылып, черталбай калган. Анан соң Кетирекейдин уулу Алыбек чертип жатканда, Боромбай көзүн кысып койсо, Алыбек жалгандан жазып калат. Бугулар утуп алып, үч тогуз байталын кайтадан алып койгон. Алыбектин жалгандан жазганын Ормон байкап калып, Алыбекке ошондон баштап душман боло баштайт”[2].

Адамзат цивилизациясында оюн эрежеси – бийликке баш ийбеген, коллектив менен башкарылуучу иш-аракет экендиги белгилүү. Ал эми дүйнөлүк адабиятта деле : **“Адам жана бийлик”** коллизиясы ...тарыхый романисттер тарыхый чындыкты көркөм аңдоонун нравалык-психологиялык механизмин иштеп чыгууга шарт түзүүчү ракурс”[3]. Кыргыз прозасындагы тарыхый романдарында адам жана бийлик ортосундагы келишпестиктер көбүнесе Ордо оюнунда берилет. Натыйжада Ордо оюну адам жана бийлик ортосунда гана эмес, бийлик ээлеринин ортосундагы **саясий интригаларды** изилдөөнүн, аны көркөм чагылдыруунун бир каражаты болуп эсептелет.

---

[1] Алдаш Молдо. Бугу менен сарбагыштын урушу. – Б., 1992; Абдиев Н. Ормон хан. – Б., 1992; Жолдошев Р. Ормон хан баяны //Аалам,1992, Бугу (май)айы, №9; Алдашев А. Ормон хан менен Балбайдын чабышы. // Насыят, 1992, 21-сентябрь; Усенбаев К. Ормон хан. – Б., 1999.
[2] Солтоноев К. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, Т.II. 1993. -19-б.
[3] Суровцев Ю. Люди и время // Новый мир, 1984, № 9. – С. 232-233.

Оюндун демократиялык маңызы андагы эреженин бек жана так сакталышында. Бул шарт аткарылбаган учурда сөзсүз чыр чыгат. Ормон уюштурган Ордо оюнунда Алыбекке Боромбайдын (чыгармада Балбайдын) көз кысышы, Алыбектин жалган жыдышы бугу менен саяктын биримдигин түшүндүрүп, саясий карама-каршылыктын чыгышына алып келген. Хан катары Ормондун элди бириктирүүгө жасаган аракетине моюн толгоо дегендикке жаткан. Алыбек да Ордо оюнунда жасаган жоругу үчүн Ормондун жанында тура албай, Боромбай тарапка көчүүгө арагасыз болгон. Ордо оюнундагы эреженин бузулушу уруулар ортосундагы тирешүүнү пайда кылган. Аягы Ормондун өлүмү менен бүткөн.

“Сынган кылыч” романында Ордо оюн Мусулманкул аталык болуп турган мезгилде ойнолот. Чыгармадагы “романдык интриганын” кульминациясы да Мусулманкулдун тагдырына байланыштуу. Бийликтин оюн азартындай азгырылма кумарына өз тагдырын биротоло байлаган Мусулманкул ордодогуларга “таянган тоосу” ким экендигин сездирип коюу үчүн али сөзүнөн чыкпаган жаш хан Кудаярга кошо элеттен келген эмчектеши Алмамбет алпты ээрчите кирди. Ош аймагындагы элди бийлик таасири менен “суудай бурган” Алымбек датка оюндун бир өнөк башы, экинчиси Мусулманкулдун баласы Абдырахман эле.

Оюн бир өнөктөн экинчисине өтөрдө жаш хан кезексиз чүкөнү тартып алып, оюн эрежесин сактабай ойномок болду эле, “хан тартибине” баш ийгенди билбеген калыс адам – Алмамбет ордунан туруп:

- Э-эй... Токто... – деп күркүрөп барып, барганынча жаш ханды шыйрагынан сыга кармай силке тартып, чийинди бастырып койду. – Мына мындай басып тооруйт! Оюндун эрежесин билбеген оюнга кошулбайт, а бузган чоңдукка жатпайт, жиеним! – деп , оюндун адамзат ойлоп тапкан улуу касиетин эсине салды. Кептин баары “оюн эрежесин” билбей ойноп, чоңдукка салып аны каалагандай пайдаланууда эле. Бул ордодогу саясий оюндардын көчүрмөсү болчу. Айрыкча бул оюндан Мусулманкул рахат алды: - Кеп балада эмес эле, – деди ал, – Алмамбетти ээндете түшүндүрүп, кеп баланын артында

далдаланып, мени менен эрез талашкысы келе баштаган кишилер бар эле ошерде. Куп жакшы болду да ошолордун көзүнчө! Мына ошолорду шыйрактагандай эле болду – селейип, сел-ейип калышпадыбы?![1]

Дал ушул Ордо оюнунан Кокон ордосунун ичиндеги ынтымактын ыдырай башташы, бийликке жол талашуунун күчөшү, сыртынан “сиз”, “биз” деген менен ички карама-каршылык ичтен бышып, жарыла албай турган тарыхый кырдаал байкалат. Жаш ханды эмне кылса туура деп, бийликке жүгүнүп туруунун өзү калыстыкты унутканга тете зыян келтирип, саясий кризисти тереңдетип жатканы байкалат. Оюн эрежесин бузганга ханга мүмкүндүк берүү, демек, башкаруу системасында адилетсиздикти түшүндүргөн. Чындыгында да Мусулманкул башында турган кыпчактардын кыргыны Кокон хандыгынын тарыхындагы эң кандуу окуялардан экени белгилүү. Мына ошол окуянын түпкү пайда болуу тамыры Ордо оюну аркылуу жазуучу тарабынан чебер сүрөттөлгөн.

Ордо оюну **элдик мыйзам** катары оюнчулар тарабынан катуу сакталган жана ал эреженин бузулушун коомчулук айыптаган. Улуттук аң-сезимде ал адамга баа берүүнүн чен-өлчөмү катары колдонулган. Ошондуктан бул оюндун кылымдардан бери келаткан салтын жазуучулар бир нече максатта пайдаланышкан.

- Ордо оюнунда оюн азгырыгы аркылуу көмүскөдөгү, сыртынан билинбеген саясий тирешүүлөрдүн чыныгы жүзүн ачкан;
- Ордо оюнунда тараптар ортосундагы мамиле, каармандардын өз ара мамилеси (пикири, позициясы, көз карашы ж.б.) ачыкка чыгып кеткенин оюнчулар байкабай калгандай сүрөттөө аркылуу романдык интрига көркөм аңдоого алынган;
- Ордо оюну жеке каармандын адамгерчилигин, мүнөзүн, образын обьективдүү баалоонун коомдук критерийин жараткан.

[1] Сынган кылыч. – 137-138-бб.

## Өлүм алдындагы намаз жана баш кесмек...

Тарыхый романдардын сюжеттик композициясындагы дагы бир типтүү окшоштук тарыхый татаал карама-каршылыктардын натыйжасында негизги каармандардын өлүмгө дуушар болушу. Болгондо да анын өз ажалы менен эмес, тарыхый кырдаалдын курмандыгы болушу же “баш кесүү” адатына кабылышы. Тарыхый кырдаалда эл үчүн кызмат кылган, улуттук намыска бек, ички инсандык кудрети мол тарыхый инсандар тарыхый кырдаалдын курмандыгы болушкан. Мындай тагдырга туш болгон тарыхый инсандардын баары болбосо да, көпчүлүгү өлүмгө тике карашы, баш кесүүнү кадимки көрүнүш катары “солк” этпей кабыл алышы, кесилген баштын “белекке” жиберилиши, анын кара түс менен жабылышы типтүү көрүнүштөрдөн.

Коомдук өнүгүүдөн келип чыккан ар кандай карама-каршылыктардын (көбүнчө саясий) натыйжасында эл тагдыры үчүн өмүрүн сайган тарыхый инсандар тарыхый романдарда **намаз окуп, актыкка моюн** сунгандыгы кыргыз жазуучулары типтүү колдонгон эпикалык салттардын бири эсептелет. Албетте, бардык эле негизги каармандар мындай тагдырга ээ болгон эмес. Ошондуктан, намаз менен оо дүйнөгө сапар тартуу жалаң гана диний ритуал эмес, ал каармандардын ишинин, максатынын **актыгы** катары түшүнүүгө негиз бар. Айрыкча бул пикирди Нүзүптүн өлүмү менен далилдөөгө болот.

Нүзүп Коконго келгенден баштап, карапайым элдин “терисин сыйрып” жыйналган салыктардын эсебинен ордонун төрүндө сайрандап өмүр кечирген арам тамактарды катуу тартипке чакыргандыгы, аскер күчүн бекемдеп, негизги каражатты мамлекеттин кызыкчылыгына жумшагандыгы ордо адамдарынын көбүнүн көзүнө сайылган тикенек болгон. Кандай да болсо анын көзүн тазалоо амалын издеп, аны оңой эле Ордо ичинен табышкан. Нүзүптү жок кылуунун эң ыңгайлуу жолу анын “өзүнүн этин өзүнө жедирүү” экенин жакшы билген, мындай далай саясий оюндарга маш болгон Шады ынак акыры Шералини сөзгө келтирген. Ээрчиме хандын башын айландырып олтуруп акыры **“Нүзүптүн башын кесип, алдыма апкел**” (астын сызган – К.Ү.) деген жарлыкка Шералиге мөөр бастырып, ал “жалаң кастардын ортосунда”

Маргаланда турганда желдет жибериши саясий оюнга маш болгон кутумчулуктун “ажайып” тажрыйбаларынан эле. Мындай өлүм тагдырынан кутулууга мүмкүн эмес экенин сезген эстүү жан өлүмгө тике карап, “мен эки иракет намаз окуп алайын, ...оң жагыма салам бергенде кир... Ишиңди бүтүр...” – деди Нүзүп, желдетке. Ошондо жолун тоскон душмандын суук кабагын карабай туруп, акыркы сөзүн айтты:

- Күндү бир карап алайын, алдымды тоспо наадан болбосоң. Даарат алып алайын, кыянаттык кылба кайридин болбосоң – деди[1]. Ажал алкымдан алып турса да, тегинде сөөгү таза, кайраттуу, асыл адам душманга сыр бербей жай басып, дымы чыкпай турган сарбаздарга саламын айтып, алардын акыркы таазимин кабыл алган соң, “чоң чынар теректин түбүнө отуруп даарат алды”. Ушул учурда жазуучу батып бараткан күндү сүрөттөгөн **пейзаж** Нүзүптүн армандуу өмүрүнүн сүрөтү сыяктанат. Нүзүп таза сууга тазаланып бүткөн соң, “күн жыттанган” бактын ичинде, “улам кызарып, ыйлаган көз өңдүү улам жашылданып” чөгүп бараткан күндү бир тиктеди да, акырын миршабдан суранды:

- Желдетке айтчы... Бактын ичине келсин...

Ошондон кийин бир саамга учкул кыял менен өткөн өмүрүн таразалап, бир кезде көргөн кереметтүү түшүн, мекендин ажайып көркүн, “качанкы энесинин көкүрөк жытын эстеп”, каңырыгы түтөп келатканда аны кайрат менен токтотуп, “бул дүйнөнүн оюну, азабы”[2] менен кош айтышты.

Романдык м е з г и л эсептелген XIX кылымда саясий карама-каршылыктын жеткен чеги адамдын башын алып, аны өч алуунун негизги методуна айландыруу ошол мезгилдин мүнөздүү белгилеринин бири. Ордодогу ич ара карама-каршылык ушунчалык жетер чегине жеткен, Нүзүптөн кийин бийликти кызгануудан улам, саясий фигуралардын биринин артынан экинчисинин **“башы кете”** баштайт.

---

[1] Сынган кылыч. – 125-б.
[2] Ошондо.

Ордодо Нүзүптөн кийин жол талашкандардын бири Мусулманкул экенин билген Шады "тоң моюн бектин башын апкелиш" жөнүндө жашырын жарлык берип, Шариханга желдет жиберет. Желдет Мусулманкулду ордунан таппай калат. Анткени кыраакы саясатчы алдын ала жарлыкты билип калып, жашынганга үлгүргөн эле. Тескерисинче, ачык беттешүүгө чыкканда, Шады жетектеген Ордонун бүт аскерин кыйратып, Шадынын **башын кесип**, кара баштыкка салып, канжыгасына байлап, Мусулманкул жигиттери менен Кан Сарайга "уруксатсыз" кирди.

Жигиттердин бири колундагы кара баштыгын көңтөрүп кагып жиберди, адамдын кандуу башы дүңк этип, килемге тоголонуп жатып калды.

- Таанып алың... – деди Мусулманкул Шералини жекире[1].

Шадынын башын алуу менен Мусулманкул Ордодогу негизги "идеологду" жок кылды, экинчиден, Шералини биротоло коркутуп, өзүнө жол ачты да, "аталык" вазийпасын аткара баштады. Көп узабай Шерали өлтүрүлдү. Анын хан тактысында олтуруу мөөнөтү үч жылга жетпей калды.

Кокон хандыгына моюн толгой баштаган тоолуктардын демин байкаган соң, кутумчулар Ош-Анжиянга таасирлүү Алымбектин башын алуу планын иштеп чыгышты. Чыгармада **бийлик кризисинин** жеткен чеги кыргыздын кырк уруусунан эл намызын аркалап, адилеттик сурап Коконго келген 40 увакилдин (өкүлдүн) башынын алынышы мындайча сүрөттөлөт: "Капкара удайчы ошол эле күнү кечинде ордонун түбүндөгү эски абакка кырк увакилди бирин калтырбай кырдырып, баштарын бир жерге үйдүрүп, эң үстүнө Шер датканын башын койдуруп койду. Бир топ кишилерин ээрчитип Кудаяр-хан көрмөккө келди. Шер датканын сеңселген аппак сакалы кызыл-ала болуп канга боелуп, эки көзү жумулбай калган эле"[2]. Жазуучу бул эпизодду жалаң көркөм кыялдан алган эмес. Анын бир нече фактылык өбөлгөсү бар. Мисалы, кыргыздардан барган кырк кишиден турган элчилердин башынын алынышы тарыхый чындык[3].

---

[1] Сынган кылыч. – 129-б.
[2] Сынган кылыс. – 422-б.
[3] караңыз: Хасанов А. Народные движение в Киргизии в период Кокандского ханства. – М., 1977. – С.49.

Тарыхый романдарда намаз окуу мотиви жалаң эле улут кызыкчылыгынын курмандыгы болуунун, максат-тилектин “актыгынын” күбөсү эмес. Буга өзүнүн баскынчылык жортуулу менен канатташ жашаган бир тууган казак-кыргыздын ынтымагына бүлүк салган Кенесарынын өлүмү күбө. Тарыхый карама-каршылык күчөп турган мезгилде Кененсарынын тагдыры саясий оюндарга курал болгону тарыхый адабияттарда да тастыкталат. “Көчмөндөр кагылышында” жазуучу эпизодду каармандын өз сөзү менен берген: “... Даарат алып, намаз окуймун. Сондон соң өзүм ишарат беремин. Кыйнабай кылыш менен шабыңар. – Ушул сөзүнөн кийин суу толгон кумганды алып, босогого бурулду. ...Өзүнө тап коюп, жүрөгүн жулуп аларына чукулдап калган ажалды кенебегенсиген Кененсары сыртына сыр чыгарбай чепкенин жайып, кыбыланы беттеп, намазын көпкө окуду. Бүтүп, дал олтурган боюнча эшик тарапка бурулду:

- Келиңдер, энди?[1] – деп, сол тарапка бурулуп, башын кылычка тосту.

Кененсарыга өлүм алдында эки гана нерсе эсине түштү. Бири – он жашар уулу, экинчиси – акын Таңжарыктын табышмактуу ыры. Жазуучу дал ушул акындын ыры менен Кенесарынын **өмүрүн текке өткөргөн өкүнүчүн** бергиси келген. Чөгүп турган көңүлүн көтөрүү максатында Кенесары домбура күүсүн сураганда, акын анын самаган күүсүн чертпей, кандайдыр бир кайгылуу, будуң-чаң түшкөн көчтөн кийин ээн калган журтту, жүгү оогон төөнү, боздогон ботону элестеткен күүнү черткен. Кененсары табышмактуу күүнүн жандырмагын сураганда, Таңжарык ыр менен жооп берген:

Калкының турдуң чыгып кезеңине,
Байлауда оксап коем көжөгүңө,
Бурулуп, арт жагыма караганда,
Дүрт этип от кетеди өзегиме...[2]

Акындын ыры аркылуу Кенесарынын баскынчылык саясаты, нечен миңдеген адамдардын өлүмүнө себепкер болгон күнөөсү айыпталган. Тарыхый

---

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 166 –б.
[2] Ошондо. - 152-б.

маалыматтарда Кенесарынын күнөөсүн далилдеген аргументтер бар: “Оруска букаралыкка өтүп, ага султан наамын алган казак билермандарынын айылын чаап, орус аскер бөлүктөрүнө кол салууну Кенесары 1838-жылы баштаган. Жоокерлеринин санын арбытып, орус аскер бөлүктөрүнөн колго түшүрүлгөн курал-жарак менен куралдандырып,  орус чептерине, Акмоло, Каркыра округдарындагы регулярдуу аскер бөлүктөрүнө кол салып турган. Кенесары Касымов орус империясынын тынчын алган куралдуу күчкө айланат. Орус бийликтери Кенесарыны “Козголоңчу султан” деп атап, ага каршы согушуу үчүн аскер бөлүктөрүн түзгөн. ...Кенесары козголоңчулары 1838-1845 – жылдар аралыгында 175 айылды өрттөп, малын талап алып, 5000 ден ашык кишини өлтүргөнү аныкталат”[1].

Тарыхый инсан Кенесары тагдыры татаал каарман. Бир жагынан өз Ата Мекенинин патриоту, өз жерин бөтөн журттун ээ болушун каалаган эмес, экинчиден, канкор, каардуу. Ушундай карама-каршылыкты анын өлүм алдында “сол” тарапка бурулушунан да  (Нүзүп андан айырмаланып, желдетке оң тарапка салам бергенде башымды ал деген) көрүүгө болот. Анткени элдин дүйнө таанымында түс, сан сыяктуу эле  мейкиндиктеги багыт да чоң мааниге ээ. Жакшы иштер көбүнчө “оң” менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда “баш кесүү бар, тил кесмек жок” принцибиндеги **этномаданиятка ылайык, кимдин башы кесилип жатканына карабай, өлүм алдындагы адамдын акыркы сөзүн угуу адеби бар**. Мейли желдет, мейли бийлик ээси болсун өлүп бараткан адамдын акыркы суранычын аткарышкан.     Кенесарынын өлүм трагедиясын жалаң керт башынын кызыкчылыгы менен түшүндүрүүгө да мүмкүн эмес. Анын мындай мүнөзүн тарыхый доордун карама-каршылыгы  калыптандырган. Тарыхтын объективдүү  өнүгүүсү инсандын кудрети канчалык күчтүү болсо да, аны драмалык кыйроого алып келген.  Ошондуктан өлүм астында окулган Кенесарынын намазы анын татаал тагдырынын, жеке трагедиясынын

[1] Токтоналиев Ж. Ормон хан. – Б.: Учкун, 2003. – 38-39-б.

жыйынтыгы катары сүрөттөлгөн. Кантсе да анын тагдырына бир жактуу кароо кыйын, ага дагы тарых өз жообун бериши мүмкүн.

Тарыхый инсандын татаал кырдаалдагы трагедиясы анын денеден алынган башынын саясий оюнга курал болуп, белекке жиберилиши менен да шартталат. Кенесарынын кесилген башы да ошондой "кызмат аткарууга" жөнөтүлгөндө жолдо бир боорлорун издеп келаткан Бопукан кезигет. Жолдо кезиккен атчандардан бир тууганынын жайын сурап сабылып турган Бопукандын көзү "канжыгада байланып келаткан кара томпокко урунду... Ошол кара томпокто бузулбас үчүн дарыга чыланып, чайыр менен чапталып, булгаары менен капталган Кененсарынын башы бар эле. Аны орустун Омбудагы улугуна Жантай жөнөткөн."[1] Романдагы кесилген баштын "белекке" жиберилиши автордук ойдон жаратуу эмес. Ал тарыхый адабиятта дал ушул эле калыбында: "Кенесары, Норузбайды өлтүргөн соң, Төрөгелдини бошотууга Ормон менен Жантайдан киши барса, казактар оруска сыйынып, ...Кенесарынын башын орустун улугуна тартуу кылсаңар Төрөгелдини бошотот дегенде, Жантай өз жакын тууганарынан – Калыгул Албек уулунан Кенесарынын башын берип, Омбудагы орустун жандыралысына (генералына) жиберген. Орус улугу Калыгулга жана башка кыргыз өкүлдөрүнө медал, чепкен берип, Төрөгелдини бошоткон"[2].

Адам башынын мындай саясат оюнчугуна айланышы бир гана Кенесарынын эмес, атпай журттун – казак-кыргыз боордош элдин трагедиясы эле. Маселе ушул аспектиде жазуучу тарабынан терең талдоого алынган эмес.

Тарыхта болгон бул факт башка тарыхый инсандардын да тагдырын көркөм иликтөөгө негиз болгону байкалат. Айталы "Сынган кылыч" романында ушундай эле тагдырга айтылуу Алай бектеринин бири Алымбек дуушар болгондой сүрөттөлөт. А чынында андай факты тарыхый адабияттарда ачык кездешпейт, ал эмес Алымбектин өлүмү жөнүндө ар түрдүү пикирлер айтылат. Өлгөн жылы да так эмес. "1860-жылы Малля хан өзүнүн сарттарына орустарга

---

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 173-б.
[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, 1993. Т. II. – 11-б.

каршы чыгууга буйрук берет. Аларга Алымбек башында турган кара-кыргыздардын отряды кошулат. Кышкы суук күчүнө кирип турган мезгил эле. Сарттар тоңуп, ачкадан өлө баштайт. Ошондо Алымбек өзүнүн кыргыздары менен Анжиянга кирип кетет. Малля хан кийинки жылы да орустарга каршы камдана баштайт, бирок кыргыздар кошулуудан таптакыр баш тартышат. Хан Алымбекти кармап келүү үчүн кишилерди жиберет, бирок ал Гүлчөдөн аркы жаткан тоолорго качып кетет. Баргандар анын оокат-жайын олжолоп келишет.

Алымбектин баласынын айтуусуна караганда 1861-жылы болгон Кокондогу чоң козголоңдун учурунда өлтүрүшкөн. Башка маалыматтарга караганда ага 1863-жылы уу берип өлтүрүшкөн”[1].

Үчүнчү адабиятта ал жөнүндө: “1842-жылы Шераалыны хан хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. ...1945-жылы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. 30 жылдык ишмердигинде (1831-1862) журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-жылы 24-февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга (заговор) катышкан. 1862-жылы хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон”[2] – деген маалыматтар анын кандай жол менен курман болгонун так бербейт. Ушул эле адабиятта: “Алымкулдун аракети менен Кыдыр, Ырсалы сыяктуу кыргыздын бийлери, а түгүл 1862-жылы июль айында алдоо жолу менен ордого чакырылган Алымбек датка Чотон аттуу кыргыздын колу менен тындым кылынгандыгын[3] – тастыктайт. Айтылган пикирлердин ичинен ички бийлик талашуунун натыйжасында Алымбектин өлүмүн 1863-жылы болгон Ордо төңкөрүшү менен байланышта карагандар көбүрөөк[4].

Демек, “Сынган кылыч” романындагы Алымбектин башынын кылыч менен чабылып, кол жууп жаткан идишке топтой тоголонуп түшүүсү автордук ойдон жаратуу. Жазуучу бул көрүнүштү Кокон ордосундагы баш кесүүлөрдү типтештирүү максатында жүрөк титиреткен драматизм менен көркөм жалпылаган. Ал эми саясий максатта Алымбектин башын алган Чотондун

---
[1] Кыргыздар. / Түзгөн К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 249-б.
[2] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. – Б.:Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 111-б.
[3] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. – Б.:Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 236-б.
[4] Кыргыздар. / Түзгөн К.Жусупов. –Б.:Кыргызстан-Сорос фондусу, 3-том, 1995. – 229-б.

башын кесип, Курманжандын көңүлүн алуу үчүн “белекке” алып келиши тарыхый чындыкка негизделген типтүү көрүнүштөрдөн. Бухара амири Музафар Курманжанды издеп келип, созолонто Алымбекке куран окуп, анын үй-бүлөсүнө көңүл айткан соң:

- Энди, бек айым, сизге бир тартуу ала келген элек, - деп, тышка алакан уруп, дабыш кылды. Ошол замат жылтылдаган күмүш табакка салынган бирдеменин үстүн үлбүрөгөн **кара шайы** жаап, нөкөр алып кирип келип, сыңар тизелей таазим кыла Курманжан жесирдин алдына тосо кармады[1]. Музаффар жесирдин “көрүп көкшүнү суусун, өчү кансын” – деп апкелдик дегени менен Чотондун башын көтөрүп жүрүүнүн Ордо үчүн башка кызыкчылыгы бар эле. Ал биринчиден, Алымбектин өлүмү үчүн актануу куралы, экинчиден, тоолуктардын колдон чыгып кетиши Ордо үчүн чоң коркунуч болчу. Ошондуктан, Чотондун кесилген башы “дипломатия” көпүрөсүнө курал болуп олтурат.

Кыскасы, тарыхый романдардагы баш кесүүнүн кайсы гана түрү болбосун, ал саясий курмандыктын куралы болгон. Тарыхый өнүгүүнүн адамдардын эркине баш ийбеген объективдүү өнүгүүсү талап кылган кылым алмашуу, доор алмашууда пайда болчу карама-каршылыктардын караөзгөй катаал жүзүн ачуунун көркөм каражаты катары тарыхый романисттер тарабынан типтүү колдонулган.

### Керээз

Тарыхый романдарда өткөн окуялардан чыккан тажрыйбанын негизинде нравалык баалуулуктарды кийинки муунга калтыруунун өзүнчө жолу - керээз айтуу көркөм сүрөттөлөт. Керээз эпикалык салт катары таш эстеликтерде жазылган поэтикалык тесттерден баштап, “Манас” эпосу башында турган (Көкөтөйдүн керээзи) элдик оозеки чыгармаларда да, профессионалдык адабиятта да жазуучулар колдонгон эпикалык салт эсептелет. Муундан муунга өтүп рухий эстафета катары Манастын, Көкөтөйдүн, Боромбайдын, Балбайдын,

[1] Сынган кылыч. – 242-243-б.

Арстанбектин, Жеңижоктун керээзи кадимки элдик оозеки чыгарманын бир түрү сыяктуу элдик эстутумда жашап келет. “Тарыхый эстутум” – муундардын рухий тажрыйбасын биринен экинчисине өткөрүп берүүчү көркөм чыгармачылыктын өзгөчө эстетикалык категориясы”[1]. Айрым керээздин материалында жазылган чыгармалар[2] да бар. Ал эми белгилүү акын Арстанбектин керээзине окумуштуу А.Эркебаев мындайча баа берген: “Өзүнүн шакирти Солтобай ырчыга акын тарабынан калтырылган “Керээз” деген ыры – Арстанбектин өлүм алдындагы өзгөчө поэтикалык отчету, жан сырынын жарыя айтылышы”[3].

Керээзди - өлүм алдындагы адамдын акыркы сөзүн угуп, аны аткаруу тирүүлөрдүн парызы катары этномаданиятка кирген. Анда көбүнчө адамдын жеке тагдырына байланыштуу окуянын негизинде тирүүлөргө айтылган кеңеш, өтүнүчтүн улуттук мааниси бар. Анткени керээзде оо дүйнө салган жалгыз адамга гана тиешелүү эмес, жалпы улутка таандык маселелер камтылат. Айталы, Манастын керээзи[4] (Саякбай Каралаевде) өзүнүн өлүмү эмес, кыргыз элинин тагдырына, жалгыз туягы Семетейдин тагдырына карата айтылат. Керээздин дал ушул **эл тагдырын** аркалаган маңызы анын тарыхый чыгармалардын көркөм структурасынан орун алышынын өбөлгөсүн түзөт.

Керээз айтуу да башка элде көп кездеше бербеген кыргыз элинин улуттук психологиясында бекем сакталуучу, муундан-муунга берилүүчү рухий баалуулук. Керээздин этнопедагогикалык, философиялык мааниси тууралуу жазуучу Т.Сыдыкбеков мындай дейт: “Өлүм алдында жаткан киши өз ишин эң жакынына аманат калтырмайынча ал ажалга алдырбаган. Бул кишилерге зор ишеним берген өмүр болучу”[5]. Демек, керээз айтуу бир мезгилде ар бир адам өлүм алдында, сөзсүз аткарууга тийиш болгон милдети эсептелген. Ошондуктан өлүм алдындагы адамдын керээзи бузулбай айтылууга тийиш. Ушул жагынан тарыхый аң-сезимге таасир этүү мүмкүндүгү бар. Бул элдик

[1] Павловский А.А. Историческая память как фактор формирования характера героя в современной прозе: - Автореф. Дис. ...канд. филол.наук. – Л., 1986. – 3-б.
[2] Казиев А. Балбай баатырдын керээзи. – Бишкек, 2005.
[3] Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б.: Учкун, 2004. – 129-б.
[4] Манас энциклопедиясы. – Бишкек, 1995. – 294-б.
[5] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. – Ф.:Адабият, 1989. – 9-б.

салт бүгүнкү күнгө чейин өлүм менен өмүрдүн көпүрөсү сыяктуу тирүүлүктүн акыркы мыйзамы катары жашап келет.. Албетте, пенделик кызыкчылыктын күнү бүткөнүн сезген адам  улуттун , урпактын келечеги үчүн чынчыл, таза акыркы сөзүн айтууга акыркы күчүн, демин сактап, керээзсиз өлүмгө моюн сунган эмес. Жазуучу "Көк асаба" романында Эр-Күлчур менен Адылтай ажонун керээзине атайын басым жасайт. Аны менен тарыхый романдын кийинки урпактарга берчү рухий кубатын, нравалык сабагын пайдалануу боюнча Т.Сыдыкбеков "өз керээзин" айткандай.

Керээздин мазмуну баягы эле "кырк урууну" – кыргызды  ынтымакка чакыруу. Мына ошол уруулар ортосундагы ички карама-каршылык кыргыз элинин түбөлүк трагедиясы сыяктуу:

- Арыгыңды семирткен эдим. Азыңды көбөйткөн эдим. Кырк уруу атпай журттун башын коштуруп, түбү терең көл кылам деген санаам ишке ашпай баратыр... Атпай журт кыркың кырк жакка тарабаң. Баш кошуң дедим. Аз көбөйсө, ач тоюнса,  дедим . Бир болгондо жортуулдан жеңип кайттык. Аз болгондо бүлүнүп кайттык...Эр кебин эсиңе тут, баба салтын таштабаң, атпай журт! – деп, зар какшап кош айтышат Эр-Күлчур.

Эр-Күлчур да салтка ылайык дайындады: "...көрүмдүн чекесине таштан балбал коюңдар! Чоң бетине өмүрдө иштеген эрдик сөздөрдү чектирип тамга басыңдар. Тукум билсин. Унутпасын!"[1]

Т.Сыдыкбеков романга керээзди киргизүүдө Орхон Енисей эстеликтериндеги  ташка чегилген жазууларга таянганын байкоо кыйын эмес. "Түштүк  Сибирде табылган таш эстеликтерде руна сымал жазуу менен мына бул адамдардын ташка аты чегилген: Култудун, Текеш, Алтын тамган, тархан Жалсеке бек, **Күл-чур** ..."(астын сызган – К. Ү.). "Чур" деген сөз , бизче "хан", "бек",  "төрө" деген ардак наамды билдирет"[2].

Керээз жалаң гана улуттун ички саясаты үчүн айтылган эмес. Эл ичинен чыккан тарыхый инсандар улуттун келечеги үчүн анын кулачын кеңейтип,

---
[1] Көк асаба. – 21-22-б.
[2] Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. – Б.:Бийиктик, 2006. – 164 -165-бб.

коңшулаш, тектеш элдер менен ынтымак түзүү, же элдик дипломатиялык маселелер боюнча да акыркы сөзү менен кийинки муунга насаат айткан. Бул Адылтай ажонун керээзинен ачык көрүнөт: "...Тиги киндиктеш көп уруу журт бир болсо деген эдим. Мен ажо болгон кезде башкалары мындай турсун – аз, чаа, төлөс, тардуш, карлук, найман, курыкан, он ок бизге кас эди. Алардын канына кадырымды салдым, баатырларына жылуу сөзүмдү эшиттирдим. Билгиси өзү ынтымакка келди. ...Үч-Суу журту бизге өзөктөш. Ошону билиң... Ата-а... ошол Элтерес шер ынтымакка келсе, биздин каруу сынгыс болоор эди..."(чыгарманын 424-бети).

Тарыхый романдарда көркөм интерпретацияга алынган керээздердин тарыхый негизи бар. Ошондой керээздердин бири – Ормон хандын керээзи. Кызын бугу уруусуна берип, уруулар ортосундагы ынтымакты чыңдайм деген максаты ордунан чыкмак турсун, кайра тескерисинче, эки уруунун ортосунда кетпес кекти пайда кылып, акыры бугулардын колунан ажал табаарына көзү жеткенин сезгени - Ормондун тарыхый доордогу жеке гана трагедиясы эмес. Бул трагедия Ч.Айтматов Улугбектин трагедиясына[1] баа бергендей – улуттук трагедия. Жер көтөргүс кайгысын сезе туруп, Ормон жеке тагдыры үчүн элди азапка салгысы келбей жанында олтурган кызына керээз айтат. Тарыхый адабиятта ал мындайча берилген: "Кулан балам! Сени менин балдарым кайтадан жибербейбиз десе көнбө. ...сарбагыш эми мен бардагыдай болбойт. Үмөтаалы урушчаагын коюп, элди аздырбасын, эл-журттун акылын Куттук уулуна салсын. Бугу кылжырдын баласы, зили тууган эле. Өздөрү кайрылбай турган кара мүртөс журт эле. Кокустан элдиктен биротоло кетип калбасын, эгерде журтташыбыз десе сарбагыш мен үчүн намыс кылбастан кыя тартып журт болсун. Эгерде журт болбосо, Жантайга ишеним жок эле"[2]. Ормон хандын тагдырына арналган тарыхый адабияттардын дээрлик бардыгында ушул мазмун сакталган. Анча-мынча өзгөрүүлөр, кошумчалар кездешет. Кайсы вариантта болсо да, Ормон өз өлүмү менен элге зыян келтиргиси келген эмес.

---

[1] караңыз: Шермухамедов П. Диалектика души и истории. Дружба народов, 1981, № 3. – С.233.
[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, 1993, Т. II . – 21-б.

Элдин биригишин, ынтымагын каалаган. Керээздеги ушул касиет анын кийинки муундарга тарбия берүүчү рухий баалуулугу болуп эсептелет.

Тарыхый адабияттардагы Ормондун керээзи жөнүндөгү тарыхый факт “Көчмөндөр кагылышында” айрым кошумчалар менен негизи сакталган бойдон киргизилген. Керээз бир нече бөлүктөн турат. Биринчиси: “Ормон Балбайга кеги кайнап кызына бул керээзди айтты:

- Кунумду Шамен кессин. Төрөгелди Көлдү үч айлансын. Адыл Мырзага көз салсын. ...Кургап куудураган тилин нымдап, үшкүрүп дагы бул керээзин айтты:

- Үмөтаалы жаман кыялын таштасын. Эл менен ынтымакта болсун... Кылмыштуулар алдыга түшүшсө, намыс кылбай элдешиш алышсын. Акыл башында Калыгул абаң турсун. Анын айтканын угуп, акылын угушсун. ...Чырагым! Ал абаңдан мени кечирим сурады дегин. ...Ай, Көкдолу мен деп жүрүп өтөөр”[1].

Көркөм чыгарманын табиятына ылайык, жазуучу өлүм алдында жаткан адамдын психологиясын жакшы сүрөттөгөн. Акыркы сапарга узаарда Ормон өзүнүн жакын жүргөн адамдардын баарын көз алдыга келтирип, аларга тиешелүү баасын берет. Кызынын үй-бүлө коломтосунун бүлүнбөшүн, элдин ынтымакка келишин, өмүрлүк жубайы Укенге ыраазычылыгын кызына аманат калтыра оо дүйнө аттанат. Тарыхый адабиятта кездешпеген “Кунумду Шамен кессин, Төрөгелди Көлдү үч айлансын”- деген сүйлөмдөрдүн кошулушу менен Ормон урууларды кайраштыргандай таасир калат. Бирок, бул ойлор элдин эстутумунда сакталып келе жатканы белгилүү.

Керээзге таандык элдик эрежелердин бири – ал сөөк үстүндө айтылууга тийиш. Романда ушул эреже сакталган. Керээз Ормондун сөөк үстүндө Калыгулга айтылганда, Олуянын:

- Чырагым! Атаңдын биринчи айткан керээзин кайталаба, унут. Эч ким укпасын! – деген сөзү күйүткө алдырган Гуланданын эсинен чыгып кеткен. Натыйжада Ормондун өлүмүнөн кийин уруулар биригүүнүн ордуна,

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 272-б.

тескерисинче, өз ара өчүгүшүү күчөп, бири-бирине касташуу романдын кульминациясын түзөт. Экинчи керээз да так аткарылган эмес.

Ормон айткан : "Үмөтаалы урушчагын коюп, элди аздырбасын, эл-журттун акылын Куттук уулуна салсын. Бугу кылжырдын баласы, зили тууган эле" – деген насаат таптакыр аткарылбай калган. Умөтаалы кун башы "кырк кыз, алтымыш аял, үч миң жылкы, жүз төө" болгонуна да көкшүнү суубай:

- Кун башы ал эмес, аба! – деди ызырынып, ...Балбай менен Алыбек баштаган жети эрдин башы болот.[1]

"Хан Ормон" романында Ормон "жараттагы канды соруп убара болбогула, ...жакын калды" дегенден кийин керээзин кызына ээн айтсын деп, Дөөлөт хандын жанындагы кишилерди сыртка алып чыгып кетет. Ормон айткан керээз мындайча сүрөттөлөт:

- Жаздыкты бир аз бийиктетип, жаныма отур, балам, - деп, боюн түзөгөн болуп, сөзүн улады Ормон хан. ***– Жеткен ажалга чара жок, балам, кайрат кыл. Өмүрүмдү балдарыңа бердим. Мусулманбыз. Кудай кошкон куда эле, Боромбайды кечирдим. Дөңгө келип салам айтып, алымды сурады, болот, ошо кечиргенге татыйт. Өмүрзакка ыраазымын, мага жапкан кара кашка ыпчасын хан атамдын табериги деп өзү кийсин. Менин сөөгүмдү өзүң алып бар. Кайра кел, таш түшкөн жеринде оор, чүрпөлөрүң турат – деп, энтиге демин жыйып турду да, – Үмөтаалыга айт, ал эстүү, бирок өзүм билем дегенин коюп, элге баш болсун. Бугу, сарбагыш эки бир туугандын балдары жарашып эл болушар. Жарашуунун ата-бабадан калган жөрөлгөсүн Шаменге кеңешишсин. Адылга айт, Нышанын Мырзасына көз салсын, Жантайга ишенич жок эле. Төрөгелди мен деп жүрүп өлөр ,*** (астын сызган – К.Ү.) **–** деп, сөзүн бүтө албай "кыр" деп сунала түшүп, көзү жумулду"[2].

Негизинен эки жазуучуга тең таандык керээзде айтылган окшош фактыларды байкоого болот: эки уруунун туугандыгы, Ормондун кызынын үй-бүлөсүнүн сакталышын каалоосу, эки урууну жараштыруу зарылдыгы,

---

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 280-281-бб.
[2] Хан Ормон. – 256-б.

Жантайга ишенбестик, Төрөгелдиге болгон ишеним, эл тагдырына кабатырлануу эки романда бирдей сакталган. Бир гана Ормон тукумун даңазалоо максатында, Ж.Токтоналиев Үмөтаалыга “эстүү” эпитетин ыйгарып, кошумча тарыхый инсандардын аты аталат. Тескерисинче, К.Осмоналиевде: “Үмөтаалы жинди сени жибербейм дээр. Тилин алба” – деген сүйлөм аркылуу ага “жинди” эпитетинөз атасынын сөзү менен берген. Тарыхый булактарда Үмөтаалынын каардуулугу тууралуу көп кездешет, бирок анын акылмандыгы айтыла бербейт.

“Көчмөндөр кагылышы” романындагыдай эле бул чыгармада “кун” тууралуу керээзде эч кандай кеп болбосо да, хандын туугандары кун куумак болушат. Керээзде Шаменге жарашуу милдети тапшырылганына карабай, ал адатта жок кундун үч түрүн ойлоп тааптыр: биринчиси – Боронбай, Муратаалы, Качыбек, Балбай, Өмүр, Мырза, Ногой баштаган 13 эрди көгөнгө байлап мууздоо; экинчиси – алардын кыздары баштаган жүз кызды бир жылга берүү; үчүнчүсү – алар Ысык-Көлдү бошотуп, Текеске ооп кетишсин – деген талап[1].

Адатта, элдик салт боюнча айтылган керээз мындай бурмаланбайт. Керээз саясий оюндун да куралы болбоого тийиш. Бугу менен сарбагыштын мындай келишпес карама-каршылыгынын куралына айланган Ормондун керээзи - бүтүндөй уруучулук доордун бүтүшүнө алып келген “ички карама-каршылыктын бышып жетилиши жана анын жарылышы” же тарыхый өнүгүүнүн мыйзамченеми. Ушул мыйзам чыгармада керээздин аткарылбай калышы аркылуу берилген. Бул кыргыз тарыхый романдарында гана кездешчү улуттук өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет.

“Сынган кылыч” романында керээз “Көчмөндөр кагылышындагыдай” **саясий интриганы** курчуткан сюжеттин кульминациялык чекити эмес, **окуянын чечилиши** – бүтүндөй бир кылымга жакын өнүккөн карама-каршылыктын бүтүшүн шарттаган. Абил бийдин бүт өмүрүн коштогон Бекназарды ички көрө албастыгы, эл ичиндеги анын кадыры менен эсептешпей кое албаган ич күптүсү аны дагы бир арамза амал ойлоого алып келет.

[1] Хан Ормон. – 262-263-бб.

Кубулган заманда элге алынып кеткен баатырга жол бошотууга мезгил келгенин түшүнгөн куулугу аны Коконду “коргоп” элине жаман көрүнгөн, өмүрү сая кеткен артыкбаш адам болуп калууга  мүмкүндүк бербей, адамга жамандык жасоонун эң жырткыч амалын колдонууга алып келет. “Сыйга” чакырып, кетеринде уу кошулган кымыз берип, ордун басчу баатырдын “көзүн тазалап”, келаткан полковникти өзү тосуп чыкмак болот. “Баатыр өлүптүр” деген кабар келгенде биринчи суроосу: - Эмне деп өлүптүр? Ыя, бирдеме деп **керез айтыптырбы..?** – (астын сызган – К.Ү.) деген коркунуч “ирећин бирде кубартып, бирде кызартып, ...азазил көкүрөгү” бул жексур адамды ойго салып турду.

Ал эми “жамы журт үчүн десе тура чуркап, атка мине чаап, өз башына кандай мүшкүл келерин унутуп калчу” Бекназар  ат үстүндө “кан кусуп” баратып, үйгө жетпей үзүлөрүн сезгенде,  баатыр адам бардык күчүн жыйнап Кулкишиге **керээзди да баатырдык, айкөлдүк** менен айтты: ***“Болор иш болду, көрүп турасың, Кулаке, бала эмессиң... уу коргошун ичтим... Сурарым ушул, ушуну эми эч кимге оозуңдан чыгарба, Кулаке... Чайпалып жүрүп төгүлдүк го, чабышып жүрүп түгөндүк го?! Болду. Менден мурун адам өлбөптүрбү, менден кийин адам өлбөйбү, тагдыры ошол болсо көнбөйбү?! Бир гана арманым кетмек болду ичиме, Кулаке... Октон өлөйүн дедим эле...”***[1]

Керээз айтылып бүтөрү менен ат үстүндө жан берди, Бекназар. Керээз менен бүтүндөй романдык интрига жыйынтыкталат. Жазуучу тарабынан чебер иштелген бул керээздин тексти комментарийге муктаж эмес. Аны кийинки урпактардын баамына койгон оң.

## Кошок

Кошок эпикалык салт катары тарыхый романдарда эле эмес,  көркөм чыгармалардын бардык жанрларында өтө кеңири колдонулат. Анын башаты Орхон-Енисей поэтикалык текстеринен башталаары белгилүү. Кошок байыркы жанр болгондугуна карабастан, ал белгилүү тарыхый инсандарга арналганы

[1] Сынган кылыч. – 699-б.

менен эл арасында түбөлүк жашоо укугуна ээ. Айталы, XIII кылымга таандык Кет-Буканын Чынгыз хандын баласы Жуучунун өлүмүн атасына угузуу кошогу тарыхый доордон да, тарыхый инсандардан да, аны кошкон акындан да так маалымат берүү мүмкүндүгүнө ээ болгондугу менен баалуу. Ал эмес “Бул кошок кыпчак талаасынан белгисиз перс автору тарабынан жазылып алынып, “Түрктөрдүн ата-теги” аттуу жыйнакка жана араб тарыхчысы Ибн-Ал-Асирдин летописине кирген чыгарманын алгачкы өзөгү 1227-жылы түзүлгөн”[1] деген так маалыматтар кошоктун тарыхый окуялар менен түздөн-түз байланышынан кабар берет. Кошок акындар чыгармачылыгын бир бөлүгүн түзөт. Эл арасында белгилүү инсандарга арналган кошоктор: Каныкейдин Манасты кошконунан баштап, Аккандын менен Курманбектин алым сабак кошогу, Жеңижок, Токтогулга багышталган кошоктор жашап келет. Кошок өзүн-өзү жашартып туруу мүмкүндүгүнө ээ. Буга жакында эле пайда болгон Ч.Айтматовдун көзү өткөндө ага арналган кошок күбө.

Кыргыз прозасында аңгеменин аянтына сыйган Мунабиянын керемет (К.Акматовдун “Мунабия аңгемеси”) кошогу, Казангапка (Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романы) кошок кошчу келиндин азага келбей калганы тууралуу эпизоддордон кошоктун улам жаңы көркөм модернизацияланышын табууга болот.

Тарыхый романдагы кошоктун көркөм функциясы өтө кенен. Ал эмес бул эпикалык салтка берилген: “Кошок – элдик оозеки адабияттагы каада-салт ырларынын бир түрү. Дүйнөдөн өткөн адамдын жакындары тарабынан өзүнчө обон менен айтылган ...байыркы жанр”[2] – деген аныктама тарыхый романдын структурасындагы анын кызматы үчүн жетишсиздик кылат. Эгер социалдык романдарда кошок каарман тагдырынын ыйдан бүткөн ыры болсо, тарыхый романдарда колдонулган кошоктордун функционалдык кызматы бир топ терң жана масштабдуу: өз доорунун тарыхый карама-каршылыктары, инсандар ортосундагы мамиле, тарыхый инсандын ишмердүүлүгүнө берилген баа көркөм

[1] караңыз: Кошоктор. / Эл адабияты сериясы. 21-том. – Б.: шам, 1998. – 9-б.
[2] Кыргыз адабияты: Энциклопедиялык окуу куралы. / Башкы ред. Ү. Асанов. – Б.: Мамл. Тил ж-а энциклопедия борбору, 2004. – 192-б.;

чагылат, тарыхый инсан тагдыры, кээде тарыхый окуяларды, инсандар ортосундагы мамилени тактоого салым кошот. Кошокчунун акыл-эси, баамы, сөз чеберчилиги коомчулуктун таразасына коюлат. Кошокто тарыхый окуя, факты менен көркөм ойдон жаратуунун синтези бар. Тарыхый инсандын өмүрү, жеке тагдыры, бактысы, трагедиясы бар. Анын ушул касиети тарыхый роман менен болгон байланышын далилдеп турат. Кошокто тарыхый-биографиялык жанрдын элементтери бар.

Т.Сыдыкбеков "Көк асаба" романында чыгарма чагылдырган тарыхый доорго жараша кошоктун эски түрүн колдонууга аракет жасаган. Эр Текешти жерге берүүдө кызы, келини, карындашы кошок айтып чуу салды:

Кечээ күн тутулду.
Бүгүн Эр акем өттү.
Шумкар боосун тытты.
Төр апа чачын жайды.
Уул, кыз муңканды...
А-а-а, и-и-ий, эсил ата-а,
Бизди ала жат, арма-ан.
Ала-ажа-атың![1]

Тексттен көрүнүп тургандай, жазуучу кошокко туура мамиле жасаган. Көөнө тарых окуяларын сүрөттөп жатып, кийинки калыптанган кошок сөзүн, ыргагын, тилин пайдаланууга мүмкүн эмес эле. Чогуу айтылган кошок ошол мезгилдин духунан кабар берет. Ал элдин жаратылышка (күнгө) сыйынуу ишенимин, жашоо образын берүүнүн көркөм каражаты катары колдонулган.

Кошок тарыхый инсандардын коомдогу ордуна, ишмердүүлүгүнө баа берүүдө элдик маанилүү маалымат булагы болуп эсептелет. Курч жаралган кошоктор эл ичинде аңыз кепке айланып, тарыхый инсандын көркөм образы тарыхый эс тутумга өтөт. Айталы, XVIII кылымда Фергана өрөөнүндө жашаган, кыргыздын кушчу уруусунан чыккан Кубат бий чыгаан тарыхый инсан катары Ата Мекенди жунгарлардан бошотууга чоң салым кошкон. Анын саясий

[1] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. – Ф.:Адабият, 1989.- 89-б.

кыраакылыгын, кашкөйлүгүн, кайраттуу кол башчылыгын жогору баалап, Кокон Ордосунун билермандары эле эмес, Кытай императору аны менен эсептешип туруугa мажбур болгон. Жоокерлик тажрыбасын мол, **"кыргыз падышасы"** аталган Кубат бийди 1755-жылы Цин империясына каршы боштондук кыймылын жүргүзүп жаткан кашкарлык Жусуп Кожо жардамга чакырган. Аскерлери менен Чыгыш Түркстанга кеткен бойдон дайынсыз жоголгон Кубат бийден түңүлгөндө карындашы Аксуусар кошкон:

***Кубат хан өлбөй кут өлдү,***

***Кушчу, мундуз журт өлдү***[1] – деген кошогу бүгүнкү күнгө чейин аңыз кеп болуп айтылып келет. Кызыгы, Кубат бийдин туулган жана өлгөн жылы боюнча так маалымат жок, эал эми ал тууралуу кошок эл ичинде көөнөрбөй сакталган.

Кошокто инсанга **калыс сын** берилген. Кошок эл таразасына түшкөндүктөн, кошокчу тарыхый инсанга реалдуу баа берүүгө аракеттенип, ашыкча апыртууларга батынган эмес. Татаал тарыхый кырдаалда элге, улут тагдырына күйгөн инсандардын ишмердүүлүгү гана кошокто даңкталуу укугуна ээ болгон. Жангарач, Ормон, Байтик, Шабдан, Алымбек, Курманжан ж.б. чыгаан инсандар жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин аңыз кеп болуп жашап келаткан кошоктор бар.

"Сынган кылыч" романында Курманжандын Алымбек датканын көзү өткөндө кошкон кошогу тарыхый булактардагы кошокту жазуучу дал өзүндөй көчүрбөй, эки каармандын (Алымбек жана Курманжан) ички дүйнөсүн дагы терең ачуу үчүн аны кайра иштеп чыккан:

...кызылдан макмал эндейди,
кыйыры чалкар көлдөйдү
кыргыз-кыпчак элиңин
эми
кыздары туубайт сендейди...[2]

---

[1] караңыз: Кубат бий. / Китепте:Кыргыз тарыхы:Энциклопедия. – Б., 2003. – 245-б.
[2] Сынган кылыч, - 238-б.

Кошок аркылуу жазуучу тарыхый инсандын да, кошокчунун да, жубайлар ортосундагы мамилени да жогорку деңгээлге көтөрүүгө жетишкен. Тарыхый инсандын тарыхтагы орду көркөм жалпылоого ээ болуп, анын образынын ажары ачылган.

Улуттук илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда сакталган бул кошоктун тексти мындайча баяндалат:

Кынаптап айтсам эп келет, бегим,
Кызыл бир макмал эңкейди, бегим,
Кыргыздар менен кыпчактан бегим,
Кыздары туубайт сендейди, бегим.[1]

Кошокто Алымбектин адамдык зоболосу анын тарыхый кырдаалда эл үчүн жасаган эмгеги менен бааланып, Кокон ордосундагы уруулар арасында кыргыз-кыпчак байланышы аяр чагылган. Чынында да Алымбектин ордодогу таасири кыргыз эли үчүн, Мусулманкулдун таасири кыпчак үчүн өзгөчө мааниге ээ эле. Жазуучу элдик чыгармачылыктан алган ар бир маалыматка өз кошумчасын кошуп, ага кийинки мезгилден баа берип аны кайра жаратууга болгон мамилеси башка тарыхый романисттерге сабак болчу көрүнүш.

Зоболосу бийик адамдарды даңктоо үчүн атайын мыкты кошокчу жалдашкан. Мыкты кошокчулар көзү өткөн адамдын адамдык сапатын, ишмерлигин өз чегинде идеализациялай билген. Кошоктогу ушул касиетти жазуучулар адамга (каарманга) баа берүүнүн чен-өлчөмү катары да пайдаланышат. “Көчмөндөр кагылышында” Качыке өлгөндө, азага келген Балбай баатыр анын кызы Зыйнаттын атасына кошкон:

Жоргосун минген жол менен,
Шумкарын салган кыр менен.
Бул дүнүйө жалганда,
Атакем, жакшы өттү сый менен [2] – деген кошогун угуп, кошок ээсине ашык болот, көрүндүгүнө бир ат убада кылып, Зыйнатты көрөт.

---

[1] Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. /А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. /Түзгөндөр жана баш сөзүн жаз. С.Егембердиева, А.Акматалиев. – Б.:Шам, 2002. – 219.
[2] Көчмөндөр кагылышы. - 177-б.

Ушул кошоктон жаралган Балбайдын ашыктык "оорусу" кийин бир нече тарыхый окуяларга себепкер болуп, уруулар ортосундагы карама-каршылыкты да күчөтүп, Балбайдын "кулагынын кесилишине" алып келет.

Ал эми ушул эле романда Бүргөнүн кызы Акшербеттин:

Долононун топ бутак,
Толгоп алган хан атам.
Сарбагыштан солтону,
Коргоп алган хан атам – деген кошогу - бир кезде өткөн окуяны (солто менен сарбагыш чабышканда Бүргө баатыр солтого болушуп, сарбагыштын жеңилиши жөнүндөгү) – уруулар ортосундагы мамилени эске салат. Өзүнөн кичүү кишинин (Ормондун) кагуусун угуп, ызага баткан Качыке санаага батып, уктай албай ушул кошокту эстейт. Сарбагыштарды чаап алуу үчүн саяктардын күчү аздык кылаарын ойлоп, солтодон жардам сурап, кыялында жортуулга чыкмак болот. Чындыгында кошок тарыхый романдарда маалымат булагы гана эмес, **тарыхый эс тутумдун** да функциясын аткарат. Тарыхый булактарда бул кошок Медет датканын кызына таандык. Аны өзгөртүп койгондугун К.Осмоналиев өзү да мойнуна алган.[1]

Бул маалымат "Хан Ормондо" так колдонулат. Медет датканын ашына келген элди тамшандырып, таң калтырган 15-16 жаштардагы кызы Сыйнаттын атасына кошкон кошогу өзүнүн да, атасынын да зоболосун көтөргөн экен.

Көпчүлүктүн көңүлүн арбап, Балбай баатырдын азоо мүнөзүн ийип, ашык кылган, анын эч кимди тоготпогон тоң мойнуна "укурук салган" акылы тунук кыздын кошогунун керемет ыргагы мындай экен:

Абалтан кудай жар болгон,
Атакем олуя чалыш жан болгон.
Арка болгон элине,
Атакем, ак жолборс эле комдонгон.
Алтын тон кийип, чен алган,

---

[1] караңыз: Осмоналиев К. "Көчмөндөр кагылышынын жазылышы тарыхы" // Жаштык жарчысы, 1991, 16-май.

Айтылуу Кокон ордодон.

Коктуда тунук суу калды,

Кокондон алган туу калды.

Токсонго чыга жашабай,

Тозокко салдың тууганды.

Кара атың ашпай бел калды,

Калдайган саяк эл калды.

Ашка келген улуу-кичүүнү таңдандыра мукамдуу үн менен кошокчулардын баары токтогондон кийин уланып жаткан кошок кадимкидей элдин көңүлүн өзүнө оп тартып, кошок ээсинин ким экенин билүүгө кызыктырат. Бири – "кызы" десе, экинчиси "келини" – деп, көпчүлүк дуулдап, кошокчуга баа берип жатканда, жакшылардын арасында келбет-сөөлөтү көз тайгылткан мырза жигит – жаштыктын денеге батпаган күчү менен баатырдыгы төп келишип, манчыркап турган Балбай кошокту "эргип угуп:

- Байкап билчи ким экенин, - деди жанындагы жигитине"[1].

Чынында эле жаш кыздын кошогунда таамай айтылган тарыхый чындык, тарыхый инсанга берилген баа элге жаккан. Саяк уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Медет датканын элдик дипломатияны мыкты билген кыраакылыгы кыргыз элине эле эмес жанаша жашаган кытай бийлигинде, Кокон ордосунда жогору бааланган. "Медет датка (1778-79-ж. – 1839) ... Өз мезгилининин абройлуу чыгаан мамлекеттик ишмери... кыргыз элинин биримдикте ынтымакта жашашы үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшаган.

Медет датка менен мамилелеш болууга Кокон хандыгы да кызыккан. Омор хан Медет датканы кыргыз бийлери менен бирге атайылап ордого чакыртып сый- урмат көрсөткөн. Медет бийге датка наамын ыйгарып, атайын туу жана артыкча укук берүүчү жарнама тартуулаган"[2]. Уруулар ортосунда айыгышкан карама-каршылык курчуп турган доордо өз уруусунан баш көтөргөн чыгаан инсанын жоготуунун баасы эмнеге тургандыгы түшүнүктүү. Ошондуктан

[1] Токтоналиев Ж. Хан Ормон. – Б,: Кыргызстан, 2001. – 226-б.
[2] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. – Б., 2003. – 286-287-б.

Сыйнаттын (айрым адабияттарда – Аксыйнат) жаштыгына карабай атасынын коомдогу ордун “Кокондон алган туусу” менен эле мактабай, элдик кызыкчылык менен байланыштыра “токсонго чыга жашабай, тозокко салдың тууганды” деп, жоготуунун кунун баалай билиши көпчүлүктүн көңүлүндөгү көйгөйү болуп турганында. Демек, эл тарыхый инсандын эмгеги реалдуу айтылып, таамай сүрөттөлгөн кошокко жогору баа берген. Мындай кошок тарыхый окуяны “жандандырып”, тарыхый инсандын эмгеги тууралуу документалдык материалды (айталы, Медет датканын эмгегинин бааланышы боюнча) элдин калың катмарына сиңишин камсыз кылган.

Кыргыз тарыхый романдарында тарыхый кырдаалдын жүзүн таамай мүнөздөөдө кошок маанилүү роль ойнойт. “Күйгөн катын кошокчу” принциби менен айтылбай турган сөздөр да айтылып, тарыхый фактыны тактоого жардам берет. Айталы, Ормон өлгөндө кызы Гуланданын (Кулан) кошогу бул пикирге далил:

Окемди, Бакем сойгондо,
Төкө акем төмөнкү Пишпек коргондо,
Канткенде кызың кан жутпайт,
Атаке, каралуу элиң болгонго.
Төкө абам жарар намыска,
Жантай абам кирип жашынаар,
Жылгындуу башы камышка.[1]

Кошоктун текстинде баяндалган ойлор, Ормондун керээзи менен үндөшүп, Жантайга болгон ишенбөөчүлүк, Төрөгелдиге болгон бекем ишенимди чагылдырган. Кошок өлгөн адамдын эле эмес, анын тегерегиндеги тарыхый инсандардын образын түзүүдө да маанилүү роль ойнойт. Кошок менен тарыхый ырлардын жанрдык табиятын, алардын тарыхый чыгармалардын структурасындагы ордун атайын жаңы өңүттөн изилдөө кыргыз адабият таануудагы актуалдуу проблемалардын бири.

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 271-б.

## Аш берүү

Аш берүү кыргыз эпосторунда көп кездешкен эпикалык салттардан. Көп чырдын башы болгон Көкөтөйдүн ашынан бери көзү өткөн белгилүү тарыхый инсанга же анын атасына берилген ашта чыккан жаңжал далай чыгарманын сюжеттик окуясын чиелентип келет. Айрыкча тарыхый романдарда элдик турмуштун кеңири панорамасы, анын салт-санаалары аш берүү аркылуу көркөм чагылат. Айталы, “Көк асабада” Адылтай ажонун атасы – Эдилтай ажого, “Көчмөндөр кагылышында” Ормондун атасы – Ниязбек менен Эралынын атасы Качыкеге, “Сынган кылычта” Абил бийдин тууганы – Жаманкулга, “Чапкында” – Шабданга аш берилет. “Хан Ормондо” Медет датканын ашын эскерүү өзүнчө эпизод катары сюжетке кирген. Тарыхый романдардагы мындай салт көбүнчө чыгарманын негизги бир каарманынын коомдогу ордун баалоонун критерийи эмес. Анткени аш берүү салтында тарыхый инсандын ички жана сырткы байланыштары аркылуу коомдук мамилелер ачыкка чыгат, элдик турмуштун “жан сырлары” (Н.Надеждин) кеңири панорама горизонтко чыгат.

Аш берүүнү көркөм сүрөттөөдө төмөнкү типтүү көрүнүштөр кездешет:

- аш берилүүчү ыңгайлуу жердин тандалышы;
- ашты өткөрүүнүн алдында Кеңештин өтүшү, ашка чакырылуучу жакынкы жана алыскы мейкиндиктин аныкталышы;
- ашты берүүнүн мөөнөтүнүн күз айларына белгилениши;
- ашты башкарууга анын ээсинен башка адамдын дайындалышы; аш берген адамдын кадырын көтөрүүчү жарчылардын, акындардын кызмат кылышы;
- ашка эбегейсиз көп чыгымдын сарпталышы; элге тамак, белек, байге берүүнүн элдик жөрөлгөлөрү аркылуу көзү өткөн адамдын зоболосун көтөрүү, арбакты сыйлоо идеясынын берилиши,
- аштын улуттук оюн-шоок менен коштолушу, элдик негизги тамашанын бири болгон ат чабышта аш ээсинин күлүгүнүн чыгышы;
- аш берүү учурундагы адамдар ортосундагы мамиледен кийинки сюжеттин өнүгүшүнө таасирин тийгизүүчү окуянын, пайда болушу (көбүнчө чырдын

чыгышы); ал окуянын көбүнчө элдин эс тутумунда сакталып, **тарыхый окуяга** айланышы.

- ашта арбакка атап тамак берүүдө аш ээсинин кошумча жашырын максатынын болушу; аштын жүрүшүндө **тарыхый инсандардын** образынын ачылышы.

“Көк асаба” романында аш берүү чыгарманын сюжеттинде окуянын өнүгүшүндө анчалык чоң роль ойногон эмес. Аш негизинен автордук маалыматтын деңгээлинде калган жана ага таандык типтүү белгилер да толук камтылган эмес. Автор аш берүү жөрөлгөсүн арбакты сыйлоонун элдик салты катары чагылдырган. ***“Арбак тириктин колун карайды. Тирүүлор сараң болсо өлгөнгө муң. Сөөгү жерге, жаны Көккө кеткен киши асыл буюм табаарын артынып кете алабы. Арбак энчиси – аш-тамак. Соңунда калган 
тууган арбакка атап аш-тамак жеп, тукумга ак тилек айтыр. Эзелки салт ушу:тирүүлөр арбак карызынан кутулуу”[1].***

Аш берүүнүн пайда болушу элдин арбакка сыйынуу ишениминен келип чыккандыгына басым жасоо аркылуу Адылтай ажонун такка олтурардан мурда арбакты ыраазы кылуу парызын өтөп, “тизгин талашкандарга” өзүнүн нарктуулугун көрсөткөндүгүн жазуучу (уз жеңенин эскерүүсү) ретроспектива ыкмасы менен эске түшүрөт. Ошол эле учурда атасынын ордун басуучу Адылтайдын канатташ жашаган уруулар менен мамиле түзүү максаты берилет.

Аш берүүнүн элдик эрежелери сакталып, “ашты башкарууга күчтүү уруулардын баатырлары” дайындалат; маарекенин өтүү тартибин жарчылар эл аралап, кабарды алыска жарыялайт:

Улуу жылы күзүндө,
Көгүлтүр тоонун түзүндө,
Ажо ата ашында,
Кан, обо, бий башында.
Үч күнү тек жатышат;
Урмат сыйга батышат.

[1] Көк асаба. – 287-б.

Төртүнчү күнү чоң эрмек:
Жебе кезеп, жамбы атмай,
Сурнай, жезнай күү тартмай,
Балбан күрөш, тал чабыш,
Эр оодарыш, төө жарыш, ... – сыяктуу элдик оюн-шооктун түрлөрү менен аш тамашасы 12 күн болору маалымдалат. Ат чабышта Адылтай ажонун өз күлүгү – Акбоз чыгып келатканда “Зоболом! Зоболом!” – деп , кубанычтан көзүнүн жашы төгүлүп, күлүгү алып берген намысты журтунун (кыргыздын) жакшылыгына белги кылат.

Чыгармада чагылдырылган доорго ылайык, ажого берилген аш өз маанисинде, арбакка урмат көрсөтүүнүн белгиси катары сүрөттөлгөн. Каармандар ортосунда карама-каршылык жокко эсе. Аш берилген адам да аны берген каармандар да ойдон чыгарылгандыктан белгилүү тарыхый окуя да жок. Бир гана маанилүү окуя – ушул ашта  он беш жаштагы жамбы аткан адабий каарман – Сайкал кызга Адылтай ажонун ашык болушу эл башкарып турган адамдын тагдырындагы “бири кемиген дүйнө...” болгондугу.

Мезгилге жараша аш берүү салты да өзгөрүүгө учурап, анда коомдук, элдик кызыкчылыкка караганда инсандын жеке максатынын үстөмдүк кылышы  кийинки тарыхый чыгармалардан: “Көчмөндөр кагылышындагы” тарыхый инсандар: Ормондун атасы Ниязбекке жана Алыбектин атасы Качыкеге берилген аштардан ачык көрүнөт. Романда “Ниязбек ... жүздөн жүз бирге караганда, кыштын таш жарган чилдесинде дүйнө салды. ...Ормон атасынын көзү өткөнүн алыстагыларга жазда кабарлады”[1] деген маалымат бар. Аны тарыхый булактар да тастыктайт: “Ниязбек ...Ысык-Көлдө өлгөндө кыштын күнү анын сөөгүн Ормон... аманат койдуруп, жазында бел ачылганда Күңгөйдөн алып келип, өлүгүн Чоң-Кеминдин талаасы Кашка Жолбалыктынын оюна койгон. Көрүн казганда Ак бекеттен өзүбектин усталарын алдырып, кеңдигин сегиз канат үйдөй кылып таманына, тегерегине бышырган кыш

[1] Көчмөндөр кагылышы. – 45-б.

каптап коюп, сөөгүн булгаарыга салып, алдына ак кийиз төшөп койгон. ...Ниязбектин ашы 1843-жылы берилип, кандайча берилгени маалим эмес."[1]

Аш берүү салтына жараша Ормон да жакын туугандары менен Кеңеш өткөрүп, башкаруу ишин Калыгул олуяга тапшырат. Ормон бир кездеги тууган таарынычы менен ашка саяктардын кадырлуу кишиси Качыкенин келбей калышын сезгендиктен, ага өзгөчө чакырык жиберет. Кабарга тарыхый инсан Алыбекти тандап, атасынын кемерин сунду:

- Көзү тирүүсүндө атам өзү арнаган. Ала баргын.

Албетте, ашка чакырылган коноктордун сөзсүз келишин талап кылуу же кабардын жетишин текшерүү үчүн ага атайын буюм берүү салттык көрүнүш эмес. Чыгармадагы мындай көркөм деталь Ормондун жеке кызыкчылыгы жана жеке мамилеси менен байланыштуу. Бул жеке мамиле уруулар ортосундагы байланышка таасирин тийгизүүчү тарыхый факт. "Жумгалда кийин өз аты уруунун наамына айланып кеткен Качыке баатыр Ормондун атасы Ниязбектен Кара-Кужур аймагынан жайыт сурап келет. "Улгайган убагында жер сурап, кайырчылык кылбай, балдарыңды жумшабайсыңбы" – деп жаш жигит Ормон орой сөз тийгизет. Качыке таарынып кайтат. Атасынын сынып келгенин уккан уулу Эралы тымызын камынып, жазда жылкы төлдөтүп Көк-Ойрокто жүргөн Ормонго түндөсү келишип, көзүн таңышып, салпоочтоп кетишкен. Орго салышкан"[2]. Качыке Ниязбектин ашына адатта жок тартуу менен келет. "Ак баш сары атанга үй жүктөткөн. Беш чаар ат, беш сур ат, куран окутарым деп, үч туу бээ чиркеткен."[3] Ормон Качыкени өзү тосуп чыгып, кучакташа көрүшүп бири биринен кечирим сурайт. Атандан түшкөн аземдүү боз үй тигилгенде, анын ойротто жок жасалгасын көрүп, Ормондун көңүлү "жибийт". Аштагы инсандар ортосундагы алака эми **социалдык** жана **саясий** мааниге ээ боло баштаганы байкалат. Аштын шылтоосу менен жүз карашпай калган эки уруу: саяк менен сарбагыш жакындашат. Ашта оюн-тамашанын "Таз чабыш", "Төө чечмей" деген түрлөрү сүрөттөлөт. Жазуучу бул аш берүү окуясын башка

---

[1] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп, 1993. - 200-б.
[2] Осмоналиев К. "Көчмөндөр кагылышынын" жазылыш тарыхынан // Жаштык жарчысы, 1991, 16-май.
[3] Көчмөндөр кагылышы. – 49-б.

чыгармаларга салыштырмалуу кыска “кайрыганы” менен ага таандык типтүү көрүнүштөр сакталган. Ашка алыскы түштүк эли, Кетмен-Төбө, Талас, Чүй, Ак-Талаа, Нарын, Жумгалдан бери чакырылат; аны өткөрүү үчүн ыңгайлуу жер тандалат; башкарууга эл ичиндеги кадырлуу инсан тандалат; аш ээсинин зоболосун көтөрө жарчылар ырдайт; байгеге түшкөн күлүктөрдүн ичинен Ормондун Акбакай суру чыгып келет. Күлүктүн баш байгесине “...тигилүү үй, иштеп жаткан адамдар, аймакта жайылып жүргөн бодо, жандыктарды бүт коюшунан” да салттуу көрүнүштөрдөн. Мына ушул ата арбагын ыраазы кылгандан кийин Ормондун “элдин башын кошуу” тууралуу **жашыруун максаты** ачыкка чыгат. Бирок жазуучу ойдон жараткан Ормондун аш бергенден кийин хан болуу камылгасынын башталышы тарыхый чындыкка туура келбейт. Анткени Ниязбек Ормон хан көтөрүлгөндөн кийин каза болгон.

“Көчмөндөр кагылышында” Качыкенин кызы Зыйнаттын, “Хан Ормондо” Медет датканын кызы Сыйнаттын кошогуна баа берип, кызга жана ат чабышта алдыга чыккан күлүккө (биринчи чыгармада – Калыбектин Карагерине; экинчи чыгармада – Медет датканын Кертабылгысы) ашык болгон Балбай баатырдын окуясы эки романда окшош сүрөттөлөт. Айырмасы “Көчмөндөр кагылышында” эр сайышта Дааныштын уулу Тейит өлүп аш кандуу аяктайт; “Хан Ормондо” бугулардын ичинен жигиттеринин бири Мырза конок болгон үйдүн келинине “көзү түшүп”, андан өч алгысы келген саяктардын шылдыңдап тарткан “чучугунан” эки уруунун ортосунда чыр чыгат. Экөөндө тең Балбай баатыр сулуу кыз менен күлүк атты саяктардан тартып алууга өзүнө өзү ант берет. Экөөндө тең саяктарды чаап алууга барган Балбай баатыр колго түшүп кулагы кесилет. Экинчи роман тарыхый фактыны туура пайдаланган. Ал эми “Көчмөндөр кагылышында” тарыхый чындык бурмалангандыгын автор мындайча мойнуна алган: “Карагоодогу Үч-Көөрүктө өткөн аш Медет датканыкы. Ашты уулу Дуулат берген. ...Медет датканын ашын Качыкеге жаба салдым. Медет датканын ашында үч жүзгө жакын күлүк чабылган дешет. Төрөгелди баатыр баш байгени алам деп, беш күлүк кошкон дешет. Курманкожо элинен Качыбек деген айлакерлик менен

карагер күлүгүн чыгарып кетиптир. Окугандар ишенбейби деген ой менен баш байгенин үчтөн бирин гана атадым”[1].

Тарыхый романдарда көбүнесе аш тарыхта белгилүү инсанга берилсе, андан айырмаланып, “Сынган кылыч” романында типтүү каарманга берилет. Абил бий тарабынан жакын тууганы Жамакулга берилген ашта чыккан чыр Көкөтөйдүн ашындагы чатактан ашып түшпөсө, кем калбайт. Кадимки аш берүү салтына таандык ритуалдар сакталганы менен анын Кеңешинен баштап эле не бир укмуш “кошумчалар” кошулуп, инсандар ортосундагы эле эмес, коомдун бардык катмарларынын ортосундагы буга чейин адам акылына келбеген куулук менен шумдукка чырмалган татаал мамилелердин табышмактуу түйүнү пайда болот. Абил бий куландан соо туруп, “сыркоолоп калдым” деп Бекназар менен Теңирбердиге кат жиберип алдырып, тууган байланышы жөнүндө сырдуу кеп айтып, “өзүнө кереги тийчүү эр адамдын мойнуна укурук салып” олтурганын момун адам Теңирберди карыя түшүнбөй элейет. Кечке маал гана бүт кадырлуу агайын тууганды чакырып, Аш кеңиши башталат. Тилинен бал тамызган Абил бий куулугу менен ар бир сөзүн элдик нарк-нускага такап, карапайым туугандарын ачса – алаканына, жумса – кочушуна баткандай абалга жеткире аларды намыска чакырышында жеке кызыкчылыгы жатканын момун “туугандар” байкабайт. Жаманкулдун начар чыккан балдарынын “айыбын жаап”, эли-журту бар нарктуу элдин парызы катары түшүндүргөн бул аш берүүдө кубулуп, кууланып бараткан тарыхый доордун “жүзү” бар. Адатта ашты атагы алыска кеткен атасына “атадан артык туулган балдары” берсе, Абил бий эки ата өтүшкөн улуу-кичүүнүн баарына “...ылжыйып күлүп учурашып жүргөн, дайыма шаа мүйүз өгүз минип, бада баккандан башканы билбеген, чынында чөптөн башкага зыяны жок, бир бечара, момун” адам Жаманкулга бермек болду. Аш берүүнүн элдик эрежелерин сактап, чакырылуучу коноктор , анын ичинде эң сыйлуу мейман **хандын** келиши такталды; аларга көрсөтүлүүчү аш тамашасы, чабылчу күлүк, берилүүчү байге, соога аныкталды. “Арбакты сыйлаган тириктен урмат көрөт”

---

[1] Осмоналиев К. “Көчмөндөр кагылышынын жазылыш тарыхынан // Жаштык жарчысы, 1991, 16-май.

принцибинде, Абил бий сыйга карк болгон туугандарды ашка ак кызмат кылууга шыктандырып, узатты.

Дилинде арбакты сыйлоо эмес, “тизгини колдон чыгып” бараткан караламан эл менен Ордонун ортосуна көпүрө болуп, өзүнүн даңкын чыгарууну көздөгөн Абил бийдин саясий максаты үчүн берилген Жаманкулдун ашы далай адам тагдырларын азапка салат. Хан тукумун утурлап тосуп алуу салтанатынан башталган Жаманкулдун ашы улам бир элдик турмуштун не бир укмуш салт-санаасын, үрп-адатын романдын көркөм аянтына алып чыгып, улуттук мүнөздүн жашырын сырлары терең драматизм менен ачылып олтурат. Оюн эрежесине ылайык, балбан күрөш, эр сайышта намыс үчүн жандан кечкен баатырлардын кайраты өзүнүн улуттук маанисинде “күч атасын таанычбаган” эрежеси менен Ордодон келген меймандардын “кыжырына”тийет.

Аштагы ат чабышка саяпкер Сарыбай таптап, бирок жоголуп кеткен Торукашканын капысынан “табылышынан” келип чыккан жаңжал улам чиеленип олтуруп, анын кульминациясы  беш үйлүү нойгуттун трагедиясын жаратат. Эпикалык салтта дайыма тарыхый татаал кырдаалдарда күлүк ат менен сулуу кызга жасалган кыянатчылык романда жаңы эстетикалык мааниге ээ болот. Бийлик жана адам коллизиясы өзүнүн апогейине жетет. Домбунун өлүмү, анын куну үчүн кыз Кундуздун Ордого тартууга кетиши, жалгыз перзентин колунан жулдурган Сүйүмкандын  акылынан ажырашы, Мадылдын өлүмү  татаал социалдык байланыштардын купуя сырларын ичине кулпулап, доордун келишпес карама-каршылыгын ачыкка чыгарат. Жазуучунун чеберчилиги дал ушул элдик каармандардын улуттук мүнөзүн татаал социалдык фондо терең психологизм менен көркөм сүрөттөөдө ажарын ачкан. Жазуучу тарабынан жаратылган көркөм чындык тарыхый чындыктын ички купуя сырларын ачууга “ачкыч” болуп берген.  Аштын негизин тарыхый чындык эмес, **көркөм чындык** түзгөн.

**Иштин экинчи бөлүмүнөн чыккан төмөнкү корутунду пикирлерди бөлүп көрсөтөбүз:**

1. Кыргыз тарыхый романдарында жазуучулар тарабынан типтүү колдонулган **санжыра, түш көрүү мотиви, от жагуу согуштук тактикасы, хан көтөрүү жөрөлгөсү, ордо оюну, намаз окуу диний ишеними, керээз айтуу салты, тарыхый ырлар, кошоктор, аш берүү салты** сыяктуу сюжеттик мотивдер тарыхый окуянын **башталышын, өнүгүшүн, чиеленишин, чечилишин, кульминациясын** аныктоо касиетине ээ.
2. Дүйнөлүк адабиятта тарыхый жанрды аныктоочу элементтер **тарыхый чындык менен көркөм чындыктын синтези, тарыхый факт, документалдуулук менен ойдон жаратуунун карым-катышы, тарыхый инсан менен типтүү каармандын** тарыхый мезгилдин жүзүн ачуудагы ролу кыргыз тарыхый романистикасында улуттук дүйнөтаанымы аркылуу чагылат. **Санжыра, тарыхый ырлар, керээз** – тарыхый фактыны аныктоодо **документалдуулуктун**; **кошок, түш көрүү, өлүм алдындагы намаз окуу** мотивдеринде тарыхый окуяга баа берүү, аны аңдап таануудагы көркөм **ойдон жаратуунун** функциясы бар.
3. **Санжыранын** кыргыз тарыхый романдарынын улуттук өзгөчөлүгүн аныктоочу касиеттерге ээ экендиги байкалат: кыргыз элинин жашоо образына ылайык, адамга баа берүүнүн бир чен-өлчөмү катары колдонулушу; анын көчмөн турмушка ылайык тарыхый булактын кызматын аткарышы жана чоң окуяны мазмунуна сиңирүүдөгү сыйымдуулугу.
4. Кыргыз тарыхый романдарында жазуучулар тарабынан типтүү колдонулган: **хан көтөрүү** жөрөлгөсү, **баш кесүү** жазасы, кесилген башты саясий кызыкчылык үчүн колдонуу – тарыхый **мезгилге** баа берүүнүн, тарыхый **кырдаалдын** жүзүн ачуунун көркөм каражаттарынан болуп эсептелет.

5. Тарыхый жанрдын табияты талап кылган **романдык интрига,** тарыхый **кырдаалдын** жана тарыхый инсандардын ортосундагы карама-каршылыктар, саясий мамилелердин көркөм чагылышы кыргыз тарыхый чыгармаларында – **Ордо оюнунда жана хан көтөрүү жөрөлгөсүндө** ачыкка чыгат.
6. Кыргыз тарыхый романдарында типтүү колдонулган **от жагуу** мотиви кыргыз элинин жоокерлик тажрыйбадан келип чыккан улуттук дух, элдин баатырдыкты даңктоо идеалдары менен байланышып, бул эпизоддор тарыхый жанрдын кийинки муунга берүүчү **нравалык сабагын** көркөм интерпретациялоо мүмкүндүгүнө ээ.
7. **Керээз айтуу** тарыхый инсандын акыркы сөзү катары улуттук рухий баалуулукка ээ. Анын **улуттук эстутумда** сакталышы тарыхый окуяларга баа берүүдө маанилүү роль ойнойт. Тарыхый инсандын турмуш тажрыйбасынан, коомдук ишмердүүлүгүнөн келип чыккан жыйынтыктар **тарыхый романдын тарбиялоочу** функциясын аткарат. Керээздин бурмаланышы, анын аткарылбай калышы социалдык карама-каршылыктын, адилетсиздиктин, нравалык деградациянын күбөсү болуп эсептелет. Керээз тарыхый жанрдын негизги функцияларынын бири – **муундар байланышын** камсыз кылуу милдетин аткарат.
8. Тарыхый доордун жүзүн ачуунун жана тарыхый инсандын тагдырын көркөм аңдоонун көркөм каражаттарынан болгон каармандардын **түшү** чыгармадагы психологизмди тереңдетүү мүмкүндүгүнө ээ.
9. Тарыхый романдардын жанрдык дагы бир белгиси – **элдик турмуштун кеңири панорамасынын** сүрөттөлүшү эсептелсе, бул белги кыргыз тарыхый романдарында **аш берүү** эпикалык салты аркылуу көркөм чагылдырылышы да типтүү көрүнүштөрдөн.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ.
# Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык модификациясы

Модификация – ар кандай кубулуштун түр өзгөчөлүгүн[1] түшүндүргөнү белгилүү. Искусство чыгармаларынын жаңы жанрдык модификациясынын пай да болушу доордун жанр жаратуучу факторлоруна көз каранды. Ал эми тарыхый романдардын "...жанрдык трансформациясы тигил же бул доордогу тарыхка жасалган мамилеге, тарыхтын концепциясына байланыштуу"[2]. Демек, тарыхтын көркөм интерпретациясынын өзгөрүшү коомдун саясий-социалдык проблемаларына гана эмес, белгилүү доордогу идеологиялык маселерлер менен да түздөн-түз алакада болууга тийиш.

70 – жылдардан баштап тарыхый романдарды типологиялык изилдөө өтө актуалдуу мүнөзгө ээ болгондуктан, алардын жанрдык классификациясы боюнча илимий-теориялык адабияттардан так "рецепт" табуу кыйын[3]. Иштин

---

[1] караңыз: Советский энциклопедический словарь. – М.:Советская энциклопедия, 1984. С.– 817.; Русско-кыргызский словарь: 51000 слов / Под ред. К.К.Юдахина. – Б.:Шам, 2000. – С.363.

[2] Райнеке Ю.С. Исторический роман постмодернизма и традиции жанра (Великобритания, Германия, Австрия): Дис. …канд. филол. наук: 10.01.03. – М., 2002. – С.51.

[3] караңыз: Александрова Л.П. Советский исторический роман: Типология и поэтика. – Киев, 1987; Алламуратова Г. Типология художественного воплощения исторической личности и эпохи в произведениях В Пикуля. – Ташкент, 1997.; Варфоломеев И.П. Советская историческая романистика : Проблемы типологии и поэтики: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук:10.01.02. – М., 1988. Дадебаев Ж. Историческая действительность и ее художественное воплощение в современном казахском романе: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – Алма-Ата, 1992; Долгов С.Ф. Типология конфликта в советском историческом романе 60-70-х- гг: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. - М., 1983.; Каттабеков А. Развитие исторической прозы в современной узбекской литературе : Автореф. Дис . ... канд.филол.наук: 10.01.02. – Ташкент, 1973.; Кузьмичев И.К. Литературные перекрестки : Типология жанров, их историческая судьба. – Горький: Волго-Вятское книж. изд-во, 1983.; Леонтович О.В. Исторический роман в творчестве писателей Туркменстана: Автореф. Дис. ...канд. филол. наук. – Ашхабад , 1978.; Макаровская Г. Типы исторических повествований. - Саратов, 1972.; Оскоцкий В. Д. Роман и история : Традиции и новаторство советского исторического романа. – М., 1980.; Романенкова М. В. Типология романа в ее национальной специфике : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Москва, 1993; Самандаров И. Э. Историзм узбекских исторических романов: Автореф. Дис. ...канд. филол. наук: 10.01.03. – Ташкент, 1992.;Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана: Автореф. Дис. … д-ра филол. наук. – Бишкек, 1994.; Филатова А. Современный исторический роман: (К вопросу классификации). // Русская литература, 1977, №4.; Чмыхов Л.М. Советский исторический роман 60-70- годов: (Специфика жанра и проблематика): Дис. … д-ра филол. наук. – Ставрополь, 1985.; Чумак В.Г. Украинские советские исторические романы 60-80-х годов: Проблемы исторической и художественной правды: Автореф. Дис… д-ра филол. наук. – Киев, 1989.; Эсальнек А.Я. Типология романа. – М., 1991.; Юдин В.А. Человек.История.Память. – М.:Современник, 1990. и.др.

биринчи бөлүмүндө (§ 1) белгилегендей, көптөгөн теориялык адабияттардын ичинен илимий чөйрөдө дискуссиялуу пикирлерге предмет болгон үч классификациянын негизинде, биз кыргыз тарыхый романдарынын ички жанрдык модификациясын илимий жактан аныктоого аракет кылабыз.

1. Л.С.Чмыхов докторлук диссертациясында[1] тарыхый романдарда жанр жаратуучу негизги фактор **м е з г и л** деп эсептейт жана жанрды аныктоонун проблема-тематикалык, форма-структуралык, тилдик-баяндоочулук негизи аркылуу анын : роман-хроника, роман-эссе, роман-автобиография, роман-миф, роман-мемуар – деген ички жанрдык түрлөрүн аныктаган.

2. Л.П. Александрова бул пикирге макул эмес. Ал “тарых адамдын эмес, адам тарыхтын сырын ачат” деген контраргументи менен өзүнүн классификациясынын негизине: **адамды биринчи орунга чыгарып, аны менен окуянын** карым-катышын алган. Л.П. Александрованын классификациясы[2] тарыхый романдарды: тарыхый, көркөм-тарыхый, тарыхый-биографиялык деп, үчкө бөлөт да, ички жанрдык түрлөргө: психологиялык, детективдик, саясий, роман-хроника, роман-легенда сыяктуу модификацияларды атаган.

3. Үчүнчү классификация И.П.Варфоломеевге таандык. Анын пикиринде тарыхый романдын жанрдык белгилерин аныктоочу типологиялык негиз: **тарыхый окуя, тарыхый каарман** жана аларды көркөм иликтөөдөгү **ойдон жаратуу**[3] эсептелет. Ушул принциптин негизинде тарыхый романдарды : тарыхый-реалисттик, тарыхый-романтикалык, тарыхый-очерктик – деген үч түргө бөлгөн. Ал эми бул үч жанрдын тематикалык түрлөрүн: согуштук-тарыхый, социалдык-тарыхый, тарыхый-биографиялык, тарыхый-революциялык, тарыхый-укмуштуу окуялуу (историко-приключенческий) – деген ички жанрдык классификация менен берген.

---

[1] Чмыхов Л.М. Советский исторический роман 60-70- годов: (Специфика жанра и проблематика): - Дис. … д-ра филол. наук. – Ставрополь, 1985. – С. 28-29.
[2] Александрова Л.П., Советский исторический роман: Типология и поэтика. – Киев, 1987. – С. 27.
[3] Варфоломеев И.П. Советская историческая романистика : Проблемы типологии и поэтики: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – М., 1988. –С.6-7.

Тарыхый-реалисттик чыгармаларда тарыхый чындыкты изилдөөнүн объективдүү-концептуалдык принцибине жараша тарыхый окуя масштабдуу алынгандыктан, анын өзгөчө формаларын роман-эпопея жана роман-хроника[1] эсептеп, алар тарыхый-романтикалык жанрда кездешпейт деген пикирин илимий жактан негиздеген.

Кыргыз тарыхый романдарын типологиялык жактан классификациялоо атайын изилдөөнүн объектиси болгон эмес. Албетте, тематикалык принципке негизделген М. Түлөкабыловдун изилдөөсүндөгү “тарыхый жана өмүр баян романдар” деген бөлүштүрүүнү азыркы мезгилде классификация катары эсептөө кыйын. Анын илимий мааниси да, адабий материалы да эскирди. Ошентсе да кыргыз прозасындагы тарыхый романдарга арналган бул алгачкы изилдөө жанрдын башка маселелерине арналган кандидаттык диссертацияларга[2] өз таасирин тийгизгени байкалат.

Заманбап изилдөөлөрдүн бири эсептелген Б.Я.Толмачевдин докторлук диссертациясы жалпы Орто Азия жана Казакстан адабиятындагы тарыхый романдарга арналгандыктан, андагы жанрдык системаны жалаң кыргыз тарыхый романдарынын классификациясы эсептөөгө мүмкүн эмес. Анткени изилдөөчүнүн изилдөө объектиси өтө масштабдуу болгондуктан, кыргыз прозасындагы айрым гана тарыхый чыгармалар камтылган. Ошол эле учурда Б.Я. Толмачевдин изилдөө максаты: “...тарыхый романдарга мүнөздүү жанр уюштуруучу белгилерди аныктоо”[3] болгондуктан, изилдөөчү сунуш кылган жанрдык градациянын жаңы системасы: “...бытоописательный, роман-хроника, роман-летописание, роман циклизованного типа, социально-психологический, нравственный, символический, философский”[4] аталат.

Жогоруда сөз болгон тарыхый романдардын типологиялык классификацияларын салыштыруудан улам, алардын жанрдык жана ички

---

[1] Варфоломеев И.П. Советская историческая романистика : Проблемы типологии и поэтики: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – Москва, 1988. – С.22.

[2] караңыз: Мурзахмедова Г. Историческая действительность и художественный вымысел в кыргызских исторических и историко-биографических (60-80) романах: - Дис. ...канд.филол.наук:10.01.02. – Б., 1993.

[3] Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана: Автореф. дис… д-ра филолог. наук. – Б., 1994. – С.10.

[4] Ошондо. – 11-б.

жанрдык түрлөрдүн ортосунда **жекелик** менен **жалпылыктын** философиялык байланышын байкоого болот. Тактап айтканда, жанрдык типологияда тарыхты көркөм аңдоонун жалпы адабият таанууда таанылган принциптер эске алынса, анын ички (поджанровое) түрлөрүндө жанрга таандык **улуттук өзгөчөлүктөр** даана көрүнөт. Ошондуктан, биз талдоого алган классификациялардын ичинен И.П.Варфоломеевдин жанрдык модернизациясында тарыхты көркөм аңдоонун ички табиятына таандык мыйзамченемдер камтылгансыйт. Анткени XX кылымдын 80 –жылдарынан баштап, дүйнөлүк масштабда илимий билимдердин бир эле мезгилде интеграцияцияланышы жана анын дифференциацияланышы тарыхый жанрга да таасирин тийгизгендиктен, жалпы ааламдык маалымат сели романдык ойломдун өзгөрүшүнө алып келди. Натыйжада, азыркы тарыхый романдар көп жылдар бою тарыхый жана тарыхый-биографиялык аталган түргө сыйбай, анын жаңы вариациясын жаратты. И.П.Варфоломеевдин классификациясындагы тарыхый-очерктик жанрдын мүнөздүү өзгөчөлүгү болгон "...көркөм-маалыматтык популярдуулук" дал ушул кийинки доордун илимий прогрессинен келип чыккан көрүнүш. Ошондуктан, биздин пикирибизде, И.П.Варфоломеевдин тарыхый романдардын типологиясы боюнча негиздеген жанрдык системасынын **методологиялык** негизи илимий билимдердин объективдүү өнүгүү мыйзамченемдерине таянат.

Демек, биздин көптөгөн изилдөөлөрдүн ичинен бул классификацияны тандообуз методологиялык мааниге ээ. Бул орус адабиятындагы **тарыхый романдардын жанрын кыргыз романдарына таңуулоо эмес,** тарыхый романистке мүнөздүү көркөм-илимий чыгармачылыкка **таандык жалпы мыйзамченемдерди таануу** дегендикке жатат**.** Анткени кандай гана тарыхый чыгарма болбосун анын жанрын уюштуруучу үч белги: **тарыхый окуя** менен **тарыхый инсан** жана аларды көркөм интерпретациялоодогу **ойдон жаратуу** чечүүчү ролду ойнойт.

Дүйнөлүк адабий тажрыйба күбө болгондой, тарыхый романга рухий күч кубатты улуттук аң-сезимдин көтөрүлүшү берген. Буга В.Шекспирдин

Англиянын тарыхый окуялары негиз болгон “Ричард III”, “Генрих IV” чыгармалары, англиялык адамдын нравалык проблемаларын чагылдырган “Гамлет”, “Отелло”, “Король Лир” трагедиялык драмалары күбө.

А. Дюманын “бир да француз аягына чейин окуп чыгара албаган тарыхый эпопеяларынын сюжетин улуу **француз революциясы”[1]** бергендигин адабият таануучулар бир добуштан белгилешет. Ал эми орус адабиятында XIX кылымдагы тарыхый чыгармалардын пайда болушунун руханий өбөлгөсүн – Наполеонду жеңгенден кийинки **орус элинин духунун көтөрүлүшү, улуттук аң-сезимдин[2]** жогорулашы түзгөн экен.

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап окумуштуулар арасында прогрессивдүү көз караш элдик маданияттагы жалпылыкка эмес, улуттук өзгөчөлүктөргө бурула баштаган. Далил катары В.П.Алексеевдин пикирин карап көрөлү: “...этникалык өзгөчөлүккө жасаган мамиленин келечеги элдердин маданиятындагы жалпылыкка эмес, алардын айырмачылыгын аныктоочу фактыларга көңул буруудa”[3]. Адатта, дүйнөлүк тарых хроникаларын талдоого алганда, улуттук аң-сезим улуттук эркиндиктин камсыз болуу мезгилинен эртерээк ойгонот. Бул тарыхый мыйзамченем кыргыз коомунда да өз маанисинде көрүндү. Улуттук адабий мурастар, тарых идеологиялык басмырлоого дуушар болгонун сезген прогрессивдүү көз караш 30-жылдары бир кыймылга келсе да, кыргыздын алгачкы чыгаан интеллигенциясынын сталиндик репрессияга дуушар болушунан улам көпкө чейин улуттук аң-сезим рухий эркиндикти сезе алган эмес. Улуттук рухий маданияттагы “ак тактардын” ордун толтуруу тенденциясы кыргыз коомунда 80 – жылдардан башталды. Натыйжада буга чейин тыюу салынган баалуулуктарды[4] кайра

---

[1] Рябов Ф.Г. История в произведениях. А. Дюма // Новая и новейшая история, 2003, №1. – С.181.
[2] Шейман Л.А. Белинский и проблемы исторического романа: - Дис. ... канд. филол. наук, - Л. , 1952. – С. 119.
[3] караңыз: Интернет сайт: http: // www. lib. Ua. Net/ diss/cont/ 92028. html. Бигуаа В.А. Абхазский исторический роман (история. Типология. Поэтика): дис. …д-ра филол.наук: 10.01.02, 10.01.03. – Москва, 2003. – С.6.
[4] караңыз: Эркебаев А. Адабий мураска астейдил мамиле. // Советтик Кыргыстан, 1988, 11-август; Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун адабий мурасы жөнүндө. // Кыргызстан Маданияты , 1988, 17-август; Станалиев С. Кундуздай чачым куу болду: Касым Тыныстановдун жары Турдубүбү эненин аңгемеси. // Кыргызстан Маданияты, 1989, 3-август; Юнусалиев Б.М. Молдо Нияз // Ала Тоо, 1989, №1; Кожобеков М. Осмонаалы Сыдык уулу жөнүндө маалымат //Ала Тоо, 1989, №3; Алдашев А. Алдаш Молдо // Ала-Тоо, 1989, №8; Солтоноев Б. Молдо Кылычтын кыскача тарыхы. //Ала Тоо, 1989, №12. ; Карасаев К. Мен билген Касым // Кыргызстан маданияты, 1991, 17-январь; ж.б.

кароого мүмкүнчүлүк түзүлүп, 1988-жылы Кыргызстан КП БКнын бюросу Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун мурастарын үйрөнүү, басмадан чыгаруу боюнча атайын токтом кабыл алышы[1] тарыхый зор мааниге ээ эле.

1989-жылдан баштап адабий, тарыхый мурастар боюнча буга чейин саясий куугунтукка кабылган авторлор тууралуу басма беттеринде байма-бай жарыяланган материалдар **улуттук аң сезимдин** көтөрүлүшүнө өбөлгө түзгөн. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекеттүүлүккө ээ болушу менен көп жыл саясий капаста болгон авторлордун мурастары өзүнчө китеп[2] болуп басмадан чыккандан кийин тарыхый темага болгон көз караш өзгөрдү. Кыргыз прозасында 70 – жылдардан баштап улуттук тарыхты көркөм иликтөөгө алган тарыхый чыгармалардын материалдары (тарыхый окуянын көркөм интерпретациясы, фольклордук жанрдык системанын жазуучулар тарабынан эстетикалык жактан иштелүү деңгээли, архивдик, документалдык материалдардын колдонулушу) бизге анын төмөндөгүдөй **ички жанрдык түрлөрүн** аныктоого мүмкүндүк берет:

1. Кыргыз тарыхый-реалисттик романдарын **роман-эпопея, роман-хроника, роман-санжыра** деген ички жанрдык түрлөргө бөлүүгө болот.

2. Кыргыз тарыхый-романтикалык романдардын **роман-символ**, **роман-насаат, социалдык-тарыхый** түрлөрү кездешет.

3. Кыргыз тарыхый-очерктик романдардын материалында **тарыхый-биографиялык, роман-мемуар, роман-эссенин** типологиялык белгилерин илимий жактан негиздөөгө мүмкүнчүлүк бар.

Иштин кийинки параграфтарында белгиленген ар бир жанрдык модификацияга илимий аныктама берилет.

---

[1] Советская Киргизия, 1989, 4-январь;

[2] Кыргыздар. / Түз. К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991; Касым Тыныстан уулу:Адабий чыгармалар. /Түз.: А.Бектенов, А.Эркебаев. – Б.:Адабият, 1991; Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.:Учкун, Т. I, II, 1993; Молдо Нияз: Санат дигарасттар. /Түз. жана баш сөзүн жазган О.Сооронов. – Б.: Илим, 1993; Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б.: Кыргыз энциклопедиясы, 1996.ж.б.

## §1. Кыргыз реалисттик-тарыхый романдардын жанрдык проблемалары

Тарыхый жанрга таандык типологиялык белгилерди бири-биринен айырмалоо максатында “реалисттик” деген термин шарттуу колдонулаары белгилүү. Дүйнөлүк адабиятта тарыхый-реалисттик романдардын типологиялык белгилерин төмөнкү элементтер түзөт: чыгарманын объектисин элдин улуттук тагдырындагы эң масштабдуу, ири **тарыхый кубулуш, окуя (1)** түзөт, анын негизги каарманы элдик эстутумда сакталган **чыгаан тарыхый (2)** инсан (инсандар) болууга тийиш, бул экөөнүн көркөм интерпретациясы **объективдүү тарыхый фактыларга жана документтерге (3)** таянат. Ырас, тарыхый окуя масштабдуу болгондуктан, романдык мазмунду жаратат, окуя эпикалык баяндоонун башка тектерине сыйбай, **улуттун тарыхы** даярдаган бул **сюжет эпопеялык баяндоого (формага)** муктаж болот.

Кыргыз тарыхый-реалисттик романдарынын негизги сюжетин көбүнчө улуттук тарыхтын XIX кылымдагы коомдук объективдүү өнүгүүдөн келип чыккан ички жана тышкы (түштүк кыргыздарда – Кокон хандыгы эл-бийлик коллизиясы, түндүк кыргыздарда – уруулар ортосундагы) карама-каршылыктары түзөт. Албетте, тарыхый экскурс аркылуу Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский – б.з.ч. 356-323 жылдар), Барсбек каган (7-кылымдын аягы, 8-кылымдын башы), Чыңгыз хан (Темучин – 1155-1227-жылдар), Амир (Аксак) Темир Көрөгөн – (1336-1405-жылдар) жөнүндө тарыхый романисттердин дээрлик баары кыйыр түрдө сөз кылышат. Бирок бул мезгил али кыргыз тарыхый романынын негизги сюжети боло (“Көк асаба” романы жөнүндө айтылчу кеп башка) элек.

Тарыхый окуяларды түндүк жана түштүк мейкиндигине бөлүштүрүү да шарттуу: алар биринде негизги, экинчисинде кыйыр мааниге ээ, экөөнө тең мүнөздүү белги – XIX кылымдагы дүйнөлүк геосаясаттын (Кытай, Түркия, Россия империялары, Кокон хандыгы, казак феодалдары, ) улуттук ички карама-каршылыктардын курчушуна тийгизген таасири бар. Бир кылымга жакын **мезгилдин** тарыхый окуялары көркөм иликтөөгө алынат.

Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, “Баскын”, “Кыргын”, К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы”, Э.Медербековдун “Кызыл жалын”, Ж.Токтоналиевдин “Хан Ормон” романдарына мүнөздүү жалпылык баарында **бир мезгилдин** сүрөттөлүшү, бирдей **тарыхый инсандардын:** Алымбек, Алыбек, Алымкул, Ажыбай, Байтик, Балбай, Боромбай, Жангарач, Жантай, Калыгул, Качыке, Курманжан, Кудаярхан, Шабдан, Төрөгелди, Жаманкара, Мусулманкул, Ниязбек, Нүзүп, Ормон, Тилекмат, Кененсары, Норузбай, Тынаалы ж.б. каарман катары катышуусу, фольклордук материалдардын кеңири колдонулушу эсептелет. Ал эми архивдик материалдар, тарыхый булактар менен иштөө ар бир жазуучуда ар башка.

Биз иштин экинчи бөлүмүндө сөз кылгандай, фольклордук материалдардын чийки, бүкүлү колдонулушу романдын жанрдык табиятына түздөн түз таасирин тийгизүүчү факторлордон. Айталы, Э.Медербековдун “Кызыл жалын” романы тарыхый окуя жана тарыхый инсандар жөнүндөгү жалаң элдин эстутумунда сакталган оозеки материалдарды “образ менен ойлой албай, сөз менен ойлогондуктан”,[1] чыгарма тарыхый жанрдын талабына жооп бермек турсун, романдын деңгээлине жооп бере албай, “монотондуу баян”[2] бойдон, **санжыранын** деңгээлинде калды.

Тарыхый романдарына таандык бул типтүү өксүк коомчулук тарабынан[3] кийинки чыккан К.Бакиевдин “Дарыялар жээкте кошулушат”, Р.Абдиевдин “Алай закымдары” аттуу чыгармасына карата да айтылды. Тарыхый романдын жаңы жанрдык модификациясын жаратып жаткан бул чыгармаларга да терең изилдөө керек.

Улуттук тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануудагы чеберчилиги, этнографиялык көрүнүштөрдү образдуу сүрөттөө мүмкүндүгүнө ээ жазуучу К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышын” роман-санжырадан, жанрдык талаптарга жооп берген романдардын ортосундагы **өткөөл** чыгарма атоого болот.

[1] Даутов К. Түркүн дүйнө элестеринен. – Б.:Бийиктик, 2005. – 211-б.
[2] Ошондо. – 213-б.
[3] Рыспаев С. Тарыхый чыгармаларга сын керек // Адабий Алатоо, 2006, №1. – 3-б.; Шамшиев Б. Учур адабиятынын маселеси көп // Адабий Алатоо, 2005, №2. – 3-б. ж.б.

## § 1. 1. “Сынган кылыч” романындагы роман-эпопеянын жанрдык белгилери

Адабий терминдердин сөздүгүндө эпопея түшүнүгү: “...элдин турмушун кеңири жана толук сүрөттөгөн романды же романдардын циклин эпопея дешет”[1]– деген аныктама берилип, анын мисалына келгенде орус адабиятындагы чыгармалар аталат. Белгилүү го, совет доорунда бардык жагдайда орус адабиятын үлгү карманyy кадимки табигый көрүнүш эле. Азыркы мезгилде кыргыз прозасынын “казынасын” аңтара карап, роман эпопея барбы? – деген суроону тарыхый жанрда Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынан ашып түшүүчү эстетикалык табылгалар бүгүнкү күнгө чейин жаралбаган соң, эпопеялык белгилерди ушул чыгармадан издөөгө туура келет. Эгер 60 – жылдары роман жанрынын мыкты үлгүсүн берген “Майдандын” экинчи китебин чыгарууга У.Абдукаимовдун өмүрү жетсе, бул чыгарманын эпопея аталышы шексиз эле. **Биринчиден**, илимий адабияттарда берилген аныктамаларга караганда, эпопеянын негизги белгисине көлөмдөн мурда, **элдик турмуштун кеңири панорамасы** алынат. Бул белги “Сынган кылычта” болгон үчүн убагында белгилүү адабиятчы З. Кедрина бул чыгарманы роман эпопея аталган А.Толстойдун, М.Ауэзовдун, А.Кадыринин, Айбектин, С.Бородиндин тажрыйбасына К.Касымбековдун берген жообу[2] деп бекер баалабаса керек.

**Экинчиден,** гуманитардык илимде илимий түшүнүктүн түбөлүк сакталуучу классикалык формуласы жок. Азыркы илимий-маалымат прогрессинин объективдүү өнүгүүсү көркөм чыгармалардын көлөмүн чектөөгө өз таасирин тийгизүүдө. Маалымат кылымында чыгармалардын көлөмү эмес, андагы идеялык-тематикалык проблема маанилүү.

---

[1] караңыз: Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Б., 2004. – 430, 565-бб.; Шериев Ж., Муратов А. Адабият теориясы: Кырг. адабияты мугал., студ-тер ж-а орто мектептин окуучулары үчүн. – Б., 2004. – 108- б.

[2] караңыз: Рухту көтөргөн улуу сөз:Адабий сын, пикир, илимий макалалар жыйнагы. / Түз. К.Даутов. – Б.:Шам, 2000. – 121-122-б.

**Үчүнчүдөн,** көлөмдүүлүктү эпопеялык белги эсептеген күндө да, “Сынган кылыч” 1998-жылы кайра өзгөрүүгө учураганга чейин эле, эл аралык масштабда эпопея аталган чыгармалардын деңгээлинде сөз кылууга арзыган. Азыр анын көлөмү “Келкел” романынын бир бөлүмү менен 565 беттен (бирдей форматта) 708 бетке жетти. Ушул аргументтердин негизинде аталган романдан эпопеялык белгилерди издеп көрөлү:

1. Романдагы **тарыхый окуянын масштабынан** алганда, “Сынган кылычта” чыгарманын нагыз сюжетин түзүүчү көл толкунундай күргүштөгөн тарыхый окуялардын тизмеги Шералы хан таажысын кийген 1842-жылдан баштап, Болот-Исках дарга асылган 1876-жылды – Кокон хандыгынын Россиянын карамагына толук өтүшүнө чейинки 34 жылды камтыганы менен автор тарабынан колдонулган тарыхый экскурс доорлордун тереңине кетет. XIX кылымда эл тагдырына туш келген өтө опурталдуу, чалкеш, кандуу, кыйын жана кызык мезгил капысынан пайда болгон көрүнүш эмес. Шералини хан шайлоонун (тарыхый окуянын) себебин окурманга жеткирүү үчүн жазуучу кыргыз тарыхый романдарынын композициялык структурасында архивдик материалдын ролун ойногон **санжырага** кайрылган. Анткени “хан” аталган так менен таажыга болгон бийлик кумары саясий интригаларды өз апогейине жеткирген учурда, анын запкысы жалпы элдин трагедиясын жаратып, калк ичиндеги карыялар туңгуюктан чыгуунун жолун издеши да кыргыз адабияты үчүн салттуу көрүнүштөрдөн. Улуттук этнопсихологияга ылайык жазуучу эл ичиндеги көсөм карыя аркылуу **улуттук эстутум** күүгө келтирет. “Аппак суюк сакалын калтыраган алсыз колу менен акырын сылаган Ажыбай датка” көкүрөгүндө кыргыз тарыхы боюнча билим менен тажрыйбанын албуут рухий кудрети аркылуу өткөнгө кайрылат. Карыяны санжырасына караганда бир кезде чексиз зор өлкөгө ээлик кылган Амир Темир Көрөгөндүн ар кайсы шаарга мураскор болуп бекиген балдарынын ыркы келишпей, ата мурасын жүз жылга сактай алышпай, Амир Темирдин Миран-Шах, андан Султан-Мухаммад, анын уулу Абдусаиддин Өмөр-Шайх бийлеп турган Фергана

акыры тун уулу **Бабырга** калыптыр. Бул окуя 1493-жылга таандык. Акылы жетик Султан Бабыр атка конгон жакшы уул бабасы Амир-Темир Көрөгөндүн зор өлкөсүн кайра калыбына келтиргенге аракет кылып, ошол кезде Самарканга ээлик кылган Шайбани – хан менен кармашат. Туугандары өздөн чыккан жат болуп, ынтымакка келмек турсун, кайра душман тарапка өтүп кетишкенде, өз өлкөсүнөн орун таба албаган Султан Бабыр үй-бүлөсү менен Ооганга качып баратып, Сейде-Бак деген ай күнүнө жетип олтурган аялынан уул табат. Кан жолдо бараткан жүргүнчү наристени “энесинин ууз сүтү менен оозантып, алтын сырлуу бешикке салып, ... анан белиндеги каухар кемерин чечип бешиктин үстүнө арта таштап”[1] кетет. ...Аны кыргыз кыпчак уругунан бир адам таап алып, жаш эмчектүү аял таап бактырып, кийин эр жеткенде султан тукумунан көп урпак чыксын деп, шариятка ылайык төрт уруу журттан төрт аял алып беришкен. Дагы так талашуу коогасында, Фаргана билермандары ошол төрт аялдын биринен туулган урпак 60 жаштагы Теңирярды султан тукуму деп бий көтөрүп жиберишет. Бул – 1597-жыл экен[2]” – деген тарыхый экскурстун өзүндө тарыхый мезгилдердин учугун бири-бирине жалгап турган жандуу жиптер (П.Шермухамедов) – тарыхый романдын жанрдык касиети бар.

Жазуучу санжыраны тарыхый хроника менен шайкеш келтирип, кайра көркөм иштеп чыгуу менен романдын композициясына ретроспектикалык каражат катары колдонулушу бүтүндөй тарыхый окуялардын көркөм сүрөттөлүшүнө тактык киргизген, анын **масштабдуулугун** камсыз кылган. Чындыгында эле “Бабур Захиредин Мухаммад (1483- 1530) Индияда Моголдор мамлекетинин (1526) негиздөөчүсү; акын жана жазуучу. Тимурийлер (Амир Темир Көрөгөн) тукумунан; Омор Шайыктын уулу, Бабур 12 жашында атасынан Фергана тагын мурастап калган.”[3]

Жазуучунун санжыраны көркөм каражат катары ыктуу пайдалана билиши ага **улуттук тарыхтын сырын эпикалык баяндоого** мүмкүндүк

---

[1] Т. Касымбеков. “Сынган кылыч”. – Б., 1998. – 55-б.
[2] Ошондо. 57-б.
[3] Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. – Б.:Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 128-б.

берген. Автор бул мезгил социалисттик идеологиянын доору экенине карабастан, улуттук тарыхтын сырын **өз тамырынан** издегендиги адабий процесстеги күтүлбөгөн окуя эле.

Тарыхый окуянын **масштабдуулугу** жалаң гана ретроспективалык ыкма менен чектелбейт. Романда түндүк-түштүк кыргыздарынын биримдигине арналган эпизод көлөмдү көбөйтүү максатында эмес, **улуттук биримдик** идеясын тереңдетүү үчүн романдын структурасына кошулган. Түштүк жергесинен эл биримдиги үчүн келген Алымбек датканы Сары өзөн Чүйдүн билерманы Жангарач бийдин "Жыламыштын көз кайкыган түзүнө атайын он эки канат жумурткадай ак өргөө көтөрүп"[1] тосуп алышы кыргыздын мейман күтүү маданиятынын гана белгиси эмес. Үйдүн асем жасалгасы, бир тууган эл өкүлдөрүнүн бири-бири күтүү, өз ара учурашуу маданияты, адаттан артыкча дасторкон жасалгасы, маектешүү этикасы, бийлик ээлеринин пикирлешүү манерасы – улут ынтымагынын маанисин ачуунун көркөм интерпрециясы. Өз алдынча мамлекетүүлүккө жол издөөнүн амалы, элди азаттыкка чыгаруунун аргасын издөө болуп эсептелет.

2. Эпопеяга таандык дагы бир белги **эл турмушунун кеңири панорамада** сүрөттөлүшү "Сынган кылыч" романында ийгиликтүү ишке ашкан. **"...Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романы – кыргыз адабиятында биринчи көп пландуу роман. ...Романдын негизги каарманы, тарыхый окуялардын кыймылдаткыч күчү – эл. Эл - өз тагдырынын жаратманы, - чыгарманын негизги идеясы ушунда."[2]** Эл турмушунун купуя сырлары: коомдук-социалдык мамилелер, бийлик жана адам коллизиясы, ата-бала ортосундагы келишпестик (Эсенбай – Нүзүп), жубайлар ортосундагы мамиле (Алымбек – Курманжан), тууган ортосундагы мамиле (Сарыбай – Мадыл), улуттун жашоо образы, этнографиясы, этнопсихологиясы, дүйнө таанымы жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлде чагылган. Улуу тоону мекендеген элдин бейпил турмушуна бүлүк түшүргөн кара мүртөз **тарыхый доордун жүзү**

[1] Сынган кылыч. – 185-б.
[2] Эркебаев А., Даутов К. Кыргыз романынын проблемалары. /К-те:Рухту көтөргөн улуу сөз. Түз. К.Даутов. – Б.: Шам, 2000. – 148-б.

дан багар Теңирберди менен саяпкерлик, мүнүшкөрлүк, кол өнөрчүлүк сыяктуу ажайып өнөрдүн ээси Сарыбайдын адам чыдагыс трагедиясы аркылуу көркөм интерпретацияланат.

Айрыкча чыгарманын төртүнчү бөлүмүндө кыргыздардын аш берүү (Жаманкулдун ашы) үрп-адаты аркылуу бүтүндөй элдик турмуштун **кеңири панорамасы** түзүлгөн. Ашка келаткан Насредин бекти көк бөрү менен тосуп чыгуу, аштагы элдик оюндар (ат чабыш, балбан күрөш, эр чабыш ж.б.), тамак берүү, кийит кийгизүү салттары мезгилге ылайык, тарыхый кырдаалга жараша көркөм сүрөттөлөт. Намыс үчүн кара башынан кечкен **эрлерге** “ак сарбашылын” айта жаратканга жалынган **энелердин тилеги**, намыс алган тарапты ырга кошкон **жарчы акындардын таңшыган ырлары**, колунан чыккан көрктүү кийимдери менен наздана кылык көрсөткөн **чебер айымдардын** конокторго көрсөткөн сый-урматы убактылуу болсо да мезгилдин апаат күндөрүнөн элди унуткара салгандай көркөм сүрөттөлгөн.

Элдик турмуштагы **өзгөчө мамиле кудалардын бирин-бири** кыя албаган тагдыр азабы казатта шейит болгон кырчын жигит Темирдин атасы Теңирберди менен **жаш жесир**, айдай сулуу Айзааданын атасы Жамгырды кыйнайт.

Жазуучу улуттук тагдыр кылыч мизинде турганына карабай, турмуштун уулу мыйзамына ылайык, махабат отуна күйүп жанган жесир Айзаада менен Эр Эшимдин **жеке тагдырларына** романдын жалпы структурасынан орун тапкан. Автор жалаң кургак тарыхый окуялардын хроникасы менен чектелбей, эл тагдыры объективдүү өнүккөн тарыхый окуялардын тепсендисинде калганын беш үйлүү нойгуттун абалы, Сарыбайдын үй-бүлө трагедиясы аркылуу жүрөк титиреген **драматизм** менен берүүгө жетишкен.

Жазуучунун дал ушул чеберчилиги убагында “чоң чөйрөдө” жогору бааланып: “Доор тууралуу автордук маалымат эмес, сюжеттин өзүнөн өзү келип чыгышы Т.Касымбековдун романында улуттук тарыхты сүрөткерлик

менен аңдоого мүмкүндүк бергени"[1] жаш адабияттагы чыгармачылык жетишкендик, жаңы чыгармачылык тажрыйба катары бааланган.

3. Эпопеяга мүнөздүү дагы бир маанилүү өзгөчөлүктөрдүн бири андагы **каармандардын көптүгү,** анын ичинде **тарыхый инсандардын улуттук же мамлекеттик кызыкчылык үчүн** күрөшкө чыгышы эсептелет. "Сынган кылыч" романында эки жүзгө жакын каарман катышат, алардын ичинде улуттук аң-сезимде аты өчпөй жашап келаткан тарыхый инсандар: Алим хан, Алымбек, Алымкул, Ажыбай датка, Абдырахман, Абдылдабек, Байтик, Болот-Искак, Жангарач, Жантай, Жаркынайым, Ионов, Ибрагим хаял, Иса олуя, Курманжан датка, Камчыбек, Кудаяр хан, Канат-шаа, Мусулманкул, Музаффар, Нарбото, Нармамбет, Насирдин, Нүзүп, Скобелев, Колпаковский, Шабдан, Шерали, Шер даткалардын коомдук саясий ишмердүүлүгү көркөм аңдоого алынат. Амир Темир Көрөгөн, Бабыр, Арстанбек, Калыгулдар тууралуу кыйыр сөз болот. Кыргыз элинин улуттук кызыкчылыгы үчүн Алымбектин, Нүзүптүн башы топтой томолонуп, Абдылдабек Ата журтун таштап, Ооганга ооп кетет; кыпчактарды коргойм деп, Мусулманкул айбан чыдагыс өлүм кыйноосуна кабылып, денеси бирден кескиленет; ак жеринен Камчыбек дарга асылат; Болот-Искак чыккынчылардын кесепетинен колго түшүп дарга асылат. ж.б.

4. Эпопеянын дагы бир белгиси эл **тагдырынын татаал кырдаалга дуушар болушунан пайда болгон тарыхый реалдуулук** романдык мазмунду жаратат. Ушул кырдаалда "...элдик ойлом" өз мазмунуна "адам тагдырларын" сиңирип алат да,[2] **эпопеялык принцип үстөмдүк** кылат. Романда коомдук бардык катмардын өкүлдөрү катышкан: хандар, бийлер, бектер, даткалар, баатырлар, балбандар, чыккынчылар, айымдар, дан багарлар жана мал магарлар, кол өнөрчүлөр, күзөтчүлөр, жан жигиттер – кыскасы кыргыз турмушу кайнаган жашоодо миң түрдүү мамилелердин татаал байланыштары

---

[1] Оскоцкий В. Роман и история:Традиции и новаторство советского исторического романа. – М.:Художественная литература, 1980. – С.254.
[2] Суровцев Ю. Люди и время: Статья вторая //Новый мир, 1984, №9. – С..232.

көркөм сүрөттөлөт. Жазуучунун чебер калеминен жаралган типтүү образдар (Абил бий, Каракаш айым, Сарыбай, Теңирберди, Айзаада) эле эмес, тарыхый инсандар: Мусулманкул, Нүзүп, Шер датка, Кудаяр хан, Шерали, Алымбек датка, Курманжан датка, Абдырахман, Болот-Исках, Скобелевдердин эстен кеткис мүнөздөрү түзүлгөн. Сарыбайдын тагдыры жеке адамдын гана эмес, доор трагедиясы катары терең психологизм менен сүрөттөлөт.

Дүйнөлүк масштабда карама-каршылыктуу доор катары тарыхка кирген XIX кылымда кыргыз элинин улуттук тагдыры кылыч мизине кабылып, өз бийлиги бир жактан, Кокон хандыгы экинчи жактан карапайым элди эзип, салыктын түрү күн санап өскөнү аз келгенсип, Ордо ичиндеги саясий интригалардын кесепетинен коомдун төмөнкү катмарына кесепетин тийгизген. Тартууга кеткен күң, кул карапайым эл ичинен тандалганы аз келгенсип, кагылыштарда кырчын жигиттер окко учкан. Элдин улуттук тагдырындагы трагедия момун адам Мадылдын жалаага кабылышы, жалгыз перзенти тартууга кеткенин көтөрө албай, Сарыбайдын аялынын акылынан адашып тентип кетиши менен дагы тереңдетилген.

Теңирбердинин уулу Темир Айзаадага баш кошконуна жыл айланбай, Ордого кызмат кылуу үчүн кошунга алынып, жаш жубайы "шырп" эткен дабышка кулак түрүп, делбиреген үмүт менен жарын күтүп жүргөндө, ачуу өкүрүк менен мизине кан каткан кылычы келет.

- О **тагдырым**, бышкан алма болуп араң отурган чагымда... **тагдырым, сага не жазыгым бар** (астын сызган – К.Ү.) **эле?!**[1] – деген кутман кары Теңирбердинин тагдыр-трагедиясы доо трагизминен келип чыккан көрүнүш.

Жаш жесирдин тагдыры улгайган кайнатасын да, өзүн да азапка салганы аз келгенсип, жашоонун "улуулугу" жеңип, экинчи жолу "азгырылган" келин ааламга батпай качышы эл үчүн түзүлгөн тарыхый **кырдаалдын** бир көрүнүшү. Тагдыр азабынан улам тирүүлөй тозокто калган Айзааданы кыйбай Эр Эшим элинен безип таанybаган бөтөн элге баш паанек издеп кошо кетти. Аз да болсо жашоо бактысын жаңы татканда, Эр Эшим калың элге келген

[1] Сынган кылыч. – 41-б.

козголоңго кайдыгер карап тура албай, Болот-Искахка кошулуп кетип, эл үчүн курман болду. Айзааданын башына түшкөн бир эмес, эки жолку жесирлик карасы – **мезгил түсү.**

Тарыхый чыгармада **улуттук мүнөздү**[1] алып жүрүүчү элдик каарман болбосо, ал эпопеялык касиетке ээ боло албайт. "Сынган кылыч" романында **улуттук мүнөз мүнүшкөр** Сарыбайдын образына типтештирилген. Чыгарманын **көркөм структурасында Сарыбайдын тагдыры эл кайгысын коштогон күү, оркестр сыяктуу**. **Жаратылыш, коом, жеке адам, бийлик** мамилелеринин татаал системасында: **адам** жана **жаратылыш гармониясы** бузулуп, бир жагынан жалынычтуу үн чыгарып, жем сураган бүркүттүн жырткычтыгын Сарыбай түшүнбөйт; экинчи жагынан, анын өзү менен жан шерик болуп калгандыгын, мүнүшкөр жакынынан ажырап калчудай кайышып, кое бербей жаткандыгын бүркүт түшүнбөйт. Жердин да, элдин да куту качкан мезгилдин каарына моюн сунгусу келбей, Сарыбай перзентиндей болуп калган бүркүткө жем издеп, жер кезип колуна эч нерсе илинбеген соң, жанында жүргөн тайгандын мойнун кайрып өлтүрүп бериши элдин жашоосу кептелген тунгуюктун метафоралык бир көрүнүшү. Жырткыч арааны ачылган ичтейин тыя албай, өзүнө жем издеп жүргөн ээси көзүнө айбан көрүнүп, кол салышы, өмүр үчүн болгон кармашта мүнүшкөрдүн көзүнүн чукуп өлүшү жаратылыш "перзенттеринин" дисгармониясына алып келген тарыхый кырдаалдын суру качкан жүзү. Эгер автор Сарыбайдын тагдырын ушуну менен бүтүрсө деле логикалык бир жыйынтык чыкмак. Улуттук адабиятта мергенчи менен мүнүшкөрдүн оор жазага тартылышы эпикалык салттардан. Автор эл тагдыры тушуккан **тарыхый кырдаалдын ички маңызын** дагы терең ачуу үчүн Сарыбайдын турмушуна биринин артынан бири келген кырсыкка улам каалгасын кактырып, тирүү жан чыдагыс абалга жеткирген. Бул жылдары да адатта жок кыштын ызгаары, узакка созулушу турган жеринде канаттууну тоңдуруп кырды. Сарыбайдын "менин жолум болбосо, иттин жолу болоор", менин жолум болбосо, куштун жолу болоор" деп,

---

[1] караңыз: Евсюков В., Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1986, № 1. – С. 155.

“айласы кеткенде арсчычкандын ийинин тырмагы сынганча” чукуп, бирок иттин да, куштун да, адамдын да тумшугуна эч нерсе илинбей куру кол кайтышы куту качкан доордун символу сыяктуу. Тарыхый кырдаал курчуган кезде (алмустан бери) **жеке адам жана жалпы эл менен бийлик ортосундагы мамиле болуп көрбөгөндөй бузулары** белгилүү. Бийликтин азезил кумарына баткан “жогоркулар” үчүн адам тагдыры оюнчук боло баштагандыктан, Сарыбайдын асыл жылкы Тору кашкасы уурдалып, беш үйлүү нойгут **жалган жалаага** кабылды. Бардык ишке куулук менен өзү жумшап, аягы адам өлүмү менен бүткөн чуу жөнөкөй элди азапка салганда, Абил бий кыздан тартуу берип, хан тукумунун көңүлүн алмакчы болгондо, бул азаптуу кайгы да Сарыбайдын тагдырына туш болду.

- Чара жок... – деди, Сарыбайдын алсыз үнү, – соо калсын биртке тууган... – Ушуну айтты да Сарыбай бүк түшүп жатып калды.

Жалгыз кыз туягы – Кундузайдын тартууга кетишин көтөрө албаган **ЭНЕ** акыл-эсинен ажырап, ээн талаага кутуруп кетип, Сарыбайдын сокур жашоосуна, **жалгыздык** кошулат. Өзү жалгыз калганы аз келгенсип, бир тууганы Мадыл Абил бийдин саясий оюнунун курмандыгы болот. Тагдыр аны ташбоордук менен мүлжүп олтурат: жан-дүйнөсүнүн эрмеги болгон мүнүшкөрлүк менен саяпкерлик өнөрү анын дилин ташка чаап, жакын адамдарын улам бирин жоготот. Турмуш кыйындай баштаганда беш үйлүү нойгуттун үч үйлүүсү башка жакка көчүп кетерде, алардын жолун тоспой, өз түйшүгү менен эски журтта жалгыз калышы, анын инсан көтөрө алгыс трагизми жазуучу тарабынан элдин атынан Сарыбайдын мойнуна жүктөлгөн. Сарыбайдын үй-бүлөсүнүн тагдыры - **улуттун жок болуп кетүү коркунучунун бир жаңырыгы. “Сарыбай – элдик турмуштун негизин эң терең түбүнө сиңирген улуттук мүнөздү алып жүрүүчү айсберг.”**[1] Ошол эле учурда тарыхый доор канчалык жексур, кырдаал канчалык катаал болсо да, **эпопеялык чыгармада “элдин өлбөстүгү”**[2] даңкталат. Бул критерийге

---

[1] Бобулов К. Новая ступень:киргизская проза сегодня // Дружба народов, 1968. – 259 –б.
[2] Суровцев Ю. Люди и время: Статья вторая // Новый мир, 1984, №9. – С.232.

романда Кокон ордосу аталган бийлик системасынын күнү бүтүп, тутанган өрттөй күч менен эл козголоңу каптап келгенде, Насирдиндин “кыргыз айымды” чакырткан эпизод күбө. Бир кезде тартууга кеткен Кундузай эми келме кезек тагдыр тамашасына күлүп турду. “Ак шайы көйнөк, үстүнөн карала кымкап камзол кийген, башында алтын сайма керене, эки билектей кош өрүм чачы толорсугунан ылдый түшүп, күмүш чачпак согончогуна төгүлүп келген”[1] кыргыз айымдын алдында айласы түгөнгөн Насирдин сабылып турду:

- Тартууга келген күң эдиңиз. Эсиңиз менен, көңүлүңүздүн түздүгү менен ордомдун эркеси, ак никелүү зайыбым болдуңуз... баланы сактап калың...

- ...Жети атасы хан болуп эмне тапты?! Кимге пайдасы тийди?! Теги башка, атасы башка дейм, атын башка коем – деген Кундузайдын бүтүмү – элдин өлбөстүгү.

5. Эпопеядагы **мезгил** жана **мейкиндик** адабий тектин башка жанрларына сыйбай, жалгыз романдык өзгөчө түрдү талап кылганы да “Сынган кылычка” толук мүнөздүү. Эгер “...мезгил менен мейкиндиктин маанилүү байланыштары ... жанр жаратуу касиетине ээ болгон мазмун-формалык категория”[2] болсо, аталган чыгармада романдык мазмунга жараша формалдык чеги аныкталган.

Тарыхый мезгилге жараша каармандардын түзүлгөн мүнөзү эпопеялык деңгээлде кайталангыс көп түрдүүлүккө ээ. Сарыбайдын, Теңирбердинин, Абил бийдин, Шер датканын, Мусулманкулдун, Бекназардын мүнөздөрү улуттук гана эмес, тарыхый доор талап кылган жана аларды “калыптандырган” (А.Толстой) индивидуалдуу мүнөздөр. Романдык кырдаалды түзгөн тарыхый **мезгил - бийликти мурастаган** феодалдык коомдук-социалдык түзүлүштүн күнү бүтүп бараткан, доор жаңы системага муктаж боло баштаган, тарыхый объективдүү өнүгүү адам эркине баш ийбей калган татаал учур. Ушул мезгил Абил бийди, Нүзүптү, Мусулманкулду, Кудаяр ханды жаратты. Ушул мезгил Таластын даркан талаасында жүргөн Шералинин эркин, адамдык дареметин

---

[1] Сынган кылыч. – 527 –б.
[2] Бахтин М. Время и пространство в романе // Вопросы литературы, 1974. № 3. – С. 133-134.

сынады. Бул мезгил “Кокондо хан тактысы үчүн болгон күрөш менен кандуу кагылыштарда жүздөгөн, миңдеген адамдардын өмүрү кыйылып, элге жат саясат жаралып, урууларды бири-бирине кайраган ыпылас саясий оюндар башталган мезгил.”[1] Дал ушул мезгилге жараша романдын көркөм аянты анын мейкиндиги улам кеңейип, элдик көтөрүлүштүн өрттөй тутанышын шарттайт, бийликтин саясий кризиси улам тереңдей берет. “1842-1876 – жылдардагы Кокон мамлекетиндеги социалдык-саясий кризистердин күчөшү жана хандыктын кулашы”[2] менен падышачылык Россиянын колониялык саясатына ыңгайлуу тарыхый шарт түзүлөт. Натыйжада бул мезгилге чейин “илимий экспедицияны” түндүк кыргыздарга жиберген падышачылык Россиянын колониялык чабыты кеңейип, Скобелевдин Алай тоолоруна болгон жүрүшүнө себеп болгон. **Улуттун улуттук тагдыры коркунучта калган татаал тарыхый кырдаалда** бир жагынан, саясий кризистен чыгуунун айласын издеп, Ордо билермандарынын жергиликтүү кыргыз феодалдары менен мамиле түзүүгө жасаган аракетинен, бийликке жагуу үчүн бири-биринен жол талашуу уруулар ортосундагы ички ынтымакты ыдыраткан. Экинчиден, ички ынтымактын жоктугунан ар бир уруу башчысы жардамды сырттан издеп, падышачылык Россияга кыргыздар өздөрү “колтук ача баштаган” мезгил. Үчүнчүдөн, кыргыз жергесинен калмактар сүрүлгөндөн баштап, **Иле, Чимкент** аймактары талашка түшүп, **казак-кыргыз** ортосундагы мамиле бузулган.

Романда сүрөттөлгөн **мезгил** XIX кылымдагы **дүйнөлүк геочөйрөдөгү** чоң бурулуш, өзгөрүүлөрдү камтыгандыктан, алардын пайда болуу өбөлгөлөрүн көркөм аңдоо үчүн автор **тарыхый экскурстарга** кеңири орун берген. Кыйын мезгилде улутту сактап калуунун аргасын издеп таап, хан көтөргөн Шералинин ата тегинен башка да, **тарыхый инсандар**: Алим хан, Нарбото бий, Нүзүптүн атасы Эсенбай, Нармамбет датка, Алымбек даткалардын ата теги аркылуу романист байыркы кыргыз турмушунун көркөм

---

[1] Лебедева Л. Пора великих перемен. /К-те:Рухту көтөргөн улуу сөз:Адабий сын, пикир, илимий макалар жыйнагы. /Түз. К.Даутов. – Б.:Шам, 2000. – 130-б.
[2] Кыргыз тарыхы: энциклопедия. – Б.: Мамл.тил жана энциклопедия борбору, 2003. – 24 –б.

элесин ишенимдүү чагылдырган. Улут намызы үчүн болгон күрөштө каармандар көөнө тарыхтын сабактарын пайдаланышкан. Мисалы, аталык бийлиги кайдан чыккандыгын, анын укугун тактоо үчүн Нүзүп казыйдан жол сураганда, мындайча түшүндүрдү***: “...мамлекет иши башта башынан өтпөй, ага ылайык камы болбой, тарбиясы болбой, иштин көзүн билбей турса, ...башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот... Албетте, бул мамлекеттин пайдасы үчүн! Бул бийлик эгесинен бийликти зордуктап алганга жатпайт. ...Аталык таксыз падишах, тажысыз өкүмдар...***

***- Мисалы?***

***- Амир Темир! Жаңгер Амир Темир Көрөгөн! Заманында Чыңгыз-хандын тукумунан Жагатайдын кызын алып, ага күйөө болуп коюп, кийин анын хан балдарын хан деп төргө отургузуп, а бийликти өзү туткан! ...***[1]

Өткөн мезгилдеги улуттун жашоо образын, анын өзгөчө дүйнө таанымын сүрөттөөдө **автордук ойдон жаратуу** чыгармада эл турмушун **кеңири панорамада,** көп пландуу эпикалык формада баяндоого мүмкүндүк берген . Ушундай тарыхый экскурстардын бири эл ичинде “баатыр” аталган Бекназардын ата тегине арналат.

Романда жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн азем буюмдар: кайыш саадак, тоо текенин мүйүзүнөн жасалган сур жаа, кош миздүү шап кылыч, кийимдер жөн гана коездук үчүн же бир гана каарманды идеализациялоо үчүн эмес, элдин түптүүлүгүн, нарктуулугун, байыркылыгын баяндоо үчүн, анын ичинде жеке инсандын кадыр баркын, түпкү тегин баалоо критерийи катары колдонулган. Демек, жазуучу сүрөттөгөн буюмдар элдик маданияттын уникалдуулугунан кабар берүү үчүн сүрөттөлөт. Алар тарых күбөсү, муундарды байланыштырган материалдык маданиятты чагылдырган мурастар. Көрсө, бул буюмдар убагында даңазасы таш жарган бий, чыгышта даңазасы таш жарган, улуттук адабиятта али образы түзүлө элек тарыхый инсанга таандык.

---

[1] Сынган кылыч. – 93 –б.

Бул буюмдар Бекназар үчүн ***“...өткөн аталарынан калган аялуу эскерме мурас мүлк... Саруу бийден небереси Көлдөйгө калган дешет”***[1] – деген автордук экскурс дагы бир көөнө тарых катмарынан маалымат берет. Саруу бек Румга (Рим), бир кулачы Кытайга жайылып турган оң канаты Ак Ордо, сол канаты Көк Ордо аталган **Алтын Ордонун** алдыңкы бийлеринен экен. О кийин анын тың небереси Көлдөй “таркан” атанып, элбегиси болуп, кышкы отоосу Сары Өзөндө Арка деген сепилде, жайкы өргөөсү Суусамырдын төрүндө, Көк Ордонун өкүмүн өткөрүп турган дейт”[2]. Жазуучу өз каармандары Бекназарга черттирген комуз күүлөрүндөгү *“...суу койсо соорусуна төгүлбөгөн, сулуу деп тандап боз жорго минген, үстүндө дөөлөткө мас адамзааданын ... асылдан күткөн дүйнөм деп, аялуу жаным биргем деп, алпечтеп” баккан аялы душманына этегин ачып, ... калмакка качып, баатырды намызга жыкканы, же Сарыбай черткен “жер түтөтүп, мелмилдеген түз талааларга, арасын көгүлтүр мунарык басып жаткан улуу тоолорго батпай, деңиз суусундай лыглык болуп жаткан көп элдин караанын көзгө апкелген ...баатырдыкты, эрдикти даңаза кылган*[3] ”баяндары **ар түрдүү мезгилдер байланышынан** кабар берет. Ошондой эле романдын **көркөм аянты ээлеген мейкиндикти** да башка жанрларга сыйдырууга мүмкүн эмес. Т. Касымбеков “...татаал баяндоонун миңдеген жибин өз колунан чыгарбай кармай билген” (К.Бобулов) чебер прозаик катары **мезгил менен мейкиндиктин да татаал байланышын да бири биринен өксүтпөй камсыз кыла алган.**

Тарыхый кырдаал кыргыз бийлеринин башын кошуп, Алай-Анжияндын “азуусун айга бүлөгөн” Алымбек даткасы Сары өзөн Чүйдү “суудай бурган” Арканын билермандарына жолугуп, Кокондон терс бурулуунун белгисин билдирип, Канат-шааны “орустарга салып берип жатса”, экинчи тараптан, кыргыздардын мындай баш кошуусу жөн эмес экендигин байкаган Дюгамель төрө Россия империясынын аскер министрине “кабарлоо” жазып жатты. Ушул эле мезгилде Кокондо Малаханды өз төшөгүндө думуктуруп өлтүрүштү.

[1] Сынган кылыч . – 250-251-бб.
[2] Ошондо. – 254 –б.
[3] Ошондо. – 252 , 259-б.

Артынан көп узабай Алымбектин “башы кетти”. Хан тактысы жана таажысы үчүн болгон күрөш, кандуу кагылыштар, бийлик талашуу интригалары Кокон эле эмес, Анжиян, Ташкен, Бухара, Маргалан сыяктуу шаарлардагы **бийлик** өкүлдөрүнө таасирин тийгизип, ал күрөштөрдүн таасири улам сыртка сүрүлө **масштабын кеңейтип** олтуруп, “*...тарыхтын өнүгүү энергиясынын улуу кубатынан*” дүрмөт алган **элдик каарман** Исках-Болотхан “*тарыхый крисизтин көз мелжиген бийиктигин”*[1] көрсөтүп турат. Бийликтегилер ит тартыш “ойноп жатканда” эл менен бийликти жараштырабыз деп ортого түшкөн Абил бий менен Абдырахмандын “амал-акылы” менен кыргыздан *“кылым азабын, дүйнө салмагын көтөрүп”*[2] Ордого келген кырк элчинин башынын алынышы тарыхый кырдаалдын курчуп жеткен чеги болчу. Тарыхый фактынын тамырын кармай билген жазуучу *кашкөй кырк эл кишисинин шейит өлүмү аркылуу окуяны көркөм-философиялык жалпылоого*[3] *жетишип,* мазмун менен форманын биримдигин камсыз кыла алган. Элдик кыймыл “бал аарынын уюгундай дуулдап, дагы ураан кыйкырып, ат туягынан жер дүңгүрөп, мыкты куралданган үч миң ашуун эрегишчи Чаткалдан кара селдей каптап түштү”[4]. Кыска убакытта көтөрүлүш Алабука, Актам, Көкжар, Нанай, Мамай, Сефитбулан кыштактарындагы элди дүүлүктүрүп, кийинчерээк Көгарт, Өзгөн, Алай аймагына жайылып, көтөрүлүшкө бүтүндөй карапайым калктын уруусуна карабай биригиши, аларга Ордо аскерлери кошулуп 70 миңге жетиши романдык мазмундагы окуя. Акырында Кудаяр өзүн да, мамлекетин да “...улук даражалуу императордун колуна тапшырып”, Скобелевдин казак-орус отрядынын курчоосу астында Кокондон чыгып кетүүгө аргасыз болушу менен бүтпөгөн сюжет андан ары Искахтын “бүркүт планы” менен шаарды алып койгондон кийин да уланат. Жарым паша Фон Кауфман “Түркстандын Пугачы” менен сүйлөшпөй кырдаалды курчутуп, Самарканды алуу үчүн кыргын салып, атагы чыккан Скобелев Искахтын ишенген Балыкчыдагы колун талкалап,

---

[1] караңыз:Гулыга А. Историческое сознание и исторический роман // Литературная учеба, 1980, №4. – 151с.
[2] Суровцев Ю. Люди и время:Судьбы человеческие, судьбы народные, судьбы трагические //Новый мир, 1984, №9. – С.236.
[3] Ошондо.
[4] Сынган кылыч. – 403 –б.

Анжиянды камоого алды. Көтөрүлүшчүлөр Ош тарапка, Каратегинге чегингенде, айыл кыштакты каратель каптап, мелмилдеген Фаргана кызыл өрткө айланды. Ошондо да, боштондук издеген эл өкүлү Абдылдабек жардам сурап Оуган жерине ооп кетти. Демек, “Сынган кылыч” романын эпопея атоого толук негиз бар.

## § 1.2. Кыргыз прозасындагы роман-хроникалар.

Роман-хроника – тарыхый романдын жанрдык системасында **документалдуулук** жыш колдонулган жана **окуялар хронологиялык** иретте көркөм интерпретацияга алынган чыгармалар. Роман-хроникада тарыхый фактылардын “өжөрлүгү” сүрөткерге өтө эркин ойдон жаратууга мүмкүндүк бербейт, чыгармада сюжеттик окуялардын жайгашуусу, анын композициялык структурасы реалдуу бекемдөөлөргө муктаж. Тарыхый чындыктын негизинде жаралган көркөм чындык реалисттик факты, окуялардан алыстай албайт. Ойдон чыгарылган сюжетте автордун субъективдүү көркөм фантазиясынын ордуна ошол тарыхый доордун социалдык, саясий, экономикалык, улуттук проблемалары публицистикалык баяндоону талап кылат. Тарыхый окуянын элдин, тарыхый инсандын тагдырына тийгизген таасири архивдик, илимий маалыматтар менен далилденүүсү зарыл. Автор чыгармада берүүгө тийиш болгон идеяларды объективдүү аргументтер менен коргоо муктаждыгына ээ болот. Мына ушундай типологиялык белгилери менен тарыхый роман-хроника тарыхый чындыкка өтө жакын, андан айырмаланып, реалдуу окуялар көркөм образ каражаты менен көркөм аңдоого алынууга тийиш.

Кыргыз прозасында, биздин жеке көз карашыбызда, Т.Касымбековдун “Баскын”, “Кыргын”, Ж.Токтоналиевдин “Хан Ормон” тарыхый чыгармалары – тарыхый-хроникалык романдар. Ал эми ушул эле романдарга объект болгон мезгилди көркөм сүрөттөгөн К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” аталган чыгармалардан кескин айырмаланат.

Идеялык-тематикалык проблематикасы, сюжеттик окуялардын өнүгүшү боюнча Т.Касымбековдун “Баскын” жана “Кыргын” романдары бирин бири

улайт. “Баскын” романында 1859-жылы капитан Венюковдун улуу тоолордун арасында өз ара чабышып жаткан “жабайыларды” тиктеп турушу менен окуя башталат. Ушул эле фондо “султан” Бекеш коштоп келаткан козак орустун колун Байтик колу менен тосуп чыгып, эки тараптын кагылышуусу, **дегеле курчуган тарыхый кырдаалдан** кабар берет. Романдын негизги окуясы - падышачылык Россиянын “баскыны” 1850-жылдардын аягынан “Анжыян көтөрүлүшү” деген ысым менен түрк тилдүү улуттун трагедиясы катары тарыхка кирген XIX кылымдын аягына (1900) чейин созулган жарым кылымды кучагына алат.

Жазуучу “Сынган кылыч” романында тарыхый окуянын көркөм интерпретациясына артыкчылык берсе, “Баскын” романында реалдуу окуялардын хроникасына көбүрөөк берилип, кээде өтө эле азгырылып кеткендиги байкалат. Башкача айтканда, чыгарманын башынан баштап эле так даталар, документалдуу материалдар, Эл аралык келишимдер жөнүндө түз сөз болот. Мисалы: “Улук империялардын жер бөлүшүш мүдөөсүнө ылайык өткөн 1858-жылы эле орус-кытай келишими болуп, ал келишим боюнча бу улук тоонун ары бети Жакыпбектин жети шаарлуу Кашкар мамлекети эсен турганына каралбай толук бойдон Кытай таасирине, а бери бети үч ордосу бар бүткүл Түркстан Орус империясынын ыгына ыйгарылган”[1].

Романда жазуучунун буга чейинки чыгармаларына таандык жеке почерк – тарыхый фактыга жаңы дем берип, ага “жан киргизүүчү” ойдон чыгарылган сюжет жетишпейт. Адамдын жан-дүйнөсүнө сүңгүп кирген терең психологизм көрүнбөйт. “Баскында” тарыхый жанрдын негизги өзгөчөлүктөрүнөн болгон турмуш чындыгынын “...көзүнө тике карабай, тарыхый чындыкты кыйыр кабыл алуу менен аны эстетикалык жактан кайра жаратуу”[2] иш жүзүнө ашпай, документе азгырылуу көбүрөөк орун алган.

Дүйнөлүк масштабдагы колониялык саясат, жерди кайра бөлүшүү маселелеринин курчушу, Улуу Британия, Франция, Германиянын Чыгышка

---

[1] Касымбеков Т. Баскын. – Б., 2000. – 9 –б.
[2] Юдин Юдин В.А. Человек. История. Память. – М.:Современник, 1990. – С.46.

кызыгуусун байкап турган Россия “Азия ортолугун эч бир “улуу ортогуна кыйбай” өзү ээлемекчи болгонун искусствонун эмес, илимдин тили менен түшүндүрүүгө аракет жасаган. Ошондон улам автор улам бир документалдуу материалга таянып, Россия империясынын “баскынынын” себеп натыйжалуу байланыштарына басым жасайт.

“1861-жылга чейин Сары Өзөндөгү Бишкекти 1860-жылдан кечиктирбей алуу” жөнүндөгү Александр II нин чечими, 31-майда “Тынчтык жана илим экспедиция” отрядынын Чоң Кеминге келиши, 1860-жылы Генштабдын полковниги Циммерман баштаган эки канат аскер, Сибирь корпусунун аскербашчысы полковник Колпаковский башчылык кылган чалгындоо отрядынын Сары Өзөн Чүйгө келиши, аларды Шабдандын тосуп чыгышы, ушул келатканда эле Токмок сепилинин кыйратып келгендиги, Кокон хандыгынын ашынган элди басмырлоо саясатына чыдабаган Байтик баатыр кокондуктарга кыр көрсөтүп, алардын Бишкектеги чебинин башчысы Рахматбекти конокко чакырып, аны жигиттери менен өлтүрүүгө себепчи болгондугу тууралуу тарыхый хроникалар удаалаш маалымдалат.

Бул окуялар тарыхый булактардан көбүнесе түздөн түз көчүрүлгөндөй. Тарыхый инсандар: Байтик, Циммерман, Колпаковский, Жантай, Жангарач, Шабдан жөнүндөгү тарыхый маалыматтар көп деле өзгөртүлгөн эмес. Бир гана Кокон хандыгынын Бишкектеги өкүлү Рахматулла датканын ысмын автор Рахматбекке алмаштырган. Чыгармада Рахматбектин өлтүрүлүшү “1863-жыл, 3-октябрь” деп берилсе, тарыхый адабиятта “1862-жыл” эсептелет. Экөөндө тең аны өлтүргөн Байтиктин жигити Көкүм экени бири бирине дал келет. Токмок, Бишкек, Куртка чептерин орус аскерлеринин ээлеп алышы айынан бери (август) тарыхый адабияттагы маалыматтарга туура келет[1].

К.Асаналиевдин: “Баскын” нукура тарыхый романдын касиет сапатына ээ боло албай, тарыхый окуялардын хроникасы, кадыресе баяны деңгээлинде калып жатат”[2] – деген пикири менен эсептешүүгө туура келет. Ошол эле учурда

---

[1] караңыз: Кыргыз тарыхы:Энциклопедия. – Б., 2003. – 147 , 332, 372-бб.
[2] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Экинчи макала. Кайда келдик... // Адабий Алатоо, 2006, №12, август. – 8 –б.

сынчы тарыхый романистиканын ички жанрдык типологиясына ылайык, тарыхый-хроникалык романга коюлуучу критерийлердин негизинде чыгарманы талдоо максатын койбогондугун эске алуу зарыл деген ойдобуз. Албетте, К Асаналиевдин пикиринде ачуу чындык бар. Анткени узак убакыт кыргыз тарыхый романисттери үчүн “жабык болгон” архивдик материалдарга жол ачылышы, коңшулаш мамлекеттерге, айрыкча, Казакстан, Өзбекстандагы документалдуу материалдар менен иштөө мүмкүнчүлүгүнүн түзүлүшү, тарыхтын өзүнө болгон көз караштын өзгөрүшү жазуучуну фактылык материалдарга өтө “байытып” жибергендиктен, ал бир топ тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айлантууга жетишпей калгандай. Адаттагыдай эле жазуучу “Баскын” романында тарыхый экскурска бөтөнчө маани берген. “Кеткеттин башы Токтомуш таскактан, Темир аксактан!” (чыгарманын 55-бети) дооруна экскурс жасалып, ааламды талашкан өкүмдарлар (Токтомуш менен Темираксак Көрөгөн) оо дүйнө кеткен 1404-жыл жөнүндө сөз болот. Автор улуттун улуттугун жүдөткөн орус баскынынын тамыры Темир аксактан башталганын, эң оор запкы калмак жортуулу 1521-жылдан – 1620-жылга чейин созулган 100 жылдык апаат жөнүндө олуттуу сөз кылган. Ошондон улам 1726-жылы “качактан” казак аталган уруулардын “улу жүз”, “орто жүз”, “кичи жүз” болуп бөлүнгөнүнөн баштап, “бүтүн журт майдаланып” “баскынга” өздөрү шарт түзүп бергенин автор көркөм жалпылоого аракет жасаган.

Романда улуттун өз алдынчалыгы коркунучта калган доордун образы түзүлгөн. Эл ичинен чыккан инсандардын күрөшү, Ата-журттун, туулган жердин бөтөн журтка тебеленишине боор сыйрыла, ичтен түтөгөн улуттук намыс окурманды түйшөлтүп турат.

Т. Касымбеков кайсы бир деңгээлде “Баскын” романын өзүнүн буга чейинки тарыхый романдарынын уландысы катары караган. Аларды бири-бири менен байланыштырып турган каармандар да бар. Жангарач бий, Байтик, Шабдан, Скобелев, Ионов, Колпаковский, Иса олуя, Курманжан, Тезек деген тарыхый инсандар “Баскында” негизги каармандар катары

кыймыл-аракетте, Алымбек, Ормон, Боронбай, Тайлактын Осмону, Үмөтаалы, “Түркстандын Пугачы” – Исках-Болот жөнүндө кыйыр сөз болот. Түндүк кыргыздар менен “Экспедиция” аркылуу мамиле түзүп, бул аймактагы чептерди толук ээлеп алгандан кийин “баскындын” кезектеги планы боюнча Кокондогу мамлекеттүүлүктү жок кылуу эле. Кокондогу саясий кризис жетер чегине жетип, Россияга кошулуудан башка арга калбагандыгын тарыхый кырдаал тастыктап турганына карабастан, дале жааттар ортосундагы күрөш уланып, Исках-Болот, Насирдин, Абдырахман – үчөөнүн ортосундагы бийлик талашуу аракеттери натыйжасыз экендиги Скобелевдин Ордого кирүү эпизодунда көркөм сүрөттөлгөн. “Баскын” жерге, элге гана ээлик кылуу эмес, анын андан оор зыяны – улуттук баалуулуктардын кордолушу. Ушул идеяны берүү үчүн автор салтка болгон көз караштардын таймашын “сценага” чыгарат. Ордонун төрт тарабын курчатып коюп, Шабдан менен тилмечин ээрчите кирип келген Скобелевден дале ырайым күткөн Насирдин төргө бейиш даамдары аталчу түркүн мөмөдөн азем дасторкон жасатып, сыйламак болуп, төргө ишара кылды .

- Жо, - деди генерал, - биз мына ушерге отурабыз.

- Жо-о, улага болуп калат ко, кадырлуу адам төргө өтүшү ылазым го... биздин салт... – деп калды.

Баскындын күчүнө ишенген “кандуу көз” Скобелев элдин салтын атайы тебелегиси келди:

- Мен айттым го?! Биз так ушул жерге олтурабыз!”

Абалды сезген Шабдан, аны жумшарткысы келди:

- Эми... кантебиз... жакшы адам каерде отурса ошоякка жүз бурулат, көз барат, кулак түрүлөт, ошо жер төр...” деп койбойсузбу, кыйналбай?... деди акырын.

- Токт-о! – деди чакчарыла. – “Жакшы” эле адамдын эмес! Күчтүүнүн, “өкүмдардын!” отурган жери төр!

- Тез! – деди, кол жазбай буйруй Насирдин, - Апкең! Улага төр болсун!

Генерал улам бир каар, какшык менен жергиликтүүлөрдү келекелей сүйлөп, алардын доору бүткөнүн ашыкча белгилеп, “биздин жеңиш үчүн” деп ичип жатканда, Коконду толук алууга келаткандар жакындаганын кабарлап жатканын, “өз үйү өзүнө камак болорун” билбей тайдын учасынан устукан тарттырды, Насирдин.

- Бул эмне? – деп сурады генерал.

- Бу уча, тай учасы, бизде эң чүйгүн даам катары улук адамга гана тартылар устукан...

- Жебейбиз! – тура кала чаңырды генерал.

Биз муну француздарга ашатканбыз! Бонапартка! Эмне, шылдың бу?! Ыя?![1]

“Баскындын” жүзүн ачуу максатында колдонулган бул автордук ойдон жаратуу тарыхый роман кийинки муунга берчүү нравалык сабакты – так талашуунун, бак талашуунун кесепетинин аягы , улуттук трагедияга алып келерин көркөм чагылдыруу болуп эсептелет.

Өз ара пикир келишпөөчүлүк, ички карама-каршылык бир кылымга жакын мезгил ичинде курчуп олтуруп, коомдук системаны алмаштыруу тарыхый зарылдыгын жараткан объективдүүлүктү берүү үчүн жазуучу “Сынган кылыч” романындагы негизги каармандардын кийинки муунунун “саясий интригасын” чагылдырууга аракеттенген. Нүзүптүн баласы - Баатыр Төрө, Нарбото бийдин тукуму - Абдыкафар, Алымбектин баласы - Абдылдабек, Мусулманкулдун баласы - Абдырахман, Кудаярдын баласы - Насирдин ар кимиси аталарынын бүтпөй калган иштерин “салттуу” түрдө улантууга бел байлагандыры “өз ордосунда өздөрү камалып” олтурганда каармандардын диалогунан ачык көрүнөт.

Коконду алуу датасы – 1876-жылдын 19-февралы тарыхый чындыкка – тарыхый адабияттардагы[2] маалымат менен дал келет.

---

[1] Баскын. – 146-148-бб.

[2] Кыргыз тарыхы: энциклопедия. – Б.: Мамл.тил жана энциклопедия борбору, 2003. – 237 –б.

Ички карама-каршылыктын натыйжасында кыргыздар улуттук өз алдынчалыгынан кол жууп, мекенине өзү ээ болбой калгандыгы жөнүндөгү тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыруу үчүн автор дагы бир окуяны - Кытайдан бир уруу журттун качып келгенин чагылдырган. “Тууганды” “дууган” дегенинен мусулман калкынын бир тобу “дунган” аталып, 1877-жылы Чүйгө келген. Жүдөп, арыктап, өлөр сыны калган, тукум курут болордо башбаанек сурап келген качкындарга Шабдан атамурас жердин бир четин соопчулук үчүн берип алып, өзүнө өзү бушайман болушу аркылуу берилүүчү каармандын ички психологизми Т.Касымбековдун почеркине таандык көркөм-эстетикалык табылгалар менен камсыз болбой, эмнегедир бул эпизод өз деңгээлине жетпей калган.

- Бу сен, Шаби, – деди генерал Колпаковский, – ченелип коюлган өнүмдүү жерден кайдан бир бозуп келген бирөөлөргө өзүң берип салган имишсиң го? – деп кекетти, Шабданды. “Смирнов” ичкен орус солдаттар качкындарга кыргын салмак болду. Генерал качкындардын эмгекчилдигин байкап, дагы бир жумушчу күчү өзү келгенин түшүнгөндөн кийин гана алар аман калды – деген сыяктуу жазуучунун ой жоруулары информациялык деңгээлде калган..

Романдагы дагы бир маанилүү тарыхый окуя орус-кыргыз мамилерине байланышкан Шартнаамага кол коюу окуясы болуп эсептелет. Жазуучу бул маселеге – Шабдан менен Скобелев жиберген майор Ионовдун Алайга барышы, Курманжан датканы чакыртып, генерал менен датка айымдын Шартнаамага кол коюшу[1] “Келкел” романынан “Сынган кылычка” алынганы окурманга белгилүү. “Баскында” бул окуя кайра кайталанат[2]. “Сынган кылычтагы” келишим аземинин ордуна Курманжан менен Шабданды “саясий никеге” баш байлоо аркылуу даткайымдын мойнуна укурук салуу эпизоду оңунан чыккан эмес. Экөөнү салыштырганда “Сынган кылычтагы” окуянын көркөм интерпретациясы жогорку чеберчиликте сүрөттөлгөн.

[1] Сынган кылыч. – 649 – 694-бб.
[2] караңыз: Баскын. – 178 –б.

Ал эми “Баскын” жана “Кыргын” романдарында көркөм ойдон жаратуунун эстетикалык кудрети чабал болгондуктан, окурман ага ишене бербейт. Жөн гана бир нече сүйлөм менен берилген бул келишим окуяны өтө эле кургак жана жупуну баяндайт.  Кыргыздардын Россиянын карамагына өтүшүн жыйынтыктаган бул окуя тарыхый булактарда мындайча маалымдалат: “Россияга баш ийүүнү каалабаган Курманжан датка 1876-жылы июндун башында эле өз айылы менен Кашкар тарапка көчүп кеткен. Ал жактан Алайга “Алай экспедициясы” кызуу жүрүп жаткан учурда кайтып келген. Курманжан датканы орус аскерлери 29-июлда Чоң Алайда өргүп жаткан М.Д. Скобелевдин лагерине алып келишкен. Анын Алайдагы кадыр-баркын жакшы түшүнүү менен Фергананын аскер губернатору генерал М.Скобелев сый-урмат менен тосуп алган. Курманжан датка орус башкаруучулары менен мамиле түзүүдө акыл-эстүүлүктү жана кыраакылыкты көрсөткөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө генерал Курманжан датканын акылына, кыраакылыгына жараша ага “Алай ханышасы” деп баа берген”[1].

Романдын төртүнчү бөлүмү хронологиялык жактан XIX кылымдагы тарыхый окуялардын уландысы болгон “Анжиян көтөрүлүшүнүн” сюжетке кошулушу ( автор аны “Келкелден” алгандыктан) композицияга жакшы сиңген эмес. Окуя кийинки **мезгилдин  көз карашы** менен талдоого алынбай, “Газават” деңгээлинде калган.

“Баскын” романынын тематикалык эле эмес, сюжеттик уландысы болгон **“Кыргын”**  падышачылык Россиянын XIX кылымдагы колониялык саясатын окуялардын тарыхый хронологиясы боюнча да, экилтиктин идеялык логикасы боюнча да жыйынтыктайт. “Баскындан” кийин төрт жылдан кийин жарык көргөн “Кыргында” жазуучу тарыхый чындыкты аңдоо маселесине ойдон жаратууну көбүрөөк пайдаланып, чыгарманын композициясы психологиялык ой толгоолорго бир топ байыгандыгы байкалат. Биринчи романдагыдай ачык беттешүүлөр,  “баскынды” өгөйлөгөн  кайым айтышуулар эми каармандардын

[1] Кыргыз тарыхы:  энциклопедия. – Б.: Мамл.тил жана энциклопедия борбору, 2003. – 35 –б.

сырткы абалынан ички ой толгоолорго, санаркоого өткөн. Башкасы эмес, эр көкүрөк аталып, каарынан кан тамган Байтик да башка кейипте. Кошунга күч-дем берчү “зиркилдеген” мүнөзү өзгөрүп, кокондуктардын артынан сая түшүп айласын кетирген деми кайтып “үңкүйө” тагдырга моюн сунгандай, “бул орус... топон суу болуп басып калат го?...” – деп, күндө куюлуп келген кум санаасына” батат. Анын ортодогу бузукунун (База) уу сөзүнө ишенип, Суусамырды Чүйгө көчүрүп келгенден башка активдүү аракети жок. Чыгарманын жалпы пафосу жергиликтүү элдин пессимисттик абалын, адегенде жыла басып “Тынчтык жана илим экспедиция” аталып келген келгиндердин күндөн күнгө үстөмдүгү күчөп баратканын айгинелеп турат. Ошондуктан да, чыгарманын биринчи бөлүмү журт башчысы Байтиктин “азирети Императордун кадырлуу букарасы Ырыскулбектин” айылын Чүйгө көчүргөндүгү үчүн камалып, түрмөдөн чыгарда сайган ийнеден тапкан өлүмү менен аяктайт.

Роман камтыган мезгил башка чыгармаларга караганда кыска. Бирок окуялардын тарыхый хроникасына аргумент болуучу документалдуу материалдар конкреттүү жана жетиштүү. 1886-жылы Жети-Суу аскер губернатору Талызындын Шабдандын үстүнөн жазган чагым каты, 1897-жылы 10-октябрда Шабдандын өз жеринен түбөлүк менчик үчүн Николай II нин наамына жазган өтүнүч каты, 1900-жылдан баштап айдоо аянттарынын жергиликтүү элден тартылып алына башташы, 1900-1904- жылдары Шабдандын Меккеге барышы, 1905-жылы 6-июнда Шабдандын жергиликтүү элдин укугун талашып Министрлер Комитетине эне тилинде билим берүү, өз динин сактоо боюнча жиберген “Петициясы” сыяктуу документалдуу материалдар берилген. 1916-жылдагы Улуттук көтөрүлүштүн материалдары, тагдырлаш жашаган Казакстан, Өзбекстандын архивдик маалыматтары, Шабдандын үй-бүлөлүк архиви, жазалоо отрядынын иш аракеттерин тастыктаган телеграмма, билдирмелер өтө жыш колдонулган.

Бирок бул документалдуу материалдардын бардыгы эле автор тарабынан илимий жактан изилденип, “ ...чыгармачылык менен кайра терең

иштелбегендиктен, жазуучунун зор бийиктикке чабыттаган фантазиясын жарата албай фактографиялык баяндоо деңгээлинде калгандай.”[1] Айталы, Ата журттун жерин менчиктөө маселесин салыштырып көрөлү.

Тарыхый маалыматка таянсак: “1916-жылы көчүрүлүп келгендер Түркстандагы элдин араң гана 6 процентин түзгөн. ...так ошол 6 процентти түзгөндөр айдоо жерлердин 57,6 процентине толук жана законду ээлик кылышкан.”[2] Айдоо аянты боюнча цифралар түз эле чыгармага көчүрүлгөндөй.[3]

Ошону менен бирге жазуучу тандаган айрым материалдар буга чейинки белгилүү инсандар жөнүндө калыптанган түшүнүктөргө “өзгөрүү” киргизе алат. Узак мезгил кыргыз коомчулугуна идеал болгон, “прогрессчил” окумуштуулардын бизге белгисиз пикирлерин документалдуу материалдар тастыктап, алардын экинчи “жүзү” ачылат. Алардын бири биз убагында көкөлөтө мактап жүргөн Семеновдун “1856-1857-жылдары Тянь-Шанга саякат” изилдөөсүнөн алынган “...кандай сонун жер, отурук кылганга орус үчүн табылгыс өлкө... жай алган соң жашоо үчүн биринчи зарылы короого кирер жырткыч маглугунан сактаныш, кол салып калар жарым жабайы көчмөнүнөн коргонуш...” – деген саякатчынын пикири болсо, экинчиси – жазуучу шилтеме жасаган документалдуу материал “Русский вестниктин” 1886-жылдагы 10-ноябрдагы санына жарыяланган Прежевальскийдин биздин элге берген мүнөздөмөсү экен: “...бу жерде жарым жабайы эл жашайт, чек ара ачык, аскери жок, эки эле рота жиберилсе бу өлкөнү Россияга имерип алса болот... жарым жабайы киши чалыштар адам катары мындай бейиш жерде жашоого укугу деле жок... буларды бирдемеге үйрөткөндөн жытчыл итти машыктырган оңой...”

Мындай пикир бир эле “саякатчыл” окумуштууларга таандык эмес, бүтүндөй ошол мезгилдин духу болуп тургандыгы “кыргындын” негизги себеби жана анын өбөлгөсү катары сүрөттөлгөн. Биз келтирген цитата

[1] Оскоцкий В. Границы вымысла и пределы документализма // Вопросы литературы, 1980, №6. – С. 39.
[2] Станалиев С. Кылымды ыйлаткан кызыл кыргын // Адабий Алатоо, 2006, июнь, №10.
[3] караңыз: Кыргын. 79-б.

"...авторго доордун атмосферасын, анын негизги маанайын, багытын түзүүгө жардам берген"[1].

Ал эми Ч. Валихановдун эмгегинен алынган цитата[2] элдин улуттук намызын кордоого тете. Мындай көрүнүштөр жалпы элге таандык эмес жана анын реалдуу чындыкка туура келбей тургандыгын далилдөөчү аргументтер да жетиштүү. Али бири-бирине коошпогон, сиңишпеген эки башка нрава, эки башка ниет, эки башка көз караштардын ички карама-каршылыгынын негизинде мезгил өзү кандайдыр бир кооптуу окуяны даярдап жаткандай. Мындай "ички даярдык" романдын башталышында эле Жайлообай менен Кузьминдин контрасттуу мамилесинен башталат.

"Огуз хандан  бери ата мурас" болуп келаткан кыштоосун ээлеп алганы менен иши жок, Жайлообай адаттагы айкөлдүгү менен баласына мылтык карматып койгонуна карабай, Кузьминди үй-бүлөсү менен тамакка чакырып, төрлөтүп " мылтыкчанга" да  жилик устукан берип, сыйлап олтурат.  Кол арактан берип Жайлообайга кол койдуруп алган Кузьмин ата мурас кыштоосуна Жайлообайды "ижарага" коюп, жылына салык төлөп туруун у милдеттендириши өз жерине өзү ээ болбой калган кыргыз журтунун социалдык абалынын типтүү көрүнүшү. Күн өткөн сайын айдоо жерлер колдон чыгып, Көл айлана улуу Императордун менчигине өткөн кыргыз жерлери "Покровка", "Петровка", "Пржевальски", "Новороссийски", "Столыпино", "Белоцарское" аталып, улам жалган жалаа менен жергиликтүү элди басмырлоо кадимки көрүнүшкө айланганда "Войсковая Старшина Шабдан Жантаевдин" жер сураган, элге медресе сураган  өтүнүчтөрү суу кечпей, "төрөлөрдөн" келген жалаң терс жооптор "баатыр" аталган журт башчысынын дилин сындырып, ындын өчүрүп, аны учу-түбү жок санаага салды.

Атасы эле эмес, чоң атасы Жантайдын Николай II менен анын ишенимдүү адамдарына кылган кызматы эч нерсеге арзыбай калганына көзү жеткен Мөкүш укуксуз калганына жаны кашайганда: "Ким чакырды силерди

---

[1] караңыз: Серебряков К.Набросок портрета (беседа с М.Шагинян)  // Литературная газета, 1968, 3-апрель.
[2] Касымбеков Т. Кыргын: Тарыхый роман. – Б.: ААК "Акыл", "Бийиктик", 2004. – 262-263-беттер.

Чоң Кеминге!?" – деген суроосуна коркутуп, үркүтүү максатында атылган мылтык үнү жооп берди.

Автор улуттун өз Ата Мекенинен кур жалак калышын эл башчыларынын коомдогу ордунун жоголушу  аркылуу көркөм чагылдырган. Ушул максатта "Кыргындын" биринчи жана экинчи бөлүмдөрү убагында "улут туткасы" аталган эки тарыхый инсан – Байтик менен Шабдандын өлүмү менен аяктайт.

Романдын үчүнчү бөлүмү 1916-жылы улуттук боштондук көтөрүлүштүн чыгышына өбөлгө болгон тарыхый окуялардын хроникасы: 15-июлда "Фергана облусу боюнча жергилик элден кара жумушка алуу жөнүндө жарыя", бул Указга нааразы болгон элдик кыймылдын башталышын кабарлап Верныйга жиберилген билдирмелер, удаа жиберилген ондогон телеграммалар,  армияга жиберилүүчү тизмени тактоо, каршылык көрсөткөндөрдү чогуусу менен түрмөгө камоо, Грибановский, Инчин, Кононенко, Полтавский деген падыша "атамандарынын" карапайым элди сурагы жок **кыра баштаган** фактылары документалдык материалдар менен  коштолгон. Көтөрүлүш улам барган сайын кулач жайып өз масштабын кеңейтип жатканына байланыштуу, Пишпек уездбашчысынан Россиядан куралдуу күч сураган телеграмма менен аяктаган үчүнчү бөлүмдө тарыхый чындыкты көркөм аңдоого алган автордук ойдон жаратуу жокко эсе. Ал эми төртүнчү бөлүм козголоңду басууга  **жазалоо отряды жиберилгендигин** тастыктаган телеграмма менен башталат. Чыныгы **кыргын** ушул бөлүмдө. Анын типтүү көрүнүшү Жайлообай менен Кузьминдин үй-бүлөсү аркылуу көркөм чагылган. Ушул эле бөлүмдө "качкан элдин көчүнөн бөлүп алган периштедей сулуу кыздардын "кыз абийирин булгатып, орустардын ит кумарын кандырганча", жаш жанына өлүм тилеши романдагы күчтүү чыккан эпизоддордон. Бирок ушундай трагедияда турган кыздарды өз ара тамашалатуу жөнүндөгү автордук ойдон жаратуу оңунан чыккан эмес.  Бул бөлүмдө да "кыргындын хроникасын" баяндаган телеграмма менен отчеттор өтө эле жыш колдонулган.

Бешинчи бөлүм качкан элдин трагедиясы: сууктан тоңгон баласын таштай албай кучактап бараткан эне,  ээн талаада боо түшкөн өлүктү талашкан

ит менен кузгун, бөтөн журттагы кор болгон жашоодон айрым көрүнүштөр берилген.

Ж.Токтоналиевдин **“Хан Ормон”** романынын сюжеттик негизин жогоруда биз сөз кылган экилтиктин фабуласына чейинки тарыхый окуялардын хроникасы түзөт. Тактап айтканда, Жунгарлар Алатоодон сүрүлүп, Кытайлар ыдык көрсөтө баштаган – 1806-жылдан Ормон хандын көзү өткөндөн кийинки 1855-жылы болгон бугу сарбагыш чабышын камтыган жарым кылым убакыт ичиндеги кыргыз элинин башынан өткөн окуялардын урунттуу учурларын көркөм аңдоого аракет кылган. Романдын биринчи китеби 1806-жылдан 1847-жылы кыргыз-казак согушун баштаган Кенесарынын өлүмүнө чейинки мезгилди, экинчи китеби андан кийинки кыргыз урууларынын аягы Ормондун өлүмүнө алып келген өз ара чыр-чатагын камтыйт.

Автор бул романды жазганга чейин өз доорунун чыгаан инсандарынын бири Ормон хан жөнүндө белгилүү изилдөөлөр жүргүзүп, бир нече макала жазып, “Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик материалдарда” аттуу жыйнак түзгөндүгү белгилүү. Ал биринчилерден болуп Ормон хан боюнча калыптанган түшүнүктү өзгөртүп, ишмердүүлүгү улуттук эс тутумда сакталууга татыктуу болгон тарыхый инсанды жаңы өңүттөн таанып-билүү маселесин көтөргөндөрдүн бири. Бирок ошого карап “Хан Ормонду” жеке адамдын өмүр жолуна арналган тарыхый биографиялык чыгарма эсептөөгө болбойт. Анткени автор тарыхый инсандын ишмердүүлүгүн ал жашаган доордогу тарыхый “романдык мазмундун” контексттинен карап, каармандын жеке тагдырына тийгизген “романдык чөйрөнү” көркөм аңдоого аракеттенген.

Жазуучу романдын биринчи китебинде Ормондун хандыкка көтөрүлгөнгө чейинки сөздү алыстан баштап, анын атасы Ниязбектин аты белгилүү тарыхый инсандар: Медет , Качыке, Минназар бийлер менен болгон өз ара мамилесин, уруулар ортосундагы эрегишүүлөрдө эл башында турган журт башчыларынын жетекчилик ролун өзгөргөн мезгилге ылайык оң сүрөттөөнү максат кылганы байкалат. XX кылымдын башындагы кыргыз элинин тагдырына туш келген тарыхый доордун мүнөзүн үч тараптан:

чыгыштан кытайлар (аларды автор чиндер деп берген) Ак-Чийдеги кыргыздарга кол салып кыргандыгын, кыбыладан Кокондун, үчүнчүдөн Омбудан бери орустардын жылып келатканы менен түшүндүрөт. Ушундай “жоо жакадан, бөрү этектен” алып турган мезгилде Ормондун атасы Ниязбектин Омбуга баргандыгы жөнүндө тарыхый булактардан[1] алынган маалымат бар. 1824-жылы чиндердин кол салуусунда Тайлак баатырдын эрдиги жөнүндө үстүрт сөз болот.

XIX кылымдын биринчи жарымына чейинки кыргыз элинин коомдук саясий абалы: Кокон чептеринин курулушу, андагы сарбаздардын элге жасаган зордукчул мамилеси, Ормондун аларга биринчилерден болуп айбат көрсөтүшү; уруулар ортосундагы чырдын күчөшү; Россия империясынан келген Файзулла Ногаев сыяктуу тыңчылардын атайын уруулар ортосуна “от жагышы”, Ормондун хан шайланышы, Кененсарынын кыргыздарга жасаган экинчи жортуулу сыяктуу тарыхый окуялар айрым этнографиялык шөкөттөөлөрдү эске албаганда илимий булактардагыдан көп деле өзгөртүлгөн эмес. Ошону менен бирге романдын негизги каарманы – тарыхый инсан Ормондун жеке тагдырына байланыштуу казак кызы Уулбала менен Алыбектин кезигиши, кызга Ормондун көзү түшүп, атасынан калган кара келтени берип, Уулбаланы токолдукка алышы; уруулар ынтымагын бекемдөө максатында Ормон менен Боромбай кудалашуу окуялары Б. Солтоноевдин тарыхый маалыматтарына негизделип, реалдуу чындык жаңы эстетикалык ачылышка көтөрүлө алган эмес. “Көчмөндөр кагылышы” романынан айырмаланып, “Хан Ормондо” Ормондун Кокондон “Парваначы” наамын алуу фактысы бар; Кенесары баскынында Жангарач менен Жантайдын жетекчилиги менен солтолордун жоону тосуудагы каармандык күрөшүнө жакшы орун берилген. Эки романда тең Ормон менен Жантайдын мамилеси келишпей, бирин-бири жактырбаган тымызын саясий интрига күчөп баратканы сүрөттөлөт. Ж.Токтоналиев өзүнүн чыгармасында Боромбай менен Жантайдын “кол ичинен” жакындашуу

[1] караңыз: Хан Ормон. – 42-б.

эпизодун кошуп, аны менен уруулардын өз ара келишпөөчүлүгүн тереңдеткиси келгендей.

1848-жыл менен башталган романдын экинчи китебинин окуясы – бугуга таасирдүү манап Боромбайдын Жантайга жакындашуусу Ормон бийлеген сарбагыш уруусун экиге бөлүү, алардын ички ынтымагын ыдыратуу максаты көркөм сүрөттөлгөн. Уруулардын ортосундагы мындай ырктын бузулушун табият сезгендей 1849-жылы жалпы элге келген жут аркылуу автор кыргыз улутуна чоң кырсык келатканын кабарлоо идеясын максат кылса керек.

Жазуучунун 1848-1854 – жылдар ортосундагы тарыхый окуялардын хроникасын көркөм аңдоо аракетиндеги ойдон жаратуусу оңунан чыкпай калган. Айталы, Ормондун Боромбай менен биригип жаткандыгын сезип, Жантайды жазалашы окурманды ынандыра албайт. Чакырыкты уккан Жантайдын "маасычан жөнөшү, манап башы менен барып тизелеп, "хан ага" деп чөгөлөшү, Калыгулдун "көзүн ала качып", ошол жерде олтурушу, кайра эле ошондой жагымсыз жагдайда алардын "дасторконго бирге олтурушу" улуттун элитасы эсептелген ак сөөктөрдүн маданиятына төп келе бербестигин окурман жакшы билет. Окуялардын тарыхый хронологиясын сактоо үчүн 1850-жылдагы жуттан кийинки Мундузбай байдын окуясы романдын композициялык структурасынан орун таба албай ага "жамалган" жомоктун кейпинде сүрөттөлөт. 1851-жылы Ормондун Илеге көчүү окуясын "көркөмдөө" максатында автордун жыйын өткөрүп, анда 1831-жылы өлгөн Таластын Бүргө баатырын жыйырма жылдан кийин тирилтип келип "сөз сүйлөткөнү" да өтө эле одоно ойдон жаратуу болуп калган. Ошол эле учурда Илеге бараткан Ормондун көчү, казак туугандардын өрлүгү, алардын маегинде тарыхый доорго берилген мүнөздөмөлөр бир топ ишенимдүү. Ормон хандын өлүмү да драматизм менен сүрөттөлгөн курч эпизоддордон.

Ал эми Ормон өлгөндөн кийинки 1855-1859-жылдар аралыгындагы окуялар хроникалык деңгээлде калган.

## § 2. **Тарыхый темада жазылган романдардын жанрдык проблемалары**

Тарыхтын өзү идеологиянын куралына айланып, чыныгы реалдуулук жасалма жүзгө ээ болгон шартта көркөм сөз чеберлери тарыхый теманы өздөштүрүүнүн башка жолдорун издешкен. Мындай процесс дүйнөлүк адабият алкагынан алып караганда ар өлкөдө ар түрдүү мүнөзгө ээ болгону байкалат. Айталы, батыш адабиятында тарыхый романдын жаңы жанрдык трансформациясы катары "историографиялык метаромандын" пайда болушу дал ушул проблемага байланыштуу. Бул жөнүндө изилдөөчү Ю.С.Райнеке мындай дейт: "Өзүнүн пайда болгону үчүн метароман адабиятта салттуу тарыхтан жашырын чындыкты аңдоо мүмкүнчүлүгүнүн табылганына милдеттүү".[1] Кыргыз адабиятында чыныгы тарыхый чындык идеологиянын курмандыгына айланганда, биринчиден, тарыхый теманы романтикалык каражаттар менен өздөштүрүү тенденциясы, экинчиден дүйнөлүк адабиятта жаралып жаткан метароман таасирин тийгизген.

Генеалогиялык жактан адабий агым катары **"...романтизм ...тарыхый окуялардын философиялык жана көркөм туюнтмасы"[2]** (астын сызган – К.Ү.) болуп эсептелет. Ал көркөм чыгармачылыктын табиятына таандык эстетикалык кубулуш болгондуктан, анын адабий чыгармаларда чагылышы жазуучунун жеке кыялы, эрки, образ түзүү чеберчилиги, стилдик изденүүлөрү менен гана шартталбай, улуттун дүйнө таанымына, анын көркөм аң-сезиминдеги ички мыйзамченемдерине байланышат. Бирок анын кыргыз адабиятындагы өнүгүү тенденциясы, биздин пикирибизде, өзгөчө себептер менен шартталат:

- биринчиден, тарыхый темадагы чыгармалардын саясий жактан көзөмөлгө алынышы, куугунтукталышы жазуучуларды улуттук тарыхты көркөм аңдап-таануунун социалисттик реализмден башка жолун издөөгө мажбур болушу;

---

[1] Райнеке Ю.С. Исторический роман и традиции жанра (Великобритания, Германия, Австрия): Дис. …канд.филол.наук: 10.01.03. – М., 2002. – С. 10.

[2] Карташева И.В. Гоголь и романтизм: Автореф. Дис. ...д-ра филол.наук:10.01.01. – С. 34.

- экинчиден, тарыхый чындыктын чыныгы жүзүн изилдөө үчүн архивдик материалдардын узак мезгил “жабык” түрдө сакталышы;
- үчүнчүдөн, улуттук тарыхтын бурмаланып, социализмдин идеологиясына “ылайыкташып” түшүндүрүлүшү, улуттук тарыхый инсандардын ак жеринен репрессияга дуушар болушу, жазуучуларга объективдүү чындыкты субъективдүү романтикалык ойдон жаратуу аркылуу көркөм аңдоого шыктандырган.

Натыйжада, романтизм кыргыз прозасында улуттук тарыхты **көмүскө** аңдоо үчүн пайдаланылган. Көркөм аң-сезимдин эркиндиги менен шартталган “... адам рухунун ички дүйнөсү, анын жүрөгүнүн кенчи”[1] аталган романтизм аркылуу кыргыз прозасында адабий чыгарманын жанрдык табияты байып, турмуш чындыгын өздөштүрүүнүн жаңы мүмкүндүктөрү ачылган. Анткени, романтизм адам кыялына кеңири эркиндик берген көркөм метод катары чындыкты каймана, аллегориялык, кыйытып (подтекст) айтууга жазуучуга шарт түзөт. Романтикалык чыгармаларда символикалык каражаттардын, миф, легенда, уламыштардын колдонулушу автордук ойдон жаратууга жаңы эстетикалык кубат берген. Көркөм аңдоого алынган тарыхый чындыктын рухий, нравалык баалуулугу жаңы эстетикалык сапатка ээ болот. Романтизм романдын негизги каармандарынын тарыхый инсан болушун талап кылбайт. Анткени менен көркөм чыгарманын башка жанрларынан айырмаланып, тарыхый романтикалык романдарда белгилүү доор, тарыхый факт, окуя автор тарабынан өзгөчө көркөм жалпылоого дуушар болот.

70-жылдардан кийин тарыхый темадагы чыгармалардын ар түрдүү модификациясынын пайда болушу дүйнөлүк экинчи согуштан кийин тарыхка болгон көз караштын өзгөрүшү, “...60-жылдардын аягынан баштап салттуу тарыхты ревизиялоо процесси, тарыхый илиминин жаңы принциптеринин”[2] пайда болушу менен да шартталат. Ошол мезгилдеги илмий тенденцияга

---

[1] Белинский В.Г. Собр.сочинений : В 9-ти т-х. – М., Художественная литература, Т.6. – С.114.
[2] Райнеке Ю.С. Исторический роман и традиции жанра (Великобритания, Германия, Австрия): Дис. …канд.филол.наук: 10.01.03. – М., 2002. – С. 102.

советтик окумуштуулардан Ю.М.Лотман, Б.Успенский тарыхка маданий-семиотикалык мамиле жасоо багытына өз салымдарын кошкон.

Жогоруда белгиленген объективдүү жана субъективдүү факторлор жазуучулардын тарыхый темага болгон жаңы мамилесин пайда кылган. Натыйжада тарыхый окуяны көркөм аңдоодо буга чейин колдонулган салттуу методдордон айырмаланып, тарыхый фактыга эмоционалдуу мамиле жасоо, **каарманды идеалдаштыруу** аркылуу чыгармалар жазыла баштаган . Мындай чыгармалар "...жогорку көркөмдүүлүгү, окуянын чакандыгы, ойдон чыгаруунун романтикалык типтеги образ каражаттары аркылуу тарыхый чындыкты чагылдырат"[1].

Табиятынан "...романтизм кайсы гана адабиятта болбосун көркөм форманы жаңылоо максатында баарынан мурда **тарыхый роман жанрын** ...жаратуу аркылуу өзүн даңазалоого жетишкен".[2] Ушул көз караштан алып караганда, кыргыз улуттук адабиятында жанры окумуштуулар арасында талаш жаратып келаткан Ө.Даникеевдин "Көз ирмемдеги өмүр" (1981), Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" (1989) романдары, социалдык роман аталган К.Акматовдун "Мезгил" романы азыркы учурда кайра талдоого муктаж. Жанрдын ички типологиялык белгилерине келгенде, **"Мезгил" – роман-символ**. Анткени кыргыз элинин кылым карыткан **дүйнө таанымындагы**, **тарыхый эстутумундагы, ишениминдеги** рухий баалуулуктардын өзгөрүшүнө алып келген тарыхый доор **символикалык** түрдө **МЕЗГИЛ** түшүнүгү менен көркөм аңдоого алынат.

Улуттук адабиятта тарыхый темадагы чыгарманын идеялык-проблематикасы катуу көзөмөлгө алынган XX кылымдын 70 – жылдары "Мезгил" романынын "...идеялык-көркөмдүк структурасындагы символикалык, аллегориялык түйүндөр"[3] социалисттик реализм методунун саясий торунан бошонууга жасалган көркөм аң-сезимдин "рухий козголоңу" экенин таанууга мезгил жетти.

---

[1] Варфоломеев И.П. Типологические основы жанров исторической романистики. – Ташкент: Фан, 1979. – С.123.
[2] Мухамбетова Г.С. Романтические тенденции в казахской поэзии первой четверти XX века: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01..02. – Алматы, 2006. – С.9.
[3] Асаналиев К. Жанрдын чеги болобу? / К-те: Тандалмалар.- Ф.: Кыргызстан, 1983. – 256-б.

## §2.1. К. Акматовдун “Мезгил” романында тарыхый теманын көркөм интерпретациясы

**“**Мезгил” романы – 70-жылдардын аягында окурмандардын колуна тиери менен эле сынчы адабиятчылардын бүйүрүн кызытып,[1] улуттук адабиятта жаңы деми, идеялык “үнү” менен адабий коомчулукту бир дүүлүктүрүп өткөн. Роман улуттук адабияттагы “өткөндү кайталабаган, улам өргө умтулган чыгармачылык изденүүнүн жемиши”[2] катары бааланган.

Чынында да кыргыз адабиятына “Мезгил” улуттук аң-сезимдин жетилгенин **өз мезгилинен** эртерээк кабарлаган чыгарма. Бул роман улуттук адабий процесске чыныгы жазуучу наамына татыктуу сүрөткердин жан-дүйнөсүнүн түпкүрүнөн орун алып, бирок дайыма сыртка чыгууга батынбаган **прогрессивдүү көркөм ойдон жаратуу** аркылуу турмуш чындыгын аңдоонун жаңы эстетикалык табылгасы менен келген эле. Дал ушул автордун башкаларга окшобогон көркөм ойдон жаратуусу кыргыз адабиятындагы **тарыхый теманы романтикалык каражаттар аркылуу өздөштүрүүнүн жаңы методу** экендигине убагында маани берилген эмес. Романдын идеялык-тематикасы өз мазмунуна кулпулап турган тарыхый доордун ачуу чындыгы – тарыхый окуяны көркөм аңдоонун идеологияга баш ийбеген эстетикалык өктөмдүгү сынчылардан мурун “саясий сакчылардын” баамына урунуп, чыгарманын куугунтукка алынуу сыры, биздин оюбузча, мына ушунда.

Дегеле кыргыз адабиятында 70 – жылдары жаралган жаркын чыгармалардан болгон “Сынган кылыч” менен бирге “Мезгил” романынын КПСС БКнын июнь пленумуна негиздеп, Кыргызстан Компартиясынын XII (1983) пленумунда ур токмокко алынышы, алардын “...идеялык жактан жат, профессионалдык жактан начар” чыгарма бааланышы тоталитардык идеологияга баш ийбеген алардын эстетикалык “ээн баштыгы”, ага карата чоң чөйрөнүн чычалашы катары баалануууга тийиш. Ошол пленумдарда “...турмуш

---

[1] караңыз: Асаналиев К. Мезгил өкүмү //Советтик Кыргызстан, 1979, 17-май; Рысалиев К. Түркүн тагдырлар // Кыргызстан маданияты, 1979, 30-август; Касымбеков Т. Чыгарма мезгил күбөсү // Кыргызстан маданияты, 1979, 26-апрель; Жумакадыров Мезгил жана турмуш //Алатоо, 1979, №6; Карымшаков С. Мезгил элестери // Кыргызстан маданияты, 1980, 4-сентябрь. ж.б.

[2] Ошондо.

көрүнүштөрүнө таптык принциптен, тарыхый жана интернационалдык критерийлерден баа бере албаган”[1] деп табылган бул чыгармага өзүнүн чыныгы баасын берүү азыркы улуттук адабият таануунун алдында турган милдеттердин бири. Партиялык документтерде “адабияттагы сейрек кездешүүчү кемчилик” катары бааланган бул чыгармага, бактыга жараша, адабиятчыларыбыз ошо убагында эле оң баа берген. Романдагы адам тагдырларынын “үлгүгө” баш ийбеген көркөм интерпретациясы, терең психологизм, коомдун өнүгүү жолунда адам күтпөгөн нравалык-философиялык чен-өлчөмдөрдүн өзгөрүүгө учурашына жазуучунун берген эстетикалык баасы улуттук көркөм аң-сезимдин жаңы деңгээлинде реалдуу сүрөттөгөнүн калыс белгилешкен.

Албетте, романтикалык ой жүгүртүү кыргыз адабиятына жат көрүнүш эмес экендиги белгилүү. “Манас” эпосу башында турган элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрларында адам кыялынан жаралган табият менен адам байланышы, жаратылыштын инсан бактысына, тагдырына, кайгысына аралжы болгон көрүнүштөрү кездешет. Улуттук адабиятта сыйкырдуу дарак, сүйлөгөн канаттуу, кезиккен булак – адам менен жаратылыштын биримдигин даңазалаган романтикалык каражаттар. Мындай эпикалык салттар  профессионалдык адабияттын калыптануу тарыхынын 30 – жылдарында эле жаралган А.Токомбаевдин “Күүнүн сыры” аңгемесиндеги табышмактуу комуз күүсү, К. Жантөшевдин “Каныбек” романындагы каармандын аруу тилегин камтыган ыры, Ө.Даникеевдин “Кыздын сыры” повестиндеги жаш адамдын  сезим түйшүктөрү романтикалык ой-толгоолор менен шөкөттөлгөн.

Белгилей кетүүчү маселе, кыргыз прозасындагы романтикалык тенденция кайсы жазуучу болбосун бир жагынан сүрөткердин чыгармачылык жетилүүсүн далилдесе, экинчи жагынан, алардын жаш курагына туура келип, автордук курч кыял чабыттын романтикалуулугун айгинелеп турат. Ч.Айтматов Даниярдын обонун таңшыткан “Жамийласын”, аруу тилек менен  кош терек  тиктирген “Биринчи мугалимин”; М.Гапаровдун уездай тун сезим баш коштурган

[1] Адабий сын жана анын адресаты: Адабий маалымат  // Кыргызстан маданияты, 1984, 23-февраль.

каармандары өздөрүнө мектепке бирге барчу төтө жол салып алган “Турналар жазда келишетин” жаш кездеринде жараткан сыяктуу эле, К.Акматов “Мезгил” романын 37 жаш курагында жазган экен.

Роман 1978-жылы алгач “Мектеп” басмасынан жарык көргөн. “Жамийла” повести романтикалык пафосу менен “Айтматовдун чыгармачылык бешенесин ачкан жаш кезегиндеги шедеври, колго бир тийген асыл заты” (К.Асаналиев) эсептелгендей, “Мезгил” романы да К.Акматовдун чыгармачылындагы кайталангыс көркөм туунду. Анткени “Мезгил” жаштыктын эч нерседен жалтанбаган курч кайраты, анын рух деминин жалын отунан жаралган. Социалисттик реализм методун бетине кармаган цензуранын көзөмөлүнөн улам: “Кыргызстанда тарыхый чыгарма жазуу, өзгөчө элдин революцияга чейинки турмушу жөнүндө баяндоо жасалма тоскоолдуктарга учурап, бул багытта, ачыгын айтканда, чыныгы бөгөт коюу, тыюу салуу өкүм сүрүп”[1] турган учурда, мезгил алып келген **тарыхый чындыкты** көркөм аңдоонун жаңы ыгын тапкан. Бул тууралуу адабий сында айтылбаса да, элге башкача түшүндүрүлүп келе жаткан **чындыкты: орустун ак падышасынын колониялык саясатынан кыргыздардын** өз мекенинде кадимки **кулга** айланып, киндик каны тамган ата конушунда кор болушун; кыргыз жылкыларын аргындаштыруу үчүн кеме менен келген орус айгырлары, аны менен кошо келген орус адамынын; спирт бочкасынын **улуттук эс тутумдагы** рухий баалуулуктарга жасаган **“революциясын”** автор **символикалык** түрдө буга чейин кыргыз баласы укпаган музыка – Долоноту аймагында жаңырган **оркестрдин** үнү менен берген. Коом алмашканда бири-бирине байланышпаган рухий баалуулуктар бири-бирине бетме-бет келгендеги карама-каршылыктар тарыхый өнүгүүнүн булагы катары адам эркине баш ийбеген албуут жүрүшү менен адам психологиясына, тагдырларга бүлүк салышы көркөм сүрөттөлөт.

Бизге көнүмүш болгон көлөмдүү романдардан айырмаланып, К.Акматовдун “Мезгили” кыргыз прозасына алып келген идеялык, көркөм-структуралык, стилдик күтүүсүздүк “Мезгил” романынын жаңылыгы катары

[1] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.Адабият, 1990. – 228-229-б.

бааланышы учурунда чыгармага берилген калыс баа болчу. “К.Акматовдун романындагы бирден бир жаңылык – ал социалдык турмуштун курч миздерин “жумшартып”, “тарап-бутап”, жылма жазмакерликке таянбастан, түздөн-түз мезгилдин ички карама-каршылыктарын, туңгуюкта, түпкүрдө чечилбей калган күрөштөргө чейин **реалдуу** (астын сызган – К.Ү.) сүрөттөлүшүндө”[1]. **Ал кайсы реалдуулук эле?**

Улуттук аң-сезимде бир гана кудайдын энчиси эсептелген **аккан суудан** өз мекенинде жашап жатып кыргыздардын пайдалана албай калышы – жаңы көчүп келген келгиндер эс алган **жекшемби күнү** гана жергиликтүүлөрдүн өз эгинин сугаруу укугуна ээ болушу колониялык саясаттын ачык күбөсү эле. Романда улуттун укугун кордоонун ушул трагедиясы кыргыз кожоюндун буйругу менен таруу сугарам деп суу бургандыгы үчүн эгиздердин атасы Карагулду кызыл чач орус көпөстүн аталаш тууганы өлөрчө сабап кетишинен көрүнөт. Эки кожоюндун эки башка саясатына башы айланып, ак жеринен кордук көргөн Карагул укугун талашып кайрылган “мировой сот” ашынган адилетсиздикти жөнгө салуунун ордуна тескерисинче, “законсуз суу жыккандыгы үчүн мировой деңгээлдеги” кылмыш ишин козгойт. Бул тоо койнунда ээн турмуш кечирген момун адамды жалган жалаа менен айыптап коркутуп, падышанын кара жумушуна узак мөөнөткө армияга алып, бекер жумушчу күчүнүн катарын толуктоонун амалы эле. Мындай зордуктан жүрөгү үшүгөн Кызтуубас күйөөсүн качырып жиберди да, эгиздер ошол күндөн баштап атасынын жүзүн көрбөй калды.

Кыргыз адамынын тагдыры падышанын желдеттери үчүн ушундай оюнчук болуп жатса, “уу чөп жеп өлгөн орус **айгыры** үчүн” төрдө олтурар карыя Шатман ажынын күнөөсүз соттолушу, “Долоноту” айылынын төрагасы Коенкөзов Табылдынын “эл душманы” аталып абакка түшүүсү, Аламановдун кызматтан алынышы – кыскасы мунун баары кан жыттанган 37-жылдын карааны жакындап келатканын далилдөөчү окуялар.

---

[1] Асаналиев К. Тандалмалар. – Ф.: Кыргызстан, 1983. – 252-253-б.

Убагында “Мезгил” романынын “кан тамыры” ошол тарыхый окуялардын “күүсүн согуп” турганын сынчыларыбыз сезбей койгон эмес. Айталы, К.Асаналиевдин аталган макаласында бир нече жолу “тарыхый чындык”, “өткөн чындык”, “тарыхый мезгил”, “тарыхый доор” деген сөздөр кайталанат. Дал ошол тарыхый доордогу тарыхый чындыктын көркөм интерпретациясына келгенде, кайра эле **мезгилге** жараша “К.Акматовдун “опуртал” идеяларына атайылап басым жасабай кеткендиги үчүн К.Асаналиевди биз бүгүнкү күндүн көзү менен карап, айыптоого акыбыз жок. Балким, сынчы анда жазуучу мыкты чыгарма жаратканына карабастан, ага кимдир бирөөлөрдүн негизсиз саясий айып тагышын каалаган эместир”[1] – деген изилдөөчүлөрдүн пикиринде чындыктын үлүшү бар. Эстетикалык туюму зирек сынчы К.Асаналиев: “Мезгил” романы көлөм жагынан чакан экенине карабастан, көп катмарлуу. Ушул мааниде өзүнчө бир **тарыхый доорду камтыган** (астын сызган – К.Ү) Кошой жөнүндө, анын антиподу Сатылганов жөнүндө, романдын идеялык-көркөмдүк структурасындагы символикалык, аллегориялык түйүндөр жөнүндө кеңири айтса болот”[2] – деп айтылбаган көп сөздү насыя калтырышы бекеринен эместир. Роман боюнча айтылбай калган түйүндөр анын табиятындагы **тарыхый романтикалык** белгилеринде деген ойдобуз.

Тарыхый романтикалык чыгармага таандык **үч** белги тең: тарыхый чындыкты өздөштүрүүдө **жогорку көркөмдүүлүк**, **чакан окуялуулук** (лаконизм), **образ түзүүнүн романтикалык көркөм каражаттары** (Варфоломеев И.П.) “Мезгил” романында ачык көрүнөт. Чыгарманын сюжетинин сырткы формасы – бир совхозду түзүү, жылкыны аргындаштыруу анын идеясын толук аныктай албайт. Мезгилдин беш жыл ичиндеги (тарыхый реалисттик чыгарма үчүн бул өтө чектелген убакыт) адамдардын психологиясына, мүнөзүнө, эң негизгиси – тагдырына тийгизген таасири; “романдын эки түйүнү..., биринчиси – кыргыз аялы Кызтуубастын, экинчиси –

---

[1] Калыева Ө. Акматов Казат. /Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. –Б., 2002, 669-б.

[2] К.Асаналиевдин аталган макаласында. – 256-б.

орус адамы Емельян Красиндин тагдыры” (К.Асаналиев) экөө тең **16-жылдагы кыргыз элинин улуттук трагедиясын** кыйгап өтө албайт. Ошол 16-жыл тарыхый окуясынын келип чыгуу себептери: кыргыздардын өз мекенинде кул болуп, жашоого эң зарыл турак жай куруу үчүн киндик каны тамган жерге ээ болбой, кожоюндан эки теше жер сурашы, аны орус кожоюн *“буурусун жүрбөгөн таштак жер эмеспи деп, ойдуң жер буларга коробосун деп”* эл баспаган таштак жерден үлүш бергенинен көрүнүп турат. Бирок ал жерде келгиндер түшүнбөгөн, кыргыз руху үчүн гана ыйык жер – түбүндө жылтырап аккан **булагы** бар, эл үмүт-тилегин айтып сыйынчу **Мазар-кош терек**, булак ээси – **Ак тайлак**, Мазар теректе сайраган **боз чымчыктын** чыгармада ар биринин романтикалык образы бар. Ошол ыйык эсептелген Мазардын түбүнө келип **айлуу түндө** селкинчек тээп ойногон жаштар, аларга Күлчоро тарткан **чоордун** адамдын жүлүнүн аралаган **сыбызгы добушу** сыяктуу **романтикалык көркөм каражаттар** автор тарабынан жөн гана коолдук үчүн колдонулбайт, ар бир деталдын көтөрүп турган өз жүгү, кызматы бар. Алар жазуучу тарабынан эл тагдырындагы татаал **тарыхый окуялардын** жүзүн ачуу үчүн, **инсандын ички жан сырларын** изилдөө үчүн, улуттун бир мезгил бүктөмүндөгү өз алдынча жашоо кечиргенден келаткан **рухий баалуулуктарынын** маңыз-мазмунун өзгөрткөн “жаңылыктардын” бир жагынан **өнүгүү** берип, экинчи жагынан **кыйроого** алып келген **диалектикасынан** турат.

Автор улуттун **тарыхый эстутумундагы** өзгөрүүлөрдү көркөм аңдап таануунун романтикалык каражаттарын элдин туруктуу салттык эстетикалык дүйнө таанымынан издеши бекеринен эмес. Улуттук психологияга сиңген ишенимдер, мифтик түшүнүктөр, символикалык образдарды: **күлүк жылкы, канаттуу куш, мөл булак**, **комуз же чоор күүсү** жөнүндөгү элдик идеалдар реалдуу турмуш чындыгын көркөм аңдоого кызмат кылган. Адабий чыгармаларда автордук идеяны тереңдетүү үчүн романтизм көркөм чыгармачылыктын бир методу катары улуттук руханий баалуулуктарга, **улуттук мүнөзгө**, колоритке таянары белгилүү.

Адамдын рухий жан-дүйнөсү өзү жашаган, киндик каны тамган жердин жаратылышынан, мекендин көркөм дүйнөсүнөн, **элдик дүйнө таанымдан** азык аларын жакшы билген сүрөткерлер дайыма романтикалык кыял чабытын улуттук өзгөчөлүккө негиздешкен. Ошондуктан, В. Шишковдун чыгармаларында (“Черный час”) суук тайгада жашаган Пиля романтикалык ууз тилегин, аруу максатын өзүн курчап турган жаратылышка: тайгада адамды сагындырган күн нуруна, өзү сыяктуу жылуулукка умтулуп өсүп жаткан карагайга, шамалга айтат, алар менен сүйлөшөт. Тарыхый романынын (“Емельян Пугачев”) каарманы Пугачев Россиянын кеңирсип жаткан токой талаалары менен Донду сүйөт. Рухий дүйнөсү жабыркаганда орус ырларын ырдап, бий бийлеп рахаттанат.[1] XVIII – XIX кылымдагы казак адабиятындагы романтизм казак талааларынын колония[2] болгонуна кабатыр, дыйканчылыкка ыктаган өзбек адабиятындагы романтизм каармандарын: (А.Кадыринин “Өткөн күндөр” романында) Атабек менен Күмүштү суу кеткен арык жээгинде[3] кездештирет.

“Мезгил” романындагы романтизм анын сырткы формасы же андагы стилдик гана тенденция эмес. “Мезгил” романындагы романтизм чыгарманын бүтүндөй идеялык-проблематикасынын кан тамырындай. Башкача айтканда, жазуучу романтикалык каражаттарды каармандын ички дүйнөсүн ачуу үчүн анын кайсы бир эпизодунда гана колдонбойт. Ал каражаттар романдын тулку боюна бүтүн система катары кирген. Турмуш материалын тандоо, образ түзүүнүн каражаттары менен ыкмалары, тарыхый чындыкка эстетикалык мамиле жасоо принциби, идеялык-тематиканын көркөм жалпыланышы, сюжеттин чечилиши, романдын композициялык курулушу романтикалык негизде иштелген. Мезгил алып келген тарыхый окуялар улут кылымдар бою

---

[1] караңыз: Казнина Л.А. Романтические тенденции в творчестве В.Шишкова: - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01..02. – М., 1985. – С.8.
[2] Мухамбетова Г.С. Романтические тенденции в казахской поэзии первой четверти XX века: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01..02. – Алматы, 2006. – С.11.
[3] Мамаджанов А. Романтическая стилевая тенденция в узбекском романе: : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01..02. – Ташкент, 1983. – С.8.

тутунган **идеалдарынын өзгөрүшү менен тарыхый эстутумдун өзгөрүшү** чыгарманын негизги идеялык проблематикасын түзөт.

Эмне үчүн Кызтуубас үйүнө кирген орус адамынан жылан көргөндөй чочуп кетти? Эмне үчүн жан-дүйнөсүнө тикенектей сайылган сезим оорусунан кайра айыкпай, таштай түйүлгөн бойдон кайра жазылбай, бу дүйнө менен кош айтышты? Бекнияздын "бунтунун" негизи кайда? Неге Красин өткөн күндөрүн эстегенде өз абийири өзүн кыйнап, жанын коерго жер таппай "от суудан" ичип, жеке тагдыр азабын жеңилдетет? Эмне үчүн Красинди дайыма жекире тиктеген Кызтуубастын көлөкөсү ээрчип жүргөнсүйт? Бул орус адамы неге Кызтуубастын "үстү оюлган мүрзөсүнө" барып турууга мажбур болуп олтурат?

Дегеле "Прогресс" совхозунун биринчи мүрзөсүн пайда кылган окуя кайсы? Куну жок күлүк Арчатору Силач менен Маркониге орун бошотуп, Күлчоро тарткан сыбызгы чоор үнү эмнеге "краковякка" алмашып олтурат? Баарынан таң калыштуусу Күнтуубастын үй-бүлөсүндө туулган акыркы муун өкүлү – Зейнептин уулу эмне үчүн "тукум улап келаткан эмчектин үрпүндөй меңи жок" төрөлдү? Бул суроолордун жообун кыргыз элинин башынан өткөн XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башындагы **тарыхый окуялар** гана бере алат.

Көл кылаасына келген келгиндер, алардын акырындап элдин психологиясына тийгизген таасири, падышачылык Россиянын элди экспанциялоо саясаты, 1916-жыл окуясы, Совет бийлигинин орношу, аны менен кошо келген социалисттик идеология, анын күнгөй-тескейи, жер бетинде жок, болгону жарым барак сары кагаздагы "Прогресс" совхозу "...бир укмуштун артынан экинчи укмушту чыгарып, бир ойго келгис жумуштун артынан экинчисин бүтүргөн сайын, ат арабадан тарта бир эле жылдын ичинде молотилке, трактор, тилипон, пилорама, ипподром, станса дегендерди жер жайнатып жибергенде" жаман жакшысын ылгоого үлгүрбөй дабдаарый түшкөн элдин **улуттук психологиясы алдастап** турган мезгил. Алгачкы электр жарыгынын, кайыңдан жасалган спирт бочкасынын пайда болушу, "от сууга" кыргыздардын улам көнө башташы; биринчи совхоз уюштуруу

кыйынчылыктары, коомдук турмуштун өзгөрүшүнөн улам адамдардын такыр башка мүнөз күтүшү, кыргыз жылкысын аргындаштыруу процесси – мунун баары автор ойлоп тапкан табылгалар эмес, мезгил алып келген реалдуу турмуш чындыгы. Аталган окуяларды Акматовго чейин да айтышкан, мындан ары да айта беришет. Кеп анын кандайча айтылгандыгында.

Илимий адабияттарда белгиленгендей, романтизмдин мазмуну көп түрдүү. Ал баатырдык, сентименталдык, трагедиялык, ирониялык маанайда көркөм жалпыланышы мүмкүн[1]. Жазуучу тарыхый окуянын жүзүн ачуу үчүн улуттук көтөрүлүштүн элдин тагдырына тийгизген таасирине ылайык, романтизмдин **трагедиялык** түрүн тандаса, кийинки чалкеш окуялардын көркөм интерпретациясында анын **сентименталдык, ирониялык** түрлөрү колдонулган.

Улуттун **тагдыр трагедиясын** көркөм чагылдыруу үчүн жазуучу **пейзаждык сүрөттөөнү** чебер пайдаланганы байкалат: *"Ошол Маанаке кут деп айткан жылы а дегенде жаз жаркырап кирип келип эле анан бир күнү ай тутулуп, иттер улуп-уңшуп калды дешет. Көл да башкача добуш берип, түнкүсүн онтоп чыкчу болуптур. Долоноту суусунун башы кызыл, ортосу каралжын болуп келип көлгө куярда боз чаңгыл ылайга айланып, айтор элдин көзүнө бир шумдук көрүнчүдөй болуп туруп алганы! Келгин куштар да эмнегедир кечигип, топурак жылый элек жатса жылан уюгунан сойлоп чыгат*[2].

Табият аян берген мындай жаман жышаан бир үй бүлөнүн трагедиясы эмес, ал аркылуу бүтүндөй улуттун тагдырына коркунуч алып келчү апаат күндөрдөн алдын ала кабар берет. Ал – **1916-жылкы улуттук көтөрүлүш** эле. Романтизм символикага өзгөчө маани берген көркөм чыгармачылык. Ошондуктан адегенде **жаркырап келген жаз – Кызтуубастын аз убакыттагы адамдык бактысы, тутулган ай – 16-жыл окуясы, сойлоп чыккан жылан –**

---

[1] Абдул Хамид Фахри. Романтический идеал и сюжетная коллизия в повестях Ч.Айтматова: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1991. – С.24.
[2] Акматов К. Мезгил. /К-те:Тандалмалар. – Б.:Мектеп, 1991. – 44-б.

**падышанын желдеттери, башы кызыл Долоноту суусу – айыпсыз төгүлгөн элдин каны, ортосу каралжын суу – элдин кайгысы, аягы боз чаңгыл ылайга айланган суу – элдин башынан өткөн азаптуу, кунарсыз күндөр, онтогон көл – Ата журттун “оорусу”** сыяктанат. Ушул каргашаны, трагедияны алып келген тарыхый окуянын жүзүн ачуу үчүн жазуучу реалисттик тарыхый романдарга таандык **документалдуулук, тарыхый инсан, тарыхый фактыларды** колдонуунун ордуна, романтикалык чыгармага тиешелүү **көркөм жалпылоону** пайдаланган. Ал: ***“…жазалоочу отряддын солдаттары бир жоон топ кызды “мынакей бүт кыргыздар көргүлө” деп, Кызылжардын дал чокусуна алып чыгышат да, көйнөк-ыштандарын штык менен энеден туума кылып тытып, анан узун кезекке тизилип алышып, ар биринин абийирин булгап туруп жардын таманын көздөй тирүүлөй ыргытышкан экен…”***[1] **–** деген бир гана сүйлөм. Ушул бир гана сүйлөм көркөм каражаттардын жардамы менен окурмандын сөөгүнө жеткире 1916-жылдын жүзүн көрсөтөт.

16-жыл окуясы сыртынан караганда романдын негизги сюжети болбогону менен ал ретроспективалык ыкма менен анын композициялык структурасынын өзөгүн түзөт. Бул окуя романдагы **драматизмдин, психологизмдин, коллизиянын** түпкү тамыры, алардын пайда болуу себеби функциясын аткарат. Совет бийлигинин, социалисттик идеологиянын кыргыз турмушуна келиши, анын натыйжасында улуттун психологиясындагы өзгөрүүлөр – бүтүндөй кыргыз жергесиндеги жаңы турмушту кабыл алуу драматизми Көл аймагындагы кичинекей бир совхоздун калыптануу процессинин мисалында типтештирилип, романтикалык тарыхый чыгарманын талабына ылайык **лаконизм** принцибинде баяндалат.

1926-жылы Совнаркомдун бир бүктөм сары кагазынын бетинде “Прогресс” деген совхозду Көлдүн Долоноту суусунун жээгиндеги ээн талаага уюштуруу жөнүндөгү чечим сюжеттик окуянын башталышы болуп эсептелет. Ушул “...жер үстүндө дайны жок” совхозго “кызыл ээк төрөлгөн” буга чейинки

---

[1] Ошондо, - 50-б.

жер ченегич Кошойдун деректир болуп дайындалышы менен окуя андан ары өнүгө баштайт. Чыгарманын акыркы бөлүмүндө кыргыз областынын беш жылдыгын майрамдоо салтанатына “Прогресс” совхозунун төл башы аргын жылкысын, “ГОЭЛРО”ну, жүктөп Прунзага жөнөп жаткан эпизод менен чыгарманын окуясы аяктайт. А бирок “Мезгил” романында тарыхый экскурстар менен берилген Кызтуубастын, Красиндин тагдырлары кыргыз прозасына тарыхый жанрдын романтикалык трагедия формасынын белгилерин алып келген. Натыйжада тарыхый мезгилдин үстөмдүгү бүтүндөй улуттун рухий баалуулуктарына чабуул жасашы символикалык образдар аркылуу чебер сүрөттөлгөн.

## Романдагы романтикалык образдар

Көркөм чыгармачылыктын өзгөчө методу катары романтизмдин эң негизги өзгөчөлүгү **субьективдүүлүккө, автордун ойдон чыгаруусуна** чоң эркиндик бергендигинде. Автор романтизмдин ошол табиятына ылайык, учкул кыял, көркөм калптын жардамы менен романтикалык образдардын системасын жараткан. Кызтуубастын, Күкүктүн, Мазар-теректеги боз чымчыктын образдарында мезгил алып келген **реалдуулук** менен улуттун эзелтен кастарлаган **идеалдуулугунун** ортосундагы айыгышкан күрөш чагылдырылган. Төрөлгөндө эле жөн төрөлбөй, энесинин жатынынан түшүп келатканда “**жүзүнөн жарык чачып, дал төбөсүндөгү эмчектин үрпүндөй меңи менен” төрөлгөн** Кызтуубаска коюлган ысым да ойго келбеген аталма. “Кайыптан жалгашкан нурдуу кыз” бой жетип, күйөөгө чыгарда жеңелеринин күйөө баладан жеңкетай суроо үчүн ага берген мүнөздөмөсү, Кызтуубастын келечегин болжогон **төлгөлөрү, тилектери** да романтикалуу. Эл ичиндеги карапайым Карагул аттуу өзүнө окшош жигитке баш кошуп, тун көз жарышы да жөн эмес. “Эгиз төрөдү” деген жакшы кабарга алдастап келаткан перзенттердин атасынын минген **аты шамал** менен кошо жарышып, артынан калбай **безелене сайрап ээрчип алган күкүк** да, эгиздерге коюлган **Зейнеп-Күкүк** ысымы да, алардын чыкыйындагы үрпүйгөн энесиникиндей **меңдери** да

табышмактуу, сырдуу. Алгачкы совхозго берилген – **“Прогресс”** деген энчилүү аттын**,** ага директору Кошойдун **“жөн төрөлбөй кызыл ээк төрөлгөн”,** жашы **төрткө илинер** менен чоң энеси үйрөткөн **жети атасынын атын жатка айтып** туруп, анан ээрге олтурган Кошойдун биринчи директор болуп дайындалышы , көркөм чындыктын өктөм күчү менен “...көп түстүү эмоционалдык толкун” менен берилет[1].

Адегенде Кызтуубастын тагдыры ойдогудай эле. Бой жетип, турмуш күтүп, эгиз перзенттүү болуп, эл катары талаада иштеп, анан кожоюн үй салууга уруксат бергенде “...талаада жүргөн ит-куштун деле баш паана кылган бир жайы болот экен, биз ошончо жокпузбу?! – деп көздөрүнөн от чачырап, адамдык зоболосу, ар-намысы эми жаңы колуна тийгендей эрин ушунчалык бир ысык-ысык карап алышы” анын жубайлык турмушунун гармониясынан кабар берет.

Кызтуубас кечинде көлгө түшкөн кыздарын көрүп, ааламда жок ырахатка батчу. Ал өз жанынын бөлүгү, дайыма сагынып жүрчү өз балдарынын “жылаңач денелери” бир гана энеге тартуулаган ырахат эле!

Кызтуубастын образын автор романтик жазуучуларга таандык көркөм ыкма менен анын искусствого болгон мамилеси аркылуу ачкан. Анын кыз кезинен бери жалпы журтка маалым болгон **коңгуроо үнү** менен күнүгө бешим оой ырдашы, өлүм зыйнаты үчүн элди боздотуп кошкон кошогу, **кыздарына арнап** чыгарган ыры, **зергерлерден** эптеп кыздарына сөйкөлүк күмүш өндүрүп келсе деп, күйөөсүнө жагынышы – асылзаада аялзатына таандык сапаттар. Бир гана кендирди кескен жокчулук, өлбөстүн күнүн көрүү үчүн – бир жылга эптеп жетерлик төрт кап эгин үчүн жалданма эмгекке байланып, али боор эти ката элек секелек кыз балдарын соко айдаганга салышы, аларга балалыктын даамын таттырбай, күн чыкканча апийимди отоого үлгүрүп калуу үчүн ыйлатып ойготуп, балтыры канаган кыздарына кайра боор сыйрыла ичи ачышып, орус кожойундун апийим талаасында иштөөгө мажбур болушу анын ойдогудай турмушуна көлөкө түшүрүп турат.

---

[1] Дремов А. Романтическая типизация. // Вопросы литературы, 1971, №4. – 106-б.

Романтизмдин өзгөчөлүгүнө жараша, автор  бул үй-бүлөнүн адепки турмушун жомоктогудай коздоп, “кыялында” түбүндө мөл булагы бар ыйык жайдан – Коштеректин түбүнөн үйлүү кылмак болот. Зейнеп-Күкүк он үчкө чыгып,  болочок үйдү элестетишип таттуу кыялга делөөрүп, өздөрүнө окшош жуп теректер турчу жерге эки маал тызылдап чуркап, **“булактын чоңое түшкөнүнө”** кубанышы,  Кызтуубас кийинки жазда эгиздерге келчүү куданы элестетип **кубаныч санаасына** (сентименталдык романтика) чөгүшү – каармандардын жан-дүйнөсүндөгү романтикалык ой толгоолор алардын образынын ажарын ачып турат. Ушундай аруу тилек менен мал союп, үйдүн пайдубалын баштаар күнү капилет кайгы келет. Көрсө, кыргыз баласы үй салуу үчүн орустун **динине** өтүү керек экен. Ушул күнү эгиздер болочок үйүнүн жанына алдын ала ак тилек менен тиккен чырпыктарын көргөнү келип, **“булактын кичирейгенин”** көрүшөт. Үйлүү болобуз деген таттуу тилек иш жүзүнө ашпай, ал болгону секелек кыздардын **“кыялый кубанычы”** (романтика) бойдон калат. Башка **динге** өтүү деген шумдукту кабыл ала албаган башында ыйык белгиси бар касиеттүү Кызтуубас баш ээси, эгиздери менен **“көздөрүнөн кан агыза** ыйлап,  өздөрүнө “мекен” болуп калган байтеректердин түбүнө **тумар** көөмп, Кызылжардын түбүнө алачык тигип көчүп кетишинде элдин кылымдап **тутунган ишеними** көркөм чагылган. Каармандын көзүнө булактын **чоңое** жана **кичире** түшүүсү алардын тагдырынын кубаныч жана кайгысынын **символу.**

Ушул окуядан кийин  жомоктогудай романтикалык кыял-максаттары ишке ашпай, үй-бүлө тагдыры табият аянындай трагедияга кабылышына **мезгилдин тарыхый окуялары** себепкер. Ак падышанын согушу жөнүндө суук кабардан соң, анын “он тогуз жаштан кырк жашка чейинки эр бүлөнү фронтко реквиз жасоо” буйругу келди. Орус падышасынын улутту тукум курут кылууга багытталган бул саясатынын экспанциялык жүзүн ачуу үчүн автор кайрадан **символикалык градацияны** чебер пайдаланган: “*...бу сапар улуу кичүү дебей **жүздөрүнөн кан качты**, аял эркек дебей баарысы **тең уу жуткандай кумсарды.** Алибет карыялардан кут учуп, сабыр кетип, баштары*

*калч-калч эте **коломтодогу муздак күлдү** (астын сызган – Ү.К. )чукулап отуруп беришти*"[1].

Коломтодогу от кыргыз элинин этнопсихологиясында тирүүлүктүн *символу*. Андагы муздак күл улуттун жок болуп кетүү коркунучунун *метафоралык мүнөздөмөсү*. Куту учуп, муздак күлдү чукулап олтурган карыялар кыргыз тарыхынын күбөсү. Улуттук көтөрүлүштүн чыгышына себеп болгон ушул окуядан көп өтпөй, эркеги жок ээн үйгө орус солдаттары кирип келип, бекитүүгө үлгүрбөй кучагында калкалап турган эгиздин түгөйү – Күкүктү сүйрөп кетишти. Зейнебине билегиндеги кыздардын себине даярдап жүргөн күмүш асем буюмдарды белине түйүп берип, Кытайга качкан элге кошуп жиберип, Кызтуубастын өзү бир үй-бүлөдөн жападан жалгыз калып, кош карегиндей аздектеген эгизинин түгөйүн, Күкүктү, издеп тентип кетиши – улуттук трагедиянын типтүү көрүнүшү.

Романдагы Күкүктүн образы таза **символдук** мааниге ээ. Жазуучу элдин көркөм аң-сезиминдеги бирин-бири түбөлүк издеген түгөйлөр жөнүндөгү мифтик түшүнүктү жаңы эстетикалык деңгээлде пайдалануу менен эгиздердин бири – Күкүктүн образына улуттун **идеалдуу,** экинчиси – Зейнептин образында **реалдуу** турмушунун татаал диалектикасын көркөм жалпылоого жетишкен. Тактап айтканда, Күкүктүн алсыздыгы, зордук-зомбулуктун курмандыгы болушу – кыргыз элинин рухий баалуулуктарынын кордолушунун, **идеалынын кыйрашынын символу** болсо, Зейнептин тагдыры мезгил алып келген жаңы турмуштун **реалдуу драматизми** менен байланышкан. XIX кылымдагы империализмдин колониялык саясатына ылайык, бейиштей кооз жерди мекендеп, көчмөн турмушта жашаган аз сандуу кыргыз элин басып алууга бир нече чоң мамлекеттердин кызыгышын автор Күкүктүн образына жалпылаган. Улуттун мындай тагдыр трагедиясы касиеттүү кыргыз энеси Кызтуубастын эгиздерге арнап чыгарган ырында алдын ала ырдалып калган:

Мен бир Күкүк арыбас
Үнүм ичке боюм пас.

---
[1] Тандалмалар. – 48-б.

Жагалмайдай уча албайм

Жандык кууп туталбайм

Тумшугум жок азылуу

Тырмагым жок ачулуу - деген ыр саптары менен Күкүктүн жырткычтар ааламындагы алсыздыгы кыргыз элинин ошол мезгилдеги метафоралык образы.

Ал эми анын түгөйү Зейнептин ырдаган ыры дагы өзү жөнүндө эмес, Күкүктү аяган ыр: Ай Күкүгүм, Күкүк ай

Күмүш канат тотум ай,

Күндө учамын сабалап

Күкүгүмдү табалбай

Ысык аптап өрттөйм дейт

Суук тоңдуруп өтсөм дейт

Канаттуулар алсам дейт

Аяктуулар бассам дейт...

Күндө учамын сабалап,

Түгөйүмдү табалбай, Күкүк!

Же түгөйүмдү таба албай, Күкү-ү-к!

Энеси чыгарган ыр аркылуу эгиздердин бири-биринен ажыроо тагдырына романтикалык төлгө салынып калган. Бул эгиздердин бири-биринен адашуусун улуттук **идеалдар** менен мезгил алып келген **реалдуулуктун** ортосундагы гармониянын бузулушу катары эсептөөгө болот.

Күкүк **жазды**, жаз алдында көз жарган байчечекейлерди жакшы көрчү. Түшүнө гүлдөр кирчү. Көлгө келген чүрөктөр да эч ким көрө электе Күкүктүн көзүнө илинер эле. Каарманга таандык мындай сапаттар аркылуу автор жаратылыш менен коюн-колтук алышып, бейпил жашоо кечирген элдин бае мүнөзүн чагылдырган.

Жазалоочу отряддын орус солдаттары зөөкүрлүк менен сүйрөп кеткен перзентин Кызыл Жардын астындагы токойдон издеп, Кызтуубастын “Күкүгүм!!!” – деп үч түн, үч күн зар какшаган ач кыйкырыгы – кыйналган

кыргыз руху, эл менен кошо өз жеринен качып адашып жүргөн улуттук баалуулуктар.

Күкүгүн таба албай, анын “шыңк” деген күлкүсүн кубалап, колу бутун ташка тилдирип, жан далбаска түшкөн Кызтуубастын дарактын башына илинип калган баш сөөккө урунушу – автор ойдон жараткан каармандын идеалынын кыйрашы, анын үмүт өлүмү. Ошондон кийин гана Кызтуубас эстен танып жыгылып, кайра өзүнө келгенде төбөдөн угулган күкүк үнү кызынын тирүүлүгүнөн түңүлтөт.

Красиндин келиши Кызтуубастын ошол эски жарасын кайра тырмап, Күкүктүн трагедиялуу өлүмүн эсине салды. Романтизмге таандык субъективизм менен Красин Кызылжарда кыргыздын аруу кыздарын булгап өлтүргөн орус солдаттардын ассоциациялык образын Кызтуубастын көз алдына келтирди. Автордун романтикалык ой жүгүртүүсүнүн күчү ушунчалык, Кызтуубас Красинди ошол көпкөн көп солдаттын эле бири эмес, Күкүктү зордуктаган зөөкүрдүн өзү катары кабыл алды. Чоочун орус адамы үйгө кирип келгенде “ай!” – деп чочуп кеткен Кызтуубас:

- Мен муну таанып турат окшойм, – деди Красинден көзүн албай эриндери титиреп.

Ушул минутадан баштап, “каны ичине тартып кумсарып, бүткөн бою кадим таштай түйүлгөн" бойдон бул ааламда Кызтуубас эне өз кайгысы менен жалгыз калды. Анын жан-дүйнө чыңырыгын, көкүрөк добушун, дил азабын уккан, туйган киши болгон жок. Красин киргенден баштап өз үйү өзүнө суук көрүнүп, куттуу коломтосун душман басып алгандай, баягы шойкомдуу окуялардын күбөсү “ай тийген Кызылжарды көздөй кеңгиреп басып кетти”.

Мезгилдин өктөм күчү менен кыргыз турмушуна жаңылыктарды кошо алып келген дили башка, дини башка, тили башка бөтөн адамды “касиеттүү” эсептелчү КЫРГЫЗ ЭНЕсине өз үйү өзүнө суук көрүнгөн **психологияга** кабылтты; эки башка нрава, дүйнө таанымдын келишпестигин Кызтуубас ушундай ажал менен арбашканга тете **драматизм** менен кабыл алды да, ал кармашта бул жашоо менен кош айтышып, жаңы уюшулган “Прогресс”

совхозунун **биринчи мүрзөсүн** пайда кылды. Кызтуубастын өлүмү бир жагынан баласын өлтүргөндү кечире албаган эненин мээриминин теңдеши жок күчүнө, **мезгил өчүрө алгыс өчүнө** далил болсо, экинчи жагынан **мезгилдин жеңишин даңазалайт.** Окурманда Кызтуубас менен элдин не бир аяр ишеними, анын дүйнөтаанымындагы идеалдары кошо көмүлгөндөй таасир калат.

Мезгил алып келген жаңы реалдуулуктун өктөм зомбулугунан өзгөрүүгө учураган улуттук идеалдардын социалисттик доордогу абалын касиеттүү кыргыз энесинин өлүмүнөн кийин ЭНЕ ЧЫМЧЫКтын символикалык образы аркылуу көркөм жалпылаган. Долонотулуктар мазар кылып сыйынган кош терек Сатылгановдун манкурттук түшүнүгүнөн улам кыйылганда, аны менен кошо бузулган уясына, болочок балапандарынын тагдырына чыркыраган Эне чымчыктын ыйы АДАМ ЭНЕ Кызтуубастын тагдырынын **аллегориялык** кайталанышы. Сатылгановдун жаштардын романтикалык жан-дүйнөсүнүн символу болгон Мазартерекке келип, “эскинин ырын ырдаган тилиңерди суурубасам!” – деген опуза менен экөөнү тең түбүнөн кыйдырып салышы социализмдин тоталитардык саясатынын улуттук баалуулуктарга жасаган зомбулугунун күбөсү. Ал эми анын артынан сая түшкөн боз чымчыктын күрөшү элдин руханий сыймыгын сактап калууга умтулуусу. Коштерек кулап бараткандa чыркыраган канаттууну балта менен кагып салып, жумурткаларын чөнтөгүнө салып алган Сатылгановду артынан ээрчиген боз чымчык бир жылга чейин артынан калбай, анын сокур жан-дүйнөсүнө кадимкидей дүрбөлөң салат. Социалисттик системанын саясатына толук байланган каармандын рухий көңдөйлүгүн ачуу үчүн автор **психологиялык монологду** пайдаланган: *“Үнүнүн жаманын чарылдап – , деп ойлоду, – өмүрүндө куштун добушуна кулак төшөп көрбөгөн көңдөй неме. ...Эч пайдасыз ушундай жапайы немелерди бүтүндөй кырып таштасак кана?... Мага койсо жалгыз гана тоту кушту тирүү калтырат элем ате. Айтканыңды жасайт. Өз бетинче кетип былдырабайт. Капаста камалуу. Асманга учам, жер тандап коном демей жок.*

*...Баарыдан да эмнени ырда десең ошону ырдаганычы!”*[1] Сатылгановго ыйгарылган бул монологдун подтексти аркылуу жазуучу партиялык авторитардык диктатураны аесуз келекелөөгө жетишкендиги чынында да, 80 – жылдардагы чыгармачылык эрдик катары баалоого туура келет. Ушундай бийликтен улам, саясаттын улуттук дымакты жараландыруучу таасирин жазуучу адам токмогунан башынан жарат алып, көзү канга толгон боз чымчыкка ***“ак менен кара көрүнбөй, бүт аалам кып-кызыл көрүнүшү”*** аркылуу берген. Бул метафоралык ассоциация аркылуу К.Акматов тоталитардык режимдин адамдын жеке чыгармачылыгына тушоо салып, жалаң коомдук кызыкчылыкка артыкчылык берүүчү идеологиясынын чыныгы жүзүн ачууга жетишкен. СССР аттуу империянын курамына кирген аз сандуу элди өз тамырына, улуттук баалуулуктарына кайрылууга тыйуу салып, андай демилгелерди “улутчулдук” жарлыгы менен куугунтуктап, бардыгын бирдей жалпылаштыруунун аллегориялык түрдө көркөм жалпылоосу мындайча сүрөттөлөт: *“Күн төбөгө барган кезде боз чымчык Долоноту суусун көздөй учуп келип баягы тоо-талаанын мунарасы сыяктуу оболоп турчу Кош теректин биринин мулуйган дүмүрүнө конду. Ал кечээ жакында эле, теректер тирүү кезинде ырдаган нечен ырларын унутуп койгон болчу. Көп айлар үнү бүтүп тилсиз жүргөнү да эсинде жок. Анткен менен анын бүткүл деми, ырынын сыбызгыган кайрыктары, обону-күүсү, кыштын бороон күндөрүндө көкөлөп бийик уча албай куса болгону, жер гүлдөгөн жазды эңсеп сагынганы анын кичинекей көкүрөгүнө жыйылып, өчпөй жүрө берген экен – азыр оозун ачса эле төгүлчүүдөй.*

*Бирок ал сары ооз балапанча көмөкөйүн эптей албай, ыргагынан адашып, өз үнүнөн өзү элтең этип чочуп кетип жатты. Айлана дагы эле баягыдай* ***– асман кызыл, жердин бети кызыл, агып жаткан суу да кызыл, айтору бардыгы тең жошодой бир түстө болуп туруп алды”.***[2]

---

[1] Тандалмалар. – 185-б.
[2] Тандалмалар. – 207-б.

## Романтикалык антитеза жана чыгарманын композициялык структурасы

Романдын композициялык бүтүндүгүн камсыз кылууда Красиндин орду өзгөчө. Красин – Кызтуубас, Красин – Зейнеп, Красин – Шатман ажы, Красин – Кошой, Красин – Бекнияз, Красин – Маркони, Силач, Красин – Күлчоро мамилелеринде романдын романтикалык көркөм системасы иштелген. Красин менен уйчу сары чалдын иронииялык мамилеси да белгилүү көркөм милдет аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Булардын ичинен романтикалык **антитеза** адегенде эле Красин жана Бекнияз мамилесинде ачык чагылган.

Романдагы Красин менен Бекнияздын ортосундагы карама-каршылык эки адамдын гана келишпестиги эмес. Бул улуттук руханий идеалдар менен мезгил алып келген реалдуулуктун ортосундагы тирешүү. Бул эки башка инсандын психологиясынын, жан-дүйнөсүнүн таймашы. Бекнияз Манас ата минген Камбар тукумунун бузулушуна, касиеттүү кайненесинин өлүмүнө себеп болгон жат адам менен жанаша жашоо кечирүүгө, малы-жаны аралашкан совхоздун турмушуна каршы күрөшкүсү келет. Бекнияз мезгил агымынын күчүнө баш ийгиси келбейт. Красиндин келишин Бекнияз биринчи күндөн жек көрүү менен кабыл алды. “Өзүн да, айгырын да мууздайм!” – деп жулунган Бекниязди Зейнеп “кан төкпө, бирөөнүн каны кое бербейт” деген жалыныч менен бутунан кучактап араӊ алып калды эле. Ага болбой Бекнияз Красин жалгыз калганда жанына жолдош болгон, шерменде аялы ойношуна токмоктотуп өлтүрмөк болгондо, айбан да болсо адилетсиздикти сезгендей зөөкүрдөн арачалап калган Маркони аргымагын уу чөп берип өлтүрөт. Красин алып келген айгырды өлтүрүү менен кыргыздын жылкысын сактап калууга жасаган аракетинен эч нерсе чыкпагандан кийин талаалап тентип кетет. Бекнияздын образында кыргыздын эпостук каармандарына таандык улуттук мүнөз бар эле. Анын мындай сапаты кайнатасы Шатман ажынын монологу аркылуу берилген: “*Арыктап бүткөндүрсүӊ чунак. Куруӊду мойнунуӊа салып кел десе... Аргын жылкы жаман болчудай эмес. Бекер эле тирештиӊ! Ар*

*нерсенин эскиргенде жаңырмайы болот. Мал тукумун жаңырткан жакшы эмей. Сен ага бекер көктүк кылдың, чунак. Каны эскирген тукум чирче болуп кетээр... Аның туура, эзелтен сен өңдөнгөн кара жал жигиттер эл четинде, жоо бетинде туруп келген. Бийиктен касиеттүү Алатоону, жапыздан сууну коргошкон. Минип жүргөн атты, сакадай кара башты коргошкон. Кыргызда бул төртөөнөн башка эчтеме болгон да эмес ал кезде. Эмдиги заман башка эмеспи чунак...”*[1]

Бекнияздын улуттук баалуулуктарды коргоо үчүн болгон күрөшү мезгил агымына туура келбегени менен анын өз идеалынан кайтпаган рухий күчү анын башка күнөөлөрүн “актап” турат.

Ал эми далайды башынан кечирген Красин Бекниязга карама-каршы ийкемдүү. Тагдыры башынан тайкы, энесин “актар” дарга асып кеткен, атасы өзүн өзү өлтүргөн, аялы сойку чыгып, көрбөгөндү көргөзгөн Красинди автор бир жактуу караган эмес. Романда тагдыры татаал инсандын бири – Красин. Анын кыргыз жергесине келгенде “...эмнегедир тик караган көздөрдөн жалтана түшүп, чочулагансып, бир нерсеге кабатыр ...Кызыл Жарды алаң этип карашында” жашырын сыр бар эле. Ак падышанын солдаты болуп жүргөндө жазалоочу отряд менен келип, кыргыздын күнөөсүз, акактай таза кыздарын зордуктап абийирин булгап, алардын Кызыл Жардан бой таштап өлүшүнө катышкандыгы үчүн кийин аны тагдыр сойкуга туш кылган. Дене кумарына соргок сойку дайыма аны канааттанбаган көз караш менен үлүрөйө тиктеп эле мазасын кетирип тим болбой, жарым жыл жашай электе: “Бир үйдө эки катын жашайбыз!” – деп, элге жарыя салып, абийирин кетирди. Көзкөрүнөө кем акыл Кузьма менен “ойноп”, эркектик намысын тебелеген. Ошол чаң-тополоң түшкөн турмушунан безе качып, эки аргымакты жанына алып, алыскы Ысык-Көлдөгү белгисиз “Прогресс” совхозуна келип, жанына тынчтык бербеген өзүнүн тагдыр азабынан алаксыйын деп ойлогон. Ал кыялы ордунан чыкмак турсун, тескерисинче, андан азаптуу, андан татаал кырдаалга алып келип такады. Келген эле күнү жек көрүү толгон көзү менен Кызтуубас каршы алды.

---

[1] Тандалмалар. – 198-б.

Анын өлүмүнө себепкер болгонун Красин өзү жакшы билет, ошондуктан өлгөндөн кийин да  маркум ЭНЕнин элеси көлөкөдөй ээрчип  жанында жүргөндөй, түндөсү түшүнөн, күндүзү оюнан кетпей койду. Красиндин жеке трагедиясы жанына батып, эч кимге айта албаган ички сырлары жүрөк сыздаткан санаага, өкүнүчкө айланганда “от суудан” тое ичип, дилине тынчтык издейт. Ичип алган соң,  мастыгы аны кайра кыйнап, сезими жалаң азаптуу түш менен жан алгычтай коркунучтуу элестерден бошоно албай, ойгондо, көңүлүн ээлеп алган ошол жагымсыз туюм кыйнайт.

Каармандын мындай жан-дүйнө азабы да романтикалык чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш. “А.Чеховдун Коврини (“Черный монах” чыгармасында) галлюцинациялык абалда  монах менен сүйлөшкөндөй, акылынан айныган Громовасынын (“Палата № 6” чыгармасында) психологиялык абалындай”[1] Красин да өз тагдырынын азабынан кутула албай, мас абалында жашоо гармониясын издеши же Бекнияздын куттуу коломтосунан безип, жапайы турмушка макул болушу –  адамдын рухий дүйнөсү менен саясаттын, идеалдуулук менен реалдуулуктун карама-каршылыктуу диалектикасы.

Бекнияз менен Красиндин ортосундагы **антитеза** алардын Зейнепке жасаган эркектик мамилесинде даана ачылган. Бекнияз баш кошкон биринчи нике түнүндө “кыз белгисин” күнөөсүз (жеринен безип Кытайга качып жүргөндө) жоготуп алганын түшүнбөй, өлөөрчө тепкилеп, муздай тоңдуруп салган Зейнептин ургаачылык сезимине Красин ойдо жок жерден жылуулук берип, аны аял катары кайра жаратат. Бул да **тарыхый мезгил жараткан адам тагдыры.** Мындай болушун бул каармандардын эч кимиси күткөн эмес эле. “Орус киши бул жерден кеткин!” – деген Зейнеп, Красинди биринчи көргөндө. Өңү  Кызтуубаска оп-окшош, бирок үнүндө энесиникиндей орусту жекирген коркунуч жок, сербейген алсыз, арык  келиндин айткан сөзүн Красин укпай калгансып тоготкон эмес. Чынында 16-жылкы кандуу окуяга балалыгы туш келип, далай азапка камырдай ийленген Зейнепте кыргыздын ошол трагедиясы

[1] караңыз: Маявская Т.П. Романтические тенденции в системе русского реализма 70-80-х годов XIX века (рассказ и повесть): Автореф. ...Дис. д-ра филол.наук:10.01.01. – Киев, 1988.

алсыратып салган социалдык туундунун көркөм образы типтештирилген. Тарыхый кырдаал түйшүгү аска-зоодой калкалаган атасынан, күн нурундай жаркыган эне мээриминен эрте ажыраткандан баштап, ал кайгыга чүнчүп жүрүп, түнт болуп кеткен. Кубанганы да, кайгырганы да билинбеген бир сырдуу Зейнеп бала кезинде жайды жактырчу. Күкүк өзү жактырган жаз сыяктуу, наристе бойдон зомбулуктун шейити болсо, Зейнеп өмүрүнө жай келгенде тагдырдын дагы бир “тамашасына” жолукту. Шайлоо күнү ойдо жок жерден кучагын жая бийге чакырган Красин “бүт жашоосун кунарсыз өткөргөн” бул келиндин көңүлүн “уйкудан ойгонгон куштай” силкинтип жибергенин өзү да байкаган эмес. Ошол күнү бузулган аба ырайына чыйрыгып келип, денеси алоолоп ысып, баш оорусу чыдатпай, төшөгүнө кулап түшкөн Зейнеп энелик инстинкт боюнча баласы Күлчоронун тагдырына кабатыр эле:

- *Кокус мен өлүп калсам мойнумдагы көк тумарды жоготпой тагынып жүр... Алар тайнеңден калган,* – деген Зейнеп жалгыз медер туткан перзентине.

Эрте менен ойгонсо, жаркырап тийип турган күн сыяктуу көңүлү ачык, бирок көкүрөгүндө ачуу ыза. Красиндин топ аялдын ичинен бир гана Зейнепке көңүл бурушу, анын алдына чөгөлөй бийге чакырышы адамдык зоболосун көтөрүп, ургаачылык сезимин селт эттирген экен. Үч айдан бери же аялын, же баласын ойлоп койбой, тентип кеткен күйөөсүнө болгон таарынычы эми гана дилине батпай, Бекнияздын мурунку көргөзгөн кордуктарынын баары Зейнептин көз алдына жаңы келди. Ушундан баштап Зейнептин психологиясында билинбеген өзгөрүү жүрүп жатты. Адегенде Красиндин алдынан чыга калып чакырая тиктеген көзүнөн чочуп жүргөн Зейнеп ага жолукпаганга аракет кылып, качып да көрдү. Красин да алгач күндөрү жолугууга шылтоо издесе, кийинчерээк ичинен түтөп оолактаганы менен улам күн өткөн сайын аял эркектин ортосунда болчу сезим иши **мезгилдей** өктөмдүгүн көрсөтүп, алардын эркин ийди. Зейнептин образы романтизмдин табиятына таандык субьективдүү мүнөзгө ээ. Эненин кетпес кеги, өчпөч өчү бар адамга (Красинге) анын жатынында жаралган кызы, болгондо да Кызтуубас

жоготкон перзенттин түгөйү – Зейнептин мамиле түзүшү турмушта реалдуу кездешерине ким кепил боло алат?! Бул да жазуучунун учкул кыялы менен турмуш чындыгына жасаган ашкере **субьективдүү көз карашынан** жаралган **көркөм чындык**. Анткени жаңы коомдук система “интернационалдык”, “достук” идеологиясы менен кыргыз үй бүлөсүнүн никелешүү салтына да “революция” жасагандыгы реалдуу экендигин тарых тана албайт.

Адам тагдырларын калчаган мезгил күүсү эски менен жаңынын бирин-бири жээриген философиясын эзелтен эпикалык салтка айланган ата-бала карама-каршылыгы менен берген. Бул Бекнияздын баласы **Күлчоронун образында** көркөм чагылат. Бекнияз жаратылыштын атага берген табигый туюмуна ылайык, баласы Күлчорону өзүнө шерик кылгысы келет. Акыркы таймашта: *“Күлчоро качпагын менден! Мен атаңмын Күлчоро! Кулунум... Айланайын Күлчором!* – деп зар какшашы ошо мезгилдеги бир адамдын трагедиясы эмес эле. Тарыхый доор алып келген башка рухий дүйнө азгырган жаш адамдын өз атасынан терс бурулушу, сөздүн кең маанисинде улуттук эс тутумдун “экинчи жээкке” өтүшү болчу. Канынан жаралган тукум улар перзенти кылчайбай “экинчи жээкке” өткөндө, Бекнияздын:

- *Эй наадан сийдик! Өз атаңдан тандыңбы? Дини бузук Красинге жаның ачыдыбы? Анын күнөөсү жер көтөргүс. Ал камбар ата тукумун доңуз кылды. Ал сенин энеңди булгап каапыр кылды”* – деген акыркы жан-дүйнө кыйкырыгы **анын рухий идеалдарынын драмалык кыйроосу**. Ал эми мындай урпактан кечкиси келген Бекнияз өз баласын атмак болгондо жан-далбаста суу болуп калган патрондун атылбай калышы тарыхтын адам эркине баш ийбей жашоо мүмкүндүгү, объективдүүлүк же МЕЗГИЛДИН жеңиши. Тирүүлүктү алга сүрөгөн тарых мыйзамы. Алмустактан бери келаткан ушул мыйзамга ылайык, автор бир үй-бүлөнүн бардык байлыгын: рухий да, материалдык да дөөлөттөрүн Бекнияздан “качырып”, Красинге “өткөрүп” олтурат. Адегенде Бекнияздан баласына атап алган, алдына күлүк чыгарбаган Арчаторуну улак тартышта кокус өлтүрүп алган жигиттин кунуна алдырып коюшу жаман белги эле. Ошондон баштап Бекнияздан баары кете баштайт. Красин Бекнияздын

күрөшүнө негиз болгон кыргыз жылкысын эле аргындаштырбай, анын үй-бүлөсүн да “аргындаштырды”. Жазуучу мындай процессти атайын баса белгилейт: *“Сени мен атпайм Бекнияз, - деди ал алдыдагы мөңгү баскан улуу тоолорду тиктеп келатып ойго батып. Атсаң сен ат. Бирок мени өлтүрө албайсың. Сен Каршылык болсоң мен сенин Мезгилиңмин. Мезгилден күчтүү болом деп, Мезгилди өлтүрөм деп ойлобо. Мен элдикмин, эл ичинде жашай берем, ар дайым өз дегенди коргоп, өзгө дегенге каршы турам деп көшөрөсүң Бекнияз, ошенткениң бекер. Эл деген небак сенден айныган. Эл деген агын суудай ийкем нерсе – оңу келген ноого салып кете берет. Эл үчүн сен беш жылдан бери барсын да жоксуң. Уулуң Күлчоро азыр сага такыр окшобойт. Аялың Зейнеп сендей эри бар экенин небак унуткан.”*[1]

Бекнияз менен Красиндин ортосундагы антитеза ассоциациялуу түрдө эки жылкынын – Силач менен Арчаторунун таймашы аркылуу дагы күчөтүлгөн. Бир эмес эки жолку жарышта Арчатору Силачты караандатпай, алдыга чыгып, эки аргымактын таймашы “саясий куралга” айланат. Мезгил кайраштырган идеялардын күрөшүндө “... жаратылыш-табигаттын эки асылы Силач менен Арчаторунун эч айыпсыз жарышын адамдар бири-бирине каршы ырайымсыз күрөшкө айландырышы” дагы инсан тагдырларына жаңы трагедияларды алып келет. Алыстан келген аргымактар жергиликтүү элдин тагдырын калчап, Марконинин уу чөп жеп өлгөндүгү үчүн Шатман ажы күнөөсүз түрмөгө түшүп, совхоздун иши үчүн өз үй бүлөсүн унуткан Кошой “эл душманы” аталышы менен кыргызга дагы бир улуттук трагедия – 37-жылдын “кандуу бороону” жакындап келаткан.

Арчаторунун атактуу Европа аргымагына орун бербей, аны четке сүрүп чыгышын эчен кылымдар калыптанган кыргыз дүйнө-таанымынын жаңы, бул чөйрөгө жат көрүнүштөрдү кабыл албай жатышы катары түшүнүү абзел. Бул көрүнүштү автор көптү башынан өткөргөн Шатман ажынын сөзү менен түшүндүрөт: “*Кошой сен дале баягы ат чабыштын кайгысын жеп жүрөт көрүнөсүң. Жаш болсоң да, элге башсың. Антип шылкыйган болобу? Арчатору*

[1] Тандалмалар. – 223-б.

*деген оңой алдырчу күлүк эмес. Ан үчүн зоотту башкача тапташ керек эле. Эмилан тамыр жаңылды окшойт. Бул жерди өзүнүн Орусиясындай көрүп, жылкынын терин көбүрөөк алып койдубу дейм ал чунак. Сен деректирсиң. Кошой айланайын. Эмкиде ал зоотту кыргызча таптатчы. Кумга салып таптамайынча эле болбойт. Бул Долоноту жеринин өзүнүн анты бар. Бул жерге жер окшойбу".*[1]

Дал ошол Силачтын жеңилгенине байланыштуу Кошой жумуштан алынган күнү почтого "Манас эл душманы экен" деген "илимпоздордун" пикирине кыжырданган айыл эли чогулуп, борбордон кабар күтүшүп олтурганда, Күлчорону "Манас" айттырып, анда кичинекей манасчы "Тайторуну чаптырышы" да романга жөн эле кошулган эпизод эмес.

"Манас" эпосунун да, айтылып жаткан эпизоддун да, ошол учурда улуу эпостун өлбөстүгү жөнүндө почточу келиндин тайкесинин борбордон телефон аркылуу жиберген маалыматынын да романда көтөргөн өз жүгү бар. Жакшы кабарга кубанган элдин ичинен кимдир бирөөнүн: *"Манасты" биздин көкүрөктөн өчүрө албайт аларың!"* – деген дымагы – улуттук дымак. Мезгил өзгөрткөн жаңы коомдук система, аны менен кошо келген идеология жалаң эле "жакшылыктардын" себепкери эмес экен. Саясий идеологиялык аша чабуулардан улам элдин улуттук дүйнөтаанымындагы өз алдынчалыктын эсепке алынбай калышын жазуучу метафоралык көркөм ыкма аркылуу чагылдырган.

Романдагы романтикалык антитеза жаңы коомдун кызматкерлеринин кулк-мүнөзү, көз караштары, айлана-чөйрөдөгү жүрүм-туруму аркылуу дагы көркүнө чыккан. Алар - "Прогресс" совхозунун алгачкы уюштуруучусу Кошой Аламанов жана кийин келген жетекчи Орузбай Сатылганов.

Мезгил заманды кубултуп өзгөрткөнгө чейин Кошой атасынын күлүгүн минип чоңойгон, кыргыздын улуттук түшүнүгүндө жогору бааланган саяпкерликке кызыгып, ат чабышка кумар, куулук-шумдугу жок, кең өзөн, даркан талаада жай турмуш кечирген кадимки кыргыздын сүймөнчүктүү

[1] Тандалмалар. – 166-б.

жигитинин бири эле. Жаңы заманды жан-дили менен тосуп алып Ленинди узатуу азасына катышкан, совхозго атасынын жылкыларын өткөрүп берген. Бийлиги, мансабы менен да иши жок, саясаттын мезгилдей кубулмалуу азезил шайтан оюндарын билмек турсун угуп көрбөгөн Кошой чечимди окуганда *"...мен каран талаага деректир боломбу!?"* – деп, таңыркап, бир жагымсыз абалга калгандай кечке түнөрүп санаага батып, түн ичинде уктай албай чабалактап, сыртка чыгат да: "Болбойм!" – деген өз чечимин кабыл алат. *"Отуз миңчилердин тизмесине Аламанов Кошой кошулсун"* деген көрсөтмө деле жадында жок энөө адам кийинки күнү борборго жөнөйт.

**Мезгилдин** Кошойду угар түрү жок болчу. Совнаркомдун таклибин буздурам деп барып, бир жумадан кийин тагдырына макул болуп, кайра келди. Келди да жылкы жандуу бир мүнөз, оюнда кири жок албуут Кошой "Прогресс" совхозунун алгачкы курулушун **ат короодон** баштады. Дал ушул ат короо түркүн тагдырлар кесилишкен айлампанын борбордук чекити болуп калды.

Көл үстү менен "Прогресс" совхозунун курулушуна керектүү нерселерди алып келген алгачкы кемени автор өтө көтөрүңкү маанайда кыргыздын ата-бабасы билбеген **духовой оркестрдин** коштоосунда тостурат: *"Асман чаңырып, көл сапырылып, ак карлуу тоолор солкулдап, Долонотунун бою күркүрөп"* ойногон ошол **оркестрдин үнү** менен бул аймакка улутка жат , жакшы-жаманы аралаш миң түркүн түйшүк кошо келгендигин каймана түрдө бергендей. Кеме менен келген **спирт** куюлган кайың бочкалардын *"Долоноту жеринин кир бут баскыс жашыл жээгин көздөй чимирилип"* баратышы кыргыздын кылымдар бою билбеген шарап ичимдигине "революция" жасай турган, кийин далай адам трагедиясынын от тамызгысы болчу дагы бир жаман жосундун келиши эле. Ушул кеме менен келген "чоктой болгон, бири-биринен айрып алгыс эки чымкый жээрде" айгырлардын пайда болушу эл ичинде бири-бири менен келишкис пикирлерди жаратты. Жылкы кадырын мыкты билгендер "Камбар ата тукумун доңуз кылчу" балекет деп кооптонушту.

Совхоз уюшулган биринчи күндөн баштап, анын иши үчүн ичкен ашын жерге койгон, элдин иши деп күйүгүп жүрүп тогуз айга чейин өз үй- бүлөсүнөн

кабар алганга чамасы келбей, бу дүйнөгө жаңы келген перзенти балтыр бешик болгончо жүзүн көрбөгөн, алгачкы жетекчи Кошой Аламанов Кеңеш өкмөтүнүн саясий идеологиялык алгачкы курмандыгы болушунда тарыхый чындык бар экендигин улуттук тарыхыбыз жакшы билет. Жазуучу бул эки каармандын ортосундагы антитезалык келишпестикти көркөм чагылдыруу үчүн атайын көркөм деталдарды пайдаланган. Кошойдун совхозго биринчи Ильич шамы күйгөн күнү жумуштан алынышынын өзүндө сатиралык пафос бар эле. Кошой адилетсиздикке аңгырай түшкөн көкүрөгүндөгү боштукту унутуп, кемтиги толо түшкөндөй көңүлү көтөрүлөт.

Жаратылышы, климаты башка аймакка караганда татаал Долонотуга жанын сабап иштеп, монтерлорго жаман көрүнүп, ГЭСти пландан мурда бүткөргөн, "элге жарык чачам деп, өзү күйүп түгөнгөн" шамдай эмгектенген Кошой ушул күнү (тээ баягыда совхозго жетекчи болгондо кандай сыртынан тон бычкан метод менен жумушка коюлса) Совнаркомдун чечими окулуп кызматтан алынат. Дал ушул **чырак** автор тарабынан антитезалык ыкма менен эки башка каармандын ички дүйнөсүн даана көрсөтүүчү микроскоп сыяктуу колдонулат. Чырак күйгөндө элди куттуктап, барбалаңдап кубанып, катары менен улам бирөөнүн колун кысып жаткан секретарь кезек Кошойго жеткенде жыйрыла түшүп, жүзү өзгөрөт. Эл жаңы чыракка таңыркап, чырак алардын жүзүнө шоола чачып турганда, Сатылгановдун күйгөн чыракты тиктеп койбогондугу анын жан-дүйнөсүнүн кайдыгерлигинен жана көңдөйлүгүнөн кабар берет.

Мезгил Кошой менен Сатылгановду бир эле системанын эки башка адамы болушуна алып келди. Кошойдун жасаган ишинин баары эле ойдогудай деп айтуу деле кыйын. Анын социализм идеаларына ашыкча берилгендиги аялы Фатима экөөнүн ортосундагы **ирониялык романтизм** аркылуу таамай сүрөттөлөт. "Сенин бооз катының өлсө өлсүн, бооз бээң өлбөсө болду!" - деген Фатиманын жан күйгүзгөн сөздөрү чынында эле Кошойдун ашкере "социалчылдыгына" негизделген. Кошойдун тогуз айлап үй-бүлөсүн унутушу, совхоздун отунун аяп, өз балдарын суукка тоңдурушу, акыры артынан аялынын

издеп келиши, совхоздун өз колу менен тиккен бактарын шайлоого жыйылган элден корушу, ошол системанын “баары мамлекеттики” саясатынын астында **коом** жана **жеке адам** мамилелериндеги гармониянын бузулушу, жаңы социалдык кубулуш эле. Адамды социализмдин “идеяларына сугарып” аны жалаң план аркылуу жандуу жаратылыштын “өндүрүштүк күчүнө” айлантышы Кошойдун образы аркылуу эле эмес, айбан Силачка “токсон бээни бир токтотуп, анан дагы жарышка түшүү” милдетинин жүктөлүшү аркылуу метафоралык түрдө берилет.

Кошой бир жагынан саясаттын курмандыгы, экинчиден, өз мезгилинин камчысын ашыра чапкандыгы менен чыгарманын аягында жеке адамдык тагдыры аянычтуу абалга келсе, Сатылганов бийликтин бюрократизми, ашыкча борборлоштуруу саясатынан улам улуттук кызыкчылыктардын тебеленишине түзүлгөн тарыхый кырдаал жараткан “жаңы адам мөмөсү”.

Бул Силачтын жарышта утулуп калышына мен күнөөлүүмүн деп Красин бардык тиешелүү уюмдарга, адегенде Сатылгановго кайрылганда, ал жазакерленип “*сиздин зор ишиңиздин алдында бир аттын жарышта калып калышы эмне*” деген пикиринен көрүнөт. Демек, бир эле факты жергиликтүү жетекчи Кошойдун тагдырында олуттуу мааниге ээ болот да, борбордон келген адам үчүн, ал иштин чыныгы жоопкери үчүн эч нерсеге арзыбаган нерсе болуп калат. Саясаттын кубулма жүзү Сатылгановдун образында ажарын ачат.

Кантсе да Кошой талыкпас мээнеткечтиги, ак эмгеги менен тоолуу өрөөнгө келген чырак жарыгы сыяктуу, элге жарыгын чачып, өзү күйүп жатып түгөнгөн шамдай эле. Ошондуктан Кошойдун кызматтан кетишин эл кыжырдануу менен кабыл алды. Бул уйчу сары чалдын секретарга берген суроосунан көрүнүп турат. Ал эми идеологиянын Сатылгановдой адамдары да тарыхый доор калыптандырып жаткан “типтерден” болчу.

## §2.2. Ө. Даникеевдин “Көз ирмемдеги өмүр” романындагы тарыхый доордун мүнөзү

Кыргыз прозасында жанрдык табияты ачык аныкталбаган чыгармалардын бири Ө.Даникеевдин 1981-жылы жарыкка чыккан “Көз ирмемдеги өмүр” романы болуп эсептелет. Аны тарыхый фондогу социалдык роман (К.Асаналиев, К.Артыкбаев), тарыхый роман (А.Эркебаев, О.Ибраимов, К.Жусупов ж.б.) деген эки түрдүү көз караш бар. Жазуучунун жеке чыгармачылыгын изилдөөгө алган атайын изилдөөдө “...тарыхка карата сүрөткердин фантазиясы, субъективдүү мамилеси, тарыхты индивидуалдуу көрө билүүсүнөн”[1] жаралган тарыхый чыгарма катары бааланат.

Роман тууралуу айтылган пикирлерде анын негизги каарманы – Кутуйанды өтө идеализацияланган образ деген көз караш басымдуулук кылат. Бирок, тарыхый романтикалык тенденция менен жазылган чыгармалардын негизги белгилеринин бири – каарманды **идеализациялоо** экендигин таануу маселеси эч кимди ойлондурган эмес. Чындыгында кыргыз прозасында тарыхый романдардан башка стиль, башка көркөм структурада жазылган “Көз ирмемдеги өмүр” өзүнө чейинки тажрыйба таптаган даяр жолго түшпөй, жеке “чыйырын” табууга умтулган романдардын бири.

50-60-жылдары социалисттик эмгектин баатырларына багышталган романдар жалпы союздук масштабда тарыхый инсандын **жеке тагдырын эмес, коомдук турмушун** кароолго алгандыктан, ал мезгилде “...конфликти мокотуп, проблемаларды жакшыртып, күндөлүк турмушту упалап коонздоодон чындык жеңилип, жеке чыгармачылыктын кубаты алсыраган, ... адабият менен кошо искусствонун башка түрлөрү да жасалма жыргал ырын үнү бүткөнчө ырдап, анын шаңында жыгылганча бийлөөгө мажбур болгон”[2] шартта, кыргыз прозасында искусство чеберлеринин тарых-таржымалына арналган К. Өгөбаевдин “Ак таңдай”, К.Каимовдун “Атай”, Ш.Бейшеналиевдин “Болот калем” аттуу романдары да кийин мезгил сыноосуна туруштук бере алган жок. .

---

[1] Егимбаева С. Ө.Даникеевдин чыгармачылык эволюциясы. – Б.:Бийиктик, 2001, - 60-б.
[2] Сака С. Меценаты и имитаторы:полемические заметки // Литературная газета, 1986, №50, 10 декабря.

Кыргыз адабияты эле эмес, жалпы көп улуттуу совет адабиятында *“...тарыхый романдар падышаларга, министрлерге, кол башчыларга, акындарга толуп-ташып”* турган шартта, ***“алардын даңазалуу коомунда жоголуп кетишинен”***[1] күмөн санабай, эл ичиндеги жөнөкөй тарыхый инсан – Кутуйанды негизги каарман кылып алган. Тарыхый жанрда салт болгон чыгаан инсандарга азгырылбай, жазуучу адабиятта образы түзүлө элек жаш адамдын “көз ирмемдей өмүрүндө” элге кылган кызматын баалай алган.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы тарыхый окуялар, кыргыз элинин **социалдык абалы** айыгышкан карама-каршылыктар, кол баштаган беттешүүлөрдө эмес, **эл** менен **бийлик** ортосундагы ички тымызын таптык жиктелүү, бийлик төбөлдөрүнүн арасындагы жашырын интрига аркылуу сүрөттөлөт. Романдык мезгилдин тарыхый инсандары: Жангарач, Байтик, Шабдан, Кудаяр, Канатшаа, Рахматылда, Көкүм башка романдарда элдин, колдун башында болсо, “Көз ирмемдеги өмүрдө” алар **элдин далдасында.** Башка тарыхый темадагы бардык чыгармаларда “Сары Өзөн Чүйдү суудай бурган” Жангарач жөнүндө: “Алдыма жыгылгыдай мен эмне Жангарач болуп кетипминби”[2] – деген бир гана сүйлөм бар. Шабдан да ушул сыяктуу эле кыйыр эскерилет. Тарыхый окуялардын ичинен бир гана Байтиктин Рахматылданы конокко чакырышы жана ага Көкүмдүн найза сайышы бир топ курч сүрөттөлгөн. Тынчы кеткен тарыхый доордун мүнөзү Асеиндин ички санаркоолорунда берилет. 1862-жылы Ордодогу Малахандын өлүмү, андан соң Алымбек менен Алымкулдун ички “көмүскөдөн бири-бирине тор ыргыткан” келишпестиги, бийлик үчүн күрөштө кутумчулуктан Букарга сүрүлүп кеткен Кудаярхандын ички өчү менен кайра экинчи жолу хан таажысын кийиши, анын ишенимдүү адамы Рахматылданын бейыймандыгы сыяктуу тарыхый фактылар каармандын **ички монологунда** чагылган. Калган тарыхый окуялар, белгилүү инсандардын образы карапайым элдин маегинде же алардын бийлик өкүлдөрү менен болгон майда кагылыштарында ачылат. Бирок жазуучу элдин күнүмдүк

[1] Чулаки М. Боготворите – но не обожествляйте! //Литературная газета, 1986, №52. – С.3.
[2] Даникеев Ө. Көз ирмемдеги өмүр. – Ф.:Мектеп, 1981. – 29-б. (Мындан ары чыгарманын ушул басылышына шилтеме жасалат).

тиричилиги, жашоо образы аркылуу мезгилдин **социалдык теңсиздигин, тарыхый доордун жүзүн** “сөөккө жеткендей” ача алган. Мындай ийгиликтин ачкычы, биздин оюбузча, тарыхый мезгилди **субъективдүү ойдон жаратуунун** кудурети менен аңдоо маселесинде эле. Ошондуктан “Көз ирмемдеги өмүрдө” тарыхый-романтикалык жанрдын, анын ички түрүнө келгенде, **социалдык-тарыхый** романдын типологиялык белгилери ачык байкалат. Анткени жазуучу XIX кылымдагы **бийлик** жана **эл** коллизиясын Чүйдүн бир аймагында – жети ата Күнтуу элинин социалдык абалында типтештирип, аны **тарыхый романтикалык трагедия аркылуу** көркөм жалпылаган.

Чыгарманын бүтүндөй сюжети анын негизги каарманы Кутуйандын өлүм алдындагы “Апасы Мээркандын **эки чоң** алкакка” сайган саймасына түшкөн **күндүн нурун** тиктеп, **суу** сураган абалында ретроспективалык эске түшүрүү аркылуу баяндалат. “Апа, суу...” – жашоону эңсеген жаш адамдын жалынычтуу ар бир суранычында романдын сюжеттик элементи жыйынтыктала эскерилип, бала менен эненин ортосунда ичер суунун төгүлүп жатышы – каармандын өмүрүнүн бүтүшү – чыгарманын композициялык бүтүндүгүн камсыз кылган. Суу берүүчү Эне да, суу да, “оң бурчуна күн, сол бурчуна жарым ай” тартылып, эки алкактын орто ченинде бири-бирине кыналыша айкаштырылган бадал оюмдар” түшкөн дал ушул сайма да, ага түшүп турган күндүн нуру да символикалуу мааниге ээ. Анткени романдын сюжеттик окуясы эки үй-бүлөнүн тагдырына байланыштуу өнүгөт. Анын бири – атасынан эрте калган Кутуйан апасы экөө, экинчиси – аялы мезгилсиз көз жумуп, баласы жана карыган “жарым эс” кайненеси калган Асейиндин үй-бүлөсү. Кыйын күндөрдө эки үй-бүлө бири-биринин кемигенин толуктап жашоого умтулуп, эки алкактын ортосунда кыналышкан оюмдардай “эки бакыр , бир тукур” болуп биригип, жашоо кечирмек болушкан. Бул эки үй-бүлөө мүчөлөрүнүн өмүрүндө аз да болсо көңүл көлкүткөн кубаныч, шаттыкта да, жүрөк сыздаткан кайгыда да алар чогуу болушту.

Жазуучу колдонгон романтикалык каражаттар: **Көк-Көл, жылтыр тыбыт Ак тайлак, Күмбөз-Таш,** түнкү **пейзаж,** каармандардын искусствого

болгон мамилеси – Асейин ырдаган **ыр,** жасаган **боз үй,** Мээркан сайган **сайма,** тиккен кийим, тешилген каптан **төгүлгөн ун**, өрттөлгөн **тегирмен** мезгилдин тарыхый социалдык абалын, адам тагдырларын берүүдө көркөм функционалдык мааниге ээ.

Романтикалык трагедия адегенде эле бала Кутуйандын наристе дүйнөсүнүн эрмеги болгон Көк-Көлүнөн, кыялында элестетип, бирок бир да жолу көрбөгөн анын ээси жылтыр тыбыт Ак тайлагынан, атасы көрсөткөн Күмбөз-Ташынан, андан көп өтпөй ата жытынан ажыроосунан башталат. Соцалдык чөйрөдө теңчилик болсо, алар телегейи тегиз жашоого укуктуу эле. Асеин – колунан көөрү төгүлгөн уста, комузчу, ырчы гана эмес, дан баккан, тегирмен курган эмгекчил. Мээркан беш тырмагын безеген уз, чебер. Тагдыр алардын таалайын тайкы кылып, түгөйлөрүнөн эрте ажыратканы аз келгенсип, суру качкан тар заман да сыртын салып, кырсыкка улай кырсык басат. Мындай асыл адамдардын кор болушу турмуштун **дисгармониясы** мезгил алып келген социалдык теңсиздикке барып такалат.

Автор Асеин эккен аштыгын сугарып, чыккан эгинге көтөрүлгөн көңүл жагдайына жаншерик кылып түнкү **пейзажды** берет: *“Ай көтөрүлүп, айлана күмүш нурга бөлөнүп, кандайдыр бир касиеттүү, бейпил күнгө кулак төшөп, чала уйкуда жаткандай магдырайт. ...бериде соко, соконун жанында мына бу ээлеринин бүгүнкү түйшүгүн кошо тартып, эми мынтип мээнеттери кайтып, кубанып олтурган көнүл маанайын – сүйүнүчүн бөлүшкөндөй, ошого ыраазы экенин билдирип, өзүнүн түп теги – Камбар атасына тооп кылып аткандай, кээ-кээде жеңил бышкырып коюп, тым турган Чобур”*[1].

Аялы өлгөндөн бери биринчи жолу Асеиндин көтөрүлгөн көңүлү анын ырдаган ырынан байкалат. Тилекке каршы, каармандын “көз ирмемдей” кубанычы кайра суу сепкендей муздайт. Үйүнө келсе, төмөнкү айыл жесир Мээркандын үйүн жалгыз журтта калтырып, тыптыйпыл көчүп кетиптир. Тарыхый доордогу социалдык чөйрөнүн адам адебине сыйбаган биринчи адилетсиздиги дал ушул эпизоддон башталат. Ушул күнү жанына көчүрүп

[1] Көз ирмемдеги өмүр. – 22-б.

кетүүгө келген Асеинди “жылдызы өчкөн” бала Кутуйан тосуп чыгып, анын сезимине адилетсиздик биринчи жолу эстен кеткис кара так калтырат. Өзүнүн тоодогу Көк-Көлү, ак тайлагы жөнүндөгү таттуу элес балага **“сагыныч”** деген көңүл кусасын таанытып, ошондон баштап, анын ордуна Кутуйан Асеин атасынын тегирменин эрмектеп, чогуу жашоого өтүшөт.

Каармандарды трагедиялуу тагдыр күтүп тургандыгын романтикалык чыгарманын жанрдык белгисине ылайык, адегенде жаратылыш кабарлайт. Ала жазда айдалчу сокону аягына чыгарбай мезгилсиз күн күркүрөп, кыян жүрүп, *“Жыламыштын суусу күргүчтөп, аккан таштар күлдүрөп, ... алда кайдан карышкыр улугандай, ...май чырак да күндөгүдөн күңүрт күйүп, анын кичинекей үлп-жалп ыргалган жарыгында тамдын бооруна түшкөн көлөкөлөр ...кара кийген ач арбактардай бир чоңоюп, бирде жымырыла кичирейип”(чыгарманын 35-бети)* үйдүн ичине аза күткөндөй маанай алып келет. Ушул күнү экинчи аян Кутуйандын **түшүндө** берилет. “Алды көпөлөк, арты күндүн көзүн көрсөтпөй, бүт аалам кара каргаларга” толуп кеткендей чөйрөдө калган баланын коркунучтуу түшү тарыхый доордогу адамдар коомунун “аба ырайынын” көркөм чагылышы десе болот. Мээркан баласынын түшүнөн чочулай санаа тарткандан көп өтпөй эле кокондуктардын буйругун бетине кармап, Мүсүраалылар зекет деген зордугу менен карапайым элди кыйнай баштайт. Тарыхый романга тиешелүү чаап кетмей, баш кесмей сүрөттөлбөйт. Анын ордуна жаз мезгилинде аштык айдалып бүтүп, эгин быша элек үзүл кездеги **зекет** жыйноодогу Мүсүраалыны ээрчитип алган Кокон сыпайларынын зордукчул мамилесин эки гана эпизод аркылуу берген. Биринчиси – үй ээлери Асеин, Санжар жок кезде кары кемпирди көмөлөтө койуп, Мээркандын жаагын айрып, Казаттын көзүн тоодой көгөртө токмоктоп үч ороодогу дандан эч нерсе калтырбай тартып кетиши; экинчиси – Сатыбийдин жөөкөрлөрү менен жолдон кезигип базарга бараткан жатакчыларды “саламды убаганда айтпай калгандыгы” үчүн айыпка жыгып, алардын болгон байлыгын карактап, каяша айткандыгына кыжырдана баштарын айрый камчы салып эле тим болбой, болгон каптагы унун жара тартып, баткакка төгүшү

сыяктуу көрүнүштөр коомдук жашоонун ички келишпес карама-каршылыгынан кабар берет. Адамды адам басмырлоо мындай чекке жеткенде, тарыхтын кескин өзгөрүү зарылдыгы келип чыгары табигый нерсе. Андай өзгөрүү жөн-жай келбей, көбүнчө адам курмандыгын ала келери да тарыхта белгилүү. Саты-бийдин Коконду колдошу, Базаркул менен Байтиктин мамилесинин бузулушу – кыскасы "эки дөө кармашса, ортодо чымын өлөт" коогасы менен Күнтуу элинин жети ата өткөн конушун таштап, Тогуз-Торого көчүшү, жолдо кырылган элдин көргөн күнү XiX кылымда кыргыз элинин тагдырына туш келген чалкеш мезгилдин бир элесин көз алдыга келтирет. Аягында саймада кыналышкан оюмдардай, ак эмгеги менен жашоо кечирген эки үй-бүлөнүн тагдыры эмне болду? Жалгыз балдарына тилеген эненин (Мээркандын) тилеги да, атанын (Асейиндин) тилеги да орундалган жок. Адамдар коомундагы адилетсиздикке жеке "бунт" чыгарып, жөө-жалаңдап, туулган жеринен сүрүлүп бараткан элге огожо болгусу келген Казат байдын бир үйүр жылкысын элге кайрып барам деп, тирүүлөй орго көмүлдү; жаштык жалыны менен аруу сулуулугу татыксыз адамга кор болгон Бегайым никесиз бойго бүткөн перзентин аман сактоонун айласын издеп тентип кетти; жалгызын карап туруп бөөдө өлүмдөн арачалап кала албаган "алсыздыгы мээсин тээп" Асейин сокур болуп, карайлап калды. Атанын тагдыры көтөрө алгыс күйүткө чыдабай талаалап, жер кезип кетти. Романдын сюжеттик бир түйүнүн кармап турган бир үй-бүлөнүн тагдыры ушундай абалда болсо, экинчиси андан да трагедиялуу. Чагылгандай курч чыгып, акылы менен улуу-кичүүнү таңдандырган, бий-манабына карабай пикирин бетке айткан Кутуйан түз сөзү, карапайым элге аралжы болгусу келген максат-тилеги менен бийлик төбөлдөрүнүн чекесине чыккан чыйкан болушу да **коомдук турмуштагы дисгармония**.

Улуу тумоодон тамак-ашы жетишсиз жатакчылар жоо тийгендей кырыла баштаганда, "журт башы" аталган мыктылар алардан безе качып, өз кара башын, үй-бүлө жанын гана ойлоп эл каттабас өзөндөргө көчүп кетсе, мына ушул жаш баланын элди сактап калууга далбас уруп жүрүшү бир

караганда пародоксалдуу, бирок мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени “тарыхый инсан тарыхый мезгилдин жемиши” (А.Толстой). Элди бийлик төбөлдөрү карабай калган шартта, ал өз койнунан камкорун жаратып алат. Кутуйан – кыргыз элинин улуттук тагдыры кылыч мизинде турган тарыхый мезгил жараткан элдин уулу. Каргадай кезинен адилетсиздиктин запкысын көрүп, кемсинтүүнүн ачуу ызасын сезимтал дили сезип калган Кутуйан Улуу тумоодон боо түшүп жаткан жакырларды кайдыгер карап тура алмак эмес. Ошондуктан адегенде Байсал болушка барып догдур чакырып берүүсүн өтүнүп, куру убадага кубанып кайтты. Күтүүдөн үмүт үзүлгөндө, элге аралжы болуу үчүн тоо кезип Арча издеп, элдик ырым менен оорулууларды аластап көрмөк болду. Кыш чилдеде арча жүктөп келип, кара жанын карч урганын тоготпой Улуу тумоо улам бир үйгө ый алып келип, кулачын улам кеңири жайып баратканда, бир кезде оруска малай жүргөндө таанышкан “чоң сакал” доктурду издеп Токмокко түн кезип кетти. Артынан келмекчи болгон догдурдун дары-дармеги менен өзүн эмес, Санжар атасынын үй-бүлөсүн, Сары байкесинин балдарын сактап калмакчы болуп, үйүнө келсе, таап алган Асейин атасы үйдө жок болуп чыкты. Кайгыга кайыккан карыяны кечке издеп таппаган соң, бир жанын санга бөлгөн жаш адам ушул күнү “бүткөн бою зыл болуп салмактанып, ооруксунуп” келип, жыгылды. Кутуйандын дартка чалдыгып калышы менен бийлердин көктөн издегенинин жерден табылганы эле. “Көзүн тазалап” салуунун ыңгайын таппай жүргөн Саты-бий кишилерин жиберип, чыгаан чыгып келаткан жаш жигитти энесине кошуп, эл каттабаган Кур-Көңдөйгө көчүртүп салбадыбы! Эчен күнгө чейин эч ким кабар алган жок. Андай киши да калбай калган. Жашоодо медер туткан жалгыз баласына булактын көзүн тырмалап алып келген сууну жеткире албай, үзүлүп кеткенин билбей кырчын жигит Кутуйан “Апа, суу...” – деп, алсырап жатып, “көз ирмемдей” өмүрүн бир сыйра кайрадан эсине салып бүтөрү менен чыгарма аяктайт. Өмүрүнүн акыркы минутасында ортодо төгүлүп жаткан сууну көргөндөн кийин иштин жайын түшүнгөн соң, Кутуйан өзүнүн акыркы кайратын жыйнап: *“Апа, Ардагым, Ыйыгым менин. Эмне дейин, Энекебайы-ым. Ыйманың жолдош болсун, - деди*

*дилинен. – Кеч, Ак сүтүңдү кечип кет. Апа?”* – деп ыраазычылык суроого үлгүрдү да, апасынын артынан өзү да сапар тартты. Кыска өмүрүндө чагылгандын жарыгындай элге жарык чачууга далбас урган жапжаш жүрөгү токтоп, саймага тийип турган күндүн нуру *“...ири алды чыбырчыкка – миң сан жылдыздарга айланып, ...айлана улам кичирейип, улам алыстап, акыры биротоло көздөн кайым болуп, түпсүз караңгы мейкинге тунуп кетти...”*[1]

Жазуучу каармандардын тагдыры туш болгон оң жана терс жагдайларды сүрөттөөдө романтикалык чыгармачылыкка таандык символикалык каражаттарды жыш колдонгон. Бийлик менен карапайым элдин **коллизиясы** адегенде эле жолуккан жерде Саты-бийдин жан-жөөкөрлөрүнүн жатакчыларга жасаган мамилесинде ачыкка чыгат. Карыны сыйлабай, баланы бала дебей бар оокатын базарга балдарына кийим кылуу үчүн алып бараткан Асеин менен Санжарды канжалата сабап, Кутуйандын башын жара чапкан бийдин жигиттери “көгөөн агыт” болуп, бираз **“оюн куруп”** (астын сызган – К.Ү.) алышкан сыяктуу маашырланышат; алар жарып салган каптан куюлуп жаткан ун **“көчкүдөй”** болуп көрүнөт. Чындыгында эле алардын карапайым элге жасаган мамилеси тарыхый доордун адилетсиз жүзүнө жараша социалдык теңсиздиктин “эрежеси бузулган оюну” эле. Жатакчылардын жашоосуна бүлүк салган бийлик зомбулугу Жер-Эненин адамдар кыянатчылыгын көтөрө албай кеткенде жүрөгүнөн кеткен жаракасы – көчкүгө тете болчу. Жер көчкүсүн элестетип, каптан эшиле куюлуп баткакка төгүлгөн ун аркылуу алардын ак эмгегинин, ырыскысынын, адамдык кадыр-баркынын тебелениши каймана сүрөттөлөт.

Тарыхый кырдаал аласалып тынчыбагандыктан, оруска же Коконго кошулууну биле албай башы маң болгон бийлөөчүлөрдүн бири “зекет” деп, экинчиси “Байтик эл үчүн Бетербөрктүн (Петербруг) өзүнө барып келип чыгым болду, эми Ак падышынын Ордосуна барат, чыгымын чогуу көтөрөбүз” деп, элдин кактабай канын алат. Үчүнчүсү “Байтик Рахматылданы конокко чакырат, жүз баш үйдү жасалгасы менен даярдаганга” буйрук берет. Ошол буйрукка

[1] Көз ирмемдеги өмүр. – 254-б.

жараша Асеин менен Мээркан жанын сабап, тырмагын безеп жасаган “кирсе чыккыс, көргөндүн көзүн тайгылтып”, жасаган боз үйүн баалаган жан жок. Ушундай ажайып искусство жараткан уста, уз асыл адамдар бийликке мас болгон көңдөй Саты-бийге, Мүсүраалыга кор болот. Жазуучу жөнөкөй адамдар катмарынан алган өз каармандарынын рухий күчүн алардын көркөм өнөргө, эмгекке болгон мамилеси, романтикалык кыялы аркылуу берген. Замандын суру качкан ушул мезгилде балалык бактысына балта чапкан атасынын өлүмү Кутуйанга өтө жагымсыз таасир калтырып, көңүлүнөн кетпес кара так болуп калгандыктан, мезгилинен эрте өлүм жөнүндө ойлонууга дуушар болуп олтурат. Өлүм дегенди кабыл ала албаган баланын романтикалык дүйнөсү : “Андан көрө Бакай аба, Каныкей, Семетейдей болсо. Жөн эле кайып болуп кетсе. Ашуу ашабы, чөл басабы, айтор, бул дүйнө жүзүн кыдырып, акыры кайра келсе” – деп, **реалдуу турмушта болбогон нерсени** – атасынын бир күнү **тирилип** келип калышын самайт.

Кыргыз дүйнөтаанымына ылайык жазуучу “ай”, “күн”, “шоокумдуу суу”, “ак була булут” сыяктуу жаратылыш кубулуштарынын көркөм функциясын чыгармачылыгына жан-шерик кылып алган. Асейин менен Кутуйанды Саты-бийлер сабап кеткен түнү **ай караңгы**, айлананы карайлаган көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптап турат; ал эми Казат менен Бегайым жолугуп, тымызын сезим отуна арбалышкан түнү **“ай ... балканактай”** толуп, ааламга агыш нурун чачып турат. Сүйүү сагынычы түн уйкусун жоготкон таңда эрте туруп Казаттын жолун караган Бегайым анын Тескей-Тоонун чокусунда ат минип, ашыгы тарапты карап турганын көргөндө, өзүн **“жерде эмес, каалгый ак була – булуттун үстүндө”**[1] тургандай сезет. Ушул күнү көңүлүнө майрам келген жаш жубандын көзүнө *“тоонун баары гүл, таштын баары зумурут”* (измуруд) көрүнөт. Казатка Бегайымдын карааны *“...бүт ааламдын чок ортосунда созолоно жанып турган ...Апаппак Сыйкыр Шамга”* окшоп көрүнөт. Ашыктар жоолуга албай калганда төшөгүндө тогуз толгонуп, чабалактап жатканда токой ичинен “Күкүгүбү же Зейнебиби” иши кылып,

[1] Көз ирмемдеги өмүр. – 156-б.

түгөйүн издеп жалгызсыраган куштун үнү угулат. Аны алаксыткан экинчи кубулуш өрөөнгө шаң берип турган өзөндөгү аккан суунун *"жагымдуу жумшак жаңырыгы"*. Бегайымдын махабатына күбө болгон бул эки нерсенин биринчиси анын армандуу сезим сагынычына ортоктош болсо, экинчиси капчыгай суунун тынымсыз аккан шоокуму каармандын айыкпас сүйүү дартына чалдыкканын, суудай аккан өмүрдүн текке кеткен кымбат күндөрүн эске салгандай.

Бийлердин ич ара тизгин талашкан интригасынын кесепетинен – улуу атанын баласы катары Базаркулдун эзелки ата салттын негизинде болуштукту Күнтууга алам деген демилгеси менен Байтиктин каарына калды. Эки бийдин каардашуусунун азабы өздөрүнө эмес, элге тийип, жети атасынын сөөгү жаткан Күнтуунун элин Байтик түп оту менен Тогуз-Торого көчүргөн күз – *"Күнтуунун күнү тутулган күз"* аталат.

Тарыхый романдарда көчмөн элдин психологиясына ылайык шаан-шөкөттүү сүрөттөлчү эпикалык салттан айырмаланып, киндик кан тамган өз жеринен сүрүлүп бараткан *"Күнтуунун Улуу көчүнүн"* кадимки кыргыз көчүнө окшобой, кабагы салыңкы, сүрдүү бараткан элдин карааны *"өрөөн-өрөөн жылгаларды өрдөй тарткан жөө туманга"* окшоп көрүнүшү да чыгармадагы романтикалык трагедия. Көчтөн адаттагы бешик өнөргөн наздуу келин, ак элечегин Алатоодой заңкайткан эне көрүнбөйт. Ошол көчтөгү *"чуру-чуу, ботолордун боздогону, иттер улуп, чарк имериле удургуган аттардын кишинегени"* Кутуйандын аң-сезиминен кеткис **үрөйү суук көрүнүш болуп,** андагы үндөр **кулагынан кеткис чуу сымал** дилине орноп калды. Өлүм алдында апасынан суу сурап жатканда да ошол азаптуу үн менен көрүнүш элестеп турат. Бул киндик кан тамган жерден ажыроо трагедиясына жолуккан элдин психологиялык абалынын **каймана көрүнүшү.**

Ушул козголуудан баштап, романдагы каармандардын рух-байлыгы кыйроого учурап, алардын тагдыр трагедиясы башталат. Көчтө атасы Асеин, жанбирге өскөн Кутуйан, ашыгы Бегайым баратканын көрүп туруп, Байтиктин жылкысын кайтарган бойдон Казаттын калып калышы көркөм ойлоонун

логикасына сыймак эмес. Өзү эле көчкө кошулуп кетпей, Байтиктин элге кылган карамүртөздүгүнө жооп кылгысы келдиби, Казат кайтарган жылкысын кошо ала кетем деп, колго түшүп, кырчын өмүрү мыкаачылык азап менен кыйылды. Бийдин бекзаадасы берген суроосуна "самаган" жообун бербей, көгөрүп, "өзүм гана күнөөлүүмүн" – деп, доор кайгысын мойнуна көтөрө күлүмсүрөп, кумга тирүүлөй көмүлүп бараткан жападан жалгыз перзентинен ажыроонун кайгысы өзү өлгөнгө тете мүшкүл экендигин берүүнүн көркөм каражаты катары автордун Асеинди көзүнөн ажыратышы да романтикалык трагедияга таандык ыкмалардан. *"Асеиндин акыркы көргөнү ошо: Чаң... Чаң суйдаңдап, кум дөбөчө кыбыр-кыбыр этип барып, тим болду. Анын баарын – бүт айлана-тегеректин баарын коюлжун коңур мунарык чалып, улуу жарык өчүп калды."*[1]

Адам чыдагыс оор жоготуудан көзүн жоготкон, аны менен кошо эсин жоготкон азиз абышканы ошол жексур ээн кумдуу талаада **"шамал эмес, күз күнүндөгү кумпай канат куюн"** келип ойготушу метафоралык мүнөзгө ээ. Ээн талаада кумду сапырган багыты жок куюн – азап-тозогунун учу-кыйыры билинбеген, чыр-чатактан азабы арылбаган элдин жашоосу, элди кайда багыттаарын билбеген бийлик ээлеринин **башайланма саясаты, опурталдуу заманды алып келген тарыхый мезгилдин жүзү.** Ушул мезгилдеги элдин трагедиясын автор Асеиндин тегирмениниН күйүп кетиши менен көркөм жалпылайт.

Казаттын тирүүлөй орго көмүлгөнүн уккан Кутуйан ыйын *"күргүштөп-күү-шаа"* аккан улуу сууга айтып, бугун чыгара бакырып-боздоп ыйлашы да символикалуу мааниге ээ. Анткени анын ыйын угарга адам жок. Өздөрү журтта калганда жөлөк болгон Асейин атасынын адамгерчилигин сыйлап, апасы экөө анын кейиген жанына кубат болуу үчүн көчтөн артына кайтып келип өрттөнгөн журтка туш болду. ***"Мээркан бетин баса отура калды. Ыйлап ийди. Кутуйандын колундагы Сур кунандын чылбыры түшүп кетти... Тегирмен... Майыша ийрейип-муйруйган анча-мынча алкак, ок темири эле калыптыр.***

[1] Көз ирмемдеги өмүр. – 178-б.

***Жаргылчагынын үстүңкү ташы тең бөлүнүп, жарылып жатат. Калганы капкара... Ары карады: үстү түшкөн үй. Капкара. Баары капкара! А тургай кепенин да орду жок. Тегерек бүт күйүк жыттанат***”(чыгарманын 182-б.).

Ушул көрүнүш каармандардын тагдырындагы жаман төлгө сыяктуу. Кыргыз элинин дүйнө таанымында тегирмен – ырыскы, суу – өмүр, үй – бакыттын символу. Тескерисинче, үстү түшкөн үй да, кара түс да, күйүк да жамандык белгилери. **“Баары капкара**” болуп турган Асейиндин журту – куту качкан туулган жердин кайгысы. Бир тамчы суугa зар болуп, “Апа, суу!” – деген Кутуйандын үнүн угар адам жок жалгыз жатышы бийлик ээлеринин *“нравалык дүлөйлүгү”*. Ал эми ортодо төгүлүп жаткан булак суусу – таза жашап, мезгилинен эрте үзүлгөн жаш адамдын өмүрү. Ошол эле учурда жазуучу романтикалык ойдон жаратуунун күчү менен Асейиндин трагедиясы аркылуу жашоонун түбөлүктүүлүгү идеясын берүүгө жетишкен. Комузун артынып, сары чапан кийип, жыртылган чокойунан манжалары көрүнүп, “...апаппак, узун сакалы көкүрөк ылдый чуудаланып, ... көзүнөн ириң чыпкаланган сары жаш аккан” Асеин карыянын талаада тентип жүрүшү бир жагынан В.Шекспирдин Король Лирин элестетип, жалпы адамзат коомунун трагедиясын эске салса, экинчиден, санат ыры менен кыргыздын улуттук трагедиясын көз алдыга келтирет: Асманда албан күн туруп,

Күнү өчкөн мен карып.

Таянган тоосу куланып,

Жери көчкөн мен карып – санат ырында кыргыз дүйнөтаанымы, улуттук психология көркөм жалпыланып, каармандын трагедиясын дагы күчөтөт. “*Кулаган тоосу”* – жалгыз уулунун өлүмү тирүүлүктөн тажатып турганда, капысынан тагдыр кайрадан Мээрканга жоолуктуруп, Казаттан калган урпак бар экендигин укканда Асейиндин кайрадан “*кайып болгондой”* жоголушу – жашоонун түбөлүктүүлүгүн даңазалайт. Кыргыз адабиятында карыянын кор болушу улуттук тагдыр трагедиясын көркөм чагылдыруучу эпикалык салттардан экендиги белгилүү. “Манас” эпосунда Бакайдан баштап тарыхый романдар: “Кандуу жылдарда”

Мурат, “Сынган кылычта” Сарыбай, Теңирберди, “Көчмөндөр кагылышында” Дааныш карыялардын тарыхый доордун запкысын мойнуна көтөрүп, трагедиялуу тагдырга ээ болушу, бирок “өлбөстүгү” типтүү көрүнүштөрдөн.

Жазуучу улуттук аң-сезимдин табиятына ылайык түстөргө маани берген. Кутуйандын түшүнө кирген атасынын “сары тону”, Асеин кийген “сары чапан” улут тагдырындагы санааны, Байтикке жетелеп барган “ак төө” элдин ак тилегин чагылдырып турат.

“Көз ирмемдеги өмүр” адабий процесске тарыхый романдардын ичинен улуттук тарыхтын XIX кылымдын экинчи жарымындагы саясий-экономикалык, социалдык абалын аңдап таануунун жаңы модификациясын жараткан тарыхый-социалдык роман атаганга негиз бар.

## § 2.3. Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынын жанрдык маселелери

Кыргыз прозасында роман жанрын “ата конушу” эсептеген (Б.Алымов) Т.Сыдыкбековдун чыгармачылык эволюциясы улуттук адабий процесс менен тагдырлаш. Социалисттик реализм үлгүсүндө жазылгын “Кең-Суудан” “Тоо арасында”, “Зайыптардан” “Көк асаба” романына чейин автор чыгармачылыктын татаал жолун басып өттү. Анын “Зайыптар” романы изилдөөчү Б.Я. Толмачев тарабынан тарыхый темага өтүүдөгү “өткөөл”[1] чыгарма аталышы бекеринен эмес. “Көк асаба” – улуттук адабий процессте кыргыз элинин көөнө тарыхын көркөм иликтөөгө алган алгачкы роман. Роман 70 – жылдары жазылганына карабай, 89-жылы 18 жылдан кийин жарык көрүшүндө улуттук тарыхты көркөм аңдоонун саясатка баш ийбеген көркөм-эстетикалык эркиндиги бар эле. Автордук ушул позицияга таянып, бул чыгарманы окумуштуу А.Мусаевдин “постсоветтик окуя”[2] атаганы жөндүү.

Жазуучунун чыгармачылыгына, анын ичинде “Көк асабага” арналган иликтөөлөр бир караганда жетиштүүдөй сезилет. Бирок анын жанрдык табияты

---

[1] Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана: Автореф. Дис… д-ра филол.наук. – Б., 1994. – С.16.
[2] Мусаев А.И. Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары: филол. илим. д-ру. ... Дис. – Б., 2002. -214-б.

бүдөмүк бойдон калууда. “Көк асаба” – тарыхый мүнөздөгү роман” (К.Артыкбаев), “тарыхый дастанга жакыныраак” (басма рецензенттери), дастан (Г.Айтбаева), “тарыхый баяндоо” (Б.Мурзахмедова), “тарыхый роман” (А.Мусаев, Б.Темирова) деген аныктамаларга илимий далилдер жетише бербейт. Анткени менен жогоруда аталган бардык окумуштуулар бул романдагы тарыхый фактыга караганда **субъективдүү ойдон чыгаруу** басымдуулук кылаарын, каармандарды **идеализациялоо** туура белгилешкен. А. Мусаевдин пикири боюнча “Көк асаба” кыргыз прозасында тарыхый темадагы **“өзгөчө жанрды”**[1](астын сызган – К.Ү) жараткан чыгарма. Ал эми Г.Айтпаева романдагы акыл-насаат берүүнүн “ачык морализатордук” пафосун (ярко выраженное морализаторство)[2] туура белгилеген. Чынында да, Т.Сыдыкбековдун “өткөөл” чыгарма аталган “Зайыптар” романында “көркөм ойлоонун: дастандык жана романдык – эки деңгээли” ачыкка чыкса, “Көк асаба” романдык жана **дидактикалык** ойломдун синтезинен жаралган. Эгер “Көк асаба” кыргыз прозасында романдын жаңы жанрдык модификациясын жарата алса, ырас, жанр өзүнүн түпкү тегин унутпаган кубулуш (М.Бахтин) болгон соң, анда  кыргыз элинин көркөм аң-сезимин уялаган улуу чыгыштын нравалык-этикалык чен-өлчөмдөрүн тулку боюна сиңирген терме, санат ырларында, акындар поэзиясында, дегеле фольклордун жанрдык системасындагы негизги идея – мекенди сүйүү жана баатырдыкты даңктоо бар. Ошондуктан, биздин жеке көз карашыбызда, “Көк асабада” тарыхый доордун көркөм интерпретациясы, тарыхый мезгилге болгон автордук мамиле, романдын идеялык көркөм структурасы аны тарыхый романтикалык жанрга ыйгарууга мүмкүндүк берет. Ал эми ички түрүнө келгенде “Көк асабаны” – **роман-насаат** атоого негиз бар.

Албетте, жазуучу романдын сюжетин аныктоодо  көптөгөн илимий маалыматтарды негиз кылып алган, өзүнүн берейин деген идеясын тереңдетүү максатында чыгарманын эпиграфына окумуштуулардын пикирлерин  далил

[1] Мусаев А.И. Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары: филол. илим. д-ру...  Дис. – Б., 2002. -274-б.
[2] Айтбаева Г.А. Языческие и мусульманские мотивы в кыргызском романе : Дис. ... д-ра наук: 10.01.01. – Б., 1996. – С. 59.

катары пайдаланган. Бирок автор тарабынан колдонулган материалдар ошол доордун жүзүн ачуунун же тарыхый кырдаалдын мүнөзүн аныктоонун күбөсү эмес, **тарыхый маалыматтык** деңгээлде кызмат аткарат. Аны автор өзү да ачык айтат: “...үч нерсеге негиздендим: биринчи – тарыхый маалымат. Экинчи – “Манас” баштаган оозеки чыгармачылык. Үчүнчү элдин руханий дүйнөсү.”[1] Мына ушул автордук негизге таянып, “Көк асабанын” жанрдык модификациясын аныктоочу белгилерди карап көрөлү.

1. Романдын **сюжетине** негиз болгон **тарыхый окуялардын** сүрөттөлүшү. Автор жашаган доор менен чыгарма чагылдырган доордун ортосунда он кылымдан ашуун **мезгил** жаткандыктан жана ал доордогу кандуу кагылышуулардын тарыхый фактысын бекемдеген архивдик материалдар жетишпегендиктен, “Айкаш алдында”, “Бөкөндү жазыгында”, “Жекеде”, “Айкаш”, “Айкаш ада болбоду” деген беттешүүлөрдү жазуучу тарыхый маалыматтын таасиринде романтикалык көркөм кыялдын жардамы менен **ойдон жараткан.** Тарыхый окуялардын бул типтеги көркөм интерпретациясы – тарыхый романтикалык жанрдын белгиси.

2. “Көк асаба” романында жазуучу көркөм жалпылоонун негизинде жараткан образдарда реалисттик тарыхый чыгармага караганда романтикалык тарыхый романдын жанрдык белгиси басымдуулук кылат. Башкача айтканда, анын образдар системасынан тарыхый инсандын **прототибин** табуу кыйын. Адылтай ажо, Эр-Киши, Жаш-Тегин, Барс, Жолборс, Бозуул, Агуул, Буйлаш кыргыз элинин улуттук деңгээлде этнос катары өнүгүшүнө убагында өз салымын кошкон эрлердин **көркөм типтери.** Жазуучунун бул образдарды жаратууда “...көрүп тургандай, Угуз кандын, Култегиндин жүрүштөрү көзүнө кадимкидей дааналанышы”[2] – романтикалык жанрга таандык көркөм логиканын касиети.

3. Образ түзүүдө, тарыхый доорго баа берүүдө символ, атрибут, романтикалык каражаттарды – романтикалык тарыхый чыгармага таандык

[1] Сыдыкбеков Т. Мен миң жыл жашадым. – Б.:Акыл, 1998. – 272-б.
[2] Ошондо.

белгилердин автор тарабынан кеңири колдонулушу. Ушул аспектиде алып караганда, романды басмадан чыгарган рецензенттердин жазуучунун тарыхый роман деген аныктамасына макул болбой, "...тарыхый роман жалаң гана атрибуттардан жаралбастыгын ... эске алып, чыгармага ... "тарыхый баяндоо"[1] – деген жанрдык форма бергенинин жүйөсү бар.

Ырас, романтизм "адам рухунун ички дүйнөсү" (В.Белинский) болгондуктан, "Борбордук Азияда кыргыздардын улуу мамлекети, ...улуу бийлиги аз жылга созулса да, негизи 80-100 жыл көк асаба туусун көтөрүп, тулпарын тоо-түзгө ойнотуп, отузга жеткен көчмөн урууларды сурап турган учуруn"[2] урпактарга жеткирүү үчүн жазуучу ошол тарыхый мезгилди эмоционалдык көтөрүңкү маанайда сүрөттөгөн. Кыргыздар Октябрь революциясынан кийин гана маданияттуу элдердин катарына кошулду деген көз карашты жокко чыгаруу максатында автор романда этностун тарыхындагы **мамлекеттүүлүгүн** көркөм аңдоо үчүн анын атрибуттарына басым жасашы мыйзамченемдүү көрүнүш. Романда "Көк асаба" кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн гана атрибуту эмес, анын **рух күчүнүн символу**. Чынында эле кыргыздардын дүйнөлүк тарыхка тийгизген таасирин илимий булактар тастыктайт: "IX-X кылымдардагы кыргыздар себепчи болгон окуялар бүткүл Борбор Азия жайыгындагы этномаданий өнүгүү багытын кескин өзгөрттү; уйгурларды Чыгыш Түркстандан Байкалдын атырабына чейинки аралыкка таруудай чачып бытыратты; ...кыргыздар үчүн Теңир-Тоого (Тянь-Шанга) жол ачты да, моңгол тилдүү көчмөндөрдүн дүйнөлүк тарыхтын кан жолуна аттанып чыгар алдындагы шаңдуу шоокуму болуп берди".[3] Улуттун ушундай даңазалуу тарыхын өз деңгээлинде сүрөттөө үчүн жазуучу көркөм аңдоонун романтикалык жолун тандап алган.

Чыгарма үч бөлүмдөн, 31 майда темалардан турат да, аларды структуралык жактан бир бүтүндүккө "Көк асаба" (символика) бириктирип турат. Ал элдин дүйнөтаанымын, көз карашын, идеологиясын, ишенимин,

[1] караңыз: Басмадан. /К-те: Т.Сыдыкбеков "Көк асаба". – Ф.:Адабият, 1989. – 460-б.
[2] Жусупов К. Байыркынын издери. – Б.:Кыргызстан-Сорос фонду, 2001. – 53-б.
[3] Кыргыздар. /Түзгөн К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 201-б.

жанаша жашаган элдер менен болгон мамилесин чагылдырууда улуттук аң-сезимдеги баатырдыкка, биримдикке тарбиялоонун символу.

Романда коркоктукту шылдыңдап, **баатырлыкты даңктоо** идеясы бүтүндөй чыгарманын композициялык структурасынын өзөгүн түзүп, ойдон жаратылган көркөм каражат, символикалар аркылуу **баатырдык романтика** идеализацияланат. Баланы кичинекей кезинен баштап эр жүрөктүүлүккө тарбиялоонун үлгүсү Жаш-Тегиндин өмүр жолу аркылуу чагылган. Жоодон өлгөн атасынын мүрзөсүнөн топурак татытып, башына бакыт тилеп Шумкар куш агытып, түлөө тартып мал союп, Теңирге жалына тилек тилөө атрибуттарынын баары бир гана максатка – урпакты БААТЫР тарбиялоого багытталган. Көктө сабалап бийик учкан Шумкар – эркиндиктин, көз карандысыз жашоонун символу. Ошондон улам беш жашар мураскорду көздөй шилтердин алдында Адылтай ажо “шумкардын тырмагын өптү, көкүрөгүн жыттады”.[1] Баатырдыкты даңктоо максатында жазуучу Жаш-Тегиндин атасы Эр-Күлчүрдү алы жетпеген соң, табгачтарга “амалдап өлтүртөт”. Жоокер атасынын топурагынан **тумар** тагып, беш жашынан маарымчыга кошулган Жаш-Тегиндин калыптануу жолу – баатырлыкка машыгуу.

Романда “Көк асабаны” ыйык саноо, анын алдына бүт кыргызды баш коштуруп, ички ынтымакты камсыз кылуу мамлекеттин саясий идеологиясынын негизги багыты катары берилген. Ошол тарыхый доордо ички ынтымактын күчү менен жыйырма жылдык кармашуудан кийин уйгурларды алсыраткан кыргыз ажосу кабар айттырды: “Сенин күнүң бүттү. Жакында мен алтын ордоңду аламын, алдына атымды байлап, **туумду** (астын сызган – К.Ү.) саям. Эгер мени менен кармашканга карууң болсо, токтоосуз келгин; эгер кармаша албасаң тезинен кеткин”[2]. Реалдуу тарыхый чындык катары тарыхта из калтырган кыргыздардын мындай жеңиштерин жазуучу романда Ууз Алптын образында көркөм жалпылаган. “Ууз Алп жоосун жаңгактай чакты. Жаңгак тек чагылбас. Ол тиш сындырур. Кагыш, чабыш ада болбоду.

---

[1] Сыдыкбеков Т. Көк асаба. – Ф.: Кыргызстан, 1989. – 23-б.
[2] Кыргыздар. / Түз К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 203-б.

Кылыч кындан чыкты. Кызыл акты. Ат туягы эзди, жер онтоду. Онон соң албан-албан чабыш өттү. Ууз-Алптын кошуну артты. **Асабасы жыгылбады.** … Ошол тушта **Ууз-Алптын көк асабасы көкөлөп турган чак** (астын сызган биз – К.Ү). Ошондо табгачтарды жеңген Ууз-Алптын тирүү калган жоокерлери ыр менен айгай салат:

Ат ойноттум
Кылыч кыны тул калбады,
Бөрү койго чапкандай
Жоого тийдим.
Өлөр баатыр жалбарды...

Журт башчысы аталган ажонун **Жарлыгы** да, Умай эненин **ырымы** да, уздардын тиккен **кийими** да, ок-дары жасоо үчүн темир иштеткен **өндүрүшү** да жалаң жоокердин эрдигин колдоп, анын баатырдык сапатына дем берүүгө арналат.

Ажо мамлекеттин ички турмушун жөнгө салса, андан кем эмес бийлик титулу – **баатыр** жоокерге таандык. Ал Эр-Киши деп аталат. Эр-Киши наамына татыктуу болуу үчүн артыкча эрдик көрсөтүү гана жетишсиз. Ата Журтун көздүн карегиндей сактаган, ниети таза, “Көк асабанын” ыйыктыгын сезген, акылы жетик, жоокердик өнөрдү мыкты билген, мамлекеттин сырткы турмушун жөнгө салууга жөндөмдүү кашкөй адам гана Эр-Киши атагына ээ боло алат. “Жоокер – эр-жоокер, эр-жоокер – эр-колбашчы, эр-колбашчыдан – Эр-Киши. Эр-Киши атын алыш эзелтен келаткан **баатырдыктын** (астын сызган – К.Ү.) эң бийик даңкы!” Ал кийинки муунду жоокерликке машыктыруучу маарымчынын да, тарбиячынын да ролун аткарат. “Жоодон өлгөн салтанат” үгүтүн урпактын канына сиңирип, өмүрдөн намысты жогору койгонго үйрөтөт. Чыгармада жоокерликке үйрөтүүнүн моделин да жазуучу романтикалык чыгарманын жанрдык белгиси – **кыял элеси** аркылуу жараткан. Жаш-Тегинге улам бирден келип кошулушкан: Барс, Жолборс, Бозуул, Агуул, Буйлаш Эр-Кишинин жети күн, жети түн уктатпай берген “Улуу сөз” сабагынан рухий кубат алганда, баатыр бабалардын арбагы тирилип чыга калгандай

элиришет. “Жоокер болуучу уулду ийлеп жетилтип, аны эрдикке бышыктыруунун эң татаал сабагынан” кийин көздөрүнө жоонун элеси көрүнүп, айкырык салып, камчы сабышат. Аларга “*... аттардын бышкырыгы, угулгансыды. Туяк соккон таш чертилип, даңкан учкансыды. Куюшкан соруда шартылдап, үзөнгү кагышкансыды. Сурнай, жезнай бапылдап, сыбызгып... доолбас согулгансыды... Тоо көчкөндөй дүңгүрөдү, суу ташыгандай шарылдады. Өзөн-өзөндөн кызыл-тазыл көч чубагансыды”.*

Ушундай духта тарбияланган кыргыз урпагы эрөөлгө чыгарда: “Башым канжыгада, каным көөкөрдө!” анты менен аттанып, “түгөнгөн сайын түтөгөн, кырылган сайын кычаган” эрдик үлгүсүн көрсөтүп, кыргыз баатырдыгын даңктап ташка чектирген. Душманга эрдик көрсөтүп, элин коргоо үчүн жан берүү “өлүм” эмес, “шумкар болду” – деген эфемизм менен туюнтулган. Кылым карыткан кыргыз элинин ташка чегилген баатырдыгынын рухий гүлазыгы авторду элдик **эрежелер** менен **салт-санаалардын** өзүнчө системасын **ойдон жаратууга** мүмкүндүк берген . Аны автор **“Улуу сөз”** атаган. А.Мусаев романдагы автордун “Улуу сөз” идеялык -көркөм концепциясын “Манас” эпосу менен параллель карагандай. Биздин пикирибизде, ал жалаң эле эпос менен чектелбейт. Ал эми окумуштуунун Адылтай ажонун “идеал образ” экендиги жөнүндөгү ой-корутундусуна кошулууга болот.

Т.Сыдыкбеков тарабынан кыргыз урпагынын адеп-ахлагын тарбиялоого багытталган бул элдик эрежелерди конкреттүү бир эле тарыхый доорго таандык деп айтуу кыйын. Анын **негизин** улуттун тарыхында “Улуу кыргыз кагандыгы” менен тарыхка из калтырган жоокерлик доордун баатырдыктык үлгүлөрү түзсө да, анда кыргыздын бүтүндөй дүйнө таанымы бар. Көчмөн эл урпактын дилине кыттай орнотуп, намызын курчутуп, эрдикке шыктандыруучу “Улуу сөз” эрежелери алардын аткарууга тийиш болгон милдети экендигин баса белгилөө үчүн жазуучу так ээсинин **Расмий жардыгы** аркылуу көркөм чагылдырылган:“*Тактысында олтурган Адылтай ажо,*

*калтырап алсыз тартпай, оң колун жоон санына таяна, тура калчудай бет алдыга түз карап тың олтуруп жардык угузду:*

*- Сөзүм ак, эл-журт камы! Кечээ Элтерес кызып кылыч сокту. Бир мүйүзүм сыздады. Сынган жок! Кыш каары өттү. Арык мал семирди. Жоо жылдызымды түшүрдү. Өчпөдү! Эми кегим артыр. Атам кыргыз өлөрдө тирилир, кырылганда көбөйөр, түгөнгөндө түтөр эди. Элтерестин кылычы сынар. Мен айттым. … Менин кылычым силерде! Азаны жоо босогосуна илиңдер. Кол эрте аттансын!"*[1] Албетте, реалисттик тарыхый романда мындай расмий жардык документалдуу материалдар менен бекемделүүгө тийиш.

Романдын "Баба жырымы" бөлүмүнө Н.Я. Бичуриндин эмгегинен тандалган:*"Алардын (кыргыздардын) мыйзамдары эң катуу. Чабыш алдында ишти иритүүчүлөрдүн, элчилик милдетти өтөбөгөндөрдүн, ажого кыңыр кеңеш айткандардын, ошондой эле ууруларды баштары чабылат. Уурунун кесилген башын атасы өлөөр-өлгөнчө мойнуна илип жүрөт"* – деген эпиграф жазуучуга "Улуу сөз" эрежелеринин адамдын жүрүш-туруш нормаларын жөнгө салуучу жобосун иштеп чыгууга шыктандырган. Мыйзам беренелери сыяктуу анын **ак** сөз, **ала** сөз, **ыйык** сөз, **үч** сөз, **бөтөн** сөз, **жаман** сөз, **арам** сөз, **нарктуу** сөз деген түрлөргө бөлүнүп, улуттук рухий баалуулуктардын системасын түзөт да алар **насаат** иретинде көркөм жалпыланат. **Ак** сөз – эл бир туунун алдына баш кошуп, ынтымагы ырыска шерик болуп турганда айтылат. Бүтүндөй улут бир максатка умтулуп, журт башына, так ээсине, кол башчыга амандык тилейт. Аларды алга сүрөп, жеке кызыкчылыктан кечип, Мекен, Ата Журт ыйыктыгын кастарлаган рухий күчкө ээ болгондо, калыстык ар бир атуулдун карманган жобосуна айланат. Эгер ак сөз айтылбай, калыстык бузулса, эл ичин **ала** сөз аралайт. Бийлик талашуу, жол талашуунун кесепети эл ынтымагын ыдыратып, бир туунун астында бириге албай калат. Жазуучунун ишениминде **ала сөз** улуттук трагедияны жаратат. Улутту андай абалга жеткирбөөнүн жобо-эрежери урпактын адеп-

[1] Көк асаба. – 233-б.

ахлагын тарбиялоочу жаман сөз, арам сөз, бөтөн сөздө камтылган. **Жаман сөз** - **ушак айтууну** айыптоочу эреже. Эл ичине бүлүк салган ушакчынын биринчи жазасы анын **эрдин** кесүү; эгер бийлик ээлери: ажону, абону, баатырды, канды, бекти, кол башчыны ушактаса экинчи жаза колдонулуп, **ушакчынын тили** (астын сызган биз - К.Ү.) кесилет.

**Арам сөз** – жоого сатылган, чыккынчыны айыптоочу жобо. Киши уулу жасаган кылмыштын барып турган арамы мекендин ыйыктыгын сезбей, жоого сатылган адамга эл чыгарган өкүм: "...ушу арам ишти иштеген киши мууздалсын. Онун ата-энеси, ага-тууганы тогуздап айып тартып, өз эл-журтунун алдында кул-күң болур!

Ууруну айыптоочу **бөтөн сөз,** кишинин улуулугун сездирүүчү **ыйык сөз** жалпы адамзаттын жашоосундагы түбөлүктүү адеп проблемаларына болгон кыргыз элинин көз карашын чагылдырса, улуттук этнопедагогикалык маданий жетишкендик катары бааланууучу **ата-энени** сыйлоо, **улууну** сыйлоо, **Мекенди** ыйык эсептөө сапаттарына автор **"Үч сөз"** наамын берген. Ал тарыхтын **кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси** сыяктуу. Автордун ишениминде бабалардын бул мыйзам эрежесин сактоо үчүн ар бир урпак уруу аксакалдарынын алдында тизе бүгүп чөгөлөп туруп ант берүүгө тийиш: *"Мен ушул уруунун баласы "Үч сөз" талабын унутсам, мени журтумдун тузу урсун! Мени арам тукум катарында араңардан бөлүп, сатсаңар пул болоюн. Өлтүрсөңөр кунсуз болоюн! О, тузу ыйык журтум, силерге кулдук! Кулдук! Кулдук!"*[1]

Даркан жазуучунун көкүрөк дилинен жаралган "Улуу сөзү" улуттун рухий баалуулугу катары көөнө тарыхый доор менен бүгүнкү күндү байланыштыруу касиетине ээ. Ал бүгүн да улуттук идеологиянын көрөңгөсү боло алат. "Көк асаба" романынын улуттук адабияттын тарыхындагы орду, биздин пикирибизде, ушул касиети менен баалануууга тийиш.

[1] Көк асаба. – 259-б.

## § 3. Тарыхый-биографиялык романдын жанрдык табияты

Илимий билимдердин интеграциясы менен бир эле мезгилдеги анын дифференциясы **тарыхый-биографиялык** аталчу чыгармаларга да өз таасирин тийгизгени байкалат. Натыйжада тарыхый-биографиялык чыгармалардагы **жанрдык диффузия** анын жаңы модификациясын пайда кылды. Типологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен аныкталган, бирок азырынча жанрдык чеги өтө так ажыратыла элек, тарыхый романистиканын дагы бир "эстетикалык формуласы" (Ю.В.Стенник) **тарыхый-очерктик роман** аталат. Генетикалык жактан тарыхый-реалисттик романдын бир бутагы эсептелген тарыхый-очерктик романдар дүйнөлүк адабият алкагында алганда да адабият таанууга келген салыштырмалуу жаңы кубулуштардан. Орус адабиятында мындай чыгарманын бийиктиги катары В.Шишковдун "Емельян Пугачев" тарыхый романы таанылган.

Кыргыз прозасында 60-жылдары адабий процессте "мода" болгон тарыхый өмүр баян жана тарыхый-революциялык темада жазылган романдар (караңыз: иштин биринчи бөлүмү, § 2.) бүгүнкү күндүн эстетикалык керектүүлүгүн канааттандыра албай, мезгил сынына туруштук бербей калды. Алар азыр окурмандардын суроо-талабына ээ эмес.

Биринчиден, көркөм ойломдун идеологиялык ориентир чегинде тушалышынан улуттук көркөм ойломдун өзүнүн табигый мыйзамченемдеринен ажырап жасалма мүнөзгө ээ болушу;

Экинчиден, баяндоодогу турмуш-тиричилик көрүнүштөрүнүн өтө жупуну баяндалышы (бытовизм);

Үчүнчүдөн, негизги каарманды идеализациялоо, терс каарманды бир жактуу сүрөттөө тарыхый инсандын экинчи өмүрүн камсыз кыла алган жок. Ошондуктан изилдөөчү Б.Я.Толмачев өзүнүн 1994-жылы корголгон докторлук диссертациясында тарыхый-биографиялык романга эмгек каармандары жөнүндөгү романдарды кошпой, А.Токомбаевдин бүтпөгөнүнө карабай, "Токтогул" романын М.Ауэзовдун "Абай жолу", Айбектин "Навои"

чыгармаларынын катарына коюушу бекеринен эмес. Албетте, тарыхый өмүр баян романдар менен тарыхый романдардын "бири-бирине сиңип"[1] кеткен жанрдык диффузиясы менен да эсептешүүгө туура келет. Ал эми биографиялык романдарда очерк жанрынын элементтери болушу да табигый нерсе. Анткени өмүр баянга таандык документалдуулук, конкреттүү фактылар өз таасирин тийгизет. Убагында белгилүү окумуштуу С. Жигитовдун М.Элебаевдин "Узак жол" чыгармасын **очерк** аташынын илимий негизи да ушул маселеге келип такалат. Дүйнөлүк адабиятта илимий-техникалык прогресс таасирин тийгизген "ийилчээк" (М.Бахтин) романдын бул жанрдык модификациясы кыргыз прозасында 1990-жылдардан кийин пайда болгону байкалат. Албетте, ар кандай жаңы эстетикалык кубулуштун пайда болушун шарттаган коомдук-тарыхый өбөлгөлөр болот. Кыргыз прозасында тарыхый-очерктик романдын пайда болушуна кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн таанылышы менен улуттук тарых, тарыхый инсандарга болгон көз караштын өзгөрүшү, натыйжада **тарыхый очерк**[2] жанрынын активдешүүсү түздөн-түз таасирин тийгизди.

Тарыхый-очерктик романдар өз ичине автобиографиялык, биографиялык, мемуар, эссе формаларын камтыйт. Айталы, Т.Сыдыкбеков өзү роман атаган "Жол" (1982) аттуу чыгармасында баяндалган автобиографиялык факты материалдар "Бел-белесте" (1996) улантылды. Аталган чыгармалардын жанры боюнча пикирлер ар түрдүү. "Жол" көпчүлүк илимий адабияттарда биографиялык роман аталса, аны белгилүү сынчы К.Даутов **биографиялык эскерме баян**[3] атады. "Бел-белеске"[4] роман-эссе статусу берилип жүрөт. Биздин пикирибизде, аталган чыгармаларда автобиографиялык жана мемуардык чыгармага таандык жанрдык белгилер аралашып калгандай.

---

[1]караңыз: Биографическая проза: Границы вымысла // Литературная газета, 1986, 24 декабря.
[2] Жусупов К. Барсбек каган: Тарыхый очерк. – Б.:Учкун, 2003; Койчиев А. Мухаммед-Кыргыз (Тагай-бий): Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2003; Кызаев А. Атаке баатыр: Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2003; Бейшеналиев Ш. Тайлак баатыр: Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2003; Токтоналиев Ж. Ормон хан : Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2003; Өмүрзакова Т. Алымбек датка: Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2003; Курманжан датка: Тарыхый очерк. – Б.:Учкун, 2003; Осмонов Ө. Манап бий деген ким болгон? "Манапчылык" деген эмне?: Тарыхый очерк. – Б., 2003; Муратов А. Рахманкул хан: Тарыхый очерк. . – Б.:Учкун, 2004.
[3] Даутов К. Түркүн дүйнө элестеринен. – Б.:Бийиктик, 2005. – 178-б.
[4] Мусаев А.И. Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары: филол. илим. д-ру... Дис. – Б., 2002. – 68-б.; Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б., 2004. – 443-б.

## §3.1. Тарыхый инсан жана мезгил байланышы С.Станалиевдин "Касым Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы" романында

Романга жазылган аннотацияда ал "...орошон окумуштуу, таланттуу акын, таасын драматург, кыргыз элинин тунгуч профессору Касым Тыныстановдун... өкүнүч менен өксүүдө өткөн өмүрү **тарыхый-биографиялык** (астын сызган – К.Ү.) жана документтик материалдардын негизинде көркөм-иликтөөгө алган"[1] чыгарма катары автор анын жанрын өзү аныктагандай баа берилген. Биздин пикирибизде, бул аннотация чыгарманын эстетикалык наркын толук баалоого жетишсиз. Анткени романда автор элесин таамай тарткан мезгил окуясы *"...ордону бузуп, ойроттун күлүн сапырган, калк башына кара кайгы түшүрүп, калк карегине күйүт чогун кактаткан кандуу кез 37-жыл аталып, тарыхка таамай сайылган канжар"* – коогалаңдуу тарыхый доор **романдык мазмунду** түзөт. Бул доор К.Сактановдун "Маркумдар үнү" чыгармасынын да көркөм аңдоо объектиси экендигин адабий коомчулук жакшы билет. Ал эмес чыгарманын кошумча аты – "Сталиндин заманы". Белгилүү сүрөтчү Г.Айтиевдин өмүр жолун баяндоодон башталган бул чыгарма анын улам бир замандашын: Б.Данияров, К.К.Юдахин, К.Тыныстанов, А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөмбаев, К.Маликов, Т.Сыдыкбеков, А.Осмонов, Т.Шамшиев ж.б. тарыхый инсандарды кошуп олтуруп, натыйжада тарыхый да, биографиялык да жанрдын талаптарына жооп бере албай, көп кыргыз романдары кайталаган кемчилик – тек гана **информациянын** айлампасында калды. Чыгармадагы көркөм синтездин жетишсиздигинен, "Маркумдар үнүнө" адабий сында : "...режимдин курмандыктарын сүрөттөө, бул жөн эле чүмбөт, жасалга-камуфляж , а туурасын айтсак, мезгилдин талабына карата жасалган спекулятивдик аракет"[2] – деген кескин пикир айтылды. Чынында да, "Маркумдар үнүндө" актуалдуу тема, масштабдуу мезгил, атактуу тарыхый инсандар тарыхый роман деңгээлин

---

[1] Станалиев С. Касым Тыныстанов:Чагылгандын көз жашы. – Б.:Мамл.ти. ж-а энциклопедия борбору, 2001. 4-б.

[2] Асаналиев К. Социалисттик реализм доорунан кийин ... Биринчи макала: Көчкөндө сак бол. // Кутбилим, 1996, 23- ноябрь. – 2 б.

камсыз кыла алган жок. Анткени тарыхый доордун жүзү ачылбай, автордук позиция ачык көрүнбөй, романдын идеялык-проблематикасындагы көркөм логика бүдөмүк калган эле. Бактыга жараша, бул тарыхый доор С.Станалиевдин "Касым Тыныстанов" романында терең психологизм менен көркөм аңдоого алынды.

Автор романга объект болгон мезгил менен чектелбейт. Тарыхый романдын табиятына ылайык, **доор катмарлары** тууралуу ретроспекциялык ыкма менен берилген тарыхый окуялар: болжолу 1882-жылга таандык кыргыздардын туулуп өскөн жеринен тирүүлөй ажыроо тагдыры, ошондо Кытай тарапта калган Бүбүсалтанатханум **санжырасы**, калмак доору кыйнаган "кыргыз Ысар, Гөлөпкө, кайың саап, караган минген казак Букарга чейин качып кирген мезгилден, кийинки Кенесары, Норузбайдын кыргыздарга жасаган чабуулуна чейинки Базаркулдун санжыра баяны, *Касымдын ата-теги* – Маркатай балдары, *Аалынын ата-теги* – Шербото баатыр жөнүндөгү санжыра, 16-жылды элестеткен "*ыйлабай айтып бере алгыс армандан бүткөн асыл сөз*" Ысак Шайбековдун "Кайран элин ырдаган" ырчылар тууралуу маалыматтар, Устабайдын Каражал карышкыр тууралуу баяны – баары негизги идеяны тереңдетүүгө шыкак берип, романга таандык "идеялардын чынжырын" (Л.Толстой) түзүп турат.

Тыныстан "дүйнөнү жалгыз бийлеп тургандай" кумарлана айтчу "Жаңыл Мырза" уламышы, "Жаңыл Мырза кошогу" сыяктуу сюжеттик мотивдер, Касымдын ар бир сурактан кийин өлүү менен тирүүнүн ортосунда жатканда көргөн *түштөрү*, жөөлүгөндө аң-сезимин ээлеп алчу элестер аркылуу автор тарыхый доордун инсан тагдырына алып келген трагедиясын таамай чагылдырган.

Улуттун эстен кеткис тарыхый доорун көркөм иликтөөгө алган чыгарма бир эле адамдын биографиясы эмес. Албетте, Касым Тыныстанов автордун көркөм иликтөөнү максат кылган негизги субъектиси. Кыргыздын улуттук тагдырына апаат алып келген бир мезгилдин айыпсыз адам курмандыктарынын ичинен, Касым Тыныстанов тандалган соң, көркөм чыгармачылыктын

табигый мыйзамына ылайык, автордун өз каарманына “боор тартуу” сезимин эч кандай күч жокко чыгара албайт. Инсандын жеке тагдыр таржымалын иликтөөгө алган көркөм чыгармачылыктын тарыхында дайыма *“...тандалган инсан авторго жакын болгон, экөөнүн көз караш, мүнөз, жеке адамдык сапаттарында окшоштук болууга тийиш. Ошол эле учурда тандалган инсан авторго оңой эле таанылып бербейт, калемгерден аябагандай көп маалыматка ээ болууну, өзүнө чын-дилден берилүүнү жана чымырканган түйшүктүү эмгекти талап кылат”*[1].

Чыгармачылык изденүү процессинде инсандын тагдыр-таржымалына байланыштуу маалымат казынасы объективдүү түрдө чыгарманын сюжеттик өнүгүү логикасын кеңейтип, жеке тагдыр эмес, бүтүндөй бир тарыхый доордун жүзүн ачып, анын көркөм интерпретациясына айланышы мүмкүн. Буга күбө болуучу орус адабиятында А.Толстойдун “Петр I”, В.Шишковдун “Емельян Пугачев”, казак адабиятында М. Ауэзовдун “Абай жолу”, өзбек адабиятында А.Якубовдун “Улугбектин казынасы” чыгармалары сыяктуу эле С.Станалиевдин “Касым Тыныстанов” романы да жеке инсандын өмүр таржымалы менен чектелбейт. Кыргыз тарыхында жаңы пайда болгон өзүнчө бир доордогу идеологиянын адамдардын психологиясына тийгизген таасири, интеллектуалдык калыптануунун ички карама-каршылыктары, акыр аягында улуттук трагедияга алып келген айыпсыз куугунтуктар жалаң бир адамдын өмүр таржымалы эмес экендиги ашыкча далилдөөнү талап кылбайт.

Романдын сюжеттик коллизиясын түзүүчү К.Тыныстанов менен А.Токомбаевдин ортосундагы карама-каршылыктын сөөккө өткөн, кайрылгыс **“карышкыр кастыкка”** чейин өсүп жеткен эволюциясында экөөнөн башка да адам тагдырлары бар. Тарыхый өнүгүүнүн бир баскычында жаңы көз караштардын келишпестиги илим менен саясаттын “кайнаса каны кошулбаган” бирин бири тануу мыйзамына ылайык изилденет. Эки адамдын келишпестигинен улам мезгилдин бир мууну жаатташкан эки топко бөлүнүп эле тим болбой, алардын келишпестигинин улам курчушуна ар кимиси “өз

[1] Бальдыш Г. В зеркале души // Литературная газета, 1986, 24 декабря, №52. – С.3.

салымын” кошуп олтурат. Улуттук маданиятта оор салмагы бар бул эки инсандын ар бириндеги жеке артыкчылыкты автор (өзүнө чейинки биографиялык романдарга мүнөздүү кемчилик – тарыхый инсандарды идеализациялоо, ага кошумча сапаттарды ыйгаруу сыяктуу каарманга ашкере берилүүнү кайталабай) объективдүү түрдө бирдей таразалап, алардын ар биринин жеке өзгөчөлүктөрүн ачык айтууга батынган. Натыйжада бул эки инсандын айыгышкан, келишпес көз караштары бири-бирине бирикпеген эки “аралга” жайгашат. Бири – илимий, экинчиси – саясий көз караш. Адегенде Аалынын “Ленин тууралуу” жыйнагына биринчи сын айткан Касым: “Бул же кошок, же жоктоо ыры эмес. Арабөк турат, – десе:

- Саясий маселеге андай мамиле кылууга болбойт, – деди Аалы жай гана”.

Жай гана башталган ушул кайым айтышуу айыкпаган жарадай ырбап олтуруп, аягы *“уламдан улам өрт болуп, уламдан улам алоо жалын салып, аптабы адам өмүрүн сурап”* калган кастыктын маңызын жазуучу кыргыз коомуна 20-30-жылдары мезгил алып келген эки жаңы кубулуш: илим менен саясаттын объективдүү диалектикасынан гана издөө менен чектелбей, анын субъективдүү кыртышына сүңгүп кирип, Аалы менен Касымдын ата тегине аңтара баам салган. Көрсө, Аалынын карышкыр мүнөз көктүгү баатыр Шербото чоң атасынан бери сөөгүнө сиңген мүнөз экен. “Бул анын... эне сүтү менен кошо жаралып, балалык мүнөзү аркылуу бойго тарап, канга сиңген кадимки эле адамдык мүнөзү... көкташтай бекем көктүгү, каршы алганынан кайра тартпаган кабылан мүнөздүүлүгү, оңутуна келтирип карышкыр качырыш салганы, каарына алып каман чалыш кылганы чогулуп туруп бир келет, келгенде да кемели чыгып, келбети жарык Күн болуп келет”[1].

Өзгөчө адамдык мүнөз Касымда да жетиштүү болчу. “Касымдын көктүгү да, беттегенинен кайтпаган кабылан мүнөз өктөмдүгү да бар эле. Анан ошого жараша алпейим боорукердиги, айкөлдүгү, оңой менен серпилбеген эрендиги, сабырдуулугу жакындарына, аны билгендерге алымдуу кылып турчу”.[2]

[1] Касым Тыныстанов:Чагылгандын көз жашы. – 247-б.
[2] Ошондо, - 83-б.

Көктүк экөөндөгү жалпы сапат болгону менен Касымдагы алпейим боорукердик, айкөлдүктүн Аалыда жоктугу сюжеттик окуяны чиелентип олтурат. “Ленин тууралу” аза ырын көркөмдүгү начар чыгарма катары 1925-жылы рецензия жазып, каарына калган Касымга Аалы кезеги келгенде 1933-жылы 17-июнда ВКП (б) Кыргыз обкомунун VII пленумунда “буктурмадан буурул ат минип, Касымдын колуна кишен, бутуна капкан чабылган кезде, моюнуна билинбей кыл чылбыр салынган кезде *Чалкар* болуп чалкалап, *Балка* болуп талкалап чыкты..., анын ...“Жаңыл Мырзасы” менен “Академия кечелерин” бай-манапчыл идеяга ашкере бөлөнгөн, эски турмушту көксөгөн чыгармалар катары каралап чыкты”. Ушундан баштап эки адамдын ички таарынычы “кек алмай кесепетке” айланганда, бул карама-каршылыкты улам май куйган өрттөй тутантып турган “саясий оюн” болбосо, “партияны жат идеялардан тазалоо” деген идеологиялык саясат болбосо, партиянын “бөрк ал десе баш алган”, саясий оюндардын манкурттарына айланган НКВД желдеттери болбосо, кыргыздын Тойчунов сыяктуу бaканооздору болбосо Аалынын күнү тууп, Тыныстановдун “тынчтыгы талкаланат”беле, жок беле?! Тарыхый доор алып келген мындай апаат үчүн кимисин күнөөлөй алабыз? Узак мезгил тарых көкташтай мелтейип жооп бербеген, берилчү жообу кыргыздын улуттук намызын туу туткан кырчын өмүрлөрдүн канына сугарылган бул суроо – романдын негизги проблематикасы.

Романда Касым Тыныстановдун жеке тагдыры кароолго алынганы менен анын тагдыр трагедиясын жараткан мезгил менен кошо бир нече тарыхый инсандын өмүр таржымалы көркөм аңдоого алынып, алардын мүнөзү ачылган. Бир доордо аренага келген бир муундун көркөм образы түзүлгөн; натыйжада романдын мазмуну, анын мезгил жана мейкиндик масштабы тарыхый-биографиялык жанрдын табиятына ылайык бир адам тагдырынан алда канча кенен жана терең. К.Тыныстановдон кем эмес деңгээлде А.Токомбаевдин, С.Карачевдин, Е.Поливановдун, Ю.Абдырахмановдордун өмүр таржымалы, тагдыры, ишмердүүлүгү таамай сүрөттөлөт. Касым менен болгон мамиледе көз караштары ачыкка чыккан Т.Жолдошев, З.Бектенов, Т.Жакишев, М.Элебаев,

Ж.Турусбеков, Ш.Көкөнов, Ы.Тойчуновдорду эске албаганда да, Б.Исакеев, К.Юдахин, И.Арабаев, М.Жумабаев, О.Алиев, М.Дөгдүровдун кайталангыс образдары окурманга таасын элес калтырат. Андан сырткары реалдуу турмушта жашаган партиялык кызматкерлер, НКВД өкүлдөрү, тергөөчүлөр сюжеттин активдүү каарманы деңгээлине көтөрүлгөн. Чыгармага катышкан тарыхый инсандардын көптүгүн коштогон документалдуулук жыштыгы очерктин табиятына таандык баяндоо ыкмасын талап кылган.

Экинчиден, романдагы мезгил идеологиясы бир гана кыргыз элинин улуттук көйгөйү эмес, бүтүндөй союздук аталчу масштабдагы проблема болгондуктан, чыгармадагы мейкиндик да бир инсандын биографиясына таандык чекти бузуп, масштабын кеңейткен. Ташкендеги курбалдаш тарыхый инсандардын тагдыр байланышынан башка да ошол мезгилде билим алуунун, дүйнөтаануунун интеграциялык биримдигин пайда кылган тарыхый доордун мүнөзүнө жараша Москва, Ленинград, Азербайжанда болгон расмий форумдар тууралуу кеңири сөз болот. Буга чейин бири-биринен оолак жашаган чыгыш менен европанын рухий нормаларынын бири-бирине сиңүү кыйынчылыктары, алардын ортосундагы карама-каршылыктар романдын жашырын интригасын түзөт.

Үчүнчүдөн, романдын документалдык негизин түзүүчү архивдик материалдар жалаң кыргыз интеллигенциясына таандык эмес. Расмий конференция, партиялык бюро, пленум, съезд материалдары, тергөө токтомдору бир адамдын, жеке бир улуттун да тагдыры эмес, коомдук системанын өзгөрүшү менен шартталган бүтүндөй чоң державанын тагдыр-трагедиясы. Чыгарманын ушундай артыкчылыгы аны **тарыхый-очерктик роман** атоого мүмкүндүк берет. Бул пикирди тарыхый-очерктик романдын жанрдык типологиясына жараша талдап көрөлү.

1. Башка тарыхый романдарга караганда тарыхый-очерктик романдарда **илимий маалыматтар** көбүрөөк колдонулат. Автордун иш талаасы изилдөө менен баяндоонун синтезинен турат. Ушул көз караштан алып караганда, С.Станалиев чынында эле илимий эмгектин табиятына таандык нар көтөргүс

изилдөө жумушун аткарган. Сюжеттик коллизияны түзгөн каармандардын рухий таймашында Касымдын өз оппонентинен артыкчылыгы – илимий билиминин тереңдиги тарых тана алгыс деңгээлде экендигин далилдөө үчүн автордун изилдөөчүлүк жолду тандап алышын чыгарманын ички идеялык логикасы гана эмес, тарыхый чындыктын табиятына таандык өзгөчөлүк болуп эсептелет. Ушул чындыктын түбүнө жетүү үчүн автор кайталангыс илимий жөндөмдүүлүккө ээ болгон тарыхый инсандар К.Тыныстанов менен Е.Поливановдун тагдыр трагедиясын ассоциациялык параллелизм менен талдоого жетишкен. Алардын тил илиминдеги көз караштарын, позициясын аныктоо үчүн илимий конференция, талкуулардын материалдарын өздөштүрүүгө туура келгендигин байкоо кыйын эмес. Автор окумуштуулардын көз караштарындагы карама-каршылыктын түпкү тамырын кыргыз коому менен чектебей, тереңден издеп, аны таба алган. Кылым тогошкон, доор алмашкан, коом өзгөргөн мезгилдеги бири-бири менен бетме-бет кезикчү жоголуу менен жаралуунун айыгышкан диалектикалык күрөшүнөн келип чыгуучу анын табигыйлыгын  таанып-билген. Бул окумуштуулар Н.Я.Марр менен Е.Д.Поливановдун лингивистикалык көз караштарындагы келишпес кайчы илимий логика эле. Окумуштуунун биринчиси тил илиминин байлыгы деп дүйнөлүк тилдердин жалпылыгын түшүнсө, экинчиси ар бир эне тилдин жекелигин эсептеген. Бири-бирине теңирден тескери турган мындай көз караштардын таймашын анализдөө үчүн романда илимге таандык метод менен “Маррдын яветикалык теориясына” аныктама берилип, мындай илимий жактан негизделбеген  тил жөнүндөгү жаңы окууга каршы чыккан Е.Д.Поливановдун Москвада 1929-жылы 4-февралда Илимий Академиянын Тил, адабият жана искусство секциясында “Марксисттик тил таануу илиминин проблемалары жана яфетологиялык теория” аттуу темадагы  илимий докладынын  мазмуну баяндалат. “Тил илиминдеги жаңы ачылыш” аталган Н.Я.Маррдын теориясын сындоо менен  40тан ашык тил билген уникалдуу окумуштуунун саясий куугунтукка алышын далилдеген “Вечерняя Москва” гезитине жарыяланган илимий мүнөздөгү саясатташкан макалалар менен автордун таанышуусу ага

**кылым түйшүгү – кесепеттүү 37**-жылдын тереңден даярдалышына илимий ой жүгүртүүгө негиз түзгөн. Ушунун өзү романды автобиографиялык чыгарманын алкагынан чыгарып, анын идеялык-проблематикасын көбөйтүп олтурат. Анткени кайчы пикирлердин күрөшү жеке окумуштуулардын эле маселеси эмес, андан чоң, андан терең тарыхый чындыктын объективдүү мыйзамы менен шартталган, тили, дили, ишеними, дүйнөтаанымы өзгөчөлүү бир нече улуттун бир державанын **саясатына кишенделишинен** келип чыккан өтө татаал проблема болчу.

Түрк тилдүү элдердин алфавити, жазуусу, орфографиясы пикирлердин талаш отун тутантып, жаатттар ортосундагы келишпестик курчуп бараткканда Азербайжанда чыгыш таануучулардын Бүткүлсоюздук илимий ассоциациясынын демилгеси менен чакырылган, 1926-жылдын февраль-март айында Бакуда өткөн түрколог окмуштуулардын Бүткүлсоюздук 1-съездинин тарыхый маанисин жазуучу ага катышкан жаш окумуштуу К.Тыныстановдун илимий көз карашы аркылуу далилдеген. Касымдын “Жаңы алфавитке өтүү жөнүндө” аталган доклады талашка чекит койгон илимий деңгээлде топ жарып, кыргыз алфавитин илимий жактан негиздеши күтпөгөн жерден ошол учурда илимий атак-даңкы ааламды дүңгүрөтүп турган ленинграддык окумуштуулар В.Бартольд, Е.Крымскийлердин назарына илиниши; жаш окумуштуунун 55 000 лексикалык бирдикти камтыган сөздүк түзүшү, анын “Кыргыз тилинин грамматикасын” алгач негиздеши, биринчилерден болуп “Кыргыз тили” окуу китебин иштеп чыккан окумуштуу экендиги тууралуу берилген маалыматтар илимий адабияттар менен да, архивдик материалдар менен да дал келет. К.Тыныстанов менен И.Арабаевдин педагогикалык ишмердүүлүгү, алардын 1917-жылы казак гезиттерине чыккан макалалары изилденген. К.Тыныстановдун тил илиминдеги фонологиялык туюму зирек сейрек жаралчу окумуштуу экендигин тастыктаган документалдык материалдардын бири Е.Поливановдун ага жазган мүнөздөмөсүнөн көрүнөт.

Ал эми тил илиминде кайталангыс ийгиликке ээ болгон чыгыш таануучу Е.Д.Поливановдун өмүр таржымалы, анын япон, кытай, корей, өзбек, дунган

тилдери боюнча салыштырма уникалдуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн адис катары илимдеги дүйнөлүк атак-даңкы тууралуу такталган маалыматтарды башка илимий адабияттардан[1] да кезиктирүүгө болот. Демек, “Касым Тыныстановдо” тарыхый-очерктик романдын жанрдык табиятына туура келүүчү биринчи белги жетиштүү.

2. “Касым Тыныстанов” романы канткенде да көркөм чыгарма. Романда негизги идеяны тереңдетүү үчүн автор тарабынан колдонулган айрым мотивдерди эске албаганда, анда ойдон жаратылган көркөм сюжеттерге караганда документалдык материалдардын салмагы көбүрөөк. Анткени менен чыгармада көркөм сөздүн поэтикалык кудурети жогорку чеберчиликте колдонулуп, автордук идеянын ажарын ачып турат.

Тарыхый чындыкты аңдап-таануунун тарыхый-очерктик жанрын тандап алуу менен автор кыргыз прозасын көркөм **стилдик жаңычылдык** менен байытты дегенге негиз бар. Анткени тарыхый-очерктик чыгармалар тарыхый романдардын башка жанрдык тибине мүнөздүү ойдон жаратылган сюжетке анчалык муктаж эмес. Романдык мезгил окуяларынын реалдуулугу, адам тагдырынын саясат оюнуна “предмет” болушун тастыктоочу тарыхый фактыларынын өжөрлүгү очерктик баяндоо стилине муктаж. С.Станалиев дал ушул чийки материалдын өзгөчөлүгүн сүрөткерлик туюмунда аяр таразалап, бардык идеяны адабий типтер менен эмес, реалдуу **каармандардын прототиптери** аркылуу берүүнү туура көргөн. **Көркөм стиль** жазуучу колдонгон салыштыруу, метафоралык каражаттар аркылуу каармандардын да, тарыхый доордун да жүзү ачылган. Романдын мындай касиетин сынчы К.Асаналиев кылдат баамдап: “...романист персонаждын, проблеманын, теманын жекече бөтөнчөлүгүнө накта туура келген сөз интонациясын, стилдик кубулушту жарата билиши эң алгачкы көркөмдүк зарылдык экени талашсыз чындык. Ушул ыңгайдан караганда С.Станалиев сөздү ичкериден сезген, сөздү так өз ордунда, так өз мазмунунда иштете билген чебер экени, Касым

[1] караңыз: Поливанов Е.Д. –К-те:Советский Энциклопедический Словарь. – М.:Советская Энциклопедия,1984. – С. 1023.

Тыныстанов сыяктуу романдык персонаждын накта өзүнө дал келген сөздүн поэтикалык структурасын жарата билген стилист экени эч кимди кайдыгер калтырбайт. Менин оюмча, бул романдын бийик көркөмдүк мартабасы дал ушул сөздүк-структуралык системага негизделген"[1] – деп, таамай аныктаган экен.

Романдын структурасында системалуу түрдө кайталанып туруучу, окурмандын эмоциясын таштай түйүлтүп, көңүлүнө бүлүк салган эки метафоралык көркөм каражат бар. Анын бири – Касым олтурган түрмөнүн камерасындагы күнү-түнү өчпөгөн, *"как чокусуна канжардын албарс мизи болуп сайылган ...лампочканын жыландай муздак жарыгы"*, экинчиси – ошол камеранын темирлери карайып бүткөн чатыраш темир менен тордолгон терезе тушунда дайыма *"...жылан соруп жаткансып жан-алы калбай, безеленип сайрачу ...сайраганда да жүлүнгө сайып, жүрөктү тилип, тирүү жан чыдап туралгыстай безенип сайрап жиберчү"* чымчык. Касымда да эки эңсөө бар. Бири – түрмөнүн темир менен тордолгон кир терезесинен чымчыктын шумдуктуу *"чок баскандай безеленген"* үнүн угат да, анын караанын көрө албай, *"бир көрсөм болот эле"* деген эңсөө, экинчиси – *"көк желкесине чагылгандын огу болуп сайылган, ...жыландай муздак жарыгы менен жабыркаган жанын кыйнап бүткөн"* лампочка жарыгынан кутулуп, *"караңгылык каралдым"* – деп, *"жылдызы качкан жым-жырт түн болгонду"* эңсөө. Дайыма НКВДнын кезектеги сурагына баратканда, же сурактан келип, жабылган жалаага чычаладай күйүп түтөгөн, "чындыктын чыркыраган жетиминдей" дабасы жок дил оорусу жанын кыйнаганда ушул метафоралык эки көркөм каражат кайталанат. Сурак токтогондо, мындай кайталоо да токтойт. Сурак менен коштолгон ушул эки азаптан Касымды куткаруучу бир гана дабасы бар эле. Ал өткөн күндөрдү эске түшүрүү менен өзүн өзү алаксытып, *"өзүн өзү кыялында эркиндикке чыгарат"* да, бул эки азаптын бирин укпай калуу, экинчисин сезбей калуу фонунда романдын бүтүндөй сюжети баяндалат. Демек, бул эки нерсеге каарман **ой токтотсо, романда**

[1] Асаналиев К. Азыркы психологиялык роман // Кыргызстан маданияты, 2007, №8, сентябрь, 4-б.

**кыймыл жок.** Натыйжада, чымчык менен лампочка жарыгын каарман **жээригенде** кыймыл башталат. Парадоксалдуу көркөм ыкма! Метафоралык каражаттар романдагы сюжеттин кыймылдаткыч күчү эмес, анын тушоосу, кишени болуп туруп, ага адам күтпөгөн кыймыл берет. Адабий салттагы жарык менен чымчыктын поэтикалык функциясы да алмашкан. Кыргыз элинин этнопсихологиясында караңгылыкка чачкан ак шооласы менен "шам" аталчу жарык бул романда каармандын дилин тазартпай, тескерисинче, "*чакчыгайдай чакчыйып... мээшишик маңкурт азабы эс-акылын өлтүрүп, маңакылын кайра жараткан жаналгыч болот*". Чымчык болсо адаттагыдай адамдын көңүл кушун көкөлөтпөй, "*чок баскансып, ажыдаар кыскансып, таң бейпилин бузат*". Автор поэтикалык көркөм наркын теңирден тескери иштеп чыгып, романдын структурасына киргизген бул метафоралык системанын эстетикалык функциясын кандайча түшүндүрүүгө болот? С.Станалиев анын түпкү тамырын тарыхый доордун өзүнөн издейт. Аны тапканда да өтө таамай, эстетикалык кылдат туюму менен жаңы стилдик табылга аркылуу тапкан. "*Жарыгы жыландын уусуна тете лампочка жарыгы*" буурул таң алып келген жаратылыштын табигий ак шооласы эмес. Анын жарыгы – адамдар ойлоп тапкан жарык – адамдар коому жараткан **саясат,** анын адилетсиз саясий куугунтугу. Автор эстетикалык роль берген лампочка жарыгы адам эмгегин чычаладай күйгүзүп, дилин чыркырата кыйнаган илим менен искусствону ашыкча саясатташтыруунун азабы алып келген метафоралык каймана көрүнүш. Ал эми "*жүлүнгө сайып, жүрөктү мыкчып, тирүү жан чыдап туралгыстай сайраган чымчык*" – **ак жеринен** жалаага кабылган, айыпсыз кордолгон адам өмүрүнүн чыркыраган дил кайрыгы. Адам көтөрө алгыс мындай кылым түйшүгүнүн салмагын да жазуучу ушундай эле стилдик кайталоо аркылуу берген. "*Арыктап бүтүп, ач арбак болгон бир караан эч ким укпас, жанындай көргөн жан адам да байкабас арман-муңун бүтүндөй тулку-боюна уютулган коргошун кылып чөгөрүп, анысын араңдан зорго көтөрүп, далай бороон-чапкынды айла жок баштан өткөргөн куу арчанын жалама аскада калган бир кулач тамырындай ...дилинде тынбай какшанып күйүп*

*олтурду”* – деген кайталоодон кийин улам бир тарыхый окуяга баяндоо кезеги келет.

Автор көркөм сөздүн кудуреттүү күчүн эки жагдайда чебер пайдалануу менен “Репрессия” аталган каргашалуу 30 – жылдардын жүзүн ачууга жетишкен. Анын бири – 37 – жылга берилген мүнөздөмө: “...*кылым тарыхында атын атоого жүрөк даабаган мындай кайгылуу иш бир адамдын эмес, бир уруунун же бир айылдын элинин эс-зээнине так салып, көңүлүн көзөп, көкөйүнө көк таш болуп уюган, кулагына эриген коргошун болуп куюлган, атынан жүрөк ыйлаган, затынан сай-сөөк сыздаган окуяны камтыган эчен жылдар болгондур, бирок мындай кеңирсиген кең өлкөнүн калкын, түптүү журтун түбү менен тукумкурут кыла жаздаган, зили заркакшатма кан ичмей мезгил асты болгон эместир”.*

Мезгилдин адам баласына көрсөткөн азабы чыгармада бир кишинин мисалында, Касым Тыныстановго жабылган жалааны тергөө процесси аркылуу көркөм жалпыланат. Сөз кунун кымбат баалаган жазуучу тергөөнү да майдалап олтурбайт, ага арналган эки-үч эпизод, чынында эле, 37-жыл адам курмандыгына сугарылган тарыхтын карамүртөс кара тагы экенине окурманды толук ынандырып, жүрөгүн каната, сезимин кайрап салат. Көздөрү “*көк муздай*”, “*көзүнөн жылан көрүнгөн*” деген көркөм сөз каражаттарынын түрлөрү аркылуу тергөөчүлөрдүн ичинен Смирнов менен Ивановдун образында баягы мээге сайылган лампочканын жарыгындай күндө уккан саясатка сокур ишенген, анын мээшишик манкурттары гана эмес, маңакылы сезимин жоготкон НКВДнын жырткыч желдеттери сүрөттөлгөн. Ар бир сурагында жалган жалаанын азабын адам көтөрө алгыс туюнтмасы болгон “*Айыпкер Тыныстанов*”, *кылмышкер Тыныстанов*” деген адилетсиз терс маанидеги сөздөрдү да ыраа көрбөй, “*248-номерлүү душман*”, “248” деп айкырып, каалаган суроосуна жооп ала албаган соң, учук оорусу кабылдап, ач арбактай арыктап бүткөн Касымды айбан чыдагыс абалга чейин сабап, эс-учунан тандырып, анан ырахат алчу. Ал эми тергөө психологиясын мыкты билген Ю.В.Дементьев Касымды камерага “жумшак түртүп” киргизип,

“жардам бергиси келген камкор” көрүнгөнү менен тиги экөөнөн коркунучтуу. “Айыпкер Тыныстановдун” дайынын Оренбургдан, казак, татар, башкырт уюмунун кылмыштуу ишин ачканда уккан, кыргыздын биринчи кызыл профессорунун тагдырына кызыккан” Дементьев Касымдын жети атасы эле эмес, анын кайнатасы Зуннахундун  “социал-туран партиясынын шпиону” экенин билет; кыскасы “айыпкердин” бүт өмүрүндөгү кыймылын жаттап алган.

Чыгармаларың, окуу китебиң Социал-туран партиясына кызмат кылат – деп, элиме кызмат кылсам деп, *“оттой улук, суудай тунук”*  ой баккан асыл жандын зээнин аесуз акыйкатсыздык менен эзип кейитет. “Кыргызстанды өзүнчө бөлүп кетебиз деп уюшкандардын аксакалы А.Орозбековдун, А.Сыдыковдун союзга кылган “кыянатчылыгын”, Республикасын гана гүлдөтмөк болгон Ю.Абдырахманов, Б.Исакеев, Т.Айтматовдор эл душманы катары жазасын алганын; пантүркизм, исламизм идеясына берилген О.Алиев, Х.Жээнбаев, Б.Данияров, И.Арабаев, С.Карачев, Т.Байжиев, Х.Карасаев, З.Бектенов мамлекеттик кылмыштарын мойнуна алгандыгын саймедиреп, күнөөңдү мойнуңа ал – деп кыйнайт. С.Станалиев өз ордунда колдонгон көркөм сөздүн керемет сыйкыры менен берген  сурак тергөөсүнө берген мүнөздөмөсү 37-жылдын “чын-төгүнүн териштирүүгө тирүүнүн түбөлүк акысы жоктой”, каармандын эле эмес, окурмандын дилин күйгүзүп жиберет. Демк, жазуучу тарыхый чындыкты аңдоого “ойдон жаралган сюжеттер” (В.Оскоцский) аркылуу эмес, образ менен ойлоо мүмкүндүгү, сөздүн поэтикалык касиеттерин сезе билүү туюму, стилдик чыгармачылыгы аркылуу жетишкен. Бул тарыхый-очерктик чыгармага таандык экинчи белги.

3. “Касым Тыныстановдун” тарыхый-очерктик роман экендигин далилдеген акыркы жанрдык белгиси анын **прикладдык** маалымат булактарына таянгандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул да сюжетке негиз болгон тарыхый доордун мүнөзү менен аныкталуучу касиет.

XX кылымдагы кыргыз  мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу тарыхы, маданият, билим берүүнүн тарыхы, адабияттын тарыхы боюнча сакталган архивдик материалдары, 37-жылдын документтери, СССРдин саясий система

катары дүйнөлүк тарыхтагы чыныгы ордун таанып-билүү иши кийинки муун тарабынан тынымсыз изилдөөнү талап кылат. Аны менен кошо романдын персонаждары 20-30 – жылдары кыргыз маданиятын, илимин, адабиятын, агартуу ишмердүүлүгүн түптөөчүлөр үйрөнүүгө, изилдөөгө муктаж. Алардын эмгеги, ишмердиги, ысмы дайыма практикалык колдонууда. Романда образы түзүлгөн К.Тыныстанов, С.Карачев, Е.Поливанов, М.Жумабаев, И.Арабаев, Ю.Абдырахманов, А.Токомбаев, К.Юдахин, Т.Жолдошев, К.Рахматуллин ж.б. тарыхый инсандар илимий билим берүүдө түбөлүк сакталуучу ысымдар. Алар биринчи алвафитти, биринчи “Алиппени”, биринчи окуу китебин, биринчи илимий эмгектерди, биринчи адабий чыгарманы, искусствону жаратып, кыргыздын кайра жаралуу тагдырында **биринчи болуу бактысы менен азабын** баштан кечиришкен. Алардын эмгегин, ишмердигин, өмүр таржымалын изилдөө, илимий, адабий мурастарын практикада пайдалануу улам мезгил өткөн сайын масштабын кеңейтип барат. Алгач жаралган кыргыз алиппесин, тун басмасын, адабий чыгармасын, коюлган драма, спектакль, ээ болгон диплом, илимий наамды тарыхтан алып салууга мүмкүн болбогон сыяктуу К.Тыныстановдун, С.Карачевдин, Ю.Абдырахмановдун, Т.Жолдошевдин, Е.Поливановдун ж.б. романдагы тарыхый инсандардын ысмын тарыхтан эч ким өчүрө албайт. Алардын илимий, адабий, маданий мурастары мектепте, жогорку окуу жайларында, илим изилдөөдө, эмгек жазууда тынымсыз колдонулуп жаткан булактар болуп эсептелет.

Экинчиден, алар бир мезгилдин чыгаан инсандары, бир тарыхый доордун жаратмандары, бир мезгил саясатынын курмандыктары. Улам бири изилдөөгө алынганда оң жана терс мамилеси менен экинчиси өзүнөн өзү сюжетке объективдүү түрдө кошулуп, дагы далай калемгерлердин рухий кудуретин сынай берет. “Ар бир реалдуу адам изилденип бүтпөгөн субъект” болсо, “эгер кээ бир адам биографиясы толук түшүнүүгө мүмкүн болбогон, түбөлүк жазылуучу тема”[1] болсо, кыргыздын жогоруда аталган инсандарынын тагдыр-таржымалы да түбөлүк прикладдык мазмундагы материал бойдон жашай берет.

[1] караңыз: Литературная газета, 1986, 24-декабрь, №52. – С.3.

Бул тарыхый инсандардын тагдыр трагедиясын жана **биринчи болуу бактысы менен азабын** романдык деңгээлде изилдөөгө “Касым Тыныстанов: Чагылгандын көз жашы” романы биринчи чыйыр салды. Болгондо да аталган роман кыргыз прозасында тарыхый-биографиялык романдын – **тарыхый-очерктик** жаңы жанрдык модификациясын пайда кылды.

## § 3.2. Тарыхый-биографиялык романдагы чыгармачыл инсандын көркөм концепциясы

Кыргыз прозасында чыгармачыл инсандарга арналган “Ак таңдай”, “Атай”, “Болот калем” сыяктуу романдарда кыргыз өнөрүн аркалаган акындар Осмонкул Бөлөбалаев, Тоголок Молдо, комузчу жана ырчы Атай Огонбаевдин көркөм образы түзүлгөнү белгилүү. Негизинен аталган чыгармалар социалисттик реализм методун жетекчиликке алып жазылган чыгармалардын типтүү үлгүлөрү болуп саналат. Оң каарманды идеализациялоо, терс каарманды бир жактуу сүрөттөө сыяктуу көрүнүштөр мезгилге жараша бул чыгармаларга да тиешелүү болгону табигый нерсе.

Постсоветтик мезгилде дагы бир улуттук чыгармачыл инсан – Рыспай Абдыкадыровдун ырчы-обончулук ишмердүүлүгү, адамдык тагдыр-таржымалына арналган Б.Боркеевдин “Рыспай” аттуу чыгармасы, албетте, аталган чыгармалардан кескин айырмаланат. Романда жаңы жанрдык изденүүлөр байкалганына карабастан, адабий сын бул чыгармага көп деле көңүл бөлгөн жок. Буга, биринчиден, автордун буга чейин адабият майданында активдүү жазуучулардан болбогондугу, экинчиден, кийинки мезгилде элге белгилүү инсандарга арналган ар кандай мүнөздөгү чыгармалардын басмадан “эркин” чыгуу мүмкүнчүлүгү бул чыгарманы да көптүн бири эсептөөгө негиз болду көрүнөт.

Адегенде белгилеп койчу бир маселе – автор өзүнүн “Алгы сөзүндө” “роман” жана “даректүү баян” деген терминдерди аралаш колдонгондугу. Автор аталган терминдердин маанисине илимпоздун эмес, сүрөткердин көзү менен караган болуу керек. Анткени менен автор жаңы эстетикалык ачылыш

жасабаса да “Рыспай” чыгармасында кийинки мезгилде жалпы эле дүйнөлүк адабиятта романга таандык жанрлардын синкреттик багытта өнүгүү тенденциясын чагылдыра алды. Эгемендүүлүк жылдарында казак адабиятында жаралып жаткан “жанрдык кеңейүүнүн роман-аллегория, роман-сырдашуу, роман-эссе, роман-ачылыш, роман-толгоо, роман-миф, роман-диалогдордогу”[1] көрүнүшү болбосо да, аталган чыгармада ***“үч рухий башталма: Каарман, Автор, Окурмандын*** биримдиги”[2] бар. Ак дилден баарлашуу бар, автордун окурманга чын пейилден сыр төккөн чынчылдыгы бар. Ошондуктан, биздин пикирибизде, “Рыспай” объективдүү себеп менен толук бүтпөй калганына карабастан, чыгармачыл тарыхый инсандын өмүрү жана чыгармачылык ишмердүүлүгүн бир көркөм бүтүндүккө жалпылаган **биографиялык роман**. Анткени автор “биографиялык жанрдын эң баалуу табылгасы болгон уникалдуу мүмкүндүгү – чыгармачыл инсандын жеке аң-сезиминин өзгөчөлүгүн аңдоого жетишип, анын кайталангыс тагдырын кайра жараткан”[3].

Б.Боркеев өз каарманынын жеке тагдырын аңдоо үчүн анын мүнөзүндөгү **ЫЙ** менен чыгармачылыгындагы **ЫР**дын ички байланышын эриш-аркак сүрөттөйт. Көрсө, Рыспайдын ыйы тирүүлүктүн туткасы: идеал менен реалдуулуктун, ак тилек менен тагдырдын, нукура талант менен дилетанттыктын, тилектештик менен көрө албастыктын диалектикалык айыгышкан күрөшүнөн келип чыгуучу **көңүл оорусу** экен. Ал сулууга мажнун болгон махабатын билдирүүгө тили жетпей турганда, жүрөк каалоосуна тагдыры тоскоол болгондо, бир туугандарынын эң акылдуусу – 25 жашында ойрон болгон эжеси Анаркандын бозоргон бейитин көргөндө, Мазарга айткан аруу тилеги орундалбай калганда, жан-досу жашоодон эрте кеткенде, “Делбирим” деген обону ойдогудай чыкпай койгондо, махабат үчүн ааламга обон салып, Даниярдын ролун аткара албай калган арманы көңүлүн эзгенде, этегин кармап эр жеткен шакирттерин көкөлөтө сыйлап, Рыспайды көрмөксөн болгон Маданият министрлигинин “тазбайматтары” намызына тийгенде, 150

---

[1] Алтыбаева С.М. Основные тенденции развития казахской прозы периода независимости. Автореф. Дис. Д-ра филол.наук: 10.01.02. – Алматы, 2010. – С.15.
[2] Ошондо.
[3] Кумок Я. Постижение судьбы // Литературная газета, 1986, № 52, 24-декабрь. – С.3.

дөн ашык обон чыгарып, бирок композитор наамына татыбай обончу бойдон калганына зээни кейигенде, Кыргыз филармониясын, айылдык клубдарды жык-жыйма элге толтуруп, кыргыз музыкасында чоң бурулуш жасаган асыл эмгеги, кайталангыс музыкалык таланты татыктуу бааланбай, сыз үйдө асыл өмүрү кор болуп өтүп жатканын сезгенде, баарынан ачуусу – эки бөйрөгүнөн кагынган адам узакка жашай албасын улам эсине салган учук оорусу жанын кыйнаганда ***“эчкирип-эскирип ыйлап, кайра кыңылдап барып ыйын ырга айландырчу”*** (астын сызган – К.Ү.) экен.[1] Ырдан ыйга, кайра ырга айланган каармандын өмүр айлампасы – бир гана ушул ырдын **пири, генийи**, кыргыз музыкасында обондун кызыры **– РЫСПАЙДЫН биографиясы.** Анын символикалык образы Мургаптагы кыргыздарга барганда ажайып сулуу – “Айдың-Көлдү” көргөндө бир ачылат. Сулуулугун, көк кашка тунуктугун, тазалыгын баалаган жан жок, тоолордун арасында ак чардак менен туйлаган балыкка гана “жем болуп”, чалкып жаткан көкмончок көлдөн өз тагдырын көрүп, бейиттей үнсүз ээндикти жаңырта:

Сүйүүнүн күнү бүткөнсүп,
Жүрөгүм неге түңүлөт.
Келбести кектеп күткөнсүп,
Көз жашым неге төгүлөт.

– деп обон салып аягында муңкана боздойт. Б.Боркеевдин биографиялык жанрдагы ийгилиги Рыспайдын ыйы аркылуу окурманды пессимисттик маанайга чөктүрбөй, тескерисинче, анын дилин кайрап, көңүлүн тазартуу эстетикасын тартуулай алганында . Чыгарманын сюжети Рыспайдын жубайы Давлет тарабынан баяндалат. Мындай автордук методду эки фактор менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден, чынында да, Рыспай өзүнүн 53 жылдык өмүрүнүн акыркы 25 жылын – инсандык калыптануу мезгилин Давлет менен өткөргөнү анык биографиялык факт. Кыргыз музыкасына алгач “Түгөйүн” издеп келген Рыспай менен “эгиздин түгөйүндөй ээрчишип, сыртынан күлүп, ичинен сыздап, баарын көтөргөн”[2] **өмүр-шериги** да, 7-классында ырларына

[1] караңыз: Боркеев Б. Рыспай. – Б., 2004. – 412-б.
[2] Боркеев Б. Рыспай: Роман (Даректүү баян). – Б., 2004. – 39-б.

куштар болуп, кумиринин ажайып кайрыктары жетелеп бой жеткиргендей, экөөнү жолуктурган; чыгармачылыгынын даңкы менен азап-тозогуна ортоктош болуучу чоң тагдырга туш кылган анын **жан-шериги** да ушул аялзаты. Ошондуктан, бул ырчыны Давлеттен артык билген жандын табылышы кыйын эле. Экинчиден, романдын эпилогунда автор өзү белгилегендей, Рыспайдын “эски” күйөрманы болсо да, ал жөнүндөгү билген, болгон “дүйнөсүн” бир системага келтирип, чыгарманын негизин “үч ай бою ...жубайы жөнүндө айткан сайын жүрөгү канап, үшкүрүгү таш жарган” Давлеттин жанында олтуруп жараткан, Рыспайдын жандосу Б. Боркеевдин баяндоо ыкмасын колдоого туура келет.

Роман үч бөлүмдөн турат да, анын негизги мазмунун үчүнчү бөлүм – “Багыма конгон бакыт” (310 бет) түзөт. Адегенде Рыспайды жерге берүү шаанисине арналган “Өлбөстүккө бир кадам” (55 бет) жана ретроспективалык эске түшүрүү менен башталган “Ырбулактын башында” (55 бет) үчүнчү бөлүмдүн киришмеси жана корутундусу сыяктанат. Чыгарманын аягына берилген “Замандаштарынын эскерүүсүн” (66 бет) үчүнчү бөлүмдүн идеясын тереңдетүүчү толуктоо тиркемеси катары кабыл алууга болот. Башка чыгармалардан айырмаланып, “Рыспайда” **эки эпилог**, ага арналган макалалардын, радио, телеберүүлөрдүн тизмеси бар.

“Багыма конгон бакыт” бөлүмү Рыспайдын өмүрүнүн 1969-жылдын 14-декабрынан – Давлет Рыспайды Фрунзеден күтүп алгандан (никелешпей туруп эле аэропортто “аялы” аталган күндөн), 1980-жылдардын аягына чейинки 20 жылга жакын мезгилин камтыганы менен эске түшүрүү аркылуу анын бүткүл жашоосу жалпыланган. Ушул күнү 19 жаштагы Давлет Рыспайдын эки аялы, үч кызы бар экенин билип туруп, “же ырлары, же өзү жолдон чыгарганын таразалоого” кудрети жетпей, самолеттон “бир колуна аккордеон, бир колуна портфель” көтөрүп, калдаландап келаткан адамга баш байлоого (“бактысыбы же шорубу”) – тагдырын тобокелге салышы менен сюжеттик окуя башталат. Демек, XX кылымда кыргыз улуттук музыкасында аргендей үнү, аткаруучулук, аккордеон аспабында ойноо чеберчилиги менен **өзүнүн мектебин** жараткан

Рыспайдын кайталангыс талант-тагдыры анын үй-бүлөлүк турмушу менен тыгыз байланышта көркөм аңдоого алынган. Автор "чү" деген жерден эле калың элге белгилүү каарманын "жылмалап" олтурбай, окурманына агынан жарылат. 28 жашка келгенче үч аял алып, ортосунда "бир сааттан" гана бойдок болгон, "оозун ачса, өпкө-жүрөгү көрүнчү" Рыспайдын дал ушул аэропортто инсандык мүнөзү, жан-дүйнөсү, жашоо принциби, социалдык абалынан бир көрүнүш окурманга кашкая көрүнө түшөт. Автордун тарыхый инсандын жеке психологиясын "аздектеп, бирок ага сыйынбай"[1] туруп биографиялык тагдыр-таржымалды чынчыл аңдоо принциби дал ушул эпизоддон башталат.

Жаңы эле "жарыялаган аялы" менен кайда барарын билбей турганда, кудай жалгап, самолетто кошо келген жаш акын Кармышак Ташбаев үйүнө ээрчитип келип, чакан үлпөткө акын Абдимитал Камаловду бүлөсү менен чакырат. Ушул күндөн бул эки адамдын ажайып ыр ааламына арбалган рухий жашоосу үчүн – **бейиш**, көр тиричилик үчүн улам бир тааныштын үйүнө "журт которгон" – **тозок** үй-бүлө турмушу башталат. Көрсө, "Мен сага үйлөнөм, тосуп ал" – деген телеграммадан кийин чайыттай ачык көк асманда учуп келаткан Рыспай Давлеттин бактысы да, шору да – демек, бири бири үчүн жаралган алардын тагдыры экен. Рыспайдай жан-дүйнөсүндө таланттын угуту кайнаган рухий дүйнөнүн инсандары үчүн жүрөктүн буйругу, көңүлдүн самоосу маанилүү. Ошондуктан эңсегени орундалган соң, никени унутуп, "Давлетти алып кетебиз" деп, эжелери келип, опуза кылганча, "дербиш" жашоону чоң бакыт эсептеген Рыспайдын жоругун түшүнсө болот. Ошондон кийин гана жаңы алган колуктуну (чөнтөгүндө сокур тыйыны жок, эл түшкөн автобуска аккордеону экөөнү эптеп кыпчып, курсагы ачкан сайын улам бир тууганына кайрыла "учурашып") "бейиштин төрү" эсептеген Кара-Кулжасына алып жөнөйт. Демек, автор биографияны аңдап-таануу үчүн эки көркөм каражатты: **ЖОЛ менен ТОЙду** тандаган. Кыштын *ызгаарында оттой ысык* көңүл кубанычы менен колукту алып бараткан Рыспайдын *ушул сапары*

[1] Чулаки М. Боготворите – но не обожествляйте // Литературная газета, 1986, № 52, 24-декабрь. – С.3.

алардын кийинки жубайлык жашоосунун *төлгөсү* сыяктуу. Далай адам тагдырларына күбө болгон ушул кан жолдо Рыспай туулган жерге болгон сүйүүсү көөдөнүнө батпай, тоосунун бийиктигин, суусунун тунуктугун, Ажыке жайлоосунун кооздугун "мажнун" болуп араң жеткен сулуусуна айтып берүүгө тили жетпей калганда: Тартылып көзгө элесиң,

Жанга күч-кубат бересиң.

Киндик кан тамган өскөн жер,

Экинчи мага энесиң – деп, Даниярдай ааламга обон салып, бакыт кемесинде термелип бараткансыйт. Дал ушул кан жолдо Рыспай өзүнүн буга чейинки өмүр жолун: согуш мезгилинде дайынсыз жоголгон атасы, чиедей балдар менен жесир калган апасынын жүрөк сыздаткан кошогу, жети атасы, жетимчиликтин азабын тарткан балалыгы, бир туугандары, ыр ышкысын козгогон устаттары, музыка ааламында пир туткан Ленгард агайы жөнүндө ичине эч нерсе калтырбай, Давлетке бүт сырын төгүп берген. Аялуу жан-сыры – "эркек балалуу болсом" – деген аруу тилегин да ачыкка чыгара, өз "Меккеси" – Кызыл-Булак айылына киреерде Мазарга (болочок уулуна той бермек болуп) чүпүрөк байлап өткөн экен. Ошондо кыргыз музыкасына бир келген бул "дербиш-гений" ошондогу чалкыган кубанычындай жаркын обондор жаратаарын, алар улуттук ыр өнөрүндө Кара-Кулжанын тоосундай бийиктик болуп каларын , а бирок... Ажыке жайлоосундай ажайып жан-дүйнөсү ошол кышкы ызгаардай тагдырдын "суугуна чыйрыгаарын" сезбесе керек. Андан калса, элге жаңыдан атагы чыга баштаган уулун жепирейген камыш үйдөгү үй-бүлөсү, жолдогу туугандары эле эмес, бүтүндөй Кызыл-Булак айылы кучагын жая тосуп, нике тойдо бапыраган элет эли чырайы күндү уялткан жаш келинге суктана: "Рыспай Дөөлөткө кошулду" – деп, алардын окшош ысымдарына ырым кылып, талант ээси эми бактысын тапкандай, мээримге бөлөп турса, "тагдыр ызгаарын" ким ойлойт. Давлет да жубайынын өзүнө окшош кең пейил журту Рыспайдын кылык-жоругун айтып бүтө албай, улам бири анын өмүр баянын "толуктаган" аңгемелерин нөшөрдөй жаадырып жатканына көңүлү көтөрүлө, жагымдуу маанайдын кучагына бөлөнөт. Бир ай ашык убакыт

“көрүнгөндүн колунда” жүргөн “никесиз келин күндөрүнүн кирин” жууп, дилин тазартат. Ак тилектин жыпарын чачкан ошол **той** Рыспайдын жанына кубат, талантына канат байлап, кайра шаарга келери менен ыр “толгоосун” тарткан экен. Ээндикти эңсеген жан-дүйнө талабына тиешелүү шарт жок болсо да, Рыспайдын өз теңдүү : Жолон, Кармышак, Абдымитал сыяктуу таланттуу жаш акындар менен тыгыз кызматташуусу чыгармачылыгынын тереңдешине чоң сүрөөн болгон. Буга Курбанаалы Сабыровдун үйүндө бир ай чогуу жашап, “тексттин музыкалуу болушу, жеңил-желпи обон поэтикалык тексттин кунарын” кетириши тууралуу акын менен обончунун ой бөлүүсүнүн натыйжасында жаралган “Эстетпечи өткөн кезимди” ырынын жаралышы күбө. Бирок, Рыспайдын текстке болгон өз талабы К.Сабыровдун көз карашы менен тогошпой, анын ырларына обон чыгаруу карызы мойнунда калган.

Автор Рыспайдын чыгармачылыгындагы **эстетикалык баалуулукка** туура баам салган, анткени ал **обон менен тексттин шайкештигине** чоң маани берген обончулугун таасын сүрөттөөгө жетишкен. Бул фактор анын чыгармачылыгында ийгиликтин негизги ачкычы эле. Болбосо, “Түгөйүмдөн” кийин эле бир керемет илхам менен дилинде жаралып калган обонго текст таба албай кыйналмак эмес. Эки жыл тексти жок “жашаган” бул обонду булбулдай көмөкөйүндө көлкүтө жан-курбусуна төккөндөн кийин гана К. Ташбаев (аруу махабаттын сагыныч кусасын сезип), таң атканча уйкусуз олтуруп “Сагынуу” ырын жараткан. Давлет менен таанышкан (1967) соң, чоң махабаты Ж. Мамытовдун “Издейм сени” аттуу ырында обон болуп жаңырыптыр. Рыспай текст менен иштөөнү тереңдетип, ал О.Султановдун “Сен жөнүндө поэмасына” татыктуу обон жаратуунун чыгармачылык азабын тарткан. Өзү менен өзү көпкө алпурушуп, “Түн көрсөң көөдөй кара ит улуган” деген сапты “Түн көрсөң капкараңгы ит улуган”, “Мас көрсөң ыйлап жаткан, ырдап жаткан” деген саптагы “мас көрсөңдү” “болбосо” деген сөзгө алмаштырып, “Студенттик жаз – 70” фестивалына “Ошонун баары мен деп бил” ыры менен чыгат. Ошондо сүйүү курагындагы жаштар бул ырдан ар кимиси өзүн сезип, махабаттын гимни ырдалып жаткандай, обону жаңырта жар салышкан экен.

Рыспайдын мажнун жүрөгү Давлетке баш кошкон соң, махабат чаңкоосун бир кандыргандай, 70-жылдын жазында “Сен жөнүндө поэма” ырлар топтомунан “Биз экөөбүз”, “Эскерүү” обондорун биринин артынан экинчисин жаратат. Атайын Давлеттин репертуарына арнап А.Токомбаевдин “Кыздын ыры”, С.Жусуевдин “Кош жылдыз” ырларына обон жазат. Рыспайды тагдырында бактылуу күндөрдүн ушул жазы артынан куттуу күздү ээрчитет. Сулуусу перзент таап, областтын жетекчиси Султан Ибраимов эки бөлмөлүү үйдүн ачкычын берет. Ыр дүйнөсүндө жетелеше бирге ырдап, көр тиричилигинде “итке минсе” да, рухий жан-дүйнө ачылган гүлдөй кулпуруп, жубайлык турмуштун таттуу күндөрүн өткөрө баштaшат. Бир гана “көздөрү ыр сурап жайнаган элди көргөндө чарчаганын, кайгы-капасын унутуп, угармандарынан кубаттанып, “бүркүттөй шаңшыган” бул ырчынын кырчын өмүрүнө учук оорусу чырмооктой ороло берген. Оору бир жагынан көңүлүн чөктүрсө, экинчиден аны өлбөстүккө жетелеген тура. Догдурдан Жалал-Абаддагы учук оорулар диспансерине жолдомо алган күнү маанайы пас келип, эч ким менен сүйлөшпөй, иш бөлмөсүнө кирип кеткен Рыспай, “ызасын пианинодон чыгара” ыр менен түбөлүк жашоого жол салып жаткан экен:

Жоголбой биздер эч кайда,
Жолугабыз го күн менен.
Түбөлүк жашап калыш ой (да),
Түшүмө такыр кирбеген .

Ошол күнү О.Султановдун “Түшүмө кирбес көп ойлор” аттуу жогорудагы тексттинен өзүнө керектүүсүн тандап, “жараты жанды койбой сыздатып жаткандай” зыркыраган обон менен муңканып барып, кайра ага “жашоонун түбөлүктүүлүгүн даңазалаган шаң берчү” обонду жаратыптыр. Рыспай диспансерде да дарылангандын ордуна экинчи өмүрү – түбөлүк жашоо үчүн жаңы обон менен алпурушуп жатканда, ага туулган жерге болгон чексиз сүйүүсү жардамга келип, алсырап турган жанына жөлөк болгон. Сюитасын жетелеп, алын сураганы келген жубайына кубанычы койнуна батпай, обондогу жаңы табылгасын сүйүнчүлөптүр. “Көзүн жумдуруп, Кызыл-Булак айылын

элестеттирип” угузган обону – Биримкул Алыбаевдин сөзүнө жазылган “Сагындым тууган жер сени”: Уктасам кирет түшүмө,

Аргымак чапкан талаалар.

Тыйылбай такыр кусалык,

Тынчыбай койду санаалар – саптарында Рыспайдын ыйы менен ыры – жакындап калган ӨЛҮМҮ менен түбөлүк ырда калчу ӨМҮРҮ бар эле. Ушул ыйык сүйүүнү жүрөгүндө алпечтеп баккан бул адамдын : “...жарык дүйнө менен коштошуп кетеримди ойлогонумда, бир гана туулган жеримди – Кызыл-Булагымды, Ажыкемди кыялбай кыйналам го”[1] – деген 1989-жылдын 7-январында күндөлүгүнө жазган жан сыры бар.

Тагдыр ушинтип Давлетти Рыспайдын “ЫР жана ЫЙ” жазмышына көндүргөн. Ал эмес көңүлү чөккөндө ырдалчу муңдуу ырды - “Рыспай ыйлаар алдындагы киришме” атап алган. Экинчи эпилогдун “күнөөкөрү” – кыргыздын дагы бир “тагдыры окшош” акын кызы А. Узакованын бул романдын кол жазмасын окуган “коңур күздүн коюу түнүндө көз жаш төгүп”[2] олтуруп:

Көптөгөн жолдун татаалын сага ыйгарган,

Көлөкө болуп, жалгыздык калбайт бир кадам.

Жөн эмес тагдыр жонуңда турса күч менен,

Жыйналбай койгон не деген жансың СЫРДАНАМ

– деп таамай жазгандай, Рыспай бул турмуштан “жыйналбай өткөнү” менен – Рыспай! Көлөкөдөй ээрчиген анын жалгыздыгы – Рыспайдын жашоо тагдыры жана анын жеке философиясы. Ал “жыйналгандын” ордуна ошол “жалгыздыгы” менен кыргыз элинин музыкалык өнөр асманына ЫР-ЖЫЛДЫЗ болуп чачылып, толгон ай нурундай бийиктен ОБОН болуп төгүлгөнү менен Рыспай!

Демек, “Рыспай” кыргыз музыкалык ыр өнөрүнө бир келген кайталангыс талант ээси – тарыхый чыгармачыл инсандын өмүр-таржымалындагы ушул чындыкты ачык сүрөттөгөнү менен биографиялык роман.

---

[1] Боркеев Б. Рыспай: Роман (Даректүү баян). – Б., 2004. – 315-б.
[2] Боркеев Б. Рыспай: Роман (Даректүү баян). – Б., 2004. – 583-б.

# Корутунду

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгынын негизинде төмөнкү **корутунду** пикирлерди белгилейбиз.

1. Жанрология илиминин азыркы мезгилдеги эң кыймылдуу жана татаал тармагы тарыхый жанр кыргыз улуттук адабий процессинде татаал жана проблемалуу мезгилди баштан кечирип жаткандыгы байкалат. Мамлекеттик эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин улуттук тарыхты өз маанисинде көркөм интерпретациялоого толук шарттын түзүлүшү, жазуучулардын архивдик материалдар менен иштөөгө кенен мүмкүнчүлүктүн түзүлүшү менен гана чечиле койбогон кыргыз тарыхый жанры боюнча изилдөөнү талап кылган илимий проблемалар арбын экендигин баса белгилейбиз.

2. Изилдөөнүн объектисине жараша кыргыз тарыхый романдарынын эволюциясынын типтүү белгилерине карата төрт мезгилге бөлүнүшүн төмөндөгүдөй **жалпылоого** болот:

- кыргыз адабиятында тарыхый теманын өздөштүрүлүшүнүн алгачкы мезгили 30-40-жылдары **элдин тагдырындагы улуу трагедияны** көркөм иликтөө үчүн роман жанрынын тандалышы менен түшүндүрүлөт. Бирок бул мезгилде романдык мазмундун көркөм интерпретациясы тарыхый романдын жанрдык белгилерин толук өздөштүрүү деңгээлине жеткен эмес. К. Жантөшевдин “Каныбек” романынын “өткөөл” чыгарма катары бааланышы тарыхый теманы өздөштүрүүдөгү профессионалдык тажрыйбанын жетишсиздиги менен далилдесе, А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар”, М.Элебаевдин “Узак жол” романдары жанрдын башка теориялык проблемаларын аңдап-таануу маселесин ачыкка чыгарган. Аталган чыгармалардын сюжетин түзүүчү тарыхый окуялар элдин жан-дүйнөсүнө бүлүк салган **ачуу чындык**, реалдуу **фактылык** материалы менен окурмандарды өзүнө тарткандыгына карабастан, бул романдарга мүнөздүү типтүү кемчиликтер катары***: натуралисттик сүрөттөөлөрдүн басымдуулугун; баяндоонун моностилистикасын; романдык мезгил менен мейкиндиктин чектелгендигин; тарыхый***

***инсандардын образын биздин күндөргө жалгап турган мезгилдер байланышынын жетишпестигин; документалдуулуктун көркөм чындыкка баш ийбей, тескерисинче, ага үстөмдүк кылышын*** эсептейбиз. Ошентсе да бул чыгармалар улуттук адабияттын тарыхында элдин башынан өткөн тарыхый окуяларын таамай чагылдырган өз мезгилинин мыкты чыгармасы катары кыргыз адабиятында тарыхый романга чыйыр салгандыгы менен аталган жанрдын **“төл башы”** көркөм туундулары болуп кала берет.

- 50-60-жылдары тарыхый жанрдын өнүгүү эволюциясында ***эмгек каармандары менен революционерлердин көркөм образын түзүү, алардын жеке тагдыры эмес, коомдук турмушун жасалма көркөм интерпретацияга алуу идеологиясы жазуучуларга таңууланган көркөм концепция болгондуктан,*** убагында окумдуу көрүнгөн бул чыгармалар (Н.Байтемиров “Тарых эстелиги”, “Жылдызкан”; К.Бектеновдун “Таабалды Пудовкин”, С.Өмүрбаевдин “Телегей”, К.Баялиновдун “Боордоштор” ж.б.) мезгил сынына туруштук бере албай калган. Демек, экинчи мезгил тарыхый теманы өздөштүрүүнүн типтүү тенденциясын түзгөнү менен улуттук адабиятта тарыхый жанр талапка ылайык өздөштүрүлгөн эмес дегенге негиз бар.
- кыргыз адабиятында **тарыхый жанрдын чыныгы калыптанышы** төмөнкү факторлор менен түшүндүрүлөт:

а) биринчиден, 70-80-жылдардагы улуттук адабиятта *“романдашуу”* процесси менен байланышта жаралганы талашсыз. «Сынган кылыч» романынын пайда болушу профессионалдык адабияттын жетилүү критерийи катары улуттук адабияттын ички муктаждыгы менен шартталат;

б) экинчиден, Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын пайда болушу жазуучунун жеке чыгармачылыгынын да жетилүү критерийи катары тарыхый чындыкты көркөм жалпылоонун жаңы багытына жол ачкан;

в) үчүнчүдөн, “Сынган кылыч” романынын жаралуу өбөлгөсү боордош адабияттагы тарыхый теманын адабий тажрыйбасынан да “кубат” алган.

Натыйжада 80-жылдардан баштап, *улуттук адабияттагы* ***көркөм ойлоо өз кыртышына****, тарыхый булактарда бурмаланып түшүндүрүлгөн маалыматтарга, окуу китептеринде жакшы орун бериле бербеген өз тарыхына кайрыла баштаган.*

- Тарыхый темага кайрылуунун жаңы толкуну 91- жылдан кийин коомдук системанын өзгөрүшүнөн улам кыргыз адабиятына тарыхый темадагы куугунтукталган тарыхый чыгармалардын кайрылып келиши (“Академия кечелери”, “Кандуу жылдар”, “Балбай” ж.б.), же аларга жаңы өзгөртүүлөрдүн кириши (“Сынган кылыч”); “бай-манап, эзүүчү тап” аталган тарыхый инсандарга “жаңы мүнөз” берип, аларга атайын арналган жаңы тарыхый чыгармаларды жазуу (“Курманжан датка”, “Баскын”, “Кыргын”, “Балбай”, “Боромбай”, “Хан Ормон”, “Касым Тыныстанов”, “Алай закымдары”, “Дарыялар жээкте кошулушат”, “Барс-Бек кагандын көрөр көзү”, “Баатыр Шабдан” ж.б.) өзүнчө адабий тенденцияны түзөт. Бул мезгилдеги чыгармаларга таандык типтүү көрүнүштөр: *буга чейин адабияттан чыныгы көркөм образын таба албаган улуттук тарыхый инсандарды (Ормон хан, Байтик, Балбай, Боромбай, Канат хан, Тайлак баатыр ж.б.) ашкере идеализациялоо, ойдон чыгарылган сюжеттин жетишсиздиги, жаңы көркөм аңдоого негиз болуучу жаңы илимий көркөм-эстетикалык концепциянын жоктугу улуттук дүйнөтаанымдын өтө жупуну деңгээлде калышына өбөлгө түзүп, тарыхый романдын теориялык проблемаларын жаратты.*

3. Кыргыз тарыхый романдарынын типологиясын, анын жанрдык өзгөчөлүгүн изилдөөнүн жыйынтыгы менен биз төмөндөгүдөй **жыйынтык** пикирге келдик:

- азыркы кыргыз адабияты улуттук тарыхты көркөм интерпретациялоонун жаңы методологиясын, жазуучулардын тарыхый чындыкка болгон жаңы концептуалдык мамилесин камсыз кылуучу илимий жактан негизделген ***илимий-эстетикалык парагдимага*** муктаж;

- кыргыз тарыхый романдарын мындан ары терең изилдөө ааламдашуу процессине эгемендүү Кыргызстандын жасаган реакциясы катары этноиденттүүлүктү бекемдөөгө белгилүү салым кошуучу илимий факторлордон деп эсептейбиз;
- тарыхый романдарда жазуучулар колдонулуучу архивдик и документалдык материалдарды жаңы көз караштан кайра кароо зарыл;
- романисттер тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоодо типтүү колдонуучу, генетикалык тамыры кыргыз жазуучуларынын көркөм ойлоосунан орун алган эпикалык салт жана мотивдер: ***санжыра, түш көрүү, от жагуу согуштук тактикасы, хан көтөрүү жөрөлгөсү, ордо оюну, намаз окуу диний ишеними, керээз айтуу салты, тарыхый ырлар, кошоктор, аш берүү салты "архаиканын өлбөс элементтери"*** катары кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык жана улуттук өзгөчөлүгүн аныктоодо чечүүчү ролго ээ;
- кыргыз тарыхый романдарынын типологиясын жана өзгөчөлүгүн изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар улуттук адабиятта тарыхый темадагы көркөм чыгармалардын **жанрдык диффузиясы** жана **жаңы модификациясы** жаралып жаткандыгын аныктоо мүмкүндүк берет;
- изилдөөнүн келечегине **багыт берүүчү** маселелерди бөлүп көрсөтөбүз:

- тарыхый чыгармалардын "орток" каармандары болгон тарыхый инсандардын көркөм интерпретациясындагы жана тарыхый чындыкты көркөм аңдоо маселесинде конфликтердин типологиясын изилдөө;
- тарыхый романдарда типтүү колдонулуучу башка искусство чыгармалардын: комуз күүлөрү, акындар айтышы, жарчылар ж.б. типологиясын изилдөө;
- тарыхый жанрдын романдан башка, кичи эпикалык формаларын (тарыхый повесть, очерк, аңгеме) изилдөө;
- тарыхый теманын прозадан башка жанрларда иштелишине салыштырмалуу-типологиялык изилдөө жүргүзүү маселелери анын толук сапалбаган проблемаларынан болуп эсептелет.

## Колдонулган адабияттар


1. Абакиров К. Жанровое своеобразие киргизской советской детской литературы и проблемы становления нового героя: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – Алма Ата, 1987. - 195 с.
2. Абдул Хамид Фахри. Романтический идеал и сюжетная коллизия в повестях Ч. Айтматова “Джамиля” и В.Астафова “Пастух и пастушка”: - Дис. ...канд.филол. наук: 10.01.01. – М., 1991. - 186 с.
3. Абдурасулов А. Кудаяр кан баяны // Кыргызстан маданияты, 1992, № 37, 10-сентябрь. – 3- б.
4. Абдылдабек кызы Ж. Баатыр: Войсковой старшина милиции Шабдан Джантаев // Асаба, 1992, 23-апрель. – С.4.
5. Абдыразаков А. VI-IX кылымдагы поэтикалык эстеликтер.- Б.: КУУ, 1993. -167 б.
6. Абдыразаков А. Жанрово-стилевые поиски в современной киргизской советской драматургии (1960-1970-е г.): - Дис. ...канд.филол.наук:10.01.03. – Ф., 1983. -168 б.
7. Абдыразаков А. Кыргыз адабиятынын тарыхы кайдан башталат? // Мугалимдер газетасы, 1990, 4-май. – 3-б.
8. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер – Б.: Кыргызстан -“Сорос” фонду , 1999. – 895 б.
9. Аветисян З.В. Поэтика армянского исторического романа: - Дис. д-ра филол.наук: 10.01.03. – Ереван, 1987. – 380 с.
10. Адабий сын жана анын адресаты // Кыргызстан маданияты, 1984, №8 (891), 23-февраль. – 2-б.
11. Айзерман Л.С. Уроки литературы сегодня. - М., 1974. – С. 84.
12. Айтбаева Г.А. Религиозные мотивы в киргизском романе (60-90гг.). - Б., 1995. 132 с.
13. Айтбаева Г.А. Языческие и мусульманские мотивы в кыргызском романе : - Дисс. ...д-ра филол. наук: 10.01.01. – Б., 1996, - 279 с.
14. Акаев А. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана “Манас”эпосу. – Б.: Учкун, 2002. – 598 б.
15. Акматалиев А. Тандалган чыгармалар жыйнагы. - Б. : Шам, 1997-1998. 1-2 том. – 424 б.
16. Акматалиев А. Байтик жана адабият //Чүй баяны, 1999, 29-октябрь; 4-ноябрь.– 3-б.
17. Акматалиев А. Кыргыз тарыхый романистикасына үлгү болчу роман //Адабий Ала-Тоо, 2007, апрель, № 5. – 5-б.
18. Акматалиев А. Тарых жана мезгил. – Б., 2007. – 224 б.
19. Акматалиев А. Чагылган өмүрдүн көз ирмеми //Адабий Алатоо, 2007, май, № 8. 4-5-бб.
20. Акматалиев А. Чыгарма тарыхый роман жанрын актай алдыбы? // Адабий Ала-Тоо, 2007, июль, № 12. 4-5-бб.
21. Акматалиев. А. Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. - Б., 1999. - 176 б.
22. Алагушев Б. Кылымдарды жылоологон күүлөр: Очерктер. – Ф.: Кыргызстан, 1985. – 192 б.
23. Алахан Садык (Тилебаев Садык Алаханович). Адабият айдыңын аралап: Адабий сын макалалар. – Б.: Полиграф-ресурс, 2006. – 304 б.
24. Алахан Садык (Тилебаев Садык Алаханович). Унутулган адабият. 1-китеп.– Б.: Бийиктик, 2006. – 352 б.
25. Алдаш Молдо. Бугу менен сарбагыштын чабышы. – Б.,1992. – 54 б.
26. Алдашев А. Ормон хан менен Балбайдын чабышы // Насыят, 1992, 21-сентябрь. – 3-б.
27. Александрова Л.П. Советский исторический роман: Типология и поэтика. – Киев, 1987. – 158 с.

28. Алтыбаева С.М. Основные тенденции развития казахской прозы периода независимости: Автореф. Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.02. – Алматы, 2010. – 38 с.
29. Апышев М. Адабият кризисиби? // Кыргыз руху, 1997, 7-11-февраль, № 5. – 5-б.
30. Аралбаев К.К. Историческая трилогия И.Есенберлина “Кочевники”: - Автореф. Дисс. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Алма-Ата, 1992. - 21 с.
31. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б., 2004. - 656 б.
32. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Ф.: Мектеп, 1982. - 526 б.
33. Артыкбаев К. Тарых такталбаса тарыхый чыгармалардын тагдыры кандай болот? // Кыргызстан маданияты, 1991, № 49, 5-декабрь. – 3-б.
34. Асаналиев К. Көркөм нарк. - Ф.: Кыргызстан, 1988. - 236 б.
35. Асаналиев К. Чингиз Айтматов: поэтика художественного образа : - Автореф. Дис. ...д-ра.филол.наук: 10.01.02. - Ф., 1989. – 44 с.
36. Асаналиев К. Мезгил өкүмү // Советтик Кыргызстан, 1979, 17-май. – 4-б.
37. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Экинчи макала. Кайда келдик... // Адабий Алатоо, 2006, №12, август. – 4-5, 8-бб.
38. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр: Биринчи макала. Кайдан чыктык... // Адабий Алатоо, 2006, №11, июль. – 4-5-бб.
39. Асаналиев К. Социалисттик реализм доорунан кийин... Экинчи макала: Комфорт, же панегирик - мактоонун “поэтикасы” // Кутбилим, 1996, 5-декабрь. – 6- б.
40. Асаналиев К. Тандалмалар. - Ф.: Кыргызстан, 1983. – 332 б.
41. Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм аңдоо // Кыргызстан маданияты, 1992. № 6, 6-февраль. – 4, 12-13- бб.
42. Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм аңдоо // Кыргызстан маданияты, 1992. №7, 13-февраль. – 4-5, 10-бб.
43. Асаналиев К. Азыркы психологиялык роман // Кыргызстан маданияты, 2002, октябрь, № 9. – 4-б.
44. Асаналиев К. Азыркы психологиялык роман // Кыргызстан маданияты, 2002, сентябрь, № 8. – 4-б.
45. Асаналиев К. Движение во времени. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 276 с.
46. Асаналиев К. Көркөмдүүлүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы : Азыркы кыргыз романы // Кыргызстан маданияты, 1985, № 14, 4-апрель.
47. Асаналиев К. Новая эпоха кыргызкого эпоса // Эл агартуу, 1986, № 4. – С.50-53.
48. Асаналиев К. Социалисттик реализм доорунан кийин ... Биринчи макала: Көчкөндө сак бол // Кутбилим, 1996, 23- ноябрь. – 1-2-бб.
49. Асаналиев К., Доор менен бирге.- Ф.: Кыргызстан, 1981.- 232 б.
50. Аскаров Т. Эстетикалык жаңы сапаттарга, - Ф.: Кыргызстан, 1980. – 374 б.
51. Аскаров Т. Заботы “движущейся эстетики” // Лит. газета, 1973, 7-февраль.
52. Аскаров Т. У истоков киргизской прозы // Лит. Киргизстан, 1959, № 4. - 100-103-бб.
53. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 216 б.
54. Ахметова Д.А. Обновление эпической традии в адыгейском историческом романе двух последних десятилетий (А.Евтых “Бычья кровь”, И.Машбаш “Хан-Гирей”, Н.Куек “Вино мертвых”): Автореф. Дис. ...канд. филол. наук: 10.01.02. – Майкоп, 2009. – 23 с.
55. Ахундов Я.И. Азербайджанский исторический роман : - Дис. ... д-ра филол. наук: 10.01.02. – Баку, 1982. – 390 с.
56. Байгазиев С. “Сынган кылыч” романынын сыры эмнеде? // Кутбилим, 1999, № 2, 23- январь. – 3-6-бб.
57. Баймырзаев Б. “Хан Ормон” кандай чыгарма? // Заман-Кыргызстан, 2004, 26-март, № 12. – 9-б.

58. Бойназаров Ф. Художественная интерпретация исторической личности походах Александра Македонского в Средней Азии в советской исторической прозе): Дис. ... д-ра филол. наук: 10.01.02. – М., 1991. – 396 с.
59. Баканов. Синтез науки и искусствав историческом романе. // Вестн. Киев. ун-та, 1987, Вып. 21. – С.100-103.
60. Батырбеков Б. Аксыдан чыккан Шер датка // Заман Кыргызстан, 1999, 5-февраль. – 6-б.
61. Бахтин М.М. Вопросы литературы и эстетики. – М.: Худ. Лит. 1975. - 500 с.
62. Бахтин М.М. Время и пространство в романе // Вопросы литературы, 1974, № 3. – С.132-151.
63. Бахтин М.М. Эпос и роман (О методологии исследовании романа) // Вопросы литературы, 1970, - №1. – С.95-122.
64. Беделбаев А. Байтиктин коомдук-саясий ишмердүүлүгү // Пресса, 1996, 29-июль.
65. Бейшеналиев Ш, Касымбеков Ү. Тарыхый чындыкты чагылтуунун идеялык-көркөмдүк критерийлери тууралуу // Алатоо, 1991, - № 2. – 143-149 бб.
66. Бейшеналиев Ш. Өткөн иштин аты бар // Кыргызстан маданияты, 1992, 16-январь. – 4-5-бб.
67. Бейшеналиев Ш. Тайлак баатыр. – Б.: Учкун, 2003. - 64 б.
68. Бейшенбаев Ж.. Тарыхый романдын маселелери // Мугалимдер газетасы, 1966, 27-октябрь. – 2 б.
69. Белая Г. Фокусническое устранение реальности / О понятии роман, “роман-эпопея”// Вопросы литературы. – 1998, - №3. – С. 170-201.
70. Белинский В.Г. Статьи. – Калинин, Калиниградское книжное издательство, 1972. – 320 с.
71. Белинский В.Г. Взгляд на русскую литературу. - М.: Современник, 1983. – 606 с.
72. Бердибеков Ж. “Кандуу жылдар” романы жөнүндө // Кызыл Кыргызстан, 1948, 24-январь. – 3-4-бб.
73. Билецкий Н.В. Молдавский советский роман: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. - Кишинев, 1986.
74. Биографическая проза границы вымысла (к Дискуссии...) // Лит. газета, 1986, № 49, 3-декабря. - С.5; № 50, 10-декабря. - С.5; № 52, 24-декабря. - С.3.
75. Блюменкранц М.А. Жанр легенды в творчестве Ф.М. Достоевского (историко-философский генезис): - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – М., 1991.
76. Бобулов К. Жаңы тилке: Адабий иликтөөлөр жана сын макалалар, - Б.: Адабият, 1991. – 350 б.
77. Бобулов К. Фольклор жана адабият. - Ф.: Кыргызстан, 1980. – 268 б.
78. Бобулов К. Новая ступень: киргизская проза сегодня // Дружба народов, 1968. – С. 254-260.
79. Богданова М. Киргизкая литература: Очерк. – М.: Советский писатель, 1947. – 288 с.
80. Бондаренко Г. Ф. Документализм и художественный вымысел в современной советской прозе о Великой Отечественной войне : - Дисс. ...канд. филол. наук : 10.01.01. - М., 1985. – 16с.
81. Борбугулов М. От идеализации - к исследаванию // Дружба народов, 1972, №10. – С. 255-266.
82. Борбугулов М. Адабият теориясы : Окуу китеби. – Б. Шам, 1996. - 552 б.
83. Борбугулов М. Учу-кыйырсыз жол. – Ф., 1968. - 184 б.
84. Борбугулов М. Цель – художественное исследование действительности // Вопросы литературы, 1971, № 9. – С.50-55.
85. Бройдо Г.И. 1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү // Кыргызстан маданияты, 1991, № 1, 3-январь. – 6-б.

86. Бузник В.В. Об изучении жанров советской художественной прозы. // Русская литература, 1975, № 1. – С. 17.
87. Булатова С. Н. Жанр политического романа в современной советской литературе // Вестн. Моск. ун-та. Сер.9. Филология. – 1986, - № 6. – С. 14-21.
88. Варфоломеев И.П. Типологические основы исторической романистики.-Ташкент : Фан, 1979. – 148 с.
89. Варфоломеев И.П. Советская историческая романистика : Проблемы типологии и поэтики: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – М., 1988. – 32 с.
90. Волков Ф.И. Литература как вид художественного творчества. – М.: Просвещение, 1985. – 192 с.
91. Воловинская М. В. Эпическое и драматическое в романах "Война и мир" Л. Н. Толстого и "Братья Караманзовы" Ф.М .Достоевского: - Дисс. ...канд. филол. наук : 10.01.01. – Екатеринбург, 1992.
92. Воробьева Н.Н. Становление жанра романа в новописьменных литературах. / В кн: Закономерности развития новописьменных литератур и проблемы социалистического реализма. – Ф.: Илим, 1985. – С.37-47.
93. Восиева Р. К. "Искандарнаме" и кабир и его композиционно-художественные особенности: Автореф. Дис. ...канд. филол. наук: 10.01.03. – Душанбе, 2006. – 22с.
94. Ганиева Ф.А. Своеобразие исторических романов М.Галяу. – Казань, 1990.
95. Гачев Г. Д. Нациальные образы мира. – М., 2002. - 781 с.
96. Гордин Я., Предвятость? Нет , требовательность // Лит. газета 1978. 4-октябрь. – С.6.
97. Гулин А.В. Исторические источники в романе Л.Н.Толстого "Война и мир": Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – М., 1992. – 27 с.
98. Гулыга А. Исторические сознание и исторический роман // Лит. учеба, 1980, № 4. - С.145-155.
99. Гулыга А. Мудрость трагедийного эпоса // Лит. газета, 1987, - № 9. 25-февраля. - С.7.
100. Давидсон А.Б. Литературное мастерство историка // Новая и новейшая история, 2001, - № 4. – С. 91-97.
101. Давыдова Т. Современная киргизская повесть. – Ф.: Адабият, 1989. - 108 с.
102. Дадебаев Ж. Историческое действительность и ее художественное воплощение в современном казахском романе: Автореф. Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – Литература народов СССР (советского периода) – Алма-Ата, 1992. – 49 с.
103. Даникеев Ө. Залкар инсан // Кыргыз туусу, 1996, 5-ноябрь.
104. Дарк О. Мир может быть любой: Размышления о новой прозе // Дружба народов, 1990, - № 6. – С. 223-235.
105. Даутов К. Мезгил сыны жана мен : Тандалмалар. – Б.: Бийиктик, 2004, - 524 б.
106. Даутов К. Тарыхый романдын тарыхы // К-те: Тереңдиктер жана бийиктиктер. - Ф., 1991. – 121-129-бб.
107. Даутов К. "Келкелдин керемети" // Кыргызстан маданияты, 1986, 4-декабрь.
108. Даутов К. Адабий сын кантип жаралган. - Б., 2002. – 248с.
109. Даутов К. Жаңы чектерге, - Ф.: Кыргызстан, 1980. - 216 б.
110. Даутов К. Сөз өнөрүнүн эстетикасы. - Ф.: Кыргызстан, 1984. – 192 б.
111. Даутов К. Улугуң сокур болсо көзүңдү ач // Кыргызстан маданияты, 1992, 26-март, № 14-15. – 3,6-бб.
112. Даутов К.Түркүн дүйнө элестеринен. – Б.: Бийиктик, 2005. - 348 б.
113. Джамолова М.С. Жанровые особенности наме в узбекской литературе XIV-XV веков: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.03. –Ташкент, 1992. – 23 с.
114. Дмитриева Н.М. Актуальные проблемы многонациональный современной прозы. - Калинин, 1981. – 178 с.
115. Днепров В. Спор о природе романа // Звезда, 1962, № 7. – С.163-181.

116. Долгов С.Ф. Типология конфликта в советском историческом романе 60-70-х- гг: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. - М., 1983. – 16с.
117. Дөлөев Ө. Казыбегим кайрылбаган каркыра:Казалчынын жубайы Зуурабү апанын айткандары. Кыргызстан маданияты, 1991, 31-октябрь. – 4-б.
118. Дүйшөбаев П. Адабий идолдордун кулашы. // Кутбилим, 1993, 30-сентябрь. – 5-б.
119. Дүйшөнбаев П.Үркүн неге геноцидге айланган? (Төлөгөн Касымбеков “Кыргын”) // Адабий Алатоо, 2005, сентябрь, №1. – 10-б.
120. Дьякова Г.И. Героическая романтика Э.Багрицского: - Дис. ...канд. филол. наук: 10.01.01. – Одесса, 1987. – 176 с.
121. Дюшебекова Б.Т. Романтические тенденции в киргизской прозе: - Дис. ...канд.филол. наук: 10.01.03. – Б., 1999. – 149 с.
122. Евсюков В., Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1986.№2. - С.161-175.
123. Евсюков В., Комиссаров С. Испытание историей // Сибирские огни, 1986, № 1. - С. 144-158;
124. Егимбаева С. Ө. Даникеевдин чыгармачылык эволюциясы. - Б.: Бийиктик. 2001, - 113 б.
125. Жакишев Ө. Аалы Токомбаевдин “Кандуу жылдар” деген романы жөнүндө // Кызыл Кыргызстан, 1948, 24-январь. – 3-4-бб.
126. Жакишев Ө. Прочное произведение // Сов. Киргизия, 1949, 27 февраля. – С.3.
127. Жакишев Ө. Чындыгы аз чыгарма. (Дагы А. Токомбевдин “Кандуу жылдар” деген романы жөнүндө) // Кызыл Кыргызстан, 1949, 5-март. – 3-4-бб.
128. Жакыпбеков Ж. Байтик баатыр // Ала-Тоо, 1991, - №4, - 101-107-бб.
129. Жанрово-стилевое своеобразие многонациональной советской литературы: Межвузовский тематический сборник науч. статей. – Ф., 1980. – 136 с.
130. Жанрово-стилевое своеобразие многонациональной советской литературы: Межвузовский тематический сборник науч. статей. – Ф., 1981. – 156 с.
131. Жанузаков М. Н. Исторические романы Дмитрия Балашова и проблемы развития жанра : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01.02. – М., 1989. – 25 с.
132. Жигитов С. 20 – жылдардагы кыргыз адабияты. – Ф.: Илим, 1984. – 157 б.
133. Жигитов С. Кечээгинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. – Б., 1991. – 248 б.
134. Жигитов С. Талаштан козголгон ойлор // Ала Тоо, 1974, № 1. – 133-158-бб.
135. Жирмунский В.М. Сравнительное литературоведение. Восток и Запад. – Л.: Наука, 1970.– 493 с.
136. Жолдошева Ч. Т. В серьезном жанре о серьезном и смешном // Литературный Кыргызстан, 1987, № 2. – С.119-125.
137. Жолдошева Ч. Т. Жанр исторического романа в современной киргизской литературе. / К-те: Социалистический реализм в киргизской советской литературе. – Ф., 1979. – С.40-47.
138. Жумаев М. Образ и время в киргизском романе : / Из опыта кирг. романистики 40-80-х годов . – Б.: Бийиктик, 2004. – 104 с.
139. Жусаев Ж., Абакиров К. Кыргыз маданиятынын чолпону // Кыргызстан маданияты, 1991, 3-октябрь; 10-октябрь. – 4-5-бб.
140. Жусубалиев К. Аккан сууда арам жок // Кыргызстан маданияты, 1991, № 17, 25- апрель. – 4-5-бб.
141. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. – Б., 2006. – 228 б.
142. Жусупов К. Байыркынын издери, - Б., 2002. – 328 б.
143. Жусупов К. Барсбек каган. – Б., 2003. – 32 б.
144. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б.: Кыргыз энциклопедиясы, 1996. – 427 б.
145. Закономерности развития новописьменных литератур и проблемы социалистического реализма. - Ф.: Илим, 1985. - 263 б.
146. Залыгин С.П. Замысел, работа, произведение // Вопросы литературы. 1973, № 4.

147. Зарипов З.С. Жанр рубаи в персидско-таджикской литературе XIII века: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук : 10.01.03. – Душанбе, 1990. – 22 с.
148. Ибраимов О. Сегодняшней мерой: (О новых качествах современного киргизского романа) // Лит.газета, 1987, № 17, 22-апрель. – С.3.
149. Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор // Кыргызстан маданияты, 1991. 10-октября. – 4-5-бб.
150. Икромов И. Роль Анвари в историческом процессе развития жанра касыди: Автореф. Дис. ...д-ра филол.наук : 10.01.03. – Душанбе, 1992. – 58 с.
151. Иманалиев М. Солтодон чыккан эр Байтик // Фрунзе шамы, 1990, 5-апрель.
152. Иманалиев М. Солтонун Жаманкара баатыры // Чүй баяны, 1995, № 24, 25, 26, июль, август. – 7-8-9-бб.
153. Интернет сайт: http// ceninauku.ru/info/page _11849.htm: Канарина В.П. Литературная критика горного Алтая: генезис, эволюция, жанровая система: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук : 10.01.02. – Казань, 2009. – 22 с.
154. Интернет сайт: http// /lib/ua-ru/net/diss/cont/280998.htm: Никольский Е.В. Романы Всеволода Солоьева: осмысление истории, поэтика жанра: - Дис. …канд. филол. наук: 10.01.01. – Москва, 2008. – 211с.
155. Интернет сайт: http//www.dissercat. com/ content/ bashkirskii-istorichesrii-roman: Хасанов Р.Ф. Башкирский исторический роман: вопросы типологии, жанра, стиля: - Дис. …д-ра. филол. наук: 10.01.02. – Уфа, 2005. – 457 с.
156. Интернет сайт: http//www.dissers.info/abstract_54508/html: Байрамукова С.К. Поэтика новописьменного исторического романа: На материале литератур Северного Кавказа: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук : 10.01.02. – Майкоп, 2005. – 23 с.
157. Интернет сайт: http//www.dissercat. com/ content/khronotop-v-dagestanskom-istoricheskom-romane: Рамазанова П.К. Хронотоп в дагестанском историческом романе: - Дис. …канд. филол. наук: 10.01.02. – Махачкала, 2005. – 172 с.
158. Интернет сайт: opera:1: Малкина В.Я. Поэтика исторического романа. Проблема инварианта и типология жанра: На материале русской литературы в конце XIX – начало XX века: Автореф. Дис. ...канд.филол.наук : 10.01.01. – Тверь, 2001. – 20 с.
159. Интернет сайт: http//svarkhipov.narod/ru/vip/hubu.him: Хубулова М.Е. От исторического романа к эпопее (традиции жанра в русской и осетинской литературах).
160. Интернет сайт: http: // www. lib. Ua. Net/ diss/cont/ 92028. html. Бигуа В.А. Абхазский исторический роман (История. Типология. Поэтика): : Дис. …д-ра филол.наук: 10.01.02, 10.01.03. – Мосвка, 2003. – 367 с.
161. Исаев Е. Уроки жанра // Литературная газета, 1983. 26-октября, № 43. – С. 9.
162. Искендерова С. Тарыхтын кайра жаралган чындыгы //Адабий Алатоо, 2007, №15. 10-11-бб.
163. Исламов Р.Ф. Тюркское “Шахнаме” (историко-типологический анализ) Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.03. – Казань, 1992. – 18 с.
164. Исмаилов О. Тарых чындыгынын көркөм чагылышы: / К-те: Мезгил канатында (Жаш сынчылардын жыйнагы). Түз: К. Даутов. – Ф.: Кыргызстан, 1979. – 166-176- бб.
165. Источниковедение Кыргызстана (С древности до X1X в.). / Отв. ред. В.М..Плоских. – Б.: Илим, 1996. - 508 с.
166. Кабдрахманов Б.Б. Художественная функция документальных источников в контексте мемуаров Герцена : - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.01.– Томск, 1985. – 20 с.
167. Кадралинова М.Т. Историческая действительность и концепция личности в казахской литературе в начале XX века : - Дис. ...д-ра филол.наук: 10.01.01. - Алматы, 2005. – 261 с.

168. Казнина Л.А. Романтические тенденции в творчестве В. Шишкова : Автореф ....Дис. канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1985. – 15 с.
169. Каипбергенов Т. Народный взгляд на историю // Вопросы литературы, 1983, №1. – С. 59- 61.
170. Калита В. М. Советский исторический роман 70-80-х годов: Автореф. Дис. канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1983. – 13 с.
171. Калыгул, Арстанбек, Мойут аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр аке. – Б.: Бийиктик, 2006. – 328 б.
172. Кошаспаева Н.К. Проблема характера исторического героя в историко-революционном романе Казакстана: - Дис. канд.филол.наук: 10.01.02. – Алма-Ата, 1983. – .
173. Каныметов Ж. Журт атасы – Боромбай // Кутбилим, 2004, 9-апрель.
174. Караев Ө. Илимий башат // Кыргызстан маданияты, 1990, 13-сентябрь, №37. – 4-5 бб.
175. Карасаев К. Мен билген Касым // Кыргызстан маданияты, 1991, 17-январь.
176. Карташева И.В. Гоголь и романтизм: - Дис. ...д-ра филол.наук : 10.01.01. – М.,1983. – 376 с.
177. Касыбеков Ү. Зар заман санжырасынан // Кыргызстан маданияты, № 46, 1990, № 46. 15-ноябрь. – 10-б.
178. Касыбеков Ү. Көп түрдүүлүктүн биримдиги. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 112 б.
179. Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызской письменной прозы. – Б.: Илим, 1992. – 124 б.
180. Касыбеков Ү. Улуттук жазма прозанын башаты // Ала Тоо, 1991, - № 7, - 144-154-б.
181. Касыбеков Ү. Фольклорго жаңыча мамиле же көркөм ойлоодогу көнүмүштөр. // Ала Тоо, 1991, № 1. – 153-160-бб.
182. Каттабеков А. Развитие исторической прозы в современной узбекской литературе : Автореф. Дис. ... канд.филол.наук. – Ташкент, 1973. – 22 с.
183. Катющенко М.П. Жанровые особенности и тенденции развития современной советской документально-художественной прозы: - Дис. ...канд. филол.наук: 10.01.01. – М., 1987.
184. Кедрина З. Глубинные корни братства // Дружба народов, 1975. – №10. – С. 261-265.
185. Кененов Ш. А. Проблема характера исторической личности в эпопее М. О. Ауэзова “Путь Абая”: . Дис. ...канд. филол.наук : 10.01.02. – Алма-Ата, 1986. – 166 с.
186. Кенчиев Ж. Балбай баатыр баяны // Кыргызстан маданияты, 1991, № 47, 21-ноябрь. – 12-13-бб.
187. Ковальчук Л.В. К проблеме жанровых разновидностей // Вестн. Киев. ун-та, 1986, вып. 20. С. – 95-97.
188. Кожинов В. Происхождение романа. - М.: Советский писатель, 1963. – 439с.
189. Кожинов В. Размышления о русской литературе. – М.: Современник, 1991.–524 с.
190. Кожинов В. Роман – эпос нового времени // Вопросы литературы, 1957, № 6. – С.63-69.
191. Козаровицкая З. Н. Историческая беллетеристка А. Н. Полевого : - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – Харковь, 1991. – 17 с.
192. Кокина Е. А. Жанровое многообразие советского искусства. – М.: Знание, 1987. – 63 с.
193. Конфуций жана Түкөң: маек-эссе // Асаба, 1992, 28-май, № 22. – 4-7-б.
194. Кораллов М. Прошлое не умирает: О историч. прозе // Дет. Лит. 1989, №2. - С. 4-7.

195. Косиков Г. О генезисе и особенностях жанрового содержания романа // Филологические науки, 1972, - № 4. – С.11-20.
196. Конюхов К. Предрассветный час (О бисторической романистике) // Москва, 1998. №11. – С.162-170.
197. Көкүлов К. Көөнө тарыхтан көркөм бейне жаратып... // Эркин Тоо, 2006, № 37, 23-май.
198. Кузнецов М. Советский роман: Пути и поиски. - М., 1980. – 160с.
199. Кузьмичев И.К. Литературные перекрестки : Типология жанров, их историческая судьба. – Горький: Волго-Вятское книж. изд-во, 1983. - 128 с.
200. Култаева Ү. Б. Кыргыз прозасында жанр маселесине карата: биринчи макала // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Гуманитардык Илимдер, Серия 1. 2007. Чыг. 5 . – 280-283 бб.
201. Култаева Ү. Б. Тарыхый романдарда керээз эпикалык салтынын ролу. // Известия Чуйского университета, 2008, № 3. – 136-142- бб.
202. Култаева Ү. Б. "Кандуу жылдар" романын мектепте окутуу проблемалары // ОшМУнун Жарчысы, 2004, - №2. – 142-146-бб.
203. Култаева Ү. Б. "Кандуу жылдар" романындагы каармандардын прототиптери жөнүндө // Талант элдин руханий куту : К.Акиевдин 120жылдыгына арналган илимий- практикалык конференциянын материалдары. – Б., 2004. – 23-28-бб.
204. Култаева Ү. Б. Сынган кылыч. / Китепте: Кыргыз адабияты: Энциклопедиялык окуу куралы. (Башкы ред. Ү.Асанов. – Б.: Мамл. Тил ж-а энциклопедия борбору, 2004. – 338-341-бб.
205. Култаева Ү.Б. Аалы Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романынын улуттук адабий процесстеги орду // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Б.: Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясы, 2006, № 3. – 26-30-б.
206. Култаева Ү.Б. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн "Көк асаба" романында көркөм чагылышы // Тил тагдыры – эл тагдыры: Эл аралык илимий конференциянын материалдары. – Б., 2003. – 88-94-бб.
207. Култаева Ү. Б. Даникеевдин "Көз ирмемдеги өмүр" романындагы романтикалык трагедия // Адабий Алатоо, 2008, № 4. – 12-13-бб.
208. Култаева Ү. Б. Тарыхый инсандардын тагдырын талдаганда // БГУнун жарчысы. № 3 (12), 2008. – 43-45-бб.
209. Култаева Ү. Б. Тарыхый романдардагы карыялардын образы // Эл агартуу, 2007, №1-2. – 8-16-бб.
210. Култаева Ү. Б. Тарыхый романдардагы типтүүлүк: эпикалык салт жана мотивдер (биринчи макала). Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. Гуманитардык илимдер, Серия 1. – 2008. Чыг. 3. – 135-138 бб.
211. Култаева Ү. Б. Тарыхый романдардагы типтүүлүк: эпикалык салт жана мотивдер (экинчи макала). Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. Гуманитардык илимдер. Серия 1. – 2008. Чыг. 3. – 139-142 бб.
212. Култаева Ү. Б. Улуттук тарыхка тереңдөөнүн жаңы чыйыры // БГУнун жарчысы. № 3 (12), 2008. – 41-42 бб.
213. Култаева Ү.Б . Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү. – Б.: Айат, 2007. - 228 б.
214. Култаева Ү.Б . Т.Касымбековдун "Баскын" романы чагылдырган тарыхый кырдаал // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Сер. Гуманитардык илимдер. – Б., 2006. Чыг.3. – 24-27-бб.
215. Култаева Ү.Б Т.Касымбековдун тарыхый романдарында улуттук идеологиянын көркөм чагылышы // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Сер.1. Гуманитардык илимдер. – Б., - 2006. Чыг. 3. – 20-24-бб.
216. Култаева Ү.Б. "Мезгил" романындагы романтизм // Адабий Алатоо, 2007, июнь, №10. – 4-5-б.

217. Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү. – Б.: Айат, 2007. – 240 б., 15 б.т.
218. Култаева Ү.Б. Мамлекеттик ишмерлердин (тарыхый романдарда) көркөм интерпретациясы // БатМУнун Жарчысы. – Ош, 2005, №3. – 58 -62-бб.
219. Култаева Ү.Б. . “Сынган кылыч” романын окуп үйрөнүүнүн методикалык маселелери // Мектеп-Школа, 1999, - № 1. – 57-60-бб.
220. Култаева Ү.Б. “Касым Тыныстанов” – тарыхый-очерктик роман // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. Серия: Гуманитардык илимдер.– Б.,2007. Чыг. 10. – 377-380 бб.
221. Култаева Ү.Б. “Сынган кылыч” романынын сюжетин үйрөнүүнүн методикалык ыкмалары // Сб. науч. труд. КГПУ. – Б., 2000. 4-вып – 41- 44-бб.
222. Култаева Ү.Б. «Сынган кылыч» романын окутуунун улуттук мааниси. // Мектеп-Школа, - Б., 2001. - № 3. – 10-13-бб.
223. Култаева Ү.Б. Кыргыз прозасында жанр маселесине карата : Экинчи макала. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Сер.1.– Б., 2007. Чыг.5 – 283-287- бб.
224. Култаева Ү.Б. Кыргыз прозасындагы романдын жаңы үлгүсү // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Серия: Гуманитардык илимдер. – Б., 2007. – Чыг. 10. – 373-376 -бб.
225. Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык проблематикасы атайын изилдөөнүн предмети катарында // Адабият жана искусство маселелери. – КРнын Улуттук илимдер академиясы, манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, 2008, № 1. – 3 -7- бб.
226. Култаева Ү.Б. Т. Касымбековдун “Сынган кылыч” романын өздөштүрүү маселелери : Окуу методикалык куралы. - Б., 2001. – 180 б.
227. Култаева Ү.Б. Улуу сөз – улуттук идеология: (Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романындагы улуу сөздүн көркөм интерпретациясы) БатМУнун жарчысы, - Ош, 2005, № 3. – 62-65-бб.
228. Култаева Ү.Б. Улуу сөздөгү улуттук ойлор / Тил жана котормо, - Кытай Эл Республикасы, Суар, - 2005, № 4. – 32-42-бб.
229. Курдюмова Т.Ф. Историзм школьного курса литературы. – М., 1974. – 174 с.
230. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Б., 2004. - 572 б.
231. Кызаев А. Атаке баатыр. – Б.:Учкун, 2003. – 54 б.
232. Кызаев А. Жантай хан // Эркин Тоо, 2002, 9-август; 21-23-август.
233. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедиялык борбору, 2004. - 444 б.
234. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук, А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Шам, 2004.
235. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Ф., 1990. 2-том. – 693 б.
236. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Ф., 1987. 1-том. – 819 б.
237. Кыргыз адабият таануу илими жана сыны. (А. Акматалиевдин редакциялоосунда). - Б., 2005. – 718 б.
238. Кыргыз адабияты өтө жарды. 70 жыл ичинде 72 гана роман жазылыптыр (С.Жигитов менен М.Байжиевдин маеги) // Агым, 2004, 13-16-январь. – 6-б.
239. Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. / Жооптуу редактор А.А.Асанканов. – Б .: Мамл. ж-а энциклопедия борбору, 2003. – 464 б.
240. Кыргыздар. /Түз. К.Жусупов, 1-том, - Б.: Кыргызстан, 1991, 1-том. – 620-б.
241. Кыргыздар. /Түз. К.Жусупов. - Б.: Кыргызстан-Сорос фондусу, 1995, 3-том, – 640 б.
242. Кыргыздар: Он томдук жыйнагы. / Түз. К. Жусупов, К. Иманалиев, - Б.: Учкун, 2004.

243. Кыргызстан Жазуучулар Союзунун V съездинде Т.Абдумомуновдун доклады // Кыргызстан маданияты, 1971, № 20, 19-май. – 5-б.
244. Кыргызы: Источники, история, этнография / Сост. О. Караев, К. Жусупов. Фонд Сорос-Кыргызстан, 1996, - 524 с.
245. Лайлиева И. Интернациональный фактор и психологизм современной киргизской прозы. – Ф.:Адабият. 1983. – 144с.
246. Лайлиева И. Повесть – жанр серьезный : / О развитии современной киргизской прозы // Лит. Киргизстан, 1980, № 4. – С. 108-114.
247. Лайлиева И. Традиции мировой литературы в киргизской прозе: - Дис. ... д-ра филол.наук: 10.01.02. – Б., 1995. – 304 с.
248. Латынина В. Вариации, вариации… (к дискуссии) // Лит. газета, 1978, 22-март. – С.5.
249. Лашук Л.П. Преемственность и преобразование в историческом развитии этноса // Этнографическое обозрение, 2001, №3. – С.20-27.
250. Лебедева С.Н. Современный советский исторический роман: (Проблема интерпретации документального материала): Дис. …канд.филол. наук: 10.01.01. – М., 1988. – 195 с.
251. Лейдерман Н. С. Движение времени и законы жанра. – Свердловск, 1982. – 254с.
252. Ленобль Р. Д. История и литература. - М.: Художественная литература, 1977. – 300с.
253. Леонтович О.В. Исторический роман в творчестве писателей Туркменстана: Автореф. Дис. ...канд. филол. наук. – Ашхабад, 1978. – 22 с.
254. Лингивистические звезды: Посвящается памяти известных языковедов Е.Д.Поливанова, и К.Тыныстанова /подготовила гл.архивисть ЦГА КФФД КР. Суваналиева М.С. // Кутбилим, 2004, 16-январь.
255. Литературный энциклопедический словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1987. - 751с.
256. Лихина Н. Л. Эволюция жанра исторического романа в творчестве С.Бородина: Автореф. Дис. Канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1982. – 16с.
257. Маевская Т.П. Романтические тенденции в системе русского реализма 70-80-г.г. XIX века: Автореф. Дис. …д-ра филол. наук : 10.01.01. – Киев, 1988. – 31с.
258. Макаровская Г. Типы исторических повествований. - Саратов, 1972. – 236с.
259. Маленов Б. Таң алдындагы достук // Кызыл Кыргызстан, 1963, 27-октябрь.
260. Малидова А.А. Национальный характер в азербайджанской исторической прозе: Автореф. Дис. … канд. филол. наук:10.01.02. – Баку, 1982. – 22 с.
261. Мальгин А. Разрушение жанра, или кое-что об исторической прозе // Лит. газета, 1983, сентябрь, № 38. – С.3.
262. Мамаджанов А. Романтическая стилевая тенденция в узбекском романе: Автореф. Дис. …канд. филол. наук: 10.01.03. – Ташкент, 1983. - 24 с.
263. Мамбеталиев К.И. Русско-киргизские литературные связи. / Отв. ред. А. Акматалиев. – Б., 1993. – 100 с.
264. Мамедов М. Э. Изображение народного движения и его вождя в русской советской исторической романистике: Автореф. Дис. …канд. филол.наук: 10.01.03. – Баку, 1989. – 27 с.
265. Мамыров М. Кыргыз адабиятынын тарыхынан. – Ф., 1980. -140 б.
266. Матиев К. Өткөн турмуш жазуучунун көзү менен // Советтик Кыргызстан, 1967, 14-апрель.
267. Матиев К. Өткөн турмуш жазуучунун көзү менен // Ала-Тоо, 1983. - № 9.
268. Машарипов С. Художественная правда в исторической романистике русских писателей Узбекистана: Автереф. Дис. …канд.филол. наук. - Ташкент, 1992. -23с.
269. Мейманов Д. Мухаммед кыргыз // Кыргыз туусу, 2003, 4-6-ноябрь.
270. Мейманов Д. Огуз хан // Кыргыз туусу, 2003, 20-22 май. – 16-б.

271. Мессер Р.Д. Советская историческая проза. – Л., 1955.
272. Минеева С.В. Истоки и традиции русского автобиографического жанра // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 9, Филология. - 2000. - № 1. – С. 20-28.
273. Молдокасымов К. Тагдыр буйткасынын курмандыгы // Заман Кыргызстан, 1996, 18-октябрь. – 8-б.
274. Молдокасымов К. Алымкул аталык // Кыргыз Туусу, 2003, 15-18-август.
275. Молдокасымов К. Жаркын айым. // Кыргыз руху, 1996, 7-август.
276. Молдокасымов К. Кокон хандыгы: Кыргыз аялдары башкарганбы? // Кыргызстан маданияты, 1991, 23-май. – 4-б.
277. Молдокасымов К. Шабдан: баатырбы, чыккынчыбы? //Кыргыз руху, 1994. № 17, 27-май. – 6-б.
278. Молдокасымов К. Шерали хан бийлигин ким жүргүзгөн? // Кыргызстан маданияты, 1995, 13-апрель.
279. Муратов А. 1898-жыл Анжиян: Кыргыз көтөрүлүшү // Кыргызстан маданияты, 1991, № 49, 5-декабрь. – 12-13-б.
280. Мурзахмедова Г. Вымысел и факт в художественной литературе, - Б., 2003. – С.160.
281. Мурзахмедова Г. Историческая действительность и художественный вымысел в кыргызских исторических и историко-биографических (60-80) романах: - Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – Бишкек, 1993. – 188 с.
282. Муродов Г. Исторической факт и художественный вымысел: Автореф. Дис. …канд. филол.наук: 10.01.02. – Ташкент, 1988. – 23 с.
283. Мусаев А. Азыркы кыргыз романынын поэтикасы. – Б., 2003. - 88 б.
284. Мусаев А. Жаңылануу драматизми, Б., 2000, - 138 б.
285. Мусаев А. Түгөлбай Сыдыкбеков: Адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр. – Б., 2002. –
286. Мусаев А.И. “Көк асаба” романы жана “Манас” эпосу”. – Б.: БГУ., 2001. – 19 б.
287. Мусаев А.И. Түгөлбай Сыдыкбековдун романдары: адамдын көркөм концепциясы: - филол.илим. д-ру. ... Дис.: 10.01.03. – Б., 2002. – 363 б.
288. Мухамедова Г.С. Романтические тенденции в казахской поэзии первой четверти XX века: Автореф. Дис. …канд.филол. наук:10.01.02. – Алматы, 2006. – 26 с.
289. Мущенко Е.Г. Формирование нового романного мышления в русской реалистической прозе: Автореф. Дис. …д-ра. филол. наук: 10.01.01. – Свердловск, 1989. – 35 с.
290. Надеждин Н.И. О романе / В кн: Русская литература XIX века. Хрестоматия критических материалов. /Сост. М.Г.Зельдович, Л.Я.Лившиц. - М: Высшая школа., 1975. – С.205-207.
291. Нольман М. Формула жанра: Грани политического романа в зеркале критики. // Лит. обозрение. – 1986. - № 7. – С. 11-15.
292. Нурмухамедова З. Ж. Проблемы создания характера исторической личности: - Автореф. Дис. ...канд. филол. наук : 10.01.03. – Ташкент, 1974.
293. Нурушев Э. Дагы бир “Мезгил” романы жөнүндө // Советтик Кыргызстан, 1983, 2-декабрь.
294. Нурушев Э. Тил, тарых жана тазбайматчылык жөнүндө // Кыргыз Туусу, 2008, 15-18; 19-21-август, № 61,62. – 9-б.
295. О жанре и стиле советской литературы: Межвуз. темат. сб. науч. трудов. / Калининский государственный университет. / Ред кол.: А.В. Огнев и др. – Калинин, 1989. – 155 с.
296. Озмитель Е.К. Зрелость национальной литературы: Достижения. Проблемы. Перспективы. – Ф.: Адабият, 1990. - 237 с.
297. Озмитель Е.К. Современность - источник поисков, новаторства, мастерства. – Ф., 1977. – 176 с.

298. Октябрская О.С. Русский исторический роман 70-80-х г. XX века: - Автореф. Дис. … канд. филол. наук: 10.01.01. – М., 1993. – 21 с.
299. Оразов М. Художественная правда и действительность в туркменском историческом романе в 80-е годы: - Дис. … канд. филол. наук: 10.01.01. – Ашхабад, 1991. – 129 с.
300. Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик матреиалдарда: Жыйнак / Түз. Ж.Токтоналиев. - Б.: Кыргызстан, 2002. – 208 б.
301. Оскоцкий В. Д. Роман и история : Литературные заметки // Вопросы литературы, 1973, № 8.
302. Оскоцкий В.Д. Беркут расправляет крыля: О трилогии А.Н.Нурпеисова “Кровь и пот” //Литературная газета.
303. Оскоцкий В.Д. Роман и история: Традиции и новаторство советского исторического романа. – М., 1980. – 384 с.
304. Оскоцкий В.Д. Политический роман 80-е // Лит. обозрение, 1985. - № 3. - С. 3-11.
305. Оскоцкий В.Д. Портрет современной прозы: подписная научно-популярная серия: Литература. – М.: Знание, 1989, №6. – 63с.
306. Оскоцский В. Д. Границы вымысла и пределы документализма. // Вопросы литературы, 1980, №6. – С.29-58.
307. Осмоналиев К. «Көчмөндөр кагылышынын жазылышы тарыхы» // Жаштык жарчысы, 1991, 16-май.
308. Осмоналы Сыдык уулу. Кыргыз Шабдан тарыхы // Кыргызстан маданияты, 1990, № 47, 22- ноябрь. – 12-13-бб.
309. Осмонов Ө. Көкүм бий // Кыргыз Туусу, 2003, 23-25- сентябрь.
310. Осмонов Ө. Манап бий деген ким болгон? “Манапчылык” деген эмне? (Тарыхый очерк). – Б., 2003. – 76 б.
311. Осмонов Ө. Тагай бий // Эркинтоо, 2004, 3-сентябрь; 10-сентябрь.
312. Өмүралиев Ч. Ормон барбы!? // Эркин Тоо, 2004, 13-июль; 16-июль.
313. Өмүрбеков Т.Н. О роли исторических личностей в политической истории народов центральной Азии в XIX веке // Вестник КНУ: История. Региоведение. Этнография. – Б., 2004. – 165-168-бб.
314. Өмүрбеков Т.Н. Ормон хандын тушундагы кыргыз хандыгынын мамлекеттик түзүлүшү, ички жана тышкы саясаты // Вестник КНУ: История. Региоведение. Этнография. – Б., 2004. – 218-230-бб.
315. Өмүрбеков Т.Н. Алымкул аталыктын ишмердигинин туу чокусу // Адабий Алатоо, 2005, декабрь, № 6. – 10-б.
316. Өмүрбеков Т.Н. Алымкул Кокондун анык өкүмдары //Адабий Алатоо, 2005, № 4. – 10-11-бб.
317. Өмүрбеков Т.Н. Ормон хандын тушундагы кыргыз хандыгынын мамлекеттик түзүлүшү, ички жана тышкы саясаты // Вестник. КНУ: История. Региоведение. Этнография. – Б., 2004. – 218-230-бб.
318. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын кыргыз тарыхындагы орду. – Б., 2003.
319. Өмүрбеков Т.Н. Шабдан баатырдын дипломатиясы // Кыргыз туусу, 2002, 25-29-апрель.
320. Өмүрбеков Т.Н., Чоротегин Т.К. Кыргыздардын жана кыргызстандыктардын тарыхы. XVII –XX к.к. башы. – Б., 1995. -
321. Өмүрзакова Т. Алымбек датка: (Тарыхый очерк). - Б.: Учкун, 2003. – 96 б.
322. Өмүрзакова Т. Курманжан датка: (Тарыхый очерк). - Б.: Учкун, 2003.- 96 б.
323. Павловский А. А. Историческая память как фактор формирования характера героя в современной прозе: Автореф. Дис. … канд. филол. наук. – Л., 1986. - С.17.
324. Пауткин А.И. Авторское присутствие в советском историческом романе // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 9, Филология, 1983, № 6. – С.10-23.

325. Пауткин А.И. Искусство исторического повествования // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 9, Филология, - 1990. - №1. – С.10-15.
326. Пауткин А. Советский исторический роман 80-х годов. – М., 1991.
327. Пауткин А.И. Советский исторический роман сегодня (70-е годы) // Вестн. Моск. ун-та. Сер. Филология, - 1978. - № 4. – С.19-30.
328. Плеханов С. Свершины минувших лет: иные вопросы чел. бытия и острые социальные проблемы - в центре исторических романов обозревательных критиков // Лит. газета. 1981, № 4, 21-январь. – С.6.
329. Полевой Н.А. О романах Виктора Гюго и вообще о новейших романах / Китепте: Русская литература XIX века: Хрестоматия критических материалов. /Сост. М.Г.Зельдович, Л.Я.Ливщиц. - М.: Высшая школа, 1975. – С.198-201.
330. Поляк З.Н. Художественная интерпретация факта в исторической прозе Ю.Н. Тынянова: Дис… канд. филол. наук : 10.01.02. – Алма Ата, 1985. – 25с.
331. Прашкович Л.И. Белорусский исторический роман (становление жанра): - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук:10.01.03. – Минск, 1977.
332. Проблемы развития совесткой литературы: Жанр и худож. процесс: Мезвуз. науч. сб. / Редколл.: Явчуновский Я.И. – Саратов, Изд-во Саратов. ун-та.,1988. – 129 с.
333. Рагимов А. Исторические романы и историческая истина. // Лит. Азербайджан, 1989, № 9. – С. 108-118.
334. Радциг С. М. История древно-греческой литературы. - М., 1969. – 558 с.
335. Райнеке Ю.С. Исторический роман и традиции жанра (Великобритания, Германия, австрия): Дис. …канд.филол.наук: 10.01.03. – М., 2002. – 212 с..
336. Реалистические формы изображение действительности. / Сборник статьей. – Тбилиси, 1986.
337. Романенкова М. В. Типология романа в ее национальной специфике : Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.02. – М., 1993. – 22 с.
338. Романтизм в системе реалистического произведения. - Казань, 1985.
339. Романтизм. Открытия и традиции Межвузовский тематический сборник научных трудов. – Калинин, 1988.
340. Рамида настиг гызы Мирзафарова. Художественные модификации жанра исторического романа XX века: Автореф. Дис. …д-ра филол.наук: 10.01.03.; 10.01.01. – Баку, 2010. – 36с.
341. Рухту көтөргөн улуу сөз: адабий сын, пикир, илимий макалалар жыйнагы. // Түз. К. Даутов. – Б.: Шам, 2000. – 448 с.
342. Рымарь Н.Т. Поэтика романа. – Саратов, 1990. – 254с.
343. Рысалиев К. Түркүн тагдырлар // Кыргызстан маданияты, 1979, 30-августь, №35.
344. Рябов Ф. С. История в произведениях А. Дюма. // Новая и новейшая история, 2003, - №1. – С. 181-191.
345. Саадеттин. Коч. Т. Касымбековдун өмүрү, чыгармачылык жолу жана тарыхый романдары. - Дис... филол.. илим. канд. ү/н, - Б, 2003.
346. Сабирова В.К. Проблема времени и пространства в творчестве писателей Кыргызстана 60-70-х годов : Автореф.Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.03. – Б., 1999. – 26 с.
347. Садилова В.М. Развитие историко-документального романа в современной советской литературе: - Дис… канд. филол. наук: 10.01.02. - М., 1984. – 16с.
348. Садыков А. Замандаштар жөнүндөгү роман // Советтик Кыргызстан, 1960, 11-ноябрь. – 3-б.
349. Садыков А. Мезгил менен адымдаш. – Ф., 1987. – 200 б.
350. Садыков А. Тарыхый роман жазуунун кези келдиби? //Адабий Алатоо, 2007, ноябрь, №19. 10-11-б.

351. Садыков Х. Энергия жанра: Роман и современность // Простор. – 1987, №8. – С.174-179.
352. Салимов Н. Ю. Историческая память и проблемы изображения современника в Таджикской прозе 70-80 гг: Автореф. Дис… канд.филол.наук: 10.01.03. – Душанбе, 1990. - 22 с.
353. Самандаров И. Э. Историзм Узбекских исторических романов: Автореф. Дис. ...канд. филол. наук: 10.01.03. – Ташкент, 1992. – 24с.
354. Санги В. От исторических преданий до исторических романов. // Дружба народов, 1981. № 4. – С. 236-250.
355. Сапаралиев Д. Жусуп Абдырахманов – кыргыз элинин чолпон жылдызы. // Кутбилим, 2005, 14-май; 30-май.
356. Сапаралиев Д. Шабдан баатыр Жантай уулунун мамлекеттик ишмердиги тарыхый булактарда // Кутбилим, 2003, № 54, 19-август.
357. Серебряков К. Набросок портрета // Лит. газета, 1968, № 14, 3-апрель. – С.6.
358. Серебрянский М. И. Советский исторический роман. - М., 1936.
359. Сидоров Е. Эхо истории // Лит. газета, 1983, 5 октября, № 40.
360. Смирнов А. С. Поэтика романтической иронии: Автореф. Дис. …канд.филол. наук: 10.01.02. – Минск, 2001. – 20с.
361. Советский роман : Новаторство. Поэтика. Типология. – М.: Наука, 1978. – 693с.
362. Советский энциклопедический словарь. – М.: Советская Энциклопедия, 1984, - 1324 б.
363. Современность : Философские и правовые, проблемы : Материалы 5-ой республиканской научно-практической конференции (Институт философии и права). - Б., 2002.
364. Солтонбеков Б. Касым сабактары // Кутбилим, 2001, №32, 14-сентябрь.
365. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер. – Б.: Учкун, 1993. 1-китеп. - 208 б.; 2-китеп. - 244 б.
366. Станалиев С. 1937-жыл // Кыргызстан маданияты, 1992, № 36, № 37, 3-сентябрь; 10-сентябрь.
367. Станалиев С. Кундуздай чачым куу болду: Касым Тыныстановдун жары Турдубүбү эненин аңгемеси // Кыргызстан Маданияты, 1989, №31,3-август. – 4-5, 10-бб.
368. Станалиев С. Кылымды ыйлаткан кызыл кыргын //Адабий Алатоо, 2006, июнь, №10. – 5-б.
369. Стенник Ю.В. Системы жанров в историко-литературном процессе. / В кн : Историко-литературный процесс. Проблемы и методы изучения. – Л., 1974, -189 с.
370. Стрюкова В.Д. Исторические жанры в современной русскоязычной литературе Таджикстана (в творчестве Ато Хамдама и Леонида Чигрина): Автореф. Дис. ...канд.филол.наук: 10.01.03. – Душанбе, 2009. -22с.
371. Субанбеков Т. Дөөлөс баатыр // Кыргыз Туусу, 1998, 16-18-июнь.
372. Субанбеков Т. Каган Мамайдын жылдыздуу түнү // Республика, 1998, 24-ноябрь; 1-декабрь; 14-декабрь.
373. Судьбы романа – судьбы реализма : К дискуссии... //Лит. газета, 1985, 15 апрель, №16. – С.3.
374. Суровцев Ю. Люди и время // Новый мир, 1984, №9, - С. 231-242.
375. Такырбашев А. Байтик баатыр // Кыргызстан маданияты, 1992, 12-март. 9-б.
376. Такырбашев А. Байтик Канай уулу // Кыргызстан маданияты, 1991, № 31, 1-август. – 4-5- бб.
377. Тамарченко Н. Д. Типология реалистического романа. - Красноярск, 1988. – 198с.

378. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. “Эл адабияты” сериясынын 19-т., / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. Түз. С.Егембердиева. – Б.:Шам, 2002. – 544 б.
379. Темирова Б. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынын көркөм наркы. – Б., 1997. – 152-б.
380. Темирова Б. Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынын көркөм наркы: фиол.илим.канд... Дис.: 10.01.01. – Бишкек, 1967. – 150-б.
381. Тентимишев М. Академик Лихачев академик Сыдыкбековду кайталаганбы? // Кыргыз туусу, 2000, 25-28-февраль. – 7-б.
382. Тентимишев М. Раззаков жөнүндө эки этюд // Кыргыз Туусу, 2003, 11-14-июль.
383. Тентимишев М. Уркуя жана кыргыз аялдарынын таалайы // Кыргыз Туусу, 2004, 11-14-июнь. – 15-б.
384. Тентимишев М. Эр жүрөк кыргыз элчиси Эрен Улуг // Кыргыз Туусу, 2003, 15-17-апрель.
385. Тиллебаев С. Тарых так мамилеге муктаж // Кыргызстан маданияты, 1987, 9-июль.
386. Тойбаев Б. Барс-Бек каганга арналган роман // Эркин Тоо, 2004, № 83, 8-октябрь.
387. Токтомушев А. Калк оозунда кан Шабдан // Кыргызстан Маданияты, 1992, 21-май. – 6-б.
388. Токтомушев А. Кандуу жылдын каарманы //Кыргызстан маданияты, 1993, № 26-27, - 7-июль. – 2-б.
389. Токтомушев А. Канжыгага баш байлап... // Кыргызстан маданияты, 1992, № 26, 25-июнь. – 7-б.
390. Токтоналиев Ж. Айкөл мүнөз // Кыргыз туусу, 1992, 14-апрель.
391. Толмачев Б.Ю. Исторический роман современной литературе Средней Азии и Казакстана: Автореф. дис… д-ра филол. наук. – Бишкек, 1994. – 52 с.
392. Толмачев Б.Я. Человек и история в киргизской историко-художественной прозе: - Автореф. Дис. ...канд.филол.наук. – Ф., 1980. – 24 с.
393. Толмачев Б.Я. Шаги молодого жанра // Литературный Киргизстан, 1975, №1. – С.104-107.
394. Толмачева Д.С. Философские аспекты современной историко-художественной прозы Казакстана и Средней Азии: Автореф. Дис. … канд. филол. наук. – Алма-Ата, 1988.
395. Түгөлбай атага таазим: түз. А. Кулманова, А. Мусаев. – Б., 2003.
396. Түлөкабылов М. Кыргыз тарыхый жана өмүр баян романдары. – Ф.Илим, 1978. - 172 б.
397. Тураев С.В. Образ Наполеона творчестве и суждениях Генриха Гейне // Известия АН. Серия литературы и языка. – М., 2001, Т.60, № 3. – С.50-54.
398. Турмуш чындыгын ырастайлы: СССР Жазуучулар союзунун башкармасынын секретариатында Кыргызстандын жазуучулар уюмунун иши каралды // Кыргызстан маданияты, 1984, № 23, 7-июнь. – 2-3-бб.
399. Турсунов Э. Тарыхый роман эмне үчүн жазылат //Адабий Алатоо, 2005, № 2, октябрь. – 5-б.
400. Тыныбекова С.Б. Типология казахской исторической повести: Автореф. Дис…канд.филол.наук: 10.01.02,.–Алма-Ата, 1985. -25с.
401. Тыныстанов Э.К. Кылым карыткан ачуу акыйкат // Республика, 1996, № 29, 20-26-август.
402. Укаев К. Турмуш чындыгы жана көркөм чындык / К-те: Сөз кудрети. - Ф., 1972. – 160 б.
403. Укубаев Т.У. Кыргызский героический эпос “манас” в свете историко-сравнительных исследований В.М.Жирмунского: Автореф. Дис. …канд.филол.наук: 10.01.09. – Бишкек, 2007. -26с.

404. Укуева Б. Тарых жана адабият // Проблемы языка и литературы и наследие В.В.Виноградова. – Ош, 1999.
405. Уркуяны кимдер өлтүргөн? (архивдик материалдарды даярдагандар:Г.Алыбаева, Ж.Токоноева) // Кутбилим, 1999, № 4, 6-февраль. – 7-б.
406. Усенбаев У. К. Ормон хан. – Б.: АЛЛ-Пресс, 1999. – 104 б.
407. Усенбаев К. Кандуу жылдар // Кыргызстан маданияты, 1994, ноябрь, № 17 – 12-б.
408. Усенбаев К. Өз доорунун кеменгер инсаны болгон // Кыргыз Туусу, 1992, 18-апрель.
409. Усенбаев К. Тарыхый чындык тактыкка муктаж // Кыргызстан маданияты, 1989, № 46,47.
410. Усенбаев К. Унутта калган адамдар // Кыргызстан маданияты. 1989, № 11, 16-март. – 4-5 бб.
411. Утемуратова Х.К. Историческая правда и образы исторических личностей в трилогии “Дастан о карапалпаках” Т. Каипбергенова: Автореф. Дис. ... канд. филол. наук:10.01.02. - Нукус, 1992. – 21с.
412. Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. – Б.: Адабият, 1995. – 96 б.
413. Үкүбаева Л. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр – Б.: БГУ, 2006. - 172 б.
414. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз. – 2004.- 208 б.
415. Үмөталиев Ш. Бейтааныш тааныштар. / К-те: Чындык жана чыгарма. - Ф.: Кыргызстан, 1964. – 72-123 бб.
416. Үмөталиев Ш. Маселенин методологиялык жактары //Ала-Тоо,1974, №1. – 149-160 бб.
417. Филатова А. Современный исторический роман: (К вопросу классификации) // Русская литература, 1977, № 4. – С.181-193.
418. Хамзин М.Х. Казахская историческая проза о людях искусства: (Традиции и новаторства): - Дис… канд. филол. наук: 10.01.02. – Алма-Ата, 1983. – 18 с.
419. Ханзу жазмаларындагы кыргыздар. /Түзгөн Шинжаң коомдук илимдер академиясы. – Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы. 2004. – 754 б.
420. Хасанов А.Н. Народные движения в Киргизии в период Кокондского ханства. – М.:Наука, 1977. – 94 с.
421. Храпченко М.Б. Художественное творчество, действительность, человек. – М.: Советский писатель, 1982. – 416 с.
422. Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана (XIII XVII вв.). / Сост. Т. Д. Джуманиев. – Б.: Кыргызстан, 1996. - 232 с.
423. Чернец Л.В. Литературные жанры. Проблемы типологии и поэтики. – М: Изд-во МГУ, 1982. – 192с.
424. Чмыхов Л.М. Советский исторический роман 60-70- годов: (Специфика жанра и проблематика): - Дис… д-ра филол. Наук: 10.01.02. – Ставрополь, 1985.- 359с.
425. Чокоева Д.М. Т. Касымбековдун тарыхый романдарында тарыхты көркөм аңдоо проблемалары: филол.илим. канд. ... Дис.: 10.01.01. – Б., 1997. – 158 б.
426. Чокоева Д.М. Тарыхый чындык көркөм чындыкка айланганбы? // Кыргызстан маданияты, 1993, № 6, 25-февраль. – 4-б.
427. Чолакова Н.Д. Специфика исторического романа. / К-те: Реалистические формы изображения действительности. - Тбилиси, 1986. – С.117-120.
428. Чумак В.Г. Украинский советские исторические романы 60-80-х годов: проблемы исторической и художественной правды: Автореф. Дис. …д-ра филол. наук: 10.01.03. – Киев, 1989. – 47 с.
429. Шамбеталиева Х.М. Генезис документализма в кыргызской прозе:-Автореф. Дисс. ...канд.филол.наук: 10.01.01. – Б, 2004. – 26 б.
430. Шамурзина Р. Современная киргизская проза. – Ф.. 1985.
431. Шамшиев Б. Учур адабиятынын маселеси көп //Адабий Алатоо, 2005, № 2. – 3-б.

432. Шаршеналиев Ө. Ш. Бейшеналиевдин “Тайлак баатыр” даректүү баянындагы Тайлак баатырдын негизги эрдиктеринин көркөм сүрөттөлүшү // Эл агартуу, 2005, № 9-10. – 31-39-б.
433. Шейман Л.А. Белинский и проблемы исторического романа: - Дис. ... канд. филол. наук. - Л., 1952.
434. Шермухамедов П. Диалектика души и истории //Дружба народов, 1981, №3. – С.230-238.
435. Щербина В.Р. А.Н. Толстой: Творческий путь: исторические романы XIX века. – М., 1956.
436. Эдилбаев К. Романчылардын сабагы // Кыргызстан маданияты, 1991, 21-март.
437. Эркебаев А. «Киргизский роман: (истоки, пути, становления поэтика и типология): 10.01.02; 10.01.01. - Дис… д-ра. филол. наук. - Б., 1991. – 414 с.
438. Эркебаев А. Адабий мураска астейдил мамиле // Советтик Кыргыстан, 1988, 11-август;
439. Эркебаев А. Дагы бир жолу “Узак жол” жөнүндө //Ала Тоо, 1990, №12. – 131-144 б.
440. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б.:Учкун, 2004. - 254 б.
441. Эркебаев А. Кыргыз прозасынын контрасттары. - Ф.: Кыргызстан, 1983. -138 б
442. Эркебаев А. Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун адабий мурасы жөнүндө // Кыргызстан Маданияты , 1988, 17-август;
443. Эркебаев А. Настало ли время романа? // Дружба народов, 1985, №1. – С.218-224.
444. Эркебаев А. Сын жана сынчылар. – Ф., 1986. -160 б.
445. Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф., 1990.- 249 б.
446. Эркебаев А., Даутов К. Проблемы киргизского романа / В кн: Советский многонациональный роман. М., 1985 – С.174-187.
447. Эртнер Е.Н. Проблема жанровых модификаций социального романа в русской литературе 90-х годов XIX века: (Роман и очерк): - Дисс. ...канд.филол.наук. – Свердловск, 1988. – 193 с.
448. Эсальнек А.Я. Типология романа, М.: Изд-во Моск-го ун-та, 1991. – 156 с.
449. Эсальнек А.Я. внутрижанровая типология и пути ее узучения . – М.: Изд-во МГУ, 1985. – 184 с.
450. Эсальнек А.Я. Своеобразие романа как жанра: Спецкурс. – М.:МГУ, 1978. – 78 с.
451. Этов В. Время романтических дебютов и критических дебатов: (О жанрово – стил. исканиях сов. романа) // Лит. учеба, 1983. - №4. – С.173-183.
452. Юдин В.А. Современный русский исторический роман. – Калинин, 1990.
453. Юдин В.А. Человек. История. Память. – М.:Современник, 1990. – 255 с.
454. Явчуновский Я.И. Документальные жанры. – Саратов, 1974.
455. 1916-жылкы көтөрүлүш: документтер жана материалдар (Редактору П.Ш.Казыбаев). – Б.:Кыргызстан, 1996. – 400 б.

## Пайдаланылган көркөм чыгармалар:

1. Абдиев Р. Алай закымдары: Тарыхый роман. – Б., 2005. – 392 б.
2. Акматтегин Казат. “Мезгил”. / К-те: Тандалмалар: Романдар, повесттер, аңгемелер. – Б.:Адабият, 1992. – 6-226 б.
3. Байтемиров Н. Тарых эстелиги. – Ф.: Кыргызстан, 1966. – 342б.
4. Байтемиров Н. Жылдызкан. –Ф.: Кыргызмамбас, 1959. – 428б.

5. Бакиев К. Дарыялар жайыкта кошулушат: Тарыхый роман. Биринчи китеп. – Б.: Бийиктик, 2002. – 250 б.; Экинчи китеп. – Б.: Бийиктик, 2002. – 400 б.
6. Баялинов К. Боордоштор.Роман. – Ф.: Кырмамбас, 1962. 1-китеп. – 368 б.; 2-китеп. 1967. – 595 б.
7. Бектенов К. Таабалды-Пудовкин. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1-китеп 1959. – 254 б.; 2-китеп 1962. – 208 б.
8. Бейшеналиев Ш. Жараланбаган жаралуулар : Роман. Тайлак баатыр: Даректүү баян. – Б.: Кыргызстан, 1998. – 384 б.
9. Бейшеналиев Ш. Болот калем. – Ф.: Кыргызстан, 1981. 1-китеп. – 423 б.; 2-китеп. 1983. – 534 б.
10. Боркеев Б. Рыспай: Роман: даректүү баян. – Б.: 2004. – 592 б.
11. Даникеев Ө. Көз ирмемдеги өмүр: Роман. – Ф.: Мектеп, 1981. – 256 б.
12. Егембердиев Ж. Канат хан: Тарыхый роман. – Б., 2006. – 368 б.
13. Каимов К. Атай: Роман. – Ф.: Кыргызстан. 1969. – 352 б.
14. Медербеков Э. Кызыл жалын (теңата): тарыхый көркөм баян. – Фрунзе: Адабият,1987. 1-китеп 285 б.; 2-китеп 308 б.
15. Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы: Роман.–Б.: КЭ.,1993. – 704 б.
16. Өгөбаев К. Ак таңдай: Роман. Биринчи китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 264 б.: Экинчи китеп. – 1979. – 278 б.
17. Сактанов К. Маркумдар үнү (Сталиндин заманы): Роман. – Б.: Адабият, 1991. – 416 б.
18. Станалиев С. Касым Тыныстанов: Роман. – Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2001. – 480 б.
19. Субанбеков Т. Барс-Бек кагандын көрөр көзү : Роман. – Б., 2002. – 196 б.
20. Сыдыкбеков Т. Көк асаба : Тарыхый роман. – Ф.: Адабият, 1989. – 464 б.
21. Сыдыкбеков Т. Жол: Автобиографиялык роман. – Ф.: Мектеп, 1982. – 524 б.
22. Сыдыкбеков Т. Бел-белес: Роман-эссе. – Б.:Акыл, 1996. – 736 б.
23. Токомбаев А. Кандуу жылдар: Роман. – Б.:, 1991. 1-китеп. – 255 б.; 2-китеп. – 144 б.
24. Токтоналиев Ж. Хан Ормон: Тарыхый роман: 1-китеп – Б.:Кыргызстан, 2000. –280 б.; 2-китеп. – Б.:Кыргызстан, 2001. – 296 б.
25. Токтоналиев Ж. Баатыр Шабдан: Тарыхый роман. – Б.:Бийиктик, 2006. – 544-б.
26. Төлөгөн Касымбек. Сынган кылыч: Тарыхый роман. – Кайрадан иштелип, 5-бас. – Б.:Кыргызстан, 1998. – 712 б.
27. Төлөгөн Касымбек. Баскын. Роман. – Б.:Шам, 2000. – 400 б.
28. Төлөгөн Касымбек. Кыргын: Тарыхый роман. – Б.: Бийиктик, 2004. – 384 б.
29. Турсунов Э. Балбай: Роман. – Б., 2002. – 499 б.
30. Турсунов Э. Боронбай: Роман. – Б.: Акыл, 2004. – 298 б.